КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНЫН АНТОЛОГИЯСЫ

www.bizdin.kg

«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨЗГӨРТҮҮ» ПРОГРАММАСЫ

КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНЫН АНТОЛОГИЯСЫ

II ТОМ

Фондуунун Борбор Кеңсесинин Китепканасы «Кыргызстан-Сорос» фонду

«КЫРГЫЗСТАН – СОРОС» ФОНДУ

БИШКЕК 2000

www.bizdin.kg

ББК 84Ки 7-5
К—97

Бул китеп «Кыргыз Республикасында гуманитардык билим берүүнү өзгөртүү» программасынын талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана маданият министрлиги менен бирдикте «Кыргызстан—Сорос» фонду тарабынан чыгарылды.

Программанын демөөрчүсү — америкалык белгилүү финансист жана ойчул Жорж Сорос.

К—97 Кыргыз поэзиясынын антологиясы: 2 томдон турат: 2-китеп / Түз. С. Акматбекова, С. Тургунбаев, Т. Самудинов; Сүрөтчүсү Т.Курманов.—Б.: «Кыргызстан—Сорос» фонду, 2000. — 528 б.

ISBN 9967-11-066-X

Колуңуздардагы кыргыз поэзиясынын антологиясынын 2-китебине негизинен совет доорундагы, ошондой эле кийинки муундагы жаш акындардын ырлары кирди. Алар хронологиялык тартипте жайгаштырылды. Поэзия ышкыбоздоруна арналган бул китеп кыргыз поэзиясынын жалпы изденүүчүлүк деңгээлин, көркөмдүк табылгаларын толук чагылдырат.

www.bizdin.kg

«Кыргызстан—Сорос» фонду бул китепке өздөрүнүн ой-пикирлерин, сунуштары менен каалоолорун айтуучуларга ыраазычылыгын билдирет.

К 4702300200-2000 ББК 84Ки 7-5

ISBN 9967-11-066-X © «Кыргызстан — Сорос» фонду, 2000

АРУУЛУККА ДАНАКЕР ПОЭЗИЯ

Кыргыз поэзиясынын антологиясы — бул мухиттей чалкыган улуу поэзиянын алтын чөйчөккө куюлуп сунулган бир жутуму, ал сан тоолордун сансыз гүлдөрүнөн тандалып таберик мисал жыттоо үчүн берилген жыпар гүлдесте сыңары. Ырас эле, антология келген сый конокко сый кылып атыңдын күлүгүн, кушуңдун кыраанын, кызыңдын сулуусун көргөзгөн менен барабар. Колуңуздардагы кыргыз поэзиясынын эки томдугун да ошондой улуу урматтуу конокко арналган балкымыз деп элестеткениң оң, окурман.

Кыргыз поэзиясынын тарыхында мындай антология экинчи гана жолу чыгып турат. Эгерде СССР мезгилиндеги антологияга партия, Ленин, достук жөнүндөгү ырлар басымдуу кирип келсе, бул жолку антологияга арноо, тууган жер, арзуу лирикалары, ошондо эле дайрадай оодарылган замандын көйгөйлүү маселелерин чагылдырган, б.а. социалдык багыттагы ырлар да арбын киргизилген. Томдуктагы ырлардын тематикасы ар түрдүү, формалары ар кыл. Ушунун өзү эле окурмандардын поэзияга болгон көз карашын, түшүнүгүн кеңейтип, ойлорун тереңдетүүгө жардам берет деген ойдомун. Анткени поэзия — адам, турмуш жөнүндөгү башкалар менен мамиле түзүүгө жана чексиз дүйнөдө өзүн табууга, түшүнүүгө умтулган адам жаны жөнүндө монолог экендиги жалпыга маалым эмеспи.

Антологиянын томуна Манас баштаган залкар сүрдүү эпостор сыяктуу поэмалардан тартып, ар кыл тематикадагы элдик ырлар, элге кеңири таанылган да, тааныла элек да кийинки эле мезгилде жарык көргөн агыл-төгүл лирикалык ырларга чейин камтылган. II томуна Тоголок Молдо, Токтогулдан баштап, жаңыдан бирин-экин ыр жыйнагын чыгарган жаш акындарга чейин киргендиги кимди да болбосун кубандырбай койбойт. Түзүүчүлөр менен редакторлордун иш билгилиги аркасында антологиянын авторлору хронологиялык тартипте жайгаштырылган жана ал негизги үч бөлүмгө бөлүнгөн. Мындай бөлүштүрүү кыргыз поэзиясынын табиятын таасын билгендиктин белгиси деп түшүнсө болот, анткени, көрөңгөлүк милдет аткарган төкмө акындарды өзүнчө, Октябрь революциясынан кийинки жазма акындарды өзүнчө, эртеңди үмүттүү тиктеткен жаштарды өзүнчө бөлүү, бөлүнгөн бөлүмдөрдүн маани-маңызын терең чагылдырган көркөм сүрөттөр менен шөкөттөө — антологиянын көзгө көрүмдүү, күпулга толумдуу болушун шарттаган.

Төкмө акындар топтолгон «Алтын чачыла» бөлүмүндө кыргыз элинин башынан өткөн тарыхый чындыгын туура чагылдырган «Кайран эл» сыяктуу тарыхый поэзия, залкар акындардын өмүрү, өлүм, арзуу темасындагы кайталангыс ырлары жакшы иргелген. Ал эми жазма акындар бөлүмүндө кыргыз классиктери К.Тыныстанов, А.Токомбаев, Ж.Турусбеков, М.Элебаев, Ж. Бөкөнбаев жана башкалардын кылым карытып келаткан ырлары бүгүнкү окуучулардын да купулуна толот деген ишеним бар. Мурда чыккан антологияда жаштарга өтө аз орун берилген эле, бу жолу андан айырмаланып жаш акындарга арбын орун берилиптир. Бул кубана турган көрүнүш, анткени жаштар «Үмүттүү толкун — жаш толкун» деп туура белгиленгендей — биздин эртеңкибиз.

Эртеңки поэзия ушул жаштардын ырлары менен өлчөнөт. Эртеңи болбогон поэзиянын өткөнү тозуп, учуру упурап, акыры, күйруктуу жылдыз сымал жалп өчөт. Бул антологиядан улам кыргыз поэзиясынын өрүшү кең, келечеги жаркын экени мени абдан кубанычка бөлөдү. Соңку бөлүмгө кирген жаш толкун акындарыбыздын ырларын көз жүгүртүп, ой калчап олтуруп ушундай жагымдуу сезимге бөлөндүм, кыргыз поэзиясы дагы кыйланы тамшандырар дараметке эгедер экенине ынандым. Буга далил: алардын башка акындар жүрөкзаада болуп, анча батына албай келген темаларга же из түшө элек тараптарга жөн эле тийип качуу үчүн эмес, тайманбай тике качырып кирүү аркылуу аларды жаңы табылгаларга, поэзия «олжосуна» айландыруу, кайсы бир эскирген тажрыйбаларды, канондорду тескөө менен аларга үстөмдүк кыла билүү, же болбосо аркырап согуп турган шамалдарга төш тосуп, ар кыл үндөрдү, жазгы ыргактарды өз төшүнө кабыл алып турган аскалар сыяктуу турмуш кубулуштарын өз жүрөгү менен туюп, аларды өз дүйнөсүнө айлантып башкаларга сунуш эте билүү аракеттери.

Ушундай чоң көлөмдөгү китеп эмес, гезит чыгара албай тукулжурап турган убакта төрт тарабы төп келген «Кыргыз поэзиясынын антологиясынын» эки томдугун кабагым-кашым дебей чыгарып берген «Кыргызстан—Сорос» фондуна алкыш айтып, ыраазылык билдиргим келет. Кир кол менен кармагыс, кунуна баа жетпес бул асыл баа китептер сатылбастан мектептерге, жогорку окуу жайларга берилиши — көөнөрбөс улуу дөөлөткө жасалган жогорку адамгерчилик жана бийик маданият. Эмесе антология ар бир үйгө, ар бир жүрөккө жакшылык апкелип, ишенич, үмүт уялатып, ак жаандай кут чачсын деп тилейм. Дүйнөнү ырас эле сулуулук, анын ичинде сөз керемети поэзия сактап калат дегим келет. Ыры өчпөгөн улуттун учугу узун болот. Ушуга каниет этүү менен сиздерди ажайып поэзия сапарына чакыргым келет, азиз окурман. Бил, үйрөн, тазар, аруулан! Анткени поэзия — улуттун жүзү, бийик зоболосу.

Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ,
Кыргыз эл акыны

II БАП

УЛУУЛАРДАН ЖУККАН СӨЗ



II

БАП

УЛУУЛАРДАН ЖУККАН СӨЗ

КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ

Ысык-көлгө

Кайдасың кең Ысык-Көл, тууган жерим,
Киндигим кесип, кирим жууган жерим!
Көргөн жан саулетиңди сагынады,
Жайкалган сен Каракол — алтын кеним!

Бармысың, Түп, Жыргалаң эки өзөн-суу?
Үстүңө каздар конуп салган кыйкуу.
Жайылган саудагердин койларындай,
Көл бетин бермеушеди үйрекпен, куу!

Айланаң ашык эмес, калың тогай,
Ушады тогайыңнан сайрап торгай.
Турады көз алдымда бул күнгидей,
Кетпейсиң көкиректен мына сол жай!

Жылтырап таудан аккан сууң кандай?
Балапан конуп, учкан Кууң кандай?
Сай-сайдан кечке турум анчыркаган,
Бураң бел арууларың сенин кандай?!

Ах, жерим! Жаңылдырдың мени эсимен,
Таянып түскөн кезде күн бесиннен.
Кең далаң көрүнчү эди бейиске оксап,
Макмал жел коңургакпен самал эскен!..

Айрылуу

Жаз мезгили... өз кезегин түн баскан,
Ай он беште кат жазгандай нур чачкан.
Бир табыш жок... жалгыз гана жар таштан,
Аккан булак өмүрдүккө үн салган...

Ай шооласы жерди, көктү каптаган,
Бир өң берген, кийиндирген, актаган.
Көрөр көзгө күнчүлүктөн элестеп,
Жалгыз «кара» табийгы өңүн сактаган...

Кең укуктуу эркин ойдон чыкпаган,
Миңди сүйгөн бирдин зарын укпаган.
Күмүш түскө жер койнунда бөлөнүп,
Көпөлөк да гүл кучактап уктаган.

Салкын жел бар. Ал да сокпос табыштап,
Терметкендей «дем алыш кыл тынычтап!»
Толкуну жок көлдө сүзгөн кемедей,
Мемиреген, жаңы орноткон там — кыштак

Ушул түндө жалгыз бозой күзөткөн,
Белгилүү жол: «палан кез» деп шерт эткен.
Түн күндүздөй, назик ишке жол бербес,
Дем алуу кем, селки жакка көз тиккен...

Бүгүнкү түн — акыркы түн сүйгөндүн,
Сүйүү жолдо азап чегип күйгөндүн.
Жыл ойногон, ай ойногон ашыктык,
Жаштык сырын жаш жүрөккө түйгөндүн.

Эртесинде эки жүрөк айрылмак,
Таза жүрөк дартка чалмак, кайгырмак.
Селки кетмек айлык жолго, жат элге,
Сүйгөн досун өмүрлүккө калтырмак.

Булак үндүү бозой ойдо чубалган,
Мезгил үндү күткөн үмүт узарган,
Деген кезде селки чыкты короодон,
Түс өзгөрткөн, ак кийимге чулганган.

Кас кылгандай: ай шооласын ашырды,
Корккондорго кош көрүндү, жашынды.
Эптеп селки бозоюна жеткенде,
Үн угулду. үй эшиги ачылды.

Колун берди «кош бол, жаным, мына» деп,
Колун алды «кош бол, жаным, көрөм» деп,
Айрылышты, кол силкишти өмүрлүк...
Өбүшүүгө ортодо там бербеди эрк...

Селки кетти ууру адымдап кайрылып,
Бозой калды укмагынан айрылып.
Айды ичинен сыр бербестен жек көрүп,
Ысык жашка бетин жууду кайгырып.

Күлгөн күлбөс өмүрлүккө кайгырбай,
Сүйгөн сүйбөс өмүрлүккө айрылбай,
Күлүү, сүйүү — күч айдаган жазыксыз,
Тагдыр чиркин боору ачыбас
ошондой!..

Ойнобо

Достук кылам, ушу баштан эстесем,
Түшүндүрөм, туюндурам, эстесем.
Эгер көнбөй адетиңди иштесең,
Мен да көнбөй, буруламын, терс кетем.
Билесиңби бир кездерде койбодуң?
Салып тырмак, уруп, сабап болбодуң.
Аке, жаке, жалынууну тыңшабай,
Топ сыяктуу тоголоттуң, ойнодуң.
Али ойлобо алсыз дагы начар деп,
Айкайласам, айтканыма басар деп.
Айтканымды, айтканымдай орундап,
Иштегенче дирилдер деп, шашар деп.
Жок ал оюң таттуу кыял түбүндө,

Же түш чыгаар көргөн бороон түнүндө.
Кай бет менен эми сага кул болом,
Балтыр өсүп, баш көтөргөн күнүмдө.
Баш ийбеймин, баш ийгизем, көндүрөм,
Айтканымды айтканымдай өндүрөм.
Колум — болот кайрылбаган, көзүм —
от,

Ачуулансам, бир тиктеймин, өлтүрөм.
Жардам берем, сенден жардам
албаймын,
Чарчабаймын, өөрчүйм, өсөм,
талбаймын.
Өзүм билем, не иштесем эрк менде,
Жан алдында баш салынтып
барбаймын.
Жалгыз гана сыйынарым көрүнөө,
Өткөн бабам басып кеткен мөөрүнө.
Абдан басып, өчүргүстөй кык кылган,
Жаш жүрөктүн жан барбастай өрүнө.
Ал — канатым жан жеткизбей озуучу,
Ал — куралым темир коргон бузуучу,
Күчүң жетсе, ыргыт терең Мухидге!
Ал канатым сууга чөкпөй учуучу,
Ал жоголбойт, жоголуучу мен эмес,
Жоготуучу алы жетип сен эмес.
Сен билгенди мен да жакшы билемин,
Кургак акыл менде да көп, кем эмес.
Достук менен, дагы айтамын, ойнобо!
Чыкпас орго жыгыларсың, бойлобо!
Достук сөздү — душман сөздөй
түшүнсөң,
Ачык айттым, өлбөймүн деп ойлобо!

Калемге

Тагдырдан буйрук болбой чырпык
сынбас,

Бирде-бир эки эмес бир, артык кылбас.
Ар кимдин өз мойнунда энчилүү жип,
Көзүңдөн мен өлбөсөм, кан тыйылбас.

Турганда тагдыр бийлеп, барга кыйбас,
Барыңда көкүрөгүмдө дартым сыйбас.
Түбөлүк ыйлаганың тыным таппай,
Ак кагаз, аманыңда жаның тынбас!

Жар сүйсүн, бирөө күлсүн жайып кучак,

Энчи жип ар кимде бар өзүнө чак.
Тагдырың ак кагазга байланышкан,
Бермет чач, кан аралаш бурчак, бурчак.

Эселек күнүң туман, эркиң жатта,
Боору эрип, имерилбес айткан датка.
Жайың бар кайык миңген, калтылдаган,

Каның төк, кайгыр калем, термел,
жатпа!

Курбума

Жел сокмок, жер айланмак, дарыя ташмак,
Күн да түн ала салмак, алмак-салмак.
Жаш акмак, жар айнымак, жалын өчмөк,
Эски өтмөк, жаңы жетмек, орун басмак.
Алышкан бирде жыгылмак, бирде жыкмак,
Жарышкан бирде калмак, бирде чыкмак.

Дүнүйө мейнеттики белден баткан,
Мурунтан болуп келген, боло жатмак...
Боолукту эл мойнуна заман салмак,
Эл жүгүн эр аркалап мойнуна алмак.
Замана жел кутурткан жиндей толкун
Калаксыз кайык сүзмөк, эрк талашмак.
Чыкканча бирөө четке жүзүн сатмак,
Бирөөлөр кол куушурмак көзү алактап.
Аткан ок, алышкан жоо кансыз тынбас,
Бирөөнү курман кылмак толкун таптап.

Бирөөлөр дуба кылмак ичтен жаттап,
Бирөөлөр санааланмак, азып, дарттап.
Кайыкта калың элдин биз да бири,
Кажыба, чыда, курбум, чырың сактап!
Айрылбай, максатыңдын колун кармап,
Ээрчисең, адаштырбай түз апармак.

Жайлоо

Күзгүдөй мөлтүрөгөн тунук булак,
Сай-сайдан үн алышып түшкөн туйлап.
Ыр ырдап, токсон түрдүү күүгө салса,
Үнүнөн танасыңбы турсаң тыңшап.

Токтобой жүрүп турган жели кандай,
Таптаза, каштай тунук, жыттуу атырдай.
Бетиңден сылап, сыйпап эркелетсе,
Көңүлүңдө кайдан калсын чер жазылбай.

Килемдей түрдүү чөптүн гүлү аралаш,
Үстүндө малы жатса адашып баш.
Саргарып сан жылдардай күткөн жыргал,
Көзүңө көрүнбөйбү элес, булас.

Мындагы айран, кымыз кең эмеспи,
Булактай агып жаткан кен эмеспи.
Дүркүрөп төрт түлүгүң өсүп турса,
Кең жайлоо жанга жыргал жер эмеспи!

Деңиз — акын, жүрөк — толкун, шамал — шык

Күн боорунда сулуулукту кучактап,
Жаш баладай деңиз күлөт, тынч жатат.
Жан болжогус тереңинде деңиздин
Эмне сыр бар термелсе да билбес жат.

Жел терметсе, жаткан деңиз солкулдап,
Көтөрүлүп, көөкөрдөнөт толкундап.
Байлоодогу эрк сагынган арыстандай,
Чымырканат, улуп-уңшуп күч жыйнап.

Катар, катар өркөч толкун чымылдап,
Жарды уратат эпкин менен койгулап.
Кайтышында сырын айтат ааламга,
Ыр аралаш өксүп, өксүп ый ыйлап.

Ырчы толкун, ыйчы толкун сырын ук,
Эрк, махабат табуу үчүн чыдамдык.
Теше тиктеп, терең теңшеп карасаң,
Деңиз — акын, жүрөк — толкун, шамал — шык.

Манас күмбөзү

Сай-сайдан чымырканып, кулатып таш,
Омкоруп кедергини кылган талаш.
Башталып Ала-Тоодон Чүйгө карай
Күзгүдөй суусу тунук агат Талас.
Урматтуу көз жаш менен ал күмбөзгө
Коюлган өткөн күндө баатыр Манас.

Күмбөздүн салынганын кандайчалап,
Болгонун нечен жүз жыл мурун эбак.

Манастын эл бакканын, эл чапканын
Кимдигин, кандайлыгын чын аныктап.
Мурун да окуучуга сүйлөп берген
Айлана дубалына жазылган кат.
Бул күндө ырайымсыз жат жолунан
Мурунку жазуу, сызуу түшкөн урап.

Али да турат күмбөз таңыркатып,
Көргөндү ойлондурат көңүлүн тартып.

Алыста көрбөгөндү даңкы менен
Өзүнө куса кылат кумардантып.

Эрте-кеч тоонун жели жомок кылып,
Күмбөзгө толуп жаткан сырлар айтып.
Бул күнкү урпагынын жайын сүйлөйт,
Уйкуда жаткан эрди кайраттантып.

Ала-Тоо асман менен деңгелдешип,
Көтөрүп көкүрөгүн, бой тирешип.
«Манасым эр ичинде экилтик» деп
Талашат Айга, Күнгө теңештирип.
Капчыгай, бийик зоока, чер карагай
Күмбөздү күзөтүшөт кезектешип.
Жылгадан туйлап аккан тунук булак
Манастын сөзүн курат маектешип.

Элинин эт жүрөгү жараланып,
Эбаккы өткөн күндүн изин чалып.
Ырчысы ырга кошуп атын жаттайт,
Комузчу күңгүрөнтүп күүгө салып.
Уулу зар болгон күнүн сүрөттөсө,
Жашынын каны кызыйт, ичи жанып.
Какшаган комуз менен, муңдуу кайрып
Жоктошот эр Манасын эсине алып.

АЛЫ ТОКОМБАЕВ

Эскерем

Карагаттай мөлтүлдөгөн көзүңду,
Балдан таттуу жылаажындай сөзүңдү.
Качан көрөм, качан угам, шаттанам,
Перизаттай оштонуучу өзүңдү...

Чалкар көлдө ак куу сындуу керилип,
Кара күчкө кылчайчу элең эринип...
Магнитке такаты жок багынган
Көк темирдей, тартылчу элем берилип.

Кээде жетим, багаары жок баладай,
Кабак ачып ай-ааламга карабай.
Торго түшкөн куш сыяктуу томсоруп,
Кайгылангам, кылчаюуга жарабай.

Балбылдашып, кээде терең карашып,
Кээде жүрөк сыр күүлөрүн талашып.
Мен сеники, сен меники дегенди
Жүрөк чиркин айткан, тилсиз баратып.

Же ал күндөр өңүм эмес, түшүмбү?
Түшүм болсо, алмак беле үшүмдү!
Жок, түш эмес, жүрөгүмө кыскамын,
Булкуп алып, чыгарбастан бүчүмдү.

Ал элести айлуу түндө эскерем,
Чотко салып кыялданам, текшерем.
Аккан суудай өмүрүмө таң калып,
Кыйрын таппай, үйгө кээде кеч келем.

Тил алса

Табийгат, тагдыр тил алса —
Ак чабак болуп жаралсам.
Деңизден сүзүп, ойноктоп,
Дем кылган жакка бара алсам.

Күнөөсүз, кирсиз дүйнөгө
Энеден кайта төрөлсөм.
Көк чыбык кыркып, ат кылып,
Көпөлөк издеп жөнөсөм.

Табийгат мага тил алса —
Кызыл гүл болуп жайнасам.
Болбосо гүлдүн ашыгы —
Жаш бүлбүл болуп сайрасам.

Көргөндүн көзүн алдырбай,
Мөмөлөр болуп тизилсем.
Адамдын колун сундурбай,
Алдына жайнап үзүлсөм.

Болбосо чындык тезинен
Граммдап көрсө айбымды.
Граммга күнөөм чыкпаса,
Кыйнабай алса кайгымды.

Табийгат, тагдыр тил алса —
Мөл булак болуп ойносом.
Карарган жерин тазартып,
Калкыма кирди койбосом.

Жандыктын жалгыз энеси,
Кара жер болсом калдайган.
Жандыкты кайра жаратып,
Жабдысам, сүйсөм маңдайдан.

Табийгат мага тил алса —
Жайкы таң болуп сөгүлсөм.
Ааламды нурга бөлөнтүп,
Күн бөлүп жерге төгүлсөм.

Эринбес, сынбас, ок өтпөс,
Укмуштай болуп жаралсам.
Өлкөмө душман өткөрбөс
Таш дубал болуп калансам.

Терегим

Кайсы күнү ким жазды экен атымды
Жаш теректин аппак күмүш денине?
Келин бекен? Жигит бекен, акынбы —
Бул адамдын максатында эмине?

Мен жок элем бул белгини жазганда,
Мүмкүн бирөө урмат менен жазгандыр.
Же табалап, мен унчукпай жатканда
Шылдың кылып ички сырын ачкандыр.

Же курбалым тили менен айталбай,
Эскерсин деп, тек эсине салгандыр.
Же көпкүлөң, алаңгазар шайтандай,
Эч максатсыз сызып кетип калгандыр.

Же сүйөнүп, жашын төгүп терекке,
Жандай көргөн жаракөрүм чийгендир.
Же ырымды жазып алып белекке,
Сүйүшкөндөр мага башын ийгендир.

Үч жыл болду, ким жазганын сезбедим.
Жазган адам жер бетинде жок бекен?
Же бечара кыялданып, кескенин
Унуттубу? Же шайкелең шок бекен?

Жаш теректин күмүш тону эскирип,
Жазган тамга жоюлгансып баратат.
Менин дагы өмүрүмө кеч кирип,
Өткөн сайын терегимди каратат.

Мени көздөп канча шашса карылык,
Мен эмгекке андан бетер шашамын.
Ал карылык уурдаганча камынып
Таалайымдын далай жолун басамын.

Замандашыма

Ачык түндө айды тикте мелтиреп —
Ал санаага сансыз ойду келтирет.
Капкайдагы унутулган өтмүштөр
Кумурскадай жабалактайт, тентиреп.

Бири келет, бири кетет, жайланат,
Бири чуркап, бири шыдыр айланат.
Бирөө такыр алыстабай кыбырап,
Жүрөгүңдүн кылдарына байланат.

Ай тургансыйт, козголбостон жаркырап,
Түк сезилбейт айланганы заркырап.
Өмүр дагы өтпөгөндөй сезилет,
Бирок, дайым эрип турат тамчылап...

Замандашым! Сен тамчыга чарчаба! —
Тама берсин, окшобогун марчага!
Өмүрүңдүн ар бир тамган тамчысы
Сугат болсун алма, жүзүм, алчага!

Биз жокто да элим менен мекеним
Көрүп турсун эмгек өлбөс экенин.
Каным, жаным, соңку демим — элдики,
Кааласаңар, мен садага кетемин.

Угасыңбы?

Угасыңбы менин каргыл үнүмдү,
Эстейсиңби кагаздай ак чачымды?
Сагындыңбы тууган жерди, үйүңдү? —
Мен түшүмдө сылап, сүйдүм башыңды.

Аткан октой күчтүү деп бил үнүмдү,
Аткар, уулум, мен ойлогон тилекти.
Уккум келет сенин сүйкүм үнүңдү,
Билесиңби кандай соккон жүрөктү!

Мен сүйлөсөм — сага буйрук энеңден,
Командирдин буйругуна барабар.
Командасыз ким кайталат кемеден —
Өлсөң көргө буйругумду ала бар!

Сен — эр жоокер, мен — командир
өзүңө,
Качан болсо келип эсеп бересиң.
Шер деп баккам, түшүндүңбү сөзүмө,
Ким уялтат шер жараткан энесин!

Сен тыңшасаң менин карган үнүмдү,
Эрдик менен бактылуу кыл журтуңду.
Сен сагынсаң тууган жерди, үйүңдү, —
Жоону кыйрат, жоого көрсөт курчуңду.

* * *

Мезгит учат канаты бар немедей,
Назик сезим эркелетет энедей.
Чынар жашын адамзатка берсечи
Бул табият, келте кылып ченебей!
Жүз жылдарда бетке түшкөн наары жок,

Жигит болсок, карылыкты кенебей.
Ошондо да сараң карап өмүргө,
Карт ажалды каргайт элек жемелей.
Мейли мезгил уча берсин өргүбөй, —
Жарык турмуш нускап турат жебедей.

Күрөш менен жеңип өлсөк болгону,
Толкундарды жарып өткөн кемедей.

Энеке

Ой, энеке! Сенден жарык таң барбы! —
Сенин шоолаң түбөлүккө бүтпөгөн.
Ой, энеке, сенден күчтүү жан барбы! —
Кандай күч бар сенден жардам
күтпөгөн!

«Эне» десем, элеси да энемин
Келе калат көз алдыма керилип.
Көңүл менен чуркап кана келемин,
Эне сенин кучагыңа берилип.
Кыйналганда үнүм чыгат апалап,
Кубанчымды айтканымча шашамын.
Жылмайгансып өтүп кетсең жакалап,
Куунап кетем, изи калбай капанын.
Чоңойсом да ак чачыңды сыйпалап,
Уялбастан, бала болгум келет да!
«Ой уулум!» — деп чачтарымды
үйпалап,
Эркелетсең, баа жетпеген белек да!

Ой, апаке! Баратасың улгайып,
Карылыкка бергим келбейт өзүңдү.
Бирок өмүр — зыркыраган жел кайык,
Шашып айтчы даанышмандык сөзүңдү.

Сүйлө, сүйлө, дагы сүйлө, апажан,
Сагынганда эскерейин бардыгын.
Аткарайын, «тапшырма — деп —
апаман»,

Айткын, апа, барбы мага жардыгың?
Мээрбаным, жылмайганың балаңа
Алтын бешик мекенимдей сезилет.
Кайда жүрсөң айткансыйсың «садага»,
Эстей калсам элесиң да кезигет.
Ой, энеке, сенден жарык таң барбы! —
Сенин шоолаң түбөлүккө бүтпөгөн.
Ой, энеке, сенден күчтүү жан барбы! —
Кандай күч бар сенден жардам
күтпөгөн!

Байыркы кыргыз батасы

Акыры бир келер болсо азап-муң —
Келе берсин жаш кезимде кезексиз.
Бардыгын тең жаш ийниме көтөрүп,
Онтоп, өксөп кыйналсам да эсепсиз.
Күчтүү кезде алсыратып бардыгын,
Карган чакта тыныгайын кесепсиз.

Көрө албастык, түркүн ызаа, өкүнүч,
Жалаа, сен да дилди сыздат, жашынба!
Кел, машакат, отко, сууга түртө бер,
Күчтүү кезде, ак жогунда чачымда
Карган кезде карааныма жолотпой,
Мен силерди кыйратамын жашымда

Асман — теңир, жаш кезимде берегөр,
Капкайдагы мага келчү мээнетти.
Асман — теңир, карган кезде берегөр,
Шайыр көңүл, тынчтык менен дөөлөттү.
Асман теңир, досту көккө көтөргүн!
Душманга бер өлүм күткөн мөөнөттү!

МОЛДОГАЗЫ ТОКОБАЕВ

КЫЗДАР АЙ!

Жашыл гүлдөй жайкалып,
Айылды сонун түрлөнткөн.
Жаш кайыңдай буралып,
Балапандай тең өскөн.
Басканы сонун сымбаттуу,
Бактылуу элдин кыздарай.

Он бешинде ай толуп,
Жарыгы тоону жапкандай.
Таң сөгүлүп жаркырап,
Жарык нурун чачкандай.
Кызыл-тазыл элеси,
Кыргый мүчө кыздарай.

Түлөгү жетип уядан,
Ак шумкар сызып учкандай.
Туу көтөрүп, күү чалып,
Эл майрамдап чыккандай.
Эрдин жары эркетай,
Элдин көркү кыздарай.

Калкылдап көлдүн үстүндө,
Пароход жолго чыккандай.
Канатын тарап каз өрдөк,
Деңизде чардап жаткандай.
Көркү сонун, бети айдай,
Көңүлү шат кыздарай.

ОН СААМАЙ

Ак саргыл, чарчы бойлуу жүзү кандай,
Он саамай, жаагындагы тарткан
зымдай.
Оймок ооз, кыр мурундуу жазы маңдай,
Калы бар, жүзү кызыл, жанган шамдай.
Беш салаа, чымыр билек, кең алакан,
Мүчөсү табындагы жаш кыргыйдай.
Кара каш, кайчы көкүл, төгүлгөн чач,
Кулпунат бүрүн ачкан жаш кайыңдай.
Күзгүдөй, жаркыраган тунук бети,
Кири жок он бешинде толгон айдай.
Кыяктай, ичке коңур үнү сонун,
Сүйлөсө сөзү таттуу шекер балдай.
Тастайып каштын үстү, ээктин алды,
Кара көз, мөлтүрөгөн жазы маңдай.
Жанынан жакын көргөн жаш курбусун,
Он саамай көптөн бери сагынгандай.

МУКАЙ ЭЛЕБАЕВ

ЗАРЫГАМ

Таңды кеч ойлоп талыгам,
Талыкшып жаным тарыгам.
Амалым жок, кол кыска
Ойлонуп жатып зарыгам.

Ачык бир даана бет албай,
Алыскы жерге кете албай.
Самаган, күткөн жериме
Зарыгам асты жете албай.

Канткенде табам амалын,
Көкүрөктөгү жаранын.
Алыста окуу артык деп,
Угамын катуу кабарын.

Маскөө, Ташкент ураанын.
«Жакшы» деп элден угамын.
Ошолорду мен угуп,
Канткенде чыдап турамын!

Издеген окуу мен карып,
Эзилдим жатып саргарып.
Канат кагып жете албай,
Каламбы куру сандалып?

Көңүлдү койдум абыдан,
Күзөткөн максат жагынан.
Ойлоп келсем окууну
Козголот жүрөк абыдан.

Жарага жара жалганды,
Карачы, кийин калганды.
Түгөтөм кантип тазалап,
Жыйылган чирик арамды.

Арманым баштан ашынат,
Качан көзүм ачылат.
Ордуна жетип оюмдун
От жүрөк качан басылат?

ЫСЫК КӨЛ

Узак жылдар
Көрбөгөмүн,
Кең Ысык-Көл жеримди.

Мына бүгүн
Зуулап барам,
Жолду катар боюм балкып эринди.
Аркыратып,
Автобус айдап баратат.
Жайнаган гүл,
Жашыл түз,
Кыйыры жок, көз жетпеген түз жатат.
Көктө жүргөн азат куштай чарыктап,
Кыял учуп,
Дүйнөнү чарк уруп,
Семирип,
Сергип келатат.
Бир кездерде ушул жолдон өткөнбүз,
Арымы жок кылдыраган араба,
Сынып, токтоп,
Бүлүнүп,
Жарым айда жеткенбиз.
Ошол күнүм ойлоп барам эми тек,
Өткөн күндөр көз алдыллдан элестеп.
Барган сайын ала качып кыялым,
Сансыз ойлор кучактады мени бек.

Баягыдан,
Кыскарган жол чамасыз,
Балыкчыга,
Кечке кирип барабыз,
Ысык-Көлгө
Мына кирдик зымырап
Кыраан куштай,
Кырдап туруп, көз салып,
Кыял чиркин,
Асман менен чарыктап,
Ысык-Көлүм —
Ыксыраган немедей,
Күн чыгыштан күн батышка созулуп.

Азап чеккен, көлдөй жашың төгүлгөн,
Бир убакта кетпейт такыр көңүлдөн.
Ал кезде биз,
Жаш балапан,
Балтыр толуп жете элек,
Зор турмуштун -
Кемесине түшө элек.
Андан бери
Заман озду соккон желдей зымырап,
Артта калып, көргөн түштөй бир убак.
Өзгөрүштү
Жомок кылып,
Айткан чалдар кандырат.
Турмуш тынбай,
Ачкычтарын миң бурап,
Байыркылар
Калды бүгүн алда кайда буркурап.
Көлдө жыргап, салкын төрдө сайрандап
Заманында доорон сүргөн бай, манап,
Койдой айдап, күлду саткан бий, болуш.
Жоголгон алда небак.
Ысык-Көлүм
Баягы эмес,
Баягы эмес карасаң.
Миң өзгөрүш
Курулуш
Бүгүн мында башка адам.
Эл да,
Жер да,
Өмүр да
Мүлдө кайра жасалган.
Көл тирилген,
Күпүлдөгөн пароход,
Кече күнкү
Супсур өмүр бүгүн жок.

Өмүр — өзөн, тынбай агар, зымырар:
Эрдин күчү зор майданда сыналар.
Ысык-Көлдүн ордой терең сырларын,
Бизден соң да далай акын ырдашар.
Баштан кирип,
Акырына чыкканча,
Биздей чыдап,
Далай эрлер узун жолдо кармашар.

ЭРДИК ЖОЛУ — БИЛГЕНИМ

Кубанычка ташыбадым, күлбөдүм,
Кайгы түшсө капарыма илбедим,
Сан белесте найза сунган баатырдай,
Өмүрүмдө эрдик жолу — билгеним.
Оодарышып,
Кол карышып,
Эч майданда бир намызды бербедим.

Миң кубултуп өттү баштан далай күн,
Билгеним жок бир күрөштөн бөлөгүн.
Жараткандын айыгышкан күчүнө,
Кулдук уруп, кай бет менен көнөмүн?!
Өлсөм дагы,
Абалдагы,
Четке туруп, эрдик менен өлөмүн!

Жабылса да сансыз кордук, бар ушак,
Өлмөк эмес эр жасаган акыйкат.
Эскен желдей өтөр, кетер, унтулар,
Опосу жок бир беш күндүк атак, даңк.
Жылдар өтүп,
Мезгил жетип,
Эскерткичим түбөлүккө жасалмак.

ЖУМА ЖАМГЫРЧИЕВ

ТАЛПЫНГЫН

Бүгүнкү күн аялдардын майрамы,
Колунда түрлүү кызыл байрагы.
Куттуктап кубангандан бул күндү,
Нечендер тилин безеп сайрады.

Бул күндө аял теңдик алган күн, .
Таң атып, күндүн нуру чалган күн.
Эзелде шоола түшпөс зынданга,
Чырагы эркиндиктин жанган күн.

Аялдар мындай күндө талпынгын,
Эзилип өткөн күндө чарпылдың.
Эрикпей издеп барып алгыла
Алдыңда кени жатат алтындын!

КЫШ КЕТТИ

Кыш кетип, жаз да келди жаркыраган,
Эч жан жок кыштагыдай калтыраган.
Нуруна күндүн берген бою балкып,
Жанданды өсүмдүктөр алсыраган.

Өзгөрдү баштагыдан жердин бети...
Төлдөшүп арбып келет бир кой эки.
Баш кошуп, күчүн жыйнап, артелдешип,
Дыйкандар оокатына кирген кези.

Жабылып кара жерди айдап жатты,
Салышып соколорго өгүз, атты.
Бай, манап, эшен, молдо, кулактардын,
Дыйкандар бириккенде куту качты.

Ачылды кең талаада жайнап эмгек,
Талааны жаттар эмес ээси жердеп.
Козгошуп өткөн, кеткен аңгемени,
Кошчулар бир-бирине болуп эрмек.

Артелдин соколору чогуу кирип,
Казыдай кара жерди карыш тилип.
Талаанын эмгек менен өңүн ачты,
Кадырын бирикменин жакшы билип.

Киргенде эмгекчилер баары кошко,
Жүрбөдү эч кимиси карап бошко.
Соколор баштагыдай бирден эмес,
Түшүштү беш-алтыдан бир борозго...

Эл кирди тыным албай кошко кызык,
Эчен жылы бош жаткан дыңды бузуп.
Ар киминин алдында максаты бар,
Алышкан иштерине план сызып.

АЛА-ТООГО КАТ

Турагым менин Ала-Тоо
Жерим аман барсыңбы?
Алдейлеп мени өстүргөн
Элим аман барсыңбы?

Ырыстын аккан булагы
Көлүм аман барсыңбы?
Мен фронтто жүрөмүн,
Актап берген антымды.

Ушул кезде Ала-Тоо
Албырып өңүн ачкандыр.

Жайлоосунда дүңгүрөп
Колхоздун малы жаткандыр.
Талааларын толтуруп,
Колхозчу эгин чачкандыр.
Карыялар кайраттуу
Белсенип ишке киргендир.
Кыз-келиндер тылдагы
Техника жайын билгендир.
Ар кимиси бир-бирден
Тракторду мингендир.
Фронттогу жарларын
Сагынышып жүргөндүр.

Санаркабай биз үчүн,
Жабыла ишке киргиле.
Сагыныч бир күн жазылат,
Жабыкпай куунап жүргүлө.
Бул фронттон жазылган,
Кең Ала-Тоо жерге кат.
Алдейлеп эрди өстүргөн,

Ала-Тоолук элге кат.
Эл алдында баш ийип
Дагы кайта берген ант.
Эл үчүн жоого аттануу
Эзелден бери келген салт.
Жоо бетинде биз мында
Турабыз аман саламат.

Аябадык жан-канды,
Элдин таалай багы үчүн.
Эркелеткен балабыз,
Сүйүп алган жар үчүн.
Өч алабыз душмандан,
Жазыксыз аккан кан үчүн!
Жоону жеңип актайбыз
Эненин берген ак сүтүн!
Биз киргенбиз бул кезде,
Талкалап жоону согушка
Уулдарың артта калбадык,

Кырчылдашкан согушта.
Даяр турдук ар качан,
Эл үчүн курман болушка
Ала-Тооолук уулдар! — деп,
Арзыдык атка конушка
Компартия буйругун
Жүрөккө бекем сактадык.
Кан толкуган майданда
Калтырап түк шашпадык.
Фашисттик жоону кыйратып
Батышка жүрүш баштадык.
Советтик жерди бошотуп,
Биз күчтүүбүз майданда
Алдыга кадам таштадык.
Советтик баатыр эл менен
Биз согобуз душманды,
Элден келген дем менен!
Жакындап келет душмандын,
Болушу жексен жер менен.
Көрүшөбүз шаттанып,
Тууган эл, тууган жер менен.
Согушуп жаткан эрлерге,
Аккуладай ат керек.
Кырмандарга сыйбаган
Кызылы тоодой дан керек.
Кырса да чети оюлбас
Кылымга жетчү мал керек.
Ала-Тоонун байлыгы
Түрдүү сонун кен керек.
Анын баарын даярдап
Силердей баатыр эл берет.
Ошондуктан, тууган эл,
Чыккыла, кана жарышка
Кол кармашып биз менен,
Душмандын тишин чагышка.
Өлкөнү чирик иттерден,
Таптаза кылып алышка
Душмандар кыйрар күн жакын,
Кайратың чыңа, талыкпа!

ЯСЫР ШИВАЗА

ШАТТЫК СЕБЕМ

Гүл үрөнүн сепкендей миң түрлөнтө,
Мен шаттыкты себемин бүт дүйнөгө.
Шаттык гүлүн жайнатып ар бир күнгө,
Ар бир адам көңүлүнө,
Жеткирсем дейм ороп жаздын мээрине.
Шаттык гүлү тегиз жайнап чыкса дейм,
Ойго, тоого, бардык талаа-түздөргө.
Өз чырайын жеткирсе дейм өчүрбөй,
Көпкө-көпкө, эртеңки жаш күндөргө.

ЖАЗДЫ АЛЫП КЕЛАТАМ

Мен келатам жазды көтөрүп,
Талааларга чексиз келатам.
Адыр-түздү шайдоот аралайм,
Өрөөндөргө гүлдү жайнатам.

Эгиндерди арбап кыртыштан,
Соколорго жерди айдатам.
Торгойлорду көккө эргитип,
Булбулдарды бакта сайратам.

Күн алабын дагы көтөрөм,
Ай ажарын дагы арттырам.
Булактардын көзүн чоңойтуп,
Коктулардан шылдыр актырам.

Зор дүйнөнү тоодой толкундуу
Кучагыма келем батырып.
Курт-кумурска, түркүн канаттуу
Алды-артыма чачам сапырып.

Көпөлөктөр ойноп койнумда,
Чексиз көркту камтып боюма.
Мен баратам жазды көтөрүп,
Бийик-бийик тоолор койнуна

КҮНГӨ

Саламатсыңбы, Күн!
Кылайып чык кыйырынан мухиттин.
Деңиздердин тереңинен сүзүп чык.
Асман челген аскалардан ашып чык.
Дүнүйөлүк чатактарды басып чык.
Булуттардын баарын айдайм сапырып,
Улуу шердей көтөрүлгүн ааламга.
Менин дагы жүзүм жарк деп ачылсын,
Жер жаркысын нуруң келип жардамга.
Таза таңды күтөм мен да
Өзүң менен дил козгошуп,
Бир жашарып алганга.

* * *

Көгөргөн көк жаз күнүнүн
Көз кубанткан көрк-келбетин.
Көкүрөккө катып бекем
Көөнөрбөгөн кереметин.

Ырларыма кубат кылып,
Ар бирине кошом аздан.
Жаздын мөлтүр шүүдүрүмүн
Саптарыма тамчылатам.

АДАМЗАТКА

Ушу күндө дүйнөнүн көп жеринде
азуулардай арсайып көктү тиктеп,
ракеталар ааламга ажал чаччу
атылчудай турушат асман беттеп.

Көккө чыгып, анан ал жерди урмак.
тээ космостон биздерге бүлүк салмак,
жерди орогон от болуп ал алаамат
бу тирликти күйкалап, жалмап-жутмак.

Өз огунда туралбай өзөк толгоп,
бул ыйык жер ошондо жылдыз окшоп,
күйкаланып тирлиги, аба, суусу
түпсүздүккө тунжурдай ал зуу коймок.

Алдын тороп мындай зор алааматтын
эй, адамзат, жоготкун ракетиң,
асманыңа чыгарбай ал жексурду,
жумша буга бардык күч-аракетиң!

* * *

Дүйнөдөгү бардык ачуу нерсени
Бир идишке куюп, тамчы калтырбай,

Уу болсо да жуткум келет тартынбай.
Анда турмуш арылмак бүт заарынан —

Адамдарды алсыраткан, каарыган
Жан сыздаткан кекирелүү даамынан.

Анда адамдар таттуу өмүр сүрүшмөк —
Бал татышмак жана шер бет ичишмек.
Мына ошондо көңүлүм айдай
жаркымак,
Сүргөн ар бир күнүм да бал татымак.

Которгон С. Тургунбаев

БАКТЫЛУУ БОЛОР ЭЛЕМ

Тунук, кашка мөлтүр суусу шылдырап,
Тоо боорунан агып турган булактай,
Эргип соккон жүрөгүнөн акындын
Жарык чачкан саптар учат чырактай.

От жүрөктөн оргуп чыккан ыр сабы
Адамдардын жүрөгүнө жетсе түз,
Илеби анын чачыраса ааламга,
Сезген жандын сезимдери этсе «тыз».

Кубантса ал, же ыйлатса, сыздатса,
Же күлдүрүп, көздөрдөн жаш чыгарса,
Же сүйгүзсө, күн сыяктуу мээр төгүп —
Мен бактылуу болор элем турмушта.

КҮНДҮН ТӨРӨЛҮШҮ

Таң эртең. Асман чайыттай. Көп ой
түшүп,
Бороондуу тоо башында жалгыз үшүп.
Мен үчүн алтын күндүн төрөлүшүн
Жигитке ашык болгон кыздай күтүп.

Олтурдум абдан узак, абдан узак,
Таалайдын жолун тозуп жайып тузак.
Эмгегим бекер кетпей, күн төрөлдү
Белине каухар, жакыт курун курчап.

Олтурду жапжанаша мени менен,
Жылыды муздак жүрөк, муздак денем.
Ырдадым аткан таңды, нурду төгүп:
— Алтын күн ушунчалык кымбат белең.

ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВ

СҮЙӨМ ЧЕКСИЗ

Сүйөм чексиз жайкы күндүн ысыгын,
Жыргал өңдүү жалгыз өзү ушунун!
Ит акактап тилин сунуп жатканда,
Көрөм андан жан бактылык учурун.

Чырылдаган саратандын үнүнөн,
Буудай ыңкып башын ийген түрүнөн:
Кайнап жердин бышкан кезин көрөмүн,
Сөз табалбай жалтактаймын сүрүнөн.

О, жай мезгил — толукшуган
сулуулук!—
Кадыркечи карагандай бурулуп.
Кубанычтын күүсүн толгойт жүрөгүң,
Бакыт ыры бардык жактан угулуп.

Мейли, мейли, мээ кайнатсын саратан,
Алма жыттуу июлду мен жаратам.
Мен ит белем көлөкөгө качкандай,
Мелдешүүгө комбайнчан баратам!

О, досторум, өмүрүңөр ар качан
Окшош болсун бул мезгилге гүл чачкан!
Жаштык деми кемби жайкы ысыктан,
Ошон үчүн сүйүү ага жарашкан!
Сүйөм чексиз жалын бүрккөн жай айын,
Сулуу көркү суктандырып караткан!

БИЛБЕПТИРБИЗ

Кезегинде биз сенде, Сары-Челек,
Тоо жаңыртып обонду салуучу элек.
Кызыл-тазыл кыздардын арт жагынан
Кожогатка шылтоолоп баруучу элек.

Кожогатың мөлтүрөп борчук таштан,
Кайың чачтуу аскаңдан кийик качкан.
Бактысы артык сулуунун көз жашындай
Тунук бетиң бир башка укмуш дастан.

Кыздын сулуу көркүнө мас элек биз,
Сени менен гүл ырań жаз элек биз.

Ошондо да баркыңды билбептирбиз,
Ойлобостон ыр созгон жаш элек биз.

Төгөрөктүн төрт бурчун көргөн жанмын:

Азиянын черлерин араладым.
Европанын ашкамын ашууларын,
Альпыларын аңтарып карагамын.

Сендей сулуу жерди мен көргөн
жокмун,
Себиниптир атырды ар бир коктуң.
Ойлобосоң сук түшүп, көз тиерин,
Тоо артына жашынып, кимден корктуң?

БИР ЖҮРСҮН

Күн ысыгы, жүрөктөрдүн жалыны
Кошулганда не болорун ким билсин?
Балким артар жерге түшкөн жарыгы?
Балким табар күн эң жакын сиңдисин?

Бул суроону мындай чечкен жан угат:
Күн ысыгы бак мөмөсүн бышырат.
Жүрөк оту дос көңүлүн жылытат,
Кубандырат, канат байлап учурат!

Досум, сенин чарбагыңа күн тийсин,
Кайда барсаң кадырлашың бир жүрсүн!

Кайда болсо карчыгадай илгирсиң,
Кубарбаса, саргайбаса нур жүзүң!

Күн ысыгы, жүрөктөрдүн жалыны
Кубат болуп, кайрат болуп кошулсун!
Кубат-күчүң, өмүрүңдүн жарыгы,
Көңүлүңө шаттык сезим толтурсун!

АПА, АПА!

Апа, апа! Жаным апа, сен өзүң
Аябастан мага мээриң төгөсүң.
Кокус менин күчөп калса жөтөлүм,
Кайгы-муңдун тереңине чөгөсүң.

Апа, апа! Жаным апа, сен өзүң
Мени мынча эрий жаздап өбөсүң?

Өңүң тургай, түшүңдө да айтасың:
«Аман жүргүн! Ишиң алга жөнөсүн!»

Апа, апа! Жаным апа, сен өзүң
Акыр түбү мен деп жүрүп өлөсүң.
Эмгегиңдин он миңден бир үлүшүн,
Эси жогуң кайдан сага төлөсүн?

АЗАЙТКЫЛА

Биз күйгөн куш качканбы торубуздан?
Эч иш келбей калганбы колубуздан?
Биз бүтүргөн жумуш жок көптөн бери,
Чогулушка барабыз чогулуштан.
Эски достор көчөдө жолугушкан
Түшүнүшпөй барына, таң калышат:
«Чогулуштар бүткөнчө алма бышат...»
Бак өстүрүп кол кабыш кылбаганга,
Чогулуштан эч жакка жылбаганга,
Өздөрүнөн өздөрү арданышат...
Ысыгына эмгектин күйбөгөндөр,
Иштебестен, ар күнү сүйлөгөндөр
Элди багып жаткандай сыйланышты,
Иштегендер барынан кур калышты.
Азайткыла, жолдоштор, жыйналышты!

Жыйналышка баргандар, бөдөнөдөй
Эркин баспай, дем албай, аба көрбөй,
Түшкөн жандай туткунга кыйналышты!
Көп сүйлөбөй, досторум, иштегиле!
Жыргал бакты эмгектен издегиле!

ЫР ЖҮРӨГҮ КАРЫБАЙТ

Кээ бирөөлөр китебимди окушуп:
«Карыганын билбейт» дешип сөгүшөр.
Кайманага жүрөгүмдү чокутуп,
Какшык уусун баштан ылдый төгүшөр.

Төксө мейли... Менин ырым — кыз бурак,
Жалжылдаган сулуулугу дүйнөнүн!
Аны көрүп, күү толгобой ким турат?
Обонуна ким салбаган сүйгөнүн?

Кыргыз айтат: «Чоң байгеге кошулган
Каз канаттуу буудан күлүк арыбайт».
Мен айтамын: «Ак жибектей созулган
Кыз тыңшаган ыр жүрөгү карыбайт!»

ОЙЛОБОС

Жигит жоктур сулуу кызды сүйбөгөн,
Жалын чачып кумар болуп күйбөгөн.
Эч ким сени жашаган деп ойлобос
Муздак бойдон өтүп кетсең дүйнөдөн.
Бирок жаштын атак, сыймык желеги
Жүрөгүнөн чок ыргытуу элеби?
Эр жигитпи ишке билек түрбөгөн,
Эл бакты үчүн күрөштөрдө жүрбөгөн?

СЕН ЖОК БОЛСОҢ

Жер караңгы Ай жок болсо асманда...
Жол караңгы сенсиз өзүм басканда.
Сен жок болсоң жанбайт көңүл чырагы,

Иштен кайтып үй эшигин ачканда...
Айдай селким, абалымды унутпа,
Менден качып жашынбагын булутка.

ЖАШТЫК ТАҢЫ

Наристедей күнөөсүз жаш чагымды
Сага бердим, жалжалым, сага бердим.
Мен барганда сен эшик ачканыңды
Бүт көрүшкөн көздөрү асман жердин.
Жылдыз көргөн жымыңдап түпсүз көктөн,
Чок сайынган кирпигин бүлбүлдөткөн.

Терезеден Ай көргөн өбүшкөндү,
Ак чоку тоо кубанган бизди карап...
Башат көргөн биз барып суу ичкенди,
Көзгө сүйкүм алиге ошол тарап!
Кол кармашып жүгүрдүк бир күн шашып,
Көк шиберге жыгылдык гүлдү басып!

Кызарганбыз жаштардын үнүн угуп:
«Ышкын терип келебиз, жүргүн!» — дешкен.

Карагатка! дегенбиз ыргып туруп,
Ошол күндөр кандайча чыксын эстен.
Бетегелер жибектей үлбүрөшкөн
«Шашпа, жигит! сулууну сүйгүн!»
дешкен.

Жалжал көздүн осмосу кашка койгон
Жаңы бойдон турсачы эскирбестен.
Жаштык таңы жаркырап ошол бойдон
Турса кана эч качан кеч кирбестен.
Көп ойлоном: «Кишиде жоктур арман,
Жаш чагынын үзүрүн көрүп калган?»

ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ

АТА ЖУРТ ҮЧҮН МАЙДАНГА

Жүгүрсө шамал жетпеген,
Тулпарды элим мингиздиң,
Ата журт үчүн кан төгүү —
Антыбыз болот бул биздин...

Фашисттин кесип баштарын,
Балтыркан сындуу кыялы,
Ажыдаар башын тепсесин
Аттардын өткүр туягы.

Берендей эргип шаң менен
Беттешкен жоодон тайманба,
Алдыга, достор, алдыга
Ата журт үчүн майданга

САЛАМЫ УШУЛ САЙРАНЫН

Сүйүшүп жүрүп кезиккен,
Жүрөктүн сырын чечишкен,
Жанымдай көргөн жарымсың
Жанаша гүлдөй өсүшкөн.

Ордуңду бир күн жоготпой
Комбайн миндим тылдагы,
Жеңишин тилейт ишиңдин
Жергелүү журтуң мындагы.

Белиңди бекем бубарсың,
Беттешкен жоону кубарсың.
«Береним намыс алды» — деп
Бейпилде элиң кубансын.

«Бали» деп дүйнө кубанып
Мактасын балдар силерди,
Фашисттик өтүк баспасын
Макмалдай гүлдүү шиберди.

Сагынып жүргөн жаш жарың
Саламы ушул Сайранын
Көпкүлөң душман ичпесин
Көгүлтүр суусун дайранын.

Т...га

Ачылып турган кызыл гүл
Жел соксо көркүн чыгарат.
Толукшуп турган сүйгүн кыз
Жар болсо көөнү кубанат.

Аземдеп тилин сайраган,
Акыны менмин кыргыздын,
Алтындуу нуру балкыган
Чолпону сенсиң жылдыздын,
Акынга чолпон жакпайбы,
Ардагы болуп турмуштун.

Бутакта турган булбулдун
Гүл болсо тили чыкпайбы?..
Буралып турган жаркын кыз
Булбулдун үнүн укпайбы?..

Асмандап учкан чүрөксүң,
Алдымда жаркын тилексиң.
Ай жарык укмуш күнгө окшоп,
Айласын тапчы жүрөктүн.

ЖАЙДЫН КЕЧИ

Манаттай асман кызарып,
Магдырап барат айланам.
Чачырайт көбүк бетиме
Чамынып аккан дайрадан.
Муңайым тартып угулат,
Булбулдун үнү сайраган.

Жалбыздын жыты буруксуп,
Жаныңа жыпар чачкандай.
Торгойлор тынбай таңшышат,
Токтогул күүсүн тарткандай.
Кызыгат гүлгө көпөлөк,
Кыз менен жигит жаткандай.

Үргүлөп тоолор баратат,
Уйкуга батып алсырап,
Карагай башын көрүүдөн
Карарган күүгүм жашырат.
Токтой тур, курбум, токтой тур
Чолпон да чыгар чачырап.

КЕЗИГИШҮҮ

Ал кезекте мен чырымтал, сен кырчын,
Ал кезекте мен балапан, сен кызсың.
Жашыл жайлоо жалбырагы кайыңдын
Жайдары өстүк балын соруп турмуштун.

Бирге жүрүп тоо боорунан гүл терип,
Күүгүм кирип күн батканын билбедик.
Балбылдаган шам чырактай өмүрдө
Балалыктын бал мөмөсүн бир жедик...

Күндүр-түндүр күлкү оюнга тойбодук,
Күн нурундай көңүл көлүн бойлодук.
Кубанычтын кучагында эркелеп,
Кубалашып, суу чачышып ойнодук.

Жылдар өттү... балалыкты жөнөттүк,
Жазгы гүлдөй жаш сабына теңештик.
Таң-тамаша чарбагында сайрандап,
Тал чыбыктай таалай менен тең өстүк.

Таң мезгили, Чолпон балкып чыгарда,
Түн күзөткөн сүтак үнү тынарда.
Тоо жаңыртып шаркыраган дайранын
Боюндагы уйпаланган ыраңда.

Мен айткамын: «өмүр бою эсте» деп,
Сен айткансың: «мени таштап кетпе» деп.
Күн чачырап, сапарыма чыгарда,
Карап турдуң көздөн жашың мөлмүлдөп.

Түтүнү жок өрткө түшкөн жүрөгүм,
Сен да мендей жалындайсың, билемин.
«Качан келет сапарынан?» деп жүрүп,
Сагынгандан саргайгандыр ирениң...

«Унутпаймын өмүр бою» мен дедим
«Унутпагын, эстеп жүргүн» сен дедиң.
Айлар чубап, жыл зымырап жатса да
Же мен барып, же бир өзүң келбедиң.

«Барам» деген сөзүңдү угуп сүйүндүм,
Бала чактан сырын чечтиң түйүндүн.
Көгүчкөндөй учкул көңүл толкуса
Көз жетпеген көлү терең сүйүүнүн.

Келдиң дагы таарынгандай сыягың,
Кекээр менен амандыгым сурадың.
Отко салсаң, сууга салсаң өзүң бил,
Маңдайымда балбылдаган чырагым.

Ойлондуруп жаш өмүрдүн күндөрүн
Угулгансыйт ошондогу күлгөнүң.
Көңүл салып, көз көрбөгөн эмедей
Көрүшкөндө неге колуң бербедиң?

Сен түгөйүм, сен өмүрдүн кошогу,
Антыбыз бар, эстеп көрчү ошону.
Мурункудай кучагыма жыгылчы,
Муңайбачы, мүлдө муунум бошоду.

Кумсарбачы, мага эмнеге таарындың?
Куса болуп кучагыңды сагындым...
Бүгүнкүдөй кезигишкен учурда,
Муңга батып бүркөлбөчү, жарыгым!

Ысык күндө көлөкөңдө уктайын,
Суук күндө сөөлөтүңдөн чыкпайын.
Бери келчи, кадимкидей жаныма,
Бек кучактап алкымыңдан жыттайын.

Бирге күлүп, бирге ойногон бала чак,
Бирге жүрсөк дагы сонун жарашат.
Океаны ардак менен таалайдын
Алдыбызда ай нурундай карасак.

ЖАШТЫК КЕЗ

Жаштык кез — майтарылбас алмаз курал,
Жаштык кез — көз жетпеген бийик мунар.
Жадырап жер бетине гүл ачылса,
Жаркырап асмандагы күн кубанар.
Жаштык кез — чабыттаган кыраандайсың,
Жаштык кез — сайрап турган улардайсың.

Жайлоодон салкын соккон жел
жапырган
Жайкалган жашыл шибер ыраңдайсың.
Камыкпай каарданып чексең сапар,
Калың эл жаштыгыңды мактап айтар.
Камы үчүн калайыктын тартынбасаң
Кайратың кара жерди солкулдатар.
Жаштык кез — жадыраган тийге нурча,
Жаштык кез — жайдарысың күлгөн
кызча.
Жаралдың жаңы заман бактысына,
Жалтанбай жаштыгыңды элге жумша

ӨМҮР

Санап, санап эсептесем өмүрдү,
Өткөн өмүр балдан ширин көрүндү.
Жел жетпеген желмаяндай мал минип,
Жетип кууп, жеңер белем өлүмдү!

Күүгүм кирип, күн батканын койсочу,
Саат жылып баратканын койсочу.
Оюн, күлкү салтанатка жарашкан,
Өмүр шагы бүрүн какпас болсочу.

КЫШКЫ ТОО

Теңтайлашкан асманга
Боорунда аска таштарда
Кайгы менен муңайып
Капталган муздак ак карга

Булагы тоңуп муз болуп,
Түйлабайт эргип оштонуп.
Үнсүз-сөзсүз мостоюп
Үргүлөйт тоом томсоруп.

Жайнаган гүлдү сагынып
Ак кардан чапан жамынып.
Каарына алып кайран кыш
Зыркырайт бороон чамынып.

Санжыргасы сайдагы
Бетеге көлкүп жайдагы.
Кеткенин анын белгилейт
Кубарган кыштын аймагы.

Капчыгайлуу — терең коо
Каңылдап ырдайт аска-зоо.
Кармалып кыштын торуна
Капалуу, көрксүз кышкы тоо.

ЭМГЕК

Алтынды сансыз кылып тапкан эмгек,
Адамды адам кылып баккан эмгек.
Түрдөнтүп албан-албан жердин бетин,
Килемди, бачайыны жапкан эмгек.
Аткарып калети жок турмуш шертин,
Берметти безелентип таккан эмгек.

Жалпыны жадыратып берген эмгек,
Жер сырын бир казанга терген эмгек.
Жаңыртып куу турмушту башка түргө,
Эскини энтелетип керген эмгек.
Шакылдап түмөндөгөн кайрат менен
Душманын как жүрөккө челген эмгек.

Жемишти жер бетине сепкен эмгек,
Гүлдөтүп берекесин төккөн эмгек.
Балкылдап көк деңизде күлүмсүрөп,

Кучактап күндүн нуру өпкөн эмгек.
Козголбой ичин сылап жөн жаткандын,
Чубалтып ичегисин тепкен эмгек.

Мөрөйдү өз колуна алган эмгек,
Цементтен кетер жолун салган эмгек.
Жагылып караңгыга жалындалып,
Балбылдап чырак болуп жанган эмгек.
Сайган бак, сепкен эгин жана башка,
Көкөлөп эмгек менен өсүп-өнмөк.

ЖУСУП ТУРУСБЕКОВ

ЖАЗ КЫЛТАЙДЫ

Баш багып, жаз кылтайды муздар эрип,
Бир түрдүү кары кыштоы көңүл жерип.
Узарды, күлүңдөп күн минут санап,
Жыпжылуу жанга ылайык нурун берип.

Кыркырап кыш кыйналды, мына качты,
Март баштап кирип келди жаздын асты.
Жердеги какыр-чикир, быкы-чыкы,
«Кетем» деп кышы менен кыраң ашты.

Бөгүшүп сары суулар жолдон агып,
Шылдырап ыйлагандай муңун чагып.
Эркелеп салкыныраак закым жүрүп,
Чыкыроон кышкы суукта болду карып.

Канакей жаз балбаны керилген эр,
Канды го уйкуң дагы колтукту кер.
Камданып эмгегиңе көз жиберип,
Тартынбай өз эркиңе колуңду бер.

Сокого, тапта бышты кара керди,
Өлчөмдүү беде жана берип жемди.
Бышыкта бар шайманды түгөл болсун,
Кетүүгө коңторулуп кара жерди.

Кыймылда, эмгектен эл үлгү алсын,
Эринчек уйкучулар эстен тансын.
Түрдөнтүп мактагансып быды-быды,
Төбөңдө боз торгойлор обон салсын!

ЭНЕМЕ

Анда мен жандан тентек ойноо кезим,
Жүрөктө кайдан болсун акыл-сезим.
Иттерин ташка алгылап каңшылатып,
«Кагынгыр!..» дедирчү элем далай ээсин.

Энеке!
Сен да тилдеп, кээде каргап,
Жаш башты кагып-согуп жыланча арбап.
Артынан токоч берип, жашымды аарчып,
Сооротуп коючу элең бирдеме алдап.

Бир күнү багалекти өйдө түрүп,
Суу кечип балдар менен ойноп жүрүп.
Талаадан таш талашып ыйлап келип,
Бырылдап сооронбостон салдым бүлүк.

Кээде мен жалтыратып таман кагып,
Сабооңду «айгыр» кылып минип алып.
Атамдын камчысы экөөн жоготчу элем,
Талаага балдар менен ойноп барып!

Энеке!
Дагы тилдеп, дагы каргап,
Дечү элең жалгыз бейит сорсун арбак.
Бул сөзүң ылайыксыз болсо керек,
Жалындуу жаш жүрөгүм калган кармап!

Дагы сен кайраттуу элең, кайран энем,
Күрөшүп турмуш менен тепки жеген.
Бул кезде жоругуңду ойлогондо,
Кан кызып кадимкидей күчкө келем.

Эсимде!
Бир күнү атам кайгыланды,
«Сатам го жалгыз минер кер байталды».
Деди да старчындын каарын ойлоп,
Үшкүрүп жерди чукуп башын салды.

Сен анда!
Кайрат кылып кеңеш бердиң,
— Кайгыруу кылыгы эмес эмгекчи эрдин.
Эртеси чыгым жыйган старчынга,
Деп айттың «сен карышкыр, эмне келдиң!..»

Старчын сени көздөй ызырынып,
Алайып чанагынан көзү чыгып,
«Унчукпа!
— Каңшылаба!
— Канчык!» — деди
Мактамак аны кимдер ичи жылып.

Энеке!
Ал дүйнө жексен болду,
Чырмалган эмгекчилер үздү торду.
Баш кошуп жаңы турмуш куруп жатат,
Эзилген ал күндөгү өңкөй шордуу.

Ал кезди быйыл бир күн көңүлгө алдым,
Чогулуп сени көмгөн жерге бардым.
Мүрзөңдүн тыягында кош айдаган,
Эрлерди көрдүм дагы сырга кандым.

ЖАҢЫ САЙМА

Ала-Тоо, Ысык-Көлдүн сыры терең,
Тереңден термелсе күү угар белең!
Эгерде кызыксынсаң кулак салгын,
Эрикпей болгондорду айтып берем:

Бир кезде Ала-Тоонун суру качып,
Бук кылып сасык туман жатчу басып.
Эч кандай элжиретер көркү да жок,
Муң-зардан көргөн жандын башы адашып.

Жел жүрчүү, муң көбөйгөн жерге барчу,
Армандын миң толгоолуу күүсүн чалчу.
Ал күндүн толук көркү ушул эле,
Максаты бирин эзип, бирин жанчуу.

Булагы өрдөшүнөн кулап аккан,
Шылдырап ал да армандын күүсүн тарткан.
Шылдырды тереңдетип, мазаны алып,
Койчулар үн кошуучу туура жактан.

Ыргалып шиберинин шайы кетип,
Талыккан жел күүсүнүн сырын чечип.
Акырын каалгышып жүрүүчү эле,
Турмуштан туталанып аша кечип.

Оокатка илең-салаң көңүл бөлүп,
Түзүндө түйшүкчүлдөр жабыр көрүп.
Турмушка эчен түрдүү каргыш айтып,
Эмгектин талаасында жүрүшчү өрүп.

Чамынып Ысык-Көлдө эргип толкун,
Жээкке көбүк чаччу орчун, орчун.
Билбестен терең муңдун терең сырын,
Ойногон ак балыктын жолу болсун!

Бир кезде чыдай албай кабак чытып,
Ала-Тоо муң пардасын алды тытып.
Ысык-Көл буу чыгарып толукшуду,
Тереңде күрөш күчүн турган кытып.

Ал күндөр артта калды, күндөр өттү,
Күчөдү күн өзгөрүп нурун төктү.
Күрөштө үстөм чыккан күчтү Ала-Тоо,
Ээледи эчен сонун жаңы көркту.

Паровоз өтүп жатат убап-чубап,
Тиктесең чамаң келбей көзүң тунат.
Башкабы айтчы курбум, айтчы деги,
Темир жол сайма эмей эмне турат.

Бул гудок Ала-Тоонун жаңы үнү,
Жаңы үнү, жаңы тууган айы, күнү.
Кой деги, калп айтасың, сөзүңдү укпайм,
Таң аткан, калабалуу кеткен түнү.

Гудоктун сырдуу үнүн алып колго,
Иштеген боргулданып темир жолдо.
Кечеги бирге жүргөн курбум баатыр,
Кой жайган жондон тосуп, жондон жонго.

Мынакей Ала-Тоого жаңы сайма,
Жаңы үй, жаңы киши, жаңы айла.
Сүрөттө, ушулардын жолунда бол,
Төк сырды, жаш каламым жолдон тайба!

КУРБУМА

Таптаган билет шумкарды,
Чапкан билет тулпарды.
Таптаса шумкар учпайбы,
Бакса тулпар чыкпайбы.
Ой-тоону койбой чабыттап,

Шумкардын учар заманы.
Ооздук чайнап ажылдап,
Тулпардын чуркар заманы!

КЫЗЫЛ ЖООЛУКЧАН

Толкуган биздин эркибиз —
Ал зуулаган темпибиз.
Ал тиги, кызыл жоолукчан —
Эмгектин кызыл селкибиз!

Ой, кызыл жоолукчан,
Кандай турмуш жайыңыз.
Курсак ачып кетти го,
Кайнады бекен чайыңыз!

Тээтиги түздө оргуган —
Тракторду н түтүнү.
Ал эпкиндүү турмуштун,
Бир гана бөлөк күкүмү!

Тээтиги зоону ураткан,
Омкоруп ташын кулаткан —
Биздин арык казгандар,
Чекеси тердеп суу аккан!

Ой, кызыл жоолукчан,
Мен дагы жаман тердедим.
«Териңди аарчып жүргүн» — деп,
Канакей жоолук бергениң!

Тээ тетиги түрүнгөн,
Күрөгүн алып жүгүргөн —
Кулагын байлап суу жыгып,
Ал да эпкиндүү күжүрмөн...

Ой, кызыл жоолукчан,
Тетиги малды тосуп кой.
Тепсебесин эгинди,
Аркы уйларга кошуп кой!

Тетиги жаткан кургактан,
Биз казган жаңы булактан.
Эпкин менен күрпүлдөп,
Көк кашка тунук суу аккан.

Ой, кызыл жоолукчан,
Жаңы арыктан суу алган.
Таасири түшсүн турмуштун,
Жайдары басып буралган.

Сом темирим бата түш,
Дагы азыраак каза түш.
Ары дагы, арыраак,
Даа кичине баса түш!

Ой, кызыл жоолукчан,
Кетменимди ала кел.
Көмүркөйдүн ичинен,
Керкимди да таба кел!..

ЭСИМДЕ

Жайдын бир толук кезинде,
Адырлуу тоонун бетинде.
Сан гүлдөн тандап бирди үзгөн
Жайдары селки эсимде.

Агарып тоодон таң аткан,
Суюлуп жылдыз бараткан.
Калды го бекен эсиңде
Кыйышпай күлө карашкан.

Өзүмдү сага берем деп,
Өмүрдүн гүлүн терем деп.
Сүйлөшкөн күндөр эсимде
Турмуштун сыры терең деп.

Антыңды эстеп таңдагы,
Көңүлүм сенден калбады.
Азыркы шайыр жаштардын
Өзүңдөй болсо алганы.

КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВ

АКЫН СЫРЫ

Кыялдансам, тоо башында жүрөмүн,
Толкундансам, тайдай туйлайт жүрөгүм.

Асман жерден көзүм чалып көргөндү,
Ойлой-ойлой, ойлой мээге түйөмүн.
Мелмилдеген терең ойго термелип,
Мен күрөшкө билегимди түрөмүн.

Ойлонсоң сен ушул биздин заманды,
Көктө куштай учуп жүргөн адамды.
Жүрөк толкун, толкун менен жөөлөшсө,

Мен кандайча кармабаймын каламды?
Заман өтсө куштай учуп зымырап,
Же уялбай артта калып каламбы?

Арымдуу эр алдыңкыны дегдеген,
Кулач уруп илгери кол сермеген.
Ушул күндүн урматтуу уулу болобу,
Паровоздой зуулап арыш кербеген?

Күлүк кыял бирде деңиз түбүндө,
Бирде жүрөт турмуштун ай-күнүндө.
Алган ишиң айдай жарык болбосо,
Куру дарбып кыйкырба да, сүрүнбө!
Күлүк кыял, курч кайратым, балбан кол,
Ынагымсың менин эмгек күнүмдө.

Күлүк калем, жалтанбай жаз ырымды,
Ырым көрсөт көлдөй терең сырымды.
Тапка келген, таптын уул-кызына,

Асманга учуу, канал бузуу кыйынбы?
Күчүң болсо замбиректин огундай,
Ырым жөнө, аттай басып кылымды.

Мына дагы мүлктүн оозун ачпасам,
Миң жылдарды тепсээрлик сөз
жазбасам.
Жаның мени сүйбөс болор эч качан,
Жалындаган жүрөк сырын таппасаң.
Мен да сага ыраазымын окуучу,
Так ошондо эсиңе албай таштасаң.
Акынмынбы тууган жерге таандык,
Аска-зоодон ырым менен баспасам!

СЫР СУРАГАН БИРӨӨГӨ

Бар го деймин
Даражага мас болгон,
Жөөлүп сүйлөп
Адамдыкка кас болгон.
Алаптаган
Ак-караны ылгабай,
Сөзү суук
Мээге тиер таш болгон.
Чыңк ылдыйга
Коё берип тизгинин,
Башы айланып
Акылдары аз болгон.
Кайдан жүрүп,
Калк союлун сого алат,
Атайылап
Акылсызга дос болгон?
Ойлоп көрсөң
Чыгат экен адамдан,
Кайраты бош,
Ачыбаган саамалдан.
Белди байлап
Бизге жолдош боло албайт,
Бөдөнөдөй
Бөйпөктөгөн чабал жан.
Чаңкай түштө
Корккон коён көздөнүп,
Кулагына
Кебез тыккан араң жан.
Эсиң болсо
Курбум, эч бир сүйүнбө,
Араң жандар
Орун алса араңдан!
Ким калтылдак?
Так ошого арнаймын,
Ушул сырды
Келип чыккан каламдан!

ЭМНЕЛЕР КЕТПЕЙТ ЭСИҢДЕН

Бир кезде өлгөнүңчө уялганың,
Бир кезде жүрөк туйлап кубанганың.
Бир кезде көпөлөктөй чарк айланып,
Ал кыздын чын сүйүүсүн суранганың.

Жалындуу он сегизге келген чагың,
Жыйырма беш жан теңебей жүргөн
чагың.
Сүйгөнүң сай боюнан көрүнгөндө
Кол булгап, көрбөсө да күлгөн чагың.

Баа жеткис, бал шекерден таттуу өмүр,
Шаа жеткис, ойноо жүрөк, оттуу көңүл.
Жыргал кез — өмүрүңдө жигиттик кез,
Кезинде болоттон курч, желден жеңил!

БИР БАШЫҢА ТЕҢ БОЛСОМ

«Секетпай» обонуна

Ак марал болсо атканым,
Асылкеч болсо тапканым.
Өзүңө көңүлүм чын кызып,
Өзгөгө мен да башкамын.
Отуздан ашсам мейличи,
Оолуксам он беш жаштамын!

Көк тулпар болсо мингеним,
Көк чатыр болсо киргеним
Кучагым жайып кубанып,
Кумаркөз болсо сүйгөнүм.
Арзыган сага мен үчүн,
Артыгы сенсиң дүйнөнүн.
Жаманга колум артканча,
Жакшыга жакшы күйгөнүм!

Жылдыздан болсо панарым,
Жибектен болсо танабым...
Күүлөнүп күндө шилтөөгө
Күмүштөн болсо каламым.
Кадыры бийик сен үчүн
Капкайдан сөздү табамын!
Кырк бештен ашсам мейличи,
Кыялымда баламын!

Сүйбөсөң, сүйсөң өзүң бил,
Сагынып, сени самадым.
Ойлонуп ырдап отурсам,
Оюмда жетип каламын.

Өзүңдөн жалгыз сөз болсо,
Иркутта болсоң барамын.
Деңизде сүзүп жүрсөң да,
Дегдесем бир күн табамын!

Чабалдар жетпес төр болсом,
Чалкыган терең көл болсом.
Кайратым бойго жыйнасам,
Каптаган кыян-сел болсом.

Агарган таңдын алдында,
Бетинде сылар жел болсом.
Эмне болсо оюмда
Ошонун баары мен болсом.
Баарынан кечип койбоюн,
Аки, сенин
Бир башыңа тең болсом!

ЭСЕП БЕРЧИ ӨЗҮҢӨ

Анык сүйсөң алтын өмүр жаныңды,
Алда кайда, жоо бетинде жарыңды.
Жаздай гүлдөп, бактай бүрдөп,
түрлөнүп,
Жайлоолорго жайып чыккан малыңды!

Алтын келин, өтө сүйсөң жериңди,
Жандай көрсөң сени өстүргөн элиңди.
Күз келгенде кызыл кырман кыр болор,
Эргип чыгып, өзгөчө бак эгинди.

Кыз күнүндө бойлоп баскан көлдөрүң,
Курбуң менен көңүл ачкан жерлериң.
Жаш арстанды жакын көрүп жаныңдай,
Жал-жал карап өмүрдүк кол бергениң.

Түшөр болсо таалайлуу жаш эсиңе,
Көрүнгөнсүп элес-булас көзүңө.
Шердин жары, эмне эмгек бүткөрдүң,
Шааниленип, эсеп берчи өзүңө?

Эмгек көрсөт кыйындыкка бой бербей,
Курбуң келет, бул кетпесин эсиңден.
Жаным сен да жол бастың деп
жоокердей,
Асылкечиң арзып өбөр бетиңден?

ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ

АДАМГА

«Жер шарын таканчыктап
бутум менен
Күндүн шарын кармап турам
колумда»
Эдуардас Межелайтис

О, кандай таамай улуу сөз:
Жерди тээп, Күндү кармап турам деш!
Акындар эргип айтычу —
Кыялга батпас зор элес.
Алакан тоссок нуруна
Берешен Күнүм кенебес.
Өзүнүн баккан уулуна
Тептирип койчу Жер эмес!

Алкынбай албуут кыялга,
Ченемин байкап сүйлөйлү.
Канчалык баатыр болсок да
Күнгө, Жерге тийбейли!
Ааламдын оту албырса —
Калакайлап күйбөйлү.
Алыстан Күндүн табы урса
Кол чатырга кирбейли...

АДАМГА СУРОО

Акын курбум Алыкул так айткандай
Адам артык, адам эпчил, жаракчан.
Ак болоттой таштан мизин майтарбай
Жиреп өткөн канды-булоон азаптан.
Өчөгүшсө өрттөн, селден жалтанбай,
Өргө карай, өргө карай бараткан.
Жыл чубурса, заман озсо, картайбай
Ал, дайым жаш — ак үмүттүү канатчан.

Акыл таптап жоктон барды бүтүрүп,
Бул ааламга көзөлдүктү жараткан.
Ошентсе да түшүнө албайм адам саа,
Жалдырайсың, жардам тилеп шараптан.
Көңүл чөксө, көлөкөңдөй ээрчиме
Бул өнөкөт, бул алсыздык каяктан?...

АДАМГА ДОО

Асылбыз деп, артыкпыз деп мактанар
Адамдардын апраңдар жайы бар.
Оор-жеңилди амал-аргаң жайгарар,
Куралың курч тынч дүйнөгө чуу салар.
Өктөм чыгым алсыздарды уйпалар —
Эки аяктуу азуулуулар сенде бар.

Эмгекчиң бар эскиликти ураткан,
Көөдөй түндү алмаштырып аппак таң!
Адилдиктин ак шумкарын учурган —
Илимиң бар, кан жүгүртүп жан салган.
Рас, сенсиң, эмгек сүйгөн адамзат:
Чебер! Күчтүү! Акылман!

Ошентсе да калыс кептен кайталбайм,
Артык го дейм адамдарга мактанган.
Адам, сенден азуулуулар жалтанган,
Адам, сенсиң курчтун мизин майтарган.

Адам, сенсиң эрмегиңе көшөрүп —
Жан-жаныбар ордосуна чуу салган...

АДАМДЫН КҮЧҮ

Тентек желдей мен тестиер чагымда
От жандыра суудай суюк каныма.
Тозогун да тоотпой чуркап жүрчү элем,
—
Бу ааламды топтой салып алаканыма.

Токтоо желдей бала-жигит табымда
Көрүнбөгөн кесел сокту каныма.
Жайы-кышы илдет менен алышып,
Жай таптырбас кыйноо батты жаныма...

Көрсө, турмуш мергенчи экен капкачан
Ал аңдыптыр өңүтүндө капкачан...
«Адам белең» деген өңдүү ал митаам:
«Ачуумду да, таттуумду да татпасаң!»

О, турмушум, ырас ыйык адам — мен!
Акыл, эмгек алп күчүмө дем берген.
Таттууңду алып, төгүп салып ачууңду
Кебелбестен кең төрүңдө тердеген!

КАЙРЫЛУУ

Ач кыялдын аша сермеп канатын
Апыртпайлы, алп адамдын чамасын.
Нурдан бүткөн устун болуп
Кең жайылып кулачың —
Сен качантан —

Жерди тээп, Күндү кармап турасың?!
Адам самап куруп жатат
Улуу акыл уясын!
Күнгө дегдеп адам өрдөйт
Бүтпөс эмгек кыясын.
Найза бою зоо кабылса, —
Кээде жетпей кулачың;
Акактаган балапандай
Жай сермелип канатың
Талпынасың, талпынасың
Жар боорунда каласың...
Жалооруган Жер-Энебиз
Күндүн алып кубатын
Уурт көбүртө биз эмебиз:
Эне сүтүн, жер ырысын, мурасын.
Эй адамдар, ченемдейлик,
Чексиз мактанч — «Ура»сын.
Күч сынайлы, тез өрдөйлүк,
Албуут турмуш кыясын.
Ала канат кон жорудай
Адилсиздик кыйрасын!
Жерден кеңеш, Күндөн акыл сурайлы
Күлүп берсин —
Бизге мээрим, кубатын.
Адам эркин, адам күчүн —
Жер менен Күн сынасын.
Жер үстүнө, Күн астына:
Төшөп жибек, буласын.
Акыл жумшап саз куралык
Адамзаттын уясын.

КАСИЕТ

Жоктон эптеп бар кылган
Олдо колдун чебери ай.
Кабар алган кылымдан —
Олдо ойдун тереңи ай.
Чөлгө жалын жандырган —
Олдо акылдын көмөгү ай.
Көк темирди сындырган —
Олдо күчтүн кереги ай.
Аалам кезип кыдырган —
Күлүк санаа эпчили ай.
Аз өмүрдү көп кылган —
Ак үмүттүн бектиги ай.
Урабастай чеп Курган,
Түгөнбөстөй мүлк жыйган —
Олдо адамдын көктүгү ай...

КЫЛЫМДЫН МҮНӨЗҮ

Кылкылдайт кара канат, ала канат
От бүркүп албырттанат чыгыш тарап...
Кылкылдайт ала канат, кара канат,
Удургуп куюн улуп батыш тарап...
Биринен бири бийик түрмөк жыйган,
Ак көбүк атырылтып толкун урган
Ааламдын мухитинде биздин кеме
Как жарып албарс шилтеп камчыланат.
Эзелтен кул атанган жакыр тарап,
Төрөсүн төшкө кагат, айгай салат.

Адамдар эки таалай санаа санап:
«Кемебиз калкылдаган кайда алпарат?»
Биринин өңү өчүп, башы айланат.
Биринин өктөмү озуп, жеңиш самап —
Кол сунуп акыйкаттын тизгинине
Айкырат, долуланат, албууттанат
Жанагы кул атанган жакыр тарап.
Замана ала канат закымданат
Качырап бир теңселип, бир чайпалып,
Кемебиз кебелбестей толкун жарат!

МЕНИН ЭЛИМ

Кезиңде кебелбеген, сөз укпаган,
Этинен эт кессең да кан чыкпаган.
Айкара боз чапанын терс жамынып,
Кылымды кытыганча тынч уктаган
Ааламда үйкучу эле менин элим!

Кезинде ат үстүндө жай таппаган,
Кектешкен чоң жоосуна тике аттанган.
Көк ташка болот кайрап, албарс жанып,
Көгөрүп айкырыктан чарчабаган
Ааламдын тынчы жогу менин элим!

Кезиңде кербез тартып момураган,
Кеп-сөздү кумдай элеп жобураган.
Өзүнө өзү айткан макалы бар:
«Момунбуз кой оозунан чөп албаган»
Ааламдын жоошу дагы менин элим!

Тарыхын ташка жазып, кумга каткан,
Өмүрү күү сайратып, ыр жаттаган.
Түгөнбөс ай-жыл айтса, дастаны бар
Бет алса, бекемдиктин сырын тапкан
Ааламдын сергеги да менин элим!

ӨКҮНӨМ

Болот мизи чатырап
Ташка тийсе кетилет.
Дал ушуга өкүнөм.

Көптү билген көсөмдү
Каап алат бай дөбөт.
Как ушуга өкүнөм.

Кол баштаган эренди
Котур таштуу көр жеңет.
Дагы ушуга өкүнөм.

Өкүнбөскө не чара?
Адам деген бечара —
Бири өтө кылтылдак,
Бири аша жылтылдак,
Ойноо-тентек шок тура?!
Оюндары от тура?!

АБДРАСУЛ ТОКТОМУШЕВ

ЭЛЕТ АДАМЫ

Эсиркеп от менен эч ойнобогон,
Дүйнөгө келген күндөн көзүн ачып.
Киши укпас шумдуктарды ойлобогон,
Санаасын санга бөлүп, уйку качып.
Жакшылык бардык талабы,
Элеттин бейпил адамы.

Жайнатып, ок ордуна буудай сепкен,
Түйтүнтүп ак токочко калаа калкын.
Сокудай, бомбу ордуна кызылча эккен,
Үй сайын дасторконго төгүп кантын.
Гүлдөткөн тоону-талааны,
Эмгекчил элет адамы.

Төтөлөп мал өстүрүп, жер айдаган,
Өмүрдүн сүрүп сонун үзүрлөрүн.
Турмушка чымырканып бел байлаган,
Ык менен улап-жалгап үзүлгөнүн.
Үй сайын токоч жыттанган,
Жакшысы барбы дыйкандан!...

...Элеттен мен жөнөгөм ак сапарга,
Тилегим кабыл болду силер күткөн.
Кошулдум жер карабай мен катарга,
Бар экен бак-таалайым күндөн бүткөн.
Жашыргым келбейт чындыгын,
Күлдүгүм бар, күлдүгүм.

Канатым силерсиңер учканыма,
Таянчым силерсиңер конгонума
Басынбайм, анте албаймын
душманыма,
Барсыңар, күчкө зарыл болгонумда.
Силерсиз жыргап күлө албайм!
Силерсиз куунап жүрө албайм!

КУРБУМА КАТ

Эл үулусуң — эл ишине жараган!
Айыктыңбы, жан кейиткен жарадан?
Жата берип госпиталда жыл маалы,
Жер сагынып, зарыктың го, садагаң!
Боз каптаган күндүн көзү ачылып,
Кайсы күнү кутулабыз балаадан?!

Теңтуш элек, күлүп-ойноп бирге өскөн,
Ынак элек үзүм нанды бир жешкен.
Жүрөр элек тоонун эркин кушундай,
Согуш деген кесепетти билбестен.
Ай караңгы, кароолдо азыр мен турам,
Кулак түрүп, серпип кирпик илбестен.

Качып кеткен баягыдай сүт уйкум,
Жаңы үйрөнгөн гитар күүсүн унуттум.
Уландарын жоого каршы жөнөтүп,
Азыр кымкуут бейкут өскөн эл-журтуң.
Мен да келгем. Чаржоудомун машыгып,
Жөнөтөрдө сен укканды, мен да уктум:

— Бар, түйгунум, жоого каршы
беттешкин,
Биздин жерге из түшүрүп өтпөсүн.
Каршысына беттеп чыгып сен дагы,
Окко карма калбыр кылып өпкөсүн!
Бизге берген эл буйругу ушундай,
Аны болсо, сен башыңдан өткөздүң.

Ордуңарды алмашууга силердин,
Бизге дагы кезек келет билемин.
Аттанарбыз шарты келген бир күнү,
Акташ үчүн элдин күткөн тилегин.
Көрүшөбүз, кайсы күнү кыя чаап,
Түшүргөндө фашисттердин тирегин.

АТАМ АЙТКАН

— Жеримдин топурагын туулуп-өскөн,
Турпанга кетеримде түйө кеткем.
Сагынып куса боло калган чакта,
Чымчылап ичип жаткан чайга сепкем.

Ал мени сактап калган кусалыктан,
А бирок, жеримди ойлоп ызалыктан, —
Эрдимди шордуу башым кырча тиштеп,
Көзүмөн жаш ордуна жалын чыккан.

«Көрсөм» деп курган атам күн чыкканын,
Көргөн жок. Аны алиге унутпадым.
«Каралдым, бактылуу бол, кантейин?» деп,
Көз жумду, андан кийин сөз укпадым.

АРА ЖОЛДО

Жыл маалы эшигинде жүрүп өзүм,
Жаш кезде Чынасылдан уккан сөзүм:
— Жөө жалаң биз Турпандан келатабыз,
Какшаалдын аркы оозунда, күн кеч бешим.

Түн бою өрдөп Какшаал капчыгайын,
Карышкыр үйүгүшүп жүрөт дайым.
Басалбай калган малды, өлгөн жанды,
Талап жеп, көркоо болгон барган сайын.

Бириндеп калган жанды калса көрүп,
Туш-туштан ошол замат кетет керип.
«Тарс» эткен мылтык үнүн укпаган соң,
Ээн жерден кынык алып калган көнүп.

Конгонбуз аймакташа. Күүгүм талаш,
От жагып ар кай жерде бышырып аш.
Жаңыдан эл орунга олтурганда,
Келатат эки «качкын», экөө тең жаш.

Кайрылып учурашты салам айтып,
Аз турду токтоно албай ойкуп-кайкып.
Ойлодук: «Биз сыяктуу бечаралар,
Ашыгып баратышат жерге кайтып».

— Конгула, болосуңар бөөдө майып,
Жолуңда ажал турат кучак жайып!
Унчукпай кокту өрдөшүп жүрүп кетти,
Экөө тең көрүшкөн жок сөздү ылайык.

«Сөз укпай көтөрүшүп көккө мурдун,
Ажалы жеткен экен» дедик мунун.
Көрүнүп алда кайдан элес-булас,
Ай жаңы жолго төшөп төккөн нурун.

Куткарып алмак болдук «соопчулукка»,
Аядык, көнбөсө да алар ыкка
Карышкыр көп кишиден качсын үчүн,
Артынан союл чабар бардык кылка

Биз барсак сулап жатат үч карышкыр,
Жанагы эки жигит чаап салыптыр.
Каргаша качкындарга болуп жүргөн,
Көркоону жок кылууга аттаныптыр.

Аткыса кетпес үчүн тиши кирип,
Денесин чылбыр менен чырмап жигит.
Эки бет болуп алып ажырагыс,
Кошоктоп аркасынан койгон илип.

Колуна келтегирээк чочмор алып,
Тиктешип эки жигит: эки багыт.
Карышкыр тиш саларда атырылып,
Чендетпей тумшук талаш калат кагып.

Бир көк жал батына албай тийип, качып,
Дүгдүйтүп жалын типтик, жерди чапчып.
Имерип ыкыс берип турган экен,
Биз барсак-чыга берди өргө тартып.

Таңыркап, ойго батып калсам керек...
Өзүмдү мен аларга чымчык теңеп.
— Биртике келбей коё турсаңар го,
Кетирбей тигини да чаппайт белек!

Мен анда күчкө толуп турган чактым,
Күрөштөн башкага күч сынабапмын.
Бир гана арманым бар алигиче,
Каерлик экендигин сурабапмын.

РАЙКАН ШҮКҮРБЕКОВ

ЫСЫК-КӨЛДҮН КУМУ

Акындар мурун барыптыр,
Айтып ырдап салыптыр.
Тоо суусу тегиз макталып,
Мага куму калыптыр.

Күңгөйү күнгө чагылып,
Тескей жагы көлөкө.
Кумдан да алтын табылып,
Күнгөй, тескей береке.

Кум үчүн көлгө барган көп,
Бара албай жүргөн андан көп.
Москвада кеп кылат,
Мен «Кой-Сарыга» баргам деп.

Көтөрүлөт көңүлүң,
Көп узарат өмүрүң.
Анте албайт алтын адамды,
Куму ушундай көлүмүн.

Кымызын ичкен кызарып,
Кыздардын чачы узарып.
Семиртет барган арыкты,
Тартылтат карды салыкты.

Кум чыгат көлдөн шиленип,
Суу кайтат шилеп жиберип.
Алып кетет иригин,
Айланып келип имерип.

Касиеттүү Ысык-Көл,
Жээгиңде далай түнөдүк.
Кусадар кылып куюлтуп,
Кумуңду ырдап жүрөлүк.

ТААРЫНБА

Мен көргөндөр сендей бала чагымда,
Көбү кетти, азы калып анын да.
Далай ырлар кара ташка айланды,
Жылуусу жок соккон жүрөк канында
Төөнү минип, жөө жүргөнбүз кезинде,
Жооп бербей биздин жаңы агымга.
Учкун жаштар, мотор миндиң токтобос,
Ырым начар, алым ушул, таарынба!

Биз көргөндөн көктө сүзүп күн калды,
Асман сулуу, ай жылдыздуу түн калды.
Кыргыз башка, үйү-жайы өзгөрдү,
Санаа тарткан сары тончон ким калды?
Өнөр өстү, өзгөрүлдү кара жер,
Тулпар болуп, жаткан темир тилди
алды.

Андагыдан келгин келип куш калды,
Жашыл жайлоо, кышта тоңуп муз
калды.
Ак сайларда, аппак үйдө газ жанат,
Айтчы курбум, баштагыдай кыш барбы?
Жүрөк союп, дарылаган бул кезде,
Тоодон көрдүм, боорум кыргыз
кыздарды.

Жер бар беле мен өзүм жөө барбаган,
Артист элек жөө чубашып сандаган.
Баарын айтып азыр сага нетейин,
Баарынан да Рыбачыга таң калам.

Чех баатыры Юлиус Фучик жазгандай,
Кыштак эле бороону күч чаңдаган.
Мен көргөндөр сендей бала чагымда,
Көбү кетти, азы калды анын да .
Камыш тамдай самсаалаган эски ырлар,

Итирейди жаңы ырлардын жанында
Бузулбаган мунарадай бийик ыр,
Жар салууда жаңсап жаңы агымга!
Турмуш акын жаңылбастан сайраган,
Ал жетпесе, ал жагына таарынба!

Жылкычыныкында

Көрсөтө албай өзүңдү жазып анык,
Көп ырдадым көгөрүп ырга салып.
Жаман көрбө, үйүңө бир түнөйүн,
Араң чыктым бул кырга өлүп-талып.

Сөз айтпа, ударниксиң, билем тегиз,
Жериң от, өзүм көрдүм малың семиз.
Кымызың көл, эркимче бир жутайын,
Желеңде кашка кулун сексен сегиз.

Башыма жаздык койсоң мага болду,
Таштачы аягыма сары тонду.
Түндүктүн жабуусун сен көтөрүп кой,
Жайкы жамгыр казанга шорголоду.

Тоо баштарын каптаган булут калкып,
Күн күлүңдөр эми эле көзүн аарчып.
Кең дүйнөнүн кербени турагы жок,
Шамал айдап жөнөшөр самсаалашып.

Сагынган сары саба, салкын аба,
Дал ушул жыт дүйнөдө сенде гана
Унутуп сакал-чачты, өткөн жашты,
Тайрайып мен жатамын болуп бала.

Көзүмдү бирде жумуп, бирде ачып,
Жатамын жанга жайлуу салмак басып.
Түшумда мен жөнүндө алда не деп,
Ак жаан, көк жалбырак шыбырашып.

Билбеймин качан уктап, канча жаттым,
Көлүндө көпкө сүздүм ыракаттын.
Жылкынын кишенеген үнүн угуп,
Жылмайып жаш баладай көзүмдү ачтым.

Койчунун ити

1

Боз түшүп боздоп ыйлап, болуп суук,
Калтырап терек катып, бутак сынып.
Корунуп күндөгүдөй созолонбой,
Морлордон ыкшоо түтүн араң чыгып.
Жон-жондон желип-жортуп карышкыр улуп,
Үңкүрдө аюу жатат бутту сунуп.

2

Чаңгыл асман, ай бийик, үрөң-бараң,
Көрсөң да, көрбөсөң да суук жаман.
Короонун чекесинде канчык жатат,
Тууй албай толгоо тартып калтыраган.
Ал канчык жалгыз эркек күчүк тууду,
Кыңылдап үнү чыгат араң-араң.

3

Жылытат тили менен тынбай жалап,
Селт этип, аманбы деп койду карап.
Энелик кандайдыр бир сезим менен,
Күчүгүн үй алдына тиштеп барат.
— «Ач эшикти, бала өлөт!» деген өңдүү,
Буту менен тарткылап эшик кагат.

4

Кожоюну карады эшик ачып,
Көк канчыгы иймене кирди басып.
Эки көзү койчуга ыйламсырап,
Улагага күчүгүн коюп жатып...

5

Ал ишке койчу баатыр калбайт айран,
Ит дегени болбосо асыл айбан.
— «Мен кантип сени бүгүн сыйлабайын,
Жолдошумсуң, коюмду кошо жайган».

6

Аялы тура сала жакты жарык,
Бир нан койду алдына майдан салып.
Кандайдыр ырайымдуу сөздөр менен,
Эркелетти күчүктү ортого алып.

7

Тууган канчык түшүнөт, баарын угат,
Куйругун кыймылдатып, таазим кылат.
Калтыраган көк иттин көз нурунда,
Түк өчпөс ыраазылык нуру турат.
Тонун кийип, мылтыгын колуна алып,
Короого койчу баатыр өзү чыгат.

ЧАК ТҮШ

Күндүн илеби күч,
Чаңкай чак түш —
Жел желп этпей,
Канаттуу канат серппей,
Толук жай...
Өткөн май...
Акактап кара дөбөт тилин салып,
Тиштерин шак эткизип чымын кагып.
Эринип көлөкөдө жаткан кезде,
Уй келет сайгак кууп өлүп-талып.
Тору кунан сууда ылаалап,
Куйругу менен көгөндү кубалап.
Анын көзүндө тоо да турат,
Койлор көрүнөт, суу да агат.
Ысыкта жан-жаныбар калган бугуп,
Желп этпей жел да тынып.
Бирок, Ала-Тоо башы ак кар, көк муз
Чокусун чүмкөп өркөчтүү булут.

ТӨЛӨН ШАМШИЕВ

СУРОО БЕРЕТ

— Ата сен, канча жашка келдиң эле,
Немецтин Берлинине киргениңде?
Баш ийип ошол шаар карадыбы,
Жеңиштин кызыл туусун илгениңде.

— Мен, уулум, келген элем отуз бешке,
Согуштун ар бир күнү турат эсте.
Фашисттин армиясын талкаласак,
Карт Берлин буурул башын ийди бизге.

Кайгыга баткан эле анда Берлин,
Калкына карап туруп салам бердим.
Айланып аял, эркек, бала-чака,
Сурашат: «ай, сен жолдош кайдан
келдиң?»

Ийниме автоматты асып коюп,
Мен айттым: «кыргыз» деген элден
келдим».
Мынаке бет алдымда сенсиң Берлин.

Тилеги орундалып бүткүл элдин:
Фашисттер түбү менен талкаланды,
Экинчи мындай согуш болбойт, —
дедим.

СЕНИН КАТЫҢ

От ичинде окко карап жүгүргөн,
Почтальондун тааныш бою көрүнгөн.

Кызуу согуш жүрүп жаткан талаада,
Ал кыйкырат: «кат бар, солдат,
үйүңдөн!»

Жазат мага амандыгын билдирип,
Жүрөгүмө жылуу, кымбат дем берип.
Кайрат айтып жазган ар бир сөзүңө,
Кубанамын, маңдайыман тер келип...

Катың сенин жыргалымды эстетет,
Күлүк санаа бир заматта дегдетет.

Ок дарынын жыты толгон мурдума,
Кат ичинен гүлдүн жыты бур этет.

Мен бир багбан, бакты сүйгөн жан элем,
Гүл жытына сиңип бүткөн жаш денем.
Кирген эмес уктасам да түшүмө
«Мылтык алып, согушамын мен» деген.

Мен бир багбан, көрдүм бактар
кыйрады,
Мен адаммын, көрдүм адам ыйлады.
Жер казылып, талаа күйкум жыттанып,
Түтүн басты адырларды, кырларды.

Жоодон коргоп гүлдөп турган багымды,
Күчүм менен өчүрөмүн жалынды.
Жүрүп кеттим жанып, күйүп согушка
Сүйүп алып балам менен жарымды.

КАМЧЫ ЖУНУСОВ

АК-БУУРА

Жаз болсо киргилденип сайга батпай,
Чамынып жар көчүрүп асти жатпай.
Күүлдөп күү чыгарып агымыңдан,
Күрпүлдөп турганыңды кантем айтпай.
Ак-Буура,
Сен Ак-Буура,
өркөчтөнгөн,
Ээленип жаралгандан көптү көргөн,
Ээленип ээ-жаа бербей агып көнгөн.

Шаркырап эчен түрдүү сыр чыгарып,
Шарпылдап жээкке согуп ыр чыгарып.
Толгонуп ок жыландай окторулуп,
Ойкуштап акканың ай, үн чыгарып.
Мейли түн,
Мейли күндүз,
Ар убакта,
Ак-Буура, айланайын, дымып акпа!
Ак-Буура, деме улам, тынчып жатпа!

Мөңкүсөң эчен канал сууга толуп,
Бак бүрдөйт, талаа гүлдөйт, эгин өнүп.
Башкарып баба дыйкан сени барктап,
Башынан адис болгон ишке көнүп.
Ак буудай,
Асыл буудай,
амал алып,
Ак пахта ачыркана сууга канып,
Ак пахта асылын көр ана барып.

Ак-Буура, сен ташысаң, түшүм ташат,
Ар тамчың жанга кубат, суусун басат.
Турмушта суусуз жашоо болбосу чын,
Аңкыган муздак желиң үйкумду ачат.
Ак-Буура!
Сен толкусаң
Менде талант
Чарпыла толкунуңдан күчөп барат,
Артыла андан берет миң салтанат.

ҮМҮТ

Эшигиңдин алдынан күндө өтөм,
Бир көрбөстөн кетүүгө кантип түтөм
«Кылак эте көрүнүп калса го!» деп,
Кылчак-кылчак каранып жолуң күтөм.

Ашык жарым, билбейсиң минткенимди,
«Баскан изиң барбы?» деп
тинткенимди.
Бир сени деп жалооруп күйүп-бышып,
Ыраң азып, ырбайып житкенимди.

Ышкырамын чыдабай туйса го деп,
Үмүт күтүп үн созом укса го деп.
Атаң чыгат: — Кимсиң? — деп кабак
бүркөп,
— Мен эле, — дейм жер карап, кур
жеме жеп.

Итиң чыгат артынан аткан октой,
Мен кыймылсыз телмирем арга
жоктой.
Көргүм келет итиңди капса дагы,
Уккум келет үргөнүн кайра токтой.

Үмүт үзүп ишиме кетейин деп,
Кеп укпайын, тезирээк жетейин деп,
Жөнөрүмдө бактарың шыбырашат:
«Кетпе жигит, чакырып берейин» деп.

Кылчактаймын кайра эле дареги жок,
Же чертүүгө үйүңдүн айнеги жок.
Атакеңдин кырстыгы ай көчө жакка,
Айнек койбой үй салган амалы көп...

Алыкул осмонов

УЙКУМ КЕЛЕТ

Абаке ай, кече күнкү биз жеген эт,
Андай эт майга оролуп күндө келет.
Кандайдыр, биз билбеген күчү бар
бейм?
Ыксырайм, уйкум келет... уйкум келет...

Урушпа, сага бир кеп айткым келет,
Ал этти парыз бекен дайым жемек?..
Жаштардын кол-аягы ичке болуп,
Кыздарга кайдан бүткөн одоно бет?

Кейибе, эмнени айтып дөөдүрөйт деп,
Эт жемек өнөр бекен, күндө тердеп?..
Касымкул неге жалкоо? Билесиңби?
Дале жок, ана келет, мына келет...

Максат жок эт жебегин, аба, демек:
Мен жүрөм, күчүбүздү дайым ченеп.
Таарынба, чычалаба ачык сөзгө —
Эмне үчүн биздин элдер борпоң делет?

Муну айтсам, эгер берсең мага кезек:
Орустун көп даамына уруксат этсек.
Кара көз, чымыр дене көркүн алып,
Бир сонун гүлдөр элек... гүлдөр элек...

Кой дебейм, эмне берсең өзүңдө эрк,
Менде жок эт жебейм деп кесирленмек
Өзүмчө бир байкаган сырымды айттым,
Негедир уйкум келет... уйкум келет...

ОТУЗ ЖАШ

Ырас, өмүр кандай кыска, кандай аз...
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок чиркин аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш.
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш?

Ал зымырайт, үстү-үстүнө камчылап,
Жетээр жери, түшөр үйү барчылап.
Эгер анын жетээр жери бар болсо,
Неге суудай тынбай агат адамзат?
Ошондуктан тынымы жок өмүрүм,
Уч-кыйры жок алыс жолго шаштырат.

Бүгүн дуулап, кечекимди ойлонбой,
Кечээ жыргап: эртеңкиме кайдагы ой.
Мени алдаган жаштыгыма ишим жок,
Өлүм мени эркелетип койгондой?!
Ушунча күн, ушунча жыл арасы,
Жана гана, бая гана болгондой.

Шайтан көрдүм — долулугун карачы,
Байкуш жандын момундугун карачы.
Өлүм-өмүр аралыгы даңгырап,
Тазалыгын, сонундугун карачы.
Даяр орду, белен жайы бош турбай,
Анын мелт-калт толумдугун карачы!

Артык экен, кымбат экен жаштык кез,
Алтын экен, жакут экен баа жетпес.
Маңдайынан да бир сүйүп калууга,
Токтоп бербес, токтотууга күч жетпес.
Коюн толгон отуз жаштан айнууга,
Өмүр чиркин, өкүмү күч жол бербес.

Айныр элем, айныганда не пайда,
Он сегизде ойноктогон мен кайда?
Отуз да аз... көп болгонго кубангын,
Андан көрө амандыкка бел байла.
Тирүүлүктө кара өлүмдөн өч алып,
Калкың үчүн кан чыгарып, бер пайда!

Кантсин, боз ат бир топ жолду
баскансыйт,
Атырылып алга карай баргансыйт.
Сүрөп алган жазмыш жолу аябай,
Камчы менен май сооруга чапкансыйт.
Жым-жым эткен ээндикке жоголуп,
Караан үзүп кирип бара жаткансыйт.

Токточу өмүр, токточу өмүр, токтой тур!
Көзүң чуңкур, өңүң кансыз, сары сур.
Тил албассың, жоголо бер, кете бер,
Сенден күчтүү, сенден өжөр бул учур.

Он беш жолу улам кайра туулуп,
Он беш жолу жашарбасам, карап тур!

Ырас өмүр, кандай кыска, кандай аз,
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок, чиркин, аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш.
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш?

МЕН ЭМНЕДЕН УЯЛАМ

Мен уялбайм, сүйбөдү деп жаш теңим,
Же болбосо аты назик ак келин.
Ая, жаным, антпе дешке чолом жок,
Чынын айтсам, андай ишке жок эбим.

Мен уялбайм дайым бүркөө түрүмдөн,
Жаш болсом да картка окшогон сүрүмдөн.
«Койдум, курбум, мунум жаман» — дей албайм,
Өзгөрмөй жок жаралган түс, гүлүмдөн.

Мен уялбайм ал кетирген оорумдан,
Баскан күндө төрт аяктап боорумдан.
«Кантем, апа, ушинтемби, я» — дебейм,
Сөөгүм чыкпайт бараткан түз жолумдан.

Мен уялбайм балам жок деп соңумда,
Жал-жал күлгөн жарым жок деп оңумда.
Балам, жарым — доорум үчүн шилтенген,
Найза учунда, зор замбирек огунда

Мен уялбайм кедейликтен, жоктуктан,
Тапкым келсе, жок колунан чок чыккан.
Менин казынам, байлыктарым миномёт,
Батыш жакта жоо калаасын коркуткан.

Мен уялам, мына мындан уялам,
Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.
Колун кезеп жолуң болгур дегенсийт,
Жер шарынан күлүк учкан заманам.

ТАБИЯТ МЕНЕН МУЗЫКА

Өмүр кең, соолор гүлдөр... өчөр, жанар,
Бат карып, бат эскирип, бат жаңырар.
Эмесе: бул дүйнөгө туулуу менен,
Кайрадан, ар адамдын өлмөйү бар.

Өлүм ак, пейли сараң, көңүлү тар,
Күчү жок, бирок мени коркута алар!
Себеби: мен өлгөндө ордум басат,
Менден соо, менден жакшы, акылдуулар!

Кубанам, туулуп-өскөн заманыма,
Барабар бир сагаты, бир кылымга!
Урабас менин дагы кирпичим бар,
Көз жеткис анын чымыр катарында.

Курбума, ини-агама рахмат айтам,
Биз чын эр, бул турмушка жашап-кайткан.
Кан төккөн зор майдандын жыйынтыгы,
Мынакей түбөлүккө улуу майрам.

Бул бүтсүн, айтар сөзүм төмөнкүдөй,
Анчалык орундуу эмес, жөпжөнөкөй:
Кантейин, жазмыш күчү руксат бербейт,
Заманга иштер элем далайга өлбөй.

Ах чиркин, биздин күндөр кандай таттуу,
Бүгүндөн эртеңибиз ырахаттуу!
Табият жана анын музыкасы,
Күн санап, кандай сулуу, кандай шаттуу!

Ах дүйнө, биздин күндөр кандай таттуу,
Бүгүндөн эртеңибиз рахаттуу!
Ушундай сонун күндө өлгөндөргө
Байкачы, кандай гана аянычтуу!..

ЫСЫК-КӨЛ

Жаш белем...
Тентек белем.. Ысык-Көлүм,

Ойноткон толкунуна каз, өрдөгүн.
Жаз күнү, күн батарда карап турсаң,
Уялчаак кызды өпкөндөй сергийт
көңүлүң.

Шок белем,
Ойнок белем, Ысык-Көлүм,
Кубанган, кубалатып өзүнө өзүн...
Кечинде жалгыз келип карап турсаң,
Жуткандай жайлоо желин, сергийт
көңүлүң.

Жараган
Күлүккө окшоп көп жол басып,
Бүркүттөй, нечен бийик зоолор ашып.
Кымыздай чөйчөгүнөн сапырылып,
Жаштыктай күр-шар этет көбүк чачып.

Ак шуру
Күмүш алкак тоо кызындай,
Шарактайт, жорго минип мени карай.
Шарт этип, чала-була, тийип кетип,
Тартылат кайра артына, уялгандай...

Көл тынчыйт...
Толкундары тарап-тарап...
Бизге окшоп, согушу жок күндү самап.
Эртеңки ыракаттуу келечекке,
Турмуштун дал өзүндөй тунук карап.

Ар кандай
Күн батарда көл укмуштуу,
Кандайдыр жана салкын мындагы уу-
чуу
Кечеги өтүп кеткен балалыктай,
Аралдын ар жагына сүзгөн ак куу.

Жараган
Күлүккө окшоп көп жол басып,
Бүркүттөй, нечен бийик зоолор ашып.
Кымыздай чөйчөгүнөн сапырылып,
Жаштыктай күр-шар этет көбүк чачып.

КАЙЫҢДЫ

Калды, калды Кайыңды айлым
ыраактап,
Мен калтардай алыс кеттим кылактап.
Мүрү түшкөн жетим куштун канатын,
Айыктырган сууларыңа ыракмат.

Кеткен жолум, күндүк эмес айчылык,
Ошондуктан, бир барбадым кайрылып.
Чолоо тийбей, боорум калам экөөбүз,
Өскөн айыл, тууган жерден айныдык.

Же эр болбой, сан жигитти башкарып,
Же мен болбой, күйгөн оттой таш
каарып.
Баркын билбей, жаным калам экөөбүз,
Бир боор эже, агаларды таштадык.

Неге унуттум ууз таза күндөрдү,
Кылтак менен кыргый тутуп күлгөндү.
Эне-атадан, тууган достон иши жок,
Таштан белем Алыкулдун жүрөгү.

Жок, туура эмес, кайда барсам, —
айлым бар,
Мага эне — казак, кыргыз, орустар.
Ким өмүрдө, кан кечишсе биз менен,
Ошол болот мага курдаш, мага жар.

Эстейм сени, Кайыңды айлым, сагынам,
Барбайм сага, сагынганда не кылам.
Бул турмушта мен атылган күлүк ок,
Деңиз, дайра, тоодон өтүп жарылам.

Учам алыс, арышым бек чоюлбайт,
Такам болот, тамандарым оюлбайт.
Тирүү жаным буюрбаган сыяктуу
Мен өлгөндө сөөгүм сага коюлбайт.

АДАМЗАТ

Мүрөктүн суусу жөн суулардай
шылдырап,
Агып жатса мал кечпес жашыл аралда.

Көк арчадай өңдөн азбас болсун деп,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга..

Мүрөктүн суусун ичирейин дегеним:
Адам деген картайгыч тура, бечара.

Замзамдын суусу кайнар суудай шарактап,
Ташып жатса куш жете албас ыраакта.
Эти калың пилдей күчтүү болсун деп,
Бүт агымын бурар элем адамга.

Замзамдын суусун агызайын дегеним:
Адам деген чарчагыч тура, бечара.

Олуя табып, улукман аке дарысы,
Жазгы гүлдөй тепселип жатса талаада.
Жүрөк оору, өпкө оорунун сообу үчүн,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга.

Дары чөптү ичирейин дегеним:
Адам деген оорукчан тура, бечара.

Ак шайы көйнөк, күмүш кемер сыяктуу,
Адамдын жаны сатылып турса базарда.
Дагы жыргап, дагы жашап көрсүн деп,
Өзүм албай берер элем адамга.

Жандарына жан кошоюн дегеним:
Адам деген көп өлгүч тура, бечара.

Кызыл топу, шуру, бермет сыяктуу,
Бала өмүрү, сатылып турса калаада.
Катуу күйүт, кайгы зардын дарты үчүн,
Өзүм албай, ал дээр элем адамга.

Бала өмүрүн алсын деген себебим,
Адам деген баласаак тура, бечара.

Мейличи, мени жаман көргөн бирөөнүн —
«Жан алгыч келип, жанын сууруп аларда».
Эгер чиркин, экөө болсо жүрөгүм,
Берер элем, бирин ошол адамга.

Мен сыяктуу жакшылыкка март эмес,
Адам деген өзүм дейт тура, бечара!

КАЛАМГА

Сен жолдошум, сен кубатым, сен бактым,
Ашык болуп, издеп жүрүп мен таптым.
Колуктумдан мурда сүйүп өзүңдү,
Өз жанымдын жармысынан жараттым.

Чырагымсың, айсыз түндө адашпайм,
Ынагымсың, жан чыкканча тарашпайм.
Дүркүрөгөн дөөлөтүмсүң, каламым...
Вашингтон долларына алмашпайм.

Командириң — эл намысы, эл анты,
Сага ишенип курч куралын карматты.
Ошондуктан, өрт аралап бараткан —
Сен доорумдун танка минген солдаты.

Заман күчтүү, күч чак келбейт алдына,
Заман дайра, аккан катуу агымга.
Бул турмушта, нечен кыйын жол бастык,
Дагы кыйын жолдор жатат алдыда.

Эгер өлкөм керек десе, биз белен,
Эл эрки үчүн туулганбыз энеден,
Жүрөгү чоң баатырларбыз бактылуу —
Жер шарынын азаттыгын ээлеген.

Мына ушундай улуу жолдо баратып,
Кезек менен күндөр батып, таң атып.
Күтүлбөгөн бир мезгилде, түбөлүк —
Эгер өлүм мени кетсе уктатып.

Ошол замат, арта салып мойнуңа,
Тез чуркап жет, кең өрөөндүн оюна.
Көп ыйлабай, капаланбай көөмп кой,
Ысык-Көлдүн толкун чачкан боюна.

Көл шарпылдап толкундарын таратсын,
Толкундары мени карай баратсын.
Жүр көрөлү: кыргыздын бир акыны
Уктап жатат... уктап жатат, деп айтсын...

Биздин турмуш, биздин кылым эң кызык,
Октор гана оюн кылган жол сызып.
Ок күчүнөн жеңип алган өмүрлөр,
Чындыгында эң бир ширин, эң ысык.

Сен жолдошум, сен кубатым, сен бактым,
Ашык болуп издеп жүрүп мен таптым.
Колуктумдан мурда сүйүп өзүңдү,
Өз жанымдын жармысынан жараттым.

ЗАМАНДАШЫМА

Жашыл-ала жагоо тагып желбиреп,
Жакшы өмүрдүн жарашыгы биз элек.
Жаштык күндүн ар бир соккон сагаты,
Жаш сүйүүдөй койнубузда эркелеп.

Кызыл-ала жагоо тагып желбиреп,
Кызык күндүн кызыктары биз элек,
Кымбат күндүн ар бир соккон сагаты,
Кыз баладай койнубузда эркелеп.

Жашоо эркине жаратылып бир ирет,
Карап көрсөң кандай эмгек кылдым деп.
Кайран күндөр бекер кеткен экен деп,
Ойлоп-ойлоп өкүнөрүн ким билет?..

Сонун күнгө жаратылып бир ирет,
Санап көрсөң кандай эмгек кылдым деп.
Сайран өмүр текке кеткен экен деп,
Самап-самап сагынарын ким билет?

Кеткен кемтик жакшы ыр менен жетилет,
Андай болсо, көп кечикпей кууп жет.
Доорубузга каухар чачып калалы,
Алдыбызда канча күн бар ким билет?

Жаштык айып таттуу ыр менен жетилет,
Андай болсо, көп кечикпей кууп жет.
Заманага жыпар төгүп калалы,
Дагы канча жашоо калды ким билет?..

НАСИРДИН БАЙТЕМИРОВ

КАЛЕНДАРДЫН БАРАГЫ

Жемиш эмес үзүп алып жегендей,
Айрып салдым, күн үзүлдү барактан.
Бир күн калды кайра келгис серпилип,
Жоготтум ээ? Табар экем каяктан?

Күн серпилди календардын бетинен,
Бирок менин толо түштү акылым.
Балким ошол серпилген күн болбосун,
Толтуруучу менин акыл азыгым.

Серпилбесе туруп алып бир жерге,
Өспөй калсам, өспөй калсам жаман да.
Серпилген күн, айрылганы барактын,
Өсүү белем, өөрчүү белем адамга

Барак кетти календардын бетинен,
Жула качты бир күнүмдү аркага
Алга карай зуулап кете беремин,
Тагдырымда жалгыз күнүм калса да.

Күн үзүлдү өмүрүмдөн бөлүнүп,
Бирок анын үзүлгөнүн сезбедим.
Календардын барагынан байкадым,
Бир күн артка зуулап учуп кеткенин.

Күн үзүлдү, серпе албады өзүмдү,
А да болсо күүмдүн күчү деп койгун.
Андан болсо менин календарымдын,
Көлөмү деп миң жылдарга чек койгун.

АИ АГЫП БАРАТ ТОЛКУНДА

Ай агып барат толкунда,
Серпиле сынып жармынан.
Жибектей жумшак ыр чыгат,
Айсулуу кыздын айлынан.

Жибектей жумшак ыр чыгат,
Чубактай көңүл эритип.
Чубалган айдын нуруна,
Ак жибек көйнөк келишип.

Ырдаган кыздын назик үн,
Чубалган айдын нурубу?
Ай менен кыздын кирпиги,
Айкалышып турубу?

Үн кетет сызып жел менен,
Жармашып толкун жонуна
Толкунга толкун ыргытып,
Алыстап акса сонун да.

Алыстап ага ыргытып,
Кылыктуу обон канатын.
Кыялап аша чапкансыйт,
Жапжашыл тоонун арасын.

Кыз ыры табат сүйгөнүн,
Кызыгы окшоп дүйнөнүн...
Кыз ыры эмес, алгачкы
Ууз сүйүү болуп жүрбөгүн!..

КӨЛДҮН КЕЧИ

Жалбырттап күн батарда көлдүн кечи,
Өрт каптап жаткансыган көлдүн бети.
Колуңду бекем кысып коштошкон кез,
Чынында ошол өрттөн күчтүү дечи.

Так ошо жүрөгүмдүн өртү белем,
Табына салыштырса жетпес ченем.
Сен түшкөн машинага илинишип,
Жүрөгүм кеткенсиген сени менен.

Баратып кол булгалап караганың,
Кан болуп бүт денеме араладың.
Так ошо биз коштошкон жерге барып,
Миң көрсөм миң мертебе жараладың.

Күн батып жалбырттаса көлдүн кечи,
Көрүнөт жаш сулуунун кебетеси...
Томсоруп жээкке жетпейт бир чоң
нерсе,
Сен белең көлдө көрктүн берекеси.

СҮЙҮҮ

Сен тиктесең көзүңө батып кеттим,
Ушунчалык кичине адам белем?

Отко тийген чырпыктай жашып кеттим,
Жалаң жаштан бүткөнсүп менин денем.

Тилден калып жалдырап тура бердим,
Тилим эрип кеттиби илебиңден?..
Сүйүү аталган ырымды сенден көрдүм,
Ыргып чыгып ыйлаган жүрөгүмдөн.

Карегиңдин жалындай табы менен,
Бир мүнөттө көлкүтүп чайкап салдың.
Экенсиң го мен күткөн сүйүү деген,
Сен бал болуп каныма таркап алдың.

КАР

Муздак дешет, каардуу дешет ак карды,
«Муздак» деген сөздөн көңүл апкаарды.
Ошол чакта бир сыр түштү оюма,
Бир тоголок кар турганда колумда:

Бир жылкычы бурганакта адашкан,
Жок жоготуп алыс кезип бараткан.
Өлө турган болгон кезде томугуп,
Күрткү карды казып кирген корунуп.

Аздан кийин үшүгөнү басылып,
Тиш шакылдап чыйрыкканы жазылып.
Тыбыт жууркан жамынгандай жыргаган,
Тышта бороон көнгөн ырын ырдаган.

Таң атканча күрткүнү оюп уктаган,
Тышта чилде сөгүнгөнүн укпаган.
Эске түшүп ошо киши айтканы,
Эми ойлосом муздак дебейм ак карды.

Суук сөз уксаң досум деген кишиден,
Кээде чочуп ойгоносуң түшүңөн.

АЙЫЛДЫН ЧЕТИ ЖАШ КАЙЫҢ

Айылдын чети жаш кайың,
Жел жүрсө назик сүйлөшөт.
Селкиге айтар сөзүмдү,
Ар качан мага үйрөтөт.

Желбиреп жашыл жалбырак,
Чакырып сүйүү жаткансыйт.
Мен айта турган сөзүмдү,
Мен сүйгөн кызга айткансыйт.

Айылдын чети жаш кайың,
Казкатар турат тигилип.
Мен сүйгөн назик селкиге,
Мага окшоп дайым жүгүнүп.

Кыңылдап койсом үнүмдү,
Жашырып алат жалбырак.
Кайыңдын көрктүү үнүнөн,
Үнүм да окшойт жардырак.

Айылдын чети жаш кайың,
Жапжашыл жердин кызыбы?
Жашынып анда калгансыйт,
Жаштыктын жалын кызыгы.

Айылдын чети жаш кайың,
Ар кимдер сүйөт келбетин.
Арзыган сулуу мөлмөлүм,
Аерге кантип келбесин?

ДОСУМ БОЛСО...

Досум болсо... «жакшылык кылдым» дебеген,
Адал оюн, тилегин төгө берген.
Андай досту табуу кыйын экен го,
Жарк этип бир качан туулат энеден?..

Досум болсо жүрөгүнө күн каткан,
Бир саатта кутулар элем миң даттан.
Маа кеп бекен андай достун барында,
Чабуул коюп келсе душман миң жактан!

Досум болсо... өзүн дагы арнаган,
Мен жөнүндө оюн ала чалбаган.
Кээде мени «досум» десе кай бир жан,
Ошол сөзгө ыза болуп арданам.

Улуу экен го дос дегендин аты да,
Эгер чыдап татый алса атына

Андай досту көңүлүмө көтөрүп,
Жүрөр элем теңеп коюп башыма.

НИНАКАН ЖҮНДҮБАЕВА

КЫЗЫЛ ӨРҮК

Жазда келдим айлыңа, кызыл өрүк,
Түштү көөнүм көркүңө сени көрүп.
Күндө отуруп түбүңдө искеп жытың,
Карай берем кайталап көңүл бөлүп.
Ого бетер буруксуп мени тиктеп,
Болгонсудуң өмүргө өзүң шерик.

Күндөгүдөй күлүңдөп мага кара,
Коштошууга кол берип келдим сага
Атыр жытың жыттайын, аябачы,
Белек болсун өзүңдөн ошол гана..
Неге мынча бук болом камыккансып,
Ысыйт денем алоолоп улам жана

Бажырайсың ачылып гүлүң жайнап,
Угуп турчу ырдайын мен да сайрап.
Калды ичимде кумарым канбай сенден,
Жеңди абийирим, тартындым белим байлап.
Болоор эле бир жөнү эгер мурда,
Мөмөлөрүң бышырсам өзүм айдап.

Кызыл өрүк кош болгун, кошкун эми,
Күбө болсун жүрөккө жаздын жели.
Жалбырагың сеңселтип бетим сыла,
Таркап кетсин көңүлдүн буккан чери.
Келген мейман сөзү деп эстей жүргүн,
Ишенип кой, унутпайм мен да сени.

КЫШКЫ ГҮЛ

Мелжиген ак мөңгүлүү тоо-тоолордо,
Кышта да ыр жаралып, ак гүл ачат.
Маңдай-тескей тиктешкен алп зоолордо,
Гүл жытына тоңдору эрип жатат.
Жашыл жай, мөңгүлүү кыш — баары бирдей,
Дайыма адам жашайт түйшүк менен.
Кышында ыр төгүлсө жыты гүлдөй,
Мезгилиңе кездешкен бакыт белем...
Бир кези күңүрт ойлор жүрөк эзип,
Өзүмдү гүл издөөдөн чабал сезип.
Чарчаңкы салмак баскан ойдон безип,
Кетким бар гүл жытынан аша кечип...

КЫРГЫЗМЫН ДЕП ЖҮРӨМҮН

Кар кучактап тоолор мелжийт чөкпөгөн,
Чокусунан бүркүт кайкып кетпеген.
Үйрөнүп бийиктигиң, залкарлыгың,
Мен кыргызмын, тоодо туулгам деп келем.

Күндү шимип көк мөңгүлөр эрисе,
Суулар ташыйт тунук, таза дем менен.
Гүлдүү тоо, күн нурунан ырлар издеп,
Мен кыргызмын, ыр шериги деп келем.

Улуулуктун, сулуулуктун мекени,
Сен экенсиң бабам өскөн тоолорум.
Ыр жазуудан сабак берип тургандай,
Асмандаган ак чокулуу зоолоруң.

АЛМАШПАС АСЫЛ БАЙЛЫГЫМ

Алмашпас асыл байлыгым,
Кыргыз тилим — мүрөгүм.
Көз жарып Алтай, Саяндан,
Көп элден тапты түнөгүн.

Манасты барктап ырдаган,
Кыргыз тилим — жан дилим.
Бабалар менен эл коргоп,
Бежинге барган ал тилим.

Манасты кыргыз айтканда,
Чөптөр да башын ыргашат.
Кыргыздын талаа, тоолору,
Үндөшүп бирге ырдашат.

Бир кыргыз айтса Манасты,
Кол чабат дуулдап жер шары.
Ааламда кыргыз жылдыздай,
Ырдашат анда бүт баары.

Алмадай башка, капырай,
Океан «Манас» батканын...

Кимдигиңди билдирет,
Кыргызым ушул дастаның.

МИДИН АЛЫБАЕВ

Айтчы жаным

Ким жыттабайт сүйүү чиркин гүлүнөн?
Күндө өтөмүн терезеңдин түбүнөн.
Кайырчыдай каранамын жалдырап,
Алтын, айтчы, качан сенден түңүлөм?..

Бүт ээледиң жүрөгүмдү бийледиң,
Тамтаңдаттың такыр көлгө тийбедиң.
Анда-санда жылмайгансып коёсуң,
Же шылдыңын, же чындыгың
билбедим...

Сага

Жайдын түнү... Аба салкын, ай жарык,
Көп жүрдүк го бак аралап айланып.
Бир мезгилде мындай сунуш киргиздиң:
«Болдучу эми, түн ортосу, кайталык...»

Дедиң дагы мага карап токтодуң,
Колду сундуң коштошчуга окшодуң.
«Эсен тур» — деп оң колумду бек
кысып,
Ич жылытып жүрөгүмдү козгодуң.

Кучактадым. Мен сен жакка ыктадым,
Сен да ыктадың, кучагымдан чыкпадың.
Шылтоо кылып, чочубасын дегенсип,
Жакаңдагы кызыл гүлдү жыттадым.

Сүйгөнүмдүн сүрөтүнө

Кыйнабачы жүрөктөгү жарадай,
Кылгырбачы, койчу, мени карабай.
Же күлүп кой, же кирпигиң ирмечи,
Куса болдум сагынганым тарабай.
Үн жок, сөз жок томсоросуң турасың,
Ыйлап-ыйлап улутунган баладай.
* * *

Кээде бүркөө, кээде жарк дейт кабагың,
Кантип сенин кыялыңды табамын?
Мен өзүмдү эр көкүрөк көрсөм да,
Ээрчип жүргөн көлөкөңдөй санадың...

Ойлончу

Жүрөгүмдү күйкалайсың жалындай,
Жүралбаймын күндө сени сагынбай.
Мээ сергитет менде жүргөн элесиң,
Мемиреген Ысык-Көлдүн таңындай.

Көзүң укмуш — ак чыныда карагат,
Көп караба, жүрөгүмдү жаралап.
Көөнүң болсо, бир белгиңди түшүндүр,
Киши жалдап, сүйө албаймын паралап!

Эч пайдасыз ээрчип жүрөм эринбей,
Жооп берчи, же жок дечи керилбей.
Кээ бир түштө беттен сылай коёсуң,
Июлдагы көк конуштун желиндей.

Сүрдөп кетем капыс жерден кабылсам,
Кечирип кой, мен сүйүүдөн жаңылсам!
Жалгыз сага жарашкансып көрүнөт
Кайсы күнү — кандай жоолук
салынсаң...

Адабияттык парад

Мына, адабияттык парад,
Көргүлөчү, өзүңөр карап.
Ар-бирин чымчып өттүм,
Аша чапсам, баары биригип —
Мени «төө бастыга» алат.

АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВГЕ

Көпчүлүккө чыксаңыз,
Көөдөнү ырдын кениндей.
Жазуу жакка келгенде
Жай жүрөсүз эринбей.
Кашаң тартып кеттиңиз
Камчыланбай, теминбей.
Төрдө олтуруп көнбөңүз
Төркүлөгөн келиндей.

ААЛЫ ТОКОМБАЕВГЕ

Аалыкем, эл акыны — элүү бир
жаштагы,
Бирок, күчөп эми чыкты таскагы!
— Карылыктын алды ушу — деп,

Кара сөздөн баштады.
Этек жагын ырдап кетпесе экен,
Эсине түшүп жаш чагы.

ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВГО

Түгөлбай жазам десе далай сыр бар,
«Тоо арасында» өткөрдү нечен жылдар.
«Апий ботомду» айтып бүттү
«Абысындар».
Эми Түкөм тоо арасынан ылдыйлап
келсе,
Завод, фабрика, пахта жөнүндө
бирдеме берсе.

ЯСЫР ШИВАЗАГА

Чыдай албай чыныга жазды ыр
Биздин Ясыр.
Чыны сынып калат,
Кагазга жазар кез келди азыр.

КАСЫМАЛЫ БАЯЛИНОВГО

Жаңыртып эмгек берсе деп,
Жалпы элдин турса оюнда
Миңдеген сиздин окуучу,
Милдетти такса моюнга.
Көпкө олтуруп алдыңыз,
Көгөргөн «Көлдүн боюнда».

КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВГО

Жаштыктан нараак, карылыкта берээк,
Кубанычбек.
Кийинки жылдары,
Жакшы ырдады.
Табийгат көркү татынакай элестеп.
Эмки кеп,
Кубанычбек!
Күтөбүз «Орто токойду» жазат деп.
Бирок, шашып эле —
Бере салбаңыз будалап.
Артыңыздан жоо жүргөн жок кубалап,
Окуучулар ушуну суранат.

ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВГЕ

Ыр жазам деди Темиркул
Ак алтындуу талаадан.
Анжиян,
Араван, Караван,
Жазган ырың али жок,
Көп жыл өттү арадан.

АЗИЗ САЛИЕВГЕ

Азиз — сынчы.
Аны ырчы деп айтсам жаңылам.
Бирок, өзүн көрсөтө элек абыдан.
Бир эмгекти сынайт деген үмүт бар:
Эң жок дегенде... философиялык
жагынан.

КАСЫМАЛЫ ЖАНТӨШЕВГЕ

Бир жагынан жомокко жакындап,
Экинчи жактан романга жакындап.
Кээде повестти такымдап,
Түзүк жазылды «Каныбек» —
Кара шакылдак.

Автордун оюна койсо:
Какемди улам өзгөртүп турмак,
(Кээде калпак кийгизип, кээде тумак).
Илимдер Академиясына
Мүчө-корреспондент кылмак,
Же Каныбек министр болуп жаны
тынмак.

НАСИРДИН БАЙТЕМИРОВГО

Кыйын бастың кырманды,
Оп майда, оп майда, оп!
Түшүмүң: «Жаш муундар» —
«Салтанат» жана бир топ.
Азыркы китебиңдин аты:
«Акыркы ок».
Деги «акыркы» дебей жүрчү,
Кээ бирөөлөр айтпасын,
— Мындан башка дүрмөтү жок!

ӨМҮРКУЛ ЖАКИШЕВГЕ

Эч ким чыкпаган соң сындап,
Халтуранын кашка чымыны —
Учуп жүрөт дыңылдап.
Кээ бирөөлөрү сынчылардын —
Тим эле, мурдуна конот ыр ырдап.
Эгер Өмүркул шыйпанып койсо,
Бир чымындын буту сынмак.
Ошондуктан унчукпайт,
Өмүркул сак, Өмүркул кылдат...

ШИМЕЕВ СМАРГА

Билип бер — деп акындан сурап,
Кыйнап жатат лирика деген чунак.
Булбулдун кирпигинен
Мончок жаштар кулап.
Бир жагынан шолоктойт салкын булак.
«Анык лирик мени кыйбайт эле» — деп,
Асманда ай турат.
Кейип-кепчип, акынды жоктойт,
Керимсел жүргөн кечки убак.
Эң аягында кыздар:
— Эми эле карып калдыбы дейт,
Смар!

ТОКТОБОЛОТ АБДУМОМУНОВГО

Драматургияда эмгегиң ак.
«Тар капчыгай», «Кумдуу чап».
Коюлуп турса болот эле кап!
Эмки ишиң ийгиликтүү болсун
«Атабектин кызын» жакшы бак!

МУСА ЖАНГАЗИЕВГЕ

Сан жагынан Жангазиевди алсак,
Жакындап келет Лев Толстой, Бальзак.
Тигил экөөнү сатат...
Окуучулар талашып, жаңжал-чатак.
Жангазиев жаны тынч складда жатат.
Ушундайда билинет экен сапат...

ӨЗҮҢ БИЛ

Жаш кылгырат кирпигимди ирмесем,
Аза күтөм эгер түшкө кирбесең.
Мен шар суумун кулагыңды тундурган,
Кантмек элем какшаганды билбесең.

Саламат жүр, табияттан суранам,
Жетпесем да, жеңиши жок убарам.
Сүйбө, бирок кол берүүдөн эринбе,
Какшык кошуп күлгөнүңө кубанам!
Жүрөт белем карааныңа жалынып,
Менде болсо, жүрөктөгү бурамаң.

БАЯГЫ

Ким ойлосун өткөн ишке жетем деп,
Бирок болбой, кыял бийлейт жетелеп.
Бир кубантып, бир өңүмдү кумсартып,
Чиркин бир түн, дагы эле эстен кете
элек.

Жаш кыз элең жаңы таштап лентаны,
Уялтчу эле кара бактын эл жагы.
Сүйө билген, бирок сенден сүрдөгөн,
Ошол кезде жаш болчумун мен дагы.

Сен жер карап, уялчу элең ар качан,
Бир сыр менен жумшак колуң
кармасам.
Кетейинчи, апам тилдейт дечү элең,
Шайтан басып, эми унутуп калбасам...

Жылдар өттү. Капыс жерден кабылдым,
Көзүң жылуу... тааный албай
жаңылдым.
Бешкөкүл кыз! Бетиң башка болуптур,
Чач агарды, мен да жашка багындым.

Сен тааныдың, көзүң-көзгө кадалды,
Бирок, алтын, айта албадың саламды.
Айлам кетип, амандыгың сурабай,
Алып өптүм колуңдагы балаңды.

Өткөн ишти эми кайдан табасың,
Бир козгодук эски жүрөк жарасын.
Балаңды өпсөм, өзүңдү өпкөн эмедей,
Жаш чалыптыр кирпигиңдин арасын.

Сүйдүм, сүйдүң бир кезекте ченебей,
Минутуңду миң жылдарга теңебей.
Таалай укмуш! Сүйүү бүткөн капкачан,
Тартылды бейм көз алдыдан кемедей.

Өткөндү эстеп бузба, жаным, каныңды,
Жаш кезекте ким кечпеген жалынды?
Эскини эстеп элжирөөнүн ордуна,
Эми сыйла сүйүп алган жарыңды.

Өткөн сүйүү жүрөгүңдү жаралап,
Билем, алтын, санааң алыс таралат.
Мени көрдүң, кылт эсиңе түшкөндүр,
Баягы түн, жашыл шибер, кара бак.
Заман жыргал сен да шайыр, мен
шайыр,
Калган өмүр өтсө болду саламат.

Кол жоолук

Көп жүрдүк го сыр чечишип жүрөктөн,
Көп ойнодук, шап алышып билектен.
Кеп түгөнбөй, келечекти көп айтып,
Уйкусу жок нечен укмуш түн өткөн.
Алтын келин! Али менде катылуу,
Атыр куйган ак жоолугуң жибектен...

БИР ЭЛЕС

Өзгөчө го өткөн элес кызыгы?!
Өчпөс болуп өмүрлүккө сызылды...
Дале болсо даана менде сезилип,
Алма беттин албырттаган ысыгы.
Ким өптү деп апаң айткан эместир —
Эрке кыял сүттөн таза кызымы?!

НУРКАМАЛ ЖЕТИКАШКАЕВА

БАЛАЛЫК

Көңүл камгак, мен эселек кезимде,
Көк шибердүү жемиш-дарак ичинде.
Гүлкайырдан идиш жасап, той берип,
Куурчак ойноп жүргөн күнүм эсимде.

Ошондогу дал өзүмдөй балапан,
Балдар ээрчийт эми артыма карасам.
Ошол оюн, ошол кыял, ошол жаш,
Оолак алыс калыптырсың капкачан.

Айлар, күндөр арбын-арбын саналып,
Алыстадың келбес болуп балалык.
Алтын өмүр кайра көрөр болсочу,
Балалыкты кайра баштан жаралып.

САГЫНАМ

Сагынамын, сагынамын, сагынам,
Сагынарым сапар кеттиң жаныман.
Сагынганда, сагынганга баш кошуу —
Сагынгандын таалайдагы багынан.

Багынан да, багыңан да, багыман,
Балапан деп сүйгөнүңдү сагынам.
Каракчылар каршы келди, болбосо,
Карыш алыс калат белем жаныңан.

Жүрөк жалын, каным ысык, денем чок,
Алган жарым бардыгына тең орток.
Ойноп күлүп көрүшөрбүз дечү элем,
Тилек келип, эсен болсок, соо болсок.

Эстейм, эстейм, эчен шаттык күндөрдү,
Бирге өткөргөн айлуу жарык түндөрдү.
Элестетем, эч убакта унутпайм,
Эркелетип эрип жүрөк сүйгөндү.

Эчен басып салкын желге таңдагы,
Эркелеттиң, эркелеттим мен дагы,
Элиң үчүн курман болдуң эрлерче,
Эсимдесиң жүрөгүмдүн ардагы.

ПОРТРЕТ

Секунд кагат, жүрөгүм да ошондой,
Желдей сызып алда кайда күлүк ой.
Мен олтурам, маңдайымда портрет,
Мени карайт үнсүз, сөзсүз козголбой.
Айнек турат бет алдында каланып,
Айтар сөзүн менден аяп тоскондой.
Ашыккансып алга умтулган денеси,
Алыс жерден мага колун созгондой.

Калтаарыбас кайраты бар жүрөктө,
Ар намыстуу, убадалуу мүнөздө.
Көзү өткүр, өмүрү жаш, ою көп,
Качан, кайда түшкөн ушул сүрөткө?..
Төшүнө орден, жакасында үч кубик,
Күндөрдөнбү, жүргөндөгү күрөштө.
Мүмкүн мени эсине алып тургандыр,
Мына ушул көрүнүштүү мүнөттө...

ЭСИМДЕ

Жашыл шибер, алма, өрүктүн ичинде,
Гүл өмүрдүн жаш балапан кезинде.
Далай-далай куурчагымды сындырган,
Сенин тентек кыялдарың эсимде.

Он жетинин, он сегиздин ичинде,
Институтта окуп жүргөн кезимде.
Селким секет, сени жалгыз күтөм деп,
Сен кат жазып мен алганым эсимде.

Жыйырма экинчи июнь күнү кечинде,
Эмгек эли эркин жаткан кезинде.
Канкор душман капысынан кол салып,
Калк чайпалып, жер күйгөнү эсимде.

Желдей учкан автобустун ичинде,
Сен кол булгап жөнөп кеткен кезиңде.
Жеңиш менен жериңе тез келгин деп,
Кошо басып калган күнүм эсимде.

Сен фронтто душман менен кармашып,
Садагасы, барсыңбы деп кат жазып.
Төрт жыл удаа жүргөн күндөр эсимде,
Санаганда сагынышкан өң азып.

Жеңиш бизде, жароокерим, сүйүн деп,
Сүйгөнүңдү тосуп чыккын бүгүн деп.
Тең шаттыкка баткан күнүм эсимде,
Сен өзүмдү пейли туура гүлүм деп.

Мына бүгүн жыргалдарга бөлөнүп,
Өзүбүздүн жемиш бакча көгөрүп.
Сулуу турмуш кемесинде барабыз,
Айкалышып айрылбаска түбөлүк.

Мына бүгүн экөөбүз тең кызматта,
Тилесе жаш жетпей койбойт максатка
Бирок, күрбум, бүйрө болгун бул жерде,
Кызмат — кызмат, үйдө турмуш бир
башка.

СЕН ЭСИМДЕ ТУРГАНДА

Сен эсимде турганда,
Иш менен күн батырсам
Чарчаганым билинбейт.
Сен эсимде турганда,
Уктабай таңды аттырсам
Үргүлөп көзүм илинбейт.

Сен эсимде турганда,
Зор тилектин күчүнөн
Бүркөлбөйт асты кабагым.
Сен эсимде турганда,
От жүрөктүн өзүнөн
Ыр менен толот барагым.

АБДРАСУЛ КЫЛЫЧЕВ

МЕКЕНИМ

Бодурдун бетин каптаган,
Боз туман таркайт жел менен.
Күн тийип, көзүм ачканым,
Гүлдөгөн мекен сен менен.

Сүтүңдү бердиң энедей,
Күчүңдү бердиң ченебей.
Боорунда сенин жетилдим,
Балапан элем кенедей.

Кубаты сенсиң билектин,
Кубанчы сенсиң жүрөктүн.
Келечек үчүн ойлосом,
Тиреги сенсиң тилектин.

Аткан таң, тийген күнүм сен,
Ичкен суу, сүйгөн гүлүм сен.
Көңүлдүн эркин булагы,
Көкөлөп чыккан үнүм сен.

Канатын сууга чапкылап,
Каз-өрдөк жашайт көл менен.
Кан жүрүп, жүрөк соккону,
Кагылам мекен сен менен.

ПУШКИН МЕНЕН КЕЗИГИШҮҮ

«Мен жөнүндө калың
кабар,
Россияга таркалат.
Менин атым ошондогу,
Бардык тилде
айтылат».
А. С. Пушкин

Жылаңбаш, тармал чачын желге тарап,
Түйгундай туш тарабын шаңдуу карап.
Кулпунган жашыл бактын арасында,
Сөзгө бай, акылга курч Пушкин барат.

Боз бүлбүл бутагына конгон сындуу,
Көркүнө көк-жашыл бак чыгып турду.
Жел жүрсө жүрөгүндө кубангансып,
Жымыңдап жалбырактар ыгып турду.

Ышкылуу бир топ жаштар дагы көрүп,
Ылдамдай, алдын тозо басып келип.
Бир собол, мына мындай сурап калды,
Даңкы зор даанышманга колун берип.

— Ар качан, биздин доордо өчпөй атың,
Аралап кылымдарды келе жаттың.
Турмушта өчпөй калчу алтын сөздү,
Жаштарга түшүндүрүп, үйрөтчү акын.

Аңгыча акын Пушкин сөзгө келди,
Китепче чөнтөгүнөн алып берди.
— Эгерде сен кереметтүү сөздү сүйсөң,
Барактап, бул китепти ачкын, — деди.

«Канчаны кучагына алып жаткан,
Катмарлап артыбызда калып жаткан.
Кылчайбас кылымдарды теше тиктеп,
Пушкинди кантип көрдүм биздин бактан?»

Деген ой көңүлүмө түшө калып,
Жүрөгүм чапкан аттай түрс-түрс кагып.
«Өңүмбү-түшүмбү» деп ойлонгуча,
Көргөнүм көз алдыман болду кайып.

Эми эле магазинден алган сатып,
«Евгений Онегинди» окуп жатып.
Эзелки өтүп кеткен бүлбүлдү эстеп,
Кетипмин, көлдөн терең ойго батып.

САТИН АБДЫКЕРИМОВА

МЕН АШЫК

Каңтарып жерди айдадың,
Каарыңа күндү каратып.
Кажыбас баатыр, о жигит,
Кайратыңа мен ашык.

Жашылданттык жер бетин,
Жаз желі менен жанашып.
Элимдин камкор уулусуң,
Эмгегиңе мен ашык.

Таң менен туруп жумушка,
Шашканыңа жел ашык.
Бир күндө беш күн эмгекти,
Тапканыңа мен ашык.

Мелмилдеп жаткан көл ашык,
Мейкин талаа жер ашык.
Мекендин балбан уулу деп,
Мен тургай сага эл ашык.

СҮЙГӨНҮМ

Атайын келип мен көрдүм,
Адырдын кызыл гүлдөрүн.
Катарлаш бирге басалык,
Кайдасың, келчи, сүйгөнүм.

Карай берип көз талып,
Кайда экениң билбедим.
Көңүлдүн кирин кетирип,
Көрүнчү көзгө, сүйгөнүм.

КӨТӨРСӨМ

Эрки күчтүү ушул жыргал заманда,
Элүү жашың, жаш экен го адамга.
Жашап калып сексен менен токсонду,
Жер боортоктоп турбай калсаң жаман
да
Жаңшап турса кызыл тилиң булдурап,
Жарыктык деп жаман көрөт балаң да
Көп жашоодо түркүн-түркүн машакат,
Көөнүм чаппайт андай жашка бararга
Акыл сезим айныбаса көңүлдөн,
Адам деген жадабайт го өмүрдөн.
Он умтулуп туралбасаң темтеңдеп,
Очорулуп бир олтурган жериңден.
Ойлоп көрчү, асыл өмүр — алтын баш,
Ошол жашоо артык бекен өмүрдөн.
Ажал менен арбашкандай арбайып,
Адамдыктын нуру кетет өңүңдөн.

Мейли узун — мейли кыска болсо да,
Мен ыраазы басып өткөн жолума.
Так элүү жыл талбай сапар жол жүрүп,
Таалайымды кармай алдым колума
Айланайын алтын жерим, нур дүйнөм,
Ар бир ишиң көтөрсөм ээ жонума!...

КУБАНЫЧ АКАЕВ

* * *

Күлүп туруп, адам жанын күйгүзгөн,
Күндөрүмдү, күндөрүңдү сагындым.
Күчтүү илеби күтпөс жерден сүйгүзгөн,
Гүлдөрүмдү, гүлдөрүмдү сагындым.

Өчү бардай, ичи тардай ай-жылдар,
Өкүм жүрүп, өттү белем жаштык чак.
Адам тойбой ачылбастан сан сырлар,
Азыр минтип, карылыгың алды чап.

Жаштык кездин жалындарын түтөтүп,
Жаштар өтөт жаныбыздан жанашып.
Эселектер кайгы күүсүн күчөтүп,
Ээрчип өтөт эрке күнгө жарашып...

Таалайлуунун таразасы тарткандай,
Талпынамын кыялымда жанына.
Айласыздан өзүмө жүк арткандай,
Ай, жаштык ай, санаа коштуң каныма

Мезгил күлүк, мезгил таш боор болсо да,
Мекенимдин мээриминде жаштайбыз.
...Карылыктын мейманы үйгө консо да,
Кадимкидей жаштык ойнун баштайбыз!

* * *

Күйгүзсөң да бербестен жообуңду сен,
Күтүп жүрөм күнүгө, күтүп жүрөм.
Барган сайын өң азып, арыктап мен,
Байкасаңчы, зарыгуу доорун сүрөм.

Мезгил — күлүк, өзүнүн сапарында,
Мени, сени баалабай шашып келет.
Жаштык менен мастыктын катарында,
Жарашкандай жанаша басып келет.

Өткөрбөстөн мезгилд^{и}> кыйнабай жан,
Өзү келди махаббат, берели кол.
Бактыбызга жаркырап күндө атат таң,
Баралы тең максатка, ачалы жол!

...Токтоналбайм, кубанчым толкуп көлдөй,
Тосуп алды сүйгөнүм айдай жайнап.
Өзү менен турмуштун төрүн өрдөй,
Өтөйм өмүр жаштардай, жүрөк сайрап!

* * *

Кир жолотпой, киймин жыртык кылбастан,
Кийин дебей, эч жанынан жылбастан.
Өмүрүмдүн жармын бердим уулума,
Өссө экен деп өзгөлөрдөн сынбастан.

Ордун билип, бекем кармап башынан,
Ою менен көп болбодум жашынан.
Айды карап сурабады анчалык,
Алперчи деп тигил тоонун ташынан.

Ысык күндө күн жолотпой бетине,
Суук түндө муз тийгизбей этине.
Жолун түздөп, түк ачырбай курсагын,
Жолотподум жокчулуктун четине.

Оюмду таап, сырын катпай чечилип,
Ошол уулум өзү папа жетилип.
Чоң аталап тосуп чыгат неберем,
Чогулуштан келип калсам кечигип.

Асмандатып үйүбүздүн шаңдарын,
Арбыта бер балдарыңдын балдарын.
Күнгүрөнгөн бороон-чапкын жолотпой,
Күзөтөйүн жарык аткан таңдарын!

* * *

Эртең менен таң нуруна таранып,
Эркелешип кыргыз тоонун желине.
Кыздарым да күзгүсүнө каранып,
Кызытып кан, демди кошуп демиме.

Жактырышып жаратышып жаңыны,
Жагалданып жаштык отун жагышат.
Кошо ээрчитип коштоп турмуш агымы,
Кооздоп өмүр кош-кош милдет лышат.

Бири врач адам жанын узартып,
Билгендерин жашырбаган, катпаган.
Кесиби артык, жүрөктөрдү кубантып,
Келечектин кереметин сактаган.

Экинчиси пианистка кол ойноп,
Эрмек болгон карыга тең, жашка тең.
Өмүр жолун туура тандап, көп ойлоп,
Өнөр менен уккандарга берген дем.

Таңкы күндүн илебинде магдырап,
Таалай күүсүн таза абадан угамын.
...Кыздарымдын өнөрүнө жан жыргап,
Кызык турмуш үлпөтүнө тунамын!

ТЕНТИ АДЫШЕВА

САГЫНУУ

Келер жылдын жанга артык жагымы,
Бирок, билсең бул да өмүр агымы.
Бала келсе бул дүйнөгө баркырап,
Адам кетер, ал турмуш го табигы.
Күлкү менен кубандырса жүрөктү,
Кээде болоор капа чегип, жабыгуу.
Келчү жылга жетелешет үмүттөр,
Кеткен жылга менде күчтүү сагынуу.
Жаңы жылда жоготуудан көп болсун,
Кийин бизди сагындырар табылуу!

СҮЙҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Махабатты баяндашып —
эчен түрлүү кеп айтат...
Улгайгандар сүйүүсүнө
улуу-кичүү жеме айтат:
Алтымышта сүйөт десе —
«Алжыганы» деп айтат.
Элүүлөрдүн сүйүүлөрүн
«Эси жоктук» деп айтат.
Андай болсо
айткылачы курдаштар,
«Сүйүү жашты ылгабайт» — деп
неге айтат?

СУУК КОЛ

Суук колун төшөгүмө узатып,
Карылыктын келгенине өкүнөм.
Кечээ гана жаштыгымды көрүшкөн,
Кейиштүүрөөк замандаштар өзүмөн.

Арбаңдатып ач кенедей жабышкан,
Колду түртүп, коё тур деп өтүнөм.
Карылыкты каалабаган бүгүн маа,
Капалууракак замандаштар өзүмөн.

Барган сайын батып барат тырмагы,
Баса келип төшөгүмдүн четинен.
Сумсайышат суук колдон кызганып,
Сулуулугум кетпегендер эсинен...

ЭНЕ-АТАМ

Элге келсем эске түшөт эчендер: —
Бурганактап карга айланып оюм жаап.
Катмарларын малталаймын кайралап,
Кайран атам басып өткөн жолун таап.

Санаа келет сапырылып сабаалап,
Бирин-бири жетектеше желе чаап.
Башты салып барган сайын үңүлөм,
Байкуш энем басып өткөн жерди таап.

Жолдор жатат узун, кыска ийрилип,
Тамга болуп, тарых болуп чийилип.
Өткөн эле атам, энем бул жолдон,
Өмүр жүгүн оор көтөрүп ийилип...

Баскан атам, шашкан энем оолугуп,
Келе берип, кээде үшкүрүп олтуруп.
Ошондо да өмүр жыргал, жакшы деп,
Даңазалап пейли менен толтуруп.

Ушул жолдон атам, энем өтүшкөн,
Жүк көтөрүп, оор көтөрүп аркалап.
Ошондо да өмүр кызык, сонун деп,
Марасына бара берген алгалап...
* * *

Алтымыштан ашкандарга
Али кыздай көрүнөм,
Кырктын кырын баскандарга
Кыйла жерге бөлүнөм.
Элүү жаштын эрмегимин
Эркелеткен көңүлүн.
Кечээ эле гүл жайкадым
Көөнү толкуп көбүнүн,
Караганча кайып кеткен
Кандай укмуш өмүрүң!..

КЕТКЕНДЕРДИН АЙЛЫНДА

Тирүүлөрдүн айлында бирге жүргөн,
Тамашалуу сүйлөшүп жайдар күлгөн.
Канча курдаш карасам көчүп кетти,
Кечээ гана келберсип өмүр сүргөн.

Кеткендердин айылы катар турат,
Күмбөздөрдүн мезгилден четтери урап.
Көз жаш менен сугарып коюп кеткен,
Гүлдестелер саргайып күнгө куурап.

Кеткендердин айылын аралаймын,
Кейий берип жүрөктү жаралаймын.
Эрте-кечтир бир күнү кедемин го,
Эмнеликтен буларга каралаймын...

МЕДЕРБЕК АКИМКОЖОЕВ

ЫНАГЫМ

Эске түштүң түгөй өскөн ынагым,
Таарынтсаң да мен кылчайып турамын.
Көңүлүмдөн чыкпай атың жатталган,
Мезгилдердин толгоолорун бурадым.

Жылгаякка эңсеп кыштын убагын,
Сен шаштырып үйдө калган тумагым.
Муз тээп жүрүп колум келбей камтууга,
Бет томугуп, үшүп кеткен кулагым.

Гүлүн тердик кечип тоонун ыраңын,
Буруп ойноп мөлтүр кашка булагын.
Көйнөк чечип, көпөлөк кууп жүргөндө,
Көрүнчүсүң жандай сүйгөн ынагым.

Бирге барып ачып мектеп эшигин,
Бирге таттык китеп берген кешигин.
Тамды кырдап, талга чыгып, чүкө ойноп,

Чоңойтчубуз чокой, шымдын тешигин.
Торпок минип, тай үйрөтүп жарыштык,
Топ ойнодук, тоого бирге барыштык.
Жылаңайлак, ак чөлмөккө кызыгып,
Нечен ирет таңга чейин калыштык.

Жүрөм десем түбөлүккө айрылбай,
Сааты, Күнүн эске таштап ай жылдай.
Кеткен тура элүү жашка тапшырып,
Ал ынагым, балалыгым кайрылбай.

СОҢ-КӨЛ

Таштан чыгып, ташка тийип сүрүлүп,
Сапырылган сансыз булак биригип.
Гүл ичине түшүп калган күзгүдөй,
Жатат Соң-Көл күндүн нурун шимирип.

Кылаасында кыздар гүлдү аралап,
Көлгө түшөт, күндуз чачын таранат.
Көл үстүндө өрдөк, чүрөк аралаш,
Каз каркылдап, куулар кылчак каранат.

Чабак урса кыздар ойноп каткырып,
Ак куу, каздар канаттарын шапшынып.
Имерилип жандап өтүп өрдөктү,
Чүрөк чумуйт келе түшүп аз жылып.

Тоолор көлдүн жактырат бейм мунусун,
Тармалдантып толгоп булут мурутун.
Күзгүсүнөн күндө көрүп отурат,
Адам менен канаттуунун сулуусун.

Таштан чыгып, ташка тийип сүрүлүп,
Сапырылган сансыз булак биригип.
Гүл ичине түшүп калган күзгүдөй,
Жатат Соң-Көл күндүн нурун шимирип.

МУСА ЖАНГАЗИЕВ

ЭКИ ДОС

Бирин-бири кубалап,
Мышык-чычкан ойношот.
Бир-бирине кыналат,
Жылаан сындуу сойлошот.

Созолонгон үнү жок,
Ырдайт экен эки дос.
Биздикиндей буту жок,
Тынбайт экен эки дос.

Эки достун иши көп,
Ээрчип чуркайт жарышып.
Пил эмес, бирок күчү көп,
Жатып албайт карышып.

Чүпүрөктү оймолоп,
Гүл салышат ушулар.
Көргөн адам ойлонор,
Түр салышат ушулар.

«Бул эки дос кимдер?» — деп,
Сурагандар көйнөк тик.
Ажырашпас, адашпас,
Бул эки дос — ийне-жип.

БИЛБЕСБЕКТИН БИЛГЕНИ

Даяр тамак, даяр нан,
Билбесбектин жегени.
Бир топ суроо сурасаң,
Күлүп мындай дегени:

— Кант кар менен түшөт дейт,
Көйнөк өзү бүтөт дейт.
Вагону менен паровоз,
Көл, деңизде сүзөт дейт.

Анделекти бышырса,
Алма болуп калат дейт.
Дарбыз, коонду колхоздо,
Жерден казып алат дейт.

Бак башында капуста,
Кат-кат болуп өсөт дейт.
Асмандагы алтын күн,
Кеч киргенде өчөт дейт.

Бутундагы өтүктү,
Кездемеден согот дейт.
Шакек, сөйкө, ийне-жип,
Суу түбүндө болот дейт.

Электрдин жарыгы,
Асманда айдан келет дейт.
Топчунун да көзү бар,
Мен сыяктуу көрөт дейт.

Сүт, каймакты, айранды,
Тоодон чыккан булак дейт.
Чака, казан, дагыра,
Кулагы бар, угат дейт.

Айнек, күзгү, бөтөлкө,
Тоңуп калган муздан дейт.
Набат менен шекерди,
Бөлүп алган туздан дейт.

Уй, кой, эчки заводдон,
Мөөрөп, маарап чыгат дейт.
Ширеңкени, чыракты,
Күйгөн оттон кылат дейт.

Ушул экен, досторум,
Билбесбектин билгени.
Алтыда экен азамат,
Кыйынмын деп сүйлөдү.

НАНДЫН ЖЫТЫ

Жаңы бышкан нандын жыты
Күндүн жайкы ысыгы.
Нан көп болсо үйдүн куту,
Эки беттин кызылы.

Жаңы бышкан нандын даамы
Жалпы дыйкан эмгеги.
Бүткүл элдин жүрөк каны,
Кен байлыгы жердеги.

Жаңы бышкан нандын жыты -
Жазган ыры акындын.
Көзгө сүйкүм тынчтык күшү,
Күч кубаты баатырдын.

Жаңы бышкан нандын даамы
Ата-журттун салмагы.
Ошондуктан элдин баары
Эзелтеден танбады.

СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВ

КЫШКЫ БАЛЛАДА

Алып чыктым сени ээрчитип,
Кар боройлоп турган кезде көчөгө,
О, ал биздин эң кийинки кеч эле.
Жактырчумун дайым сени,
Дал ушундай кар чаңында карашты,
Чымкый кара пальтоңо алар жарашчу,
Калган өңдүү байчечекей ачылып.
Же болбосо,

Жылдыздары төмөн-төмөн асылып,
Кулаарына аз калган.
Бермет төккөн баркут сындуу асмандан,
Сен өзүңө пальто тигип кийгендей,
Ак кар сага жарашчу.
Жактырчумун анда өзүңдү карашты.
О, анда бир ырахаттуу кеч эле,
Бирге айланып көпкө жүрдүк көчөдө.
Эсимде жок,
Анда саат нече эле.
Жарык жанган карагайдын түбүнө,
Токтой калдык бурулуп,
Сенин киймиң кардын аппак түгүндө:
Эрте чыккан күн нуруна,
Шүүдүрүмү жалт-жулт этип урунуп,
Ойноп турган көк тулаңдуу,
Жерди салды эсиме.
Өзүң үнсүз жалжылдадың
Бүт көңтөрүп,
Жердин көркүн куйган окшоп көзүңө.
Ал көркүңдү айтуу үчүн
Караан издеп, карадым туш тарапты,

Тээ-тигинде бирөө кетип баратты...
«Токто!» десем укпай койду,
Жетип барып,
Булккуладым үргүлөшкөн даракты.
О, мен анда кооздукка мас элем,
А сен болсоң,
Ошол күнкү жааган кардай жаш элең...
Эсим жыйып сен жакты жалт карасам,
Жок экенсиң ордуңда
Көп чыкырдым, калдым бирок кур жалак,
Этегине ороп сени, алып кетти бурганак...
Ага болбой издеп келем,
Калдыбы деп тамашалап жашынып.
Караан көрүп, сенби десем,
Жөн көлөкө болуп чыгат,
Карда жаткан,
Арка-жонун кашынып...
Сендиректеп кайттым жалгыз,
Элсиз ээн көчөдө.
О, ал биздин эң акыркы кеч эле,
Эң акыркы кеч эле...

СЕН ОЛТУРГАН АВТОБУС

Мен олтурган автобус,
Сен олтурган автобус.
Бара жатты, ичинде
Жүргүнчүлөр — алтообуз.

Сызат жолдо автобус,
Сенин жашың — он тогуз.
Мен отузда. Анча да
Алыс эмес ортобуз.

Көзүм жетти көзүңдө,
Сен от жагып сезимге.
Кыйналамын, айтылбай
Айта турган сөзүм же.

Учур болбос бу чактай...
Мен өтпөгөн бычактай —
«Үшүп барам» десең да,
Албайм сени кучактай.

Кыйнап адам санаасын,
А сен сурап каласың:
«Аз жашаткан эмне үчүн
Агай, адам баласын?»

Суроо менен кайдагы,
Түгөтөсүң айламы.

Калдым көпкө тил катпай,
Окшоп тилим байлануу.

Сен бурулсаң жуп маган,
Окшой түшөм уктаган.
Же болбосо, өңдөнөм
Сенин сөзүң укпаган.

«Кечириңиз, бир мүнөт
Кетипмин дейм үргүлөп».
Калп айтканым билгендей,
Кыткылыктап кыз күлөт...

«Агай, тилим уксаңыз,
Дагы бир аз уктаңыз.
Жайлуу болсун десеңиз,
Мага деле ыктаңыз».

Жым деп буга кубанып,
Калам ага куланып.
Колоң чачтын жытынан
Калбас бекем ууланып?

Бир тилегим: автобус
Жердин чеги түгөнүп.
Бүтмөйүнчө — түбөлүк
Болсо деймин токтогус...

АТ-БАШЫДА

Эки түнөп Нарында,
Аттандым Ат-Башыга.
Атаң, атың барында,
Жер кыдырган жакшы да.

Жамгыр: жерде суу-көлмө,
Ат-Башыда жаз экен.
Мейманкана беш бөлмө,
Хозяйкасы жаш экен.

Көзү күйөт жалындай,
Агын айтпа беттин да.
Ат-Башынын таңындай,
А мен түтпөй кеттим да

Унутуп бүт дүйнөнү,
Өптүм кыса кучактап.
Болсо болсун сүйгөнү,
Сойсо сойсун бычактап.

Аял затын атайын,
Ал биринчи өпкөнүм.
Ай, эмнесин айтайын,
Жашмын же мен көпкөмүн.

КАЛДЫ

«Жакшы кал, жаным, жакшы кал!»
Дедим мен жолго чыгарда.
Чачынын учун жазып ал,
Жөлөнүп бир түп чынарга

Солуктай берди жөн эле,
Көлдөгөн жашын тыя албай.
Менде да ал жок жөнөөгө,
Кыйналып турдум кыя албай.

Тунжурап дүйнө ойгонбой,
Узатып келет ай мени.
Кез-кезде сурай койгондой:
«Кара көз кайда калды эми?»

Акыл-эс мокоп, көшүгөн,
Аркада укмуш түн калды.
Айматып жатып төшүнөн:
«Алтыным!» деген үн калды.

БҮБҮСАРА

СССРдин эл артисткасы.
Бүбүсара Бейшеналиеванын
эстелигине

Ойно оркестр,
Күү сайра,
Отуз дайра
Аккан өңдүү бир сайда!
Сен да мезгил,
Сараңдыкты ташта да,
Карылардын жаш курагын бер кайра!
Кечээки жашаң жер кайда?!

Кечээки жорткон жел кайда?!
Бир мүнөткө,
Бир секундга бер кайра!..

Өчкүн чырак,
Тартыл эрте көшөгө!
Жарык берет балерина өзү эле.
Көрүнсө эле көзгө сүртүп кетчүдөй,
Көздөр залды тиктеп калды көшөрө.

А пейилдер,
Ыкыластар алдына,
Калгысы бар килем болуп төшөлө...
Ах, келатат, тээтиги
Сахнанын артынан,
Аткан таңдай жапжарык бир бешене.
Эмне калды?
Калды эми:
Биз эркиңде» деш эле.
Балерина жооп берет бий менен,
А бий бышкан эчен жылдык ий менен.
Жазуу барбы, бул кыймылы жазбаган?!
Чийим барбы, бул денеси чийбеген?!
Анын сыйкыр күчүнө
Сенби?
Менби?
Ким бар,
Башын ийбеген?
Ойно оркестр,
Күү сайра!
Жазга кайра кайрылалы күз айда
Ошол жаздын бир гүлүндөй жарк этип,
Бийге чыксын Бүбүсара!
Сүйүү берсек,
Эңсөө берсек биз ага,
Бир тамчы бий берсин биздин кусага!

Бийлеп жатат Бүбүсара,
Бир кезекте биз жазгандай баягы,
«Пери экени,
Киши экени туюлбай,
Барып-барып уюп калат куюндай.
Кайра жерге тийип-тийбей аягы,
Калкый берет,
Желде жеңил буюмдай...
Анан калат дир-дир этип термелип,
Анда колу —
Каккан канат сермелип...»

Бийлеп жатат Бүбүсара,
Ойно оркестр,
Чоң-чоң күү!
Ойно оркестр,
«Чолпонду!»

Тигил чолпон чолпон эмес,
Чолпон бу!

Кыймыл — музыка,
Дене — музыка,
Бирок бүткөн угууга эмес, көрүүгө.
Биз — коргошун,
Келген мында эрүүгө.

Ойно оркестр,
Күү сайра!
Чымын-куюн бийлеп жатат Бүбүсара...
Бардык көздөр бийчиде,
Бардык көңүл бийчиде,
Бийле, бийле,
Түшсүн өмүр узара.
Кайталансын миң ирет,
Кангыбыз жок биз ага
Бийле, бийле Бүбүсара!
Бү-бү-са-ра-а-а-а!
Зал күңгүрөйт үн сала...

ЫСЫК-КӨЛДӨ ЭМНЕ БАР?

Ысык-Көлдө эмне бар?
Анда тынбай сүзүп жүрөт ак куулар.
Анан күн бар,
Суу,
Кум бар.
Ак куу окшоп учуп келип алыстан,
Сууга,

Кумга
Түшүп жатат сулуулар.

Алыс —
Көлдүн бир четинде ак куулар,
Алар өзүн жашырышат,
Качышат,
А сулуулар,
Көрүнүүгө тырышып,
Күн кучактап,
Кум кучактап жатышат.

Ак денелер,
Жумшак, назик денелер,
Жаралгандай кебезден.
Күрөң тарткан
Кайра эритип куйгандай,
Же колодон
Же жезден
Жатат кээ бир «боёктору» курганбай...
«Эрмитажды», «Луврду»
Апкелгендей
Ысык-Көлдүн боюна,
Картиналар
Азыр жерде жатышат,
Дубал жоктон,
Илип-илип коюуга...
Жатат кумда,
Күндө,
Менин оюмда...

Таң болгонсуп дарактар,
Чайпалыша калышат.
Бирок мооку кана элек,
Күн менен кум
Суу менен Күн талашат.
Булуттар да көктө тынбай көчүшкөн,
Бир аз токтоп,
Карап туруп тарашат.
А толкундар,
Чаап келип түп көтөрө-жабыла,
Көрөр менен
Эстен тана «күш» этип,
Кулайт аяктарына.
Кээ бирде гана баатырлары, эрлери,
Бирден илип,
Качып барат арыга.

Ысык-Көлдө эмне бар?
Анда тынбай сүзүп жүрөт ак куулар.
Анан күн бар,
Суу,
Кум бар.
Ак куу окшоп учуп келип алыстан,
Кумга, сууга
Конуп жатат сулуулар.
Ысык-Көлдө андыктан,
Канбас дагы

Кайтпас дагы сугум бар...

АВГУСТТУН БИР ТҮНҮ ЭЛЕ

Биз ал кезде дос курбудан төрт элек,
Он сегизден он тогузга караган.
Өзүнчө эле күйүп турган өрт элек,
Ата-Журттун керегине жараган...

Биз жатканбыз бак ичинде алмалуу,
Жанды азгырып турган сүтак үнү эле.
Эмне үчүндүр көп түндөрдөн андагы,
Эсте калган ушул жалгыз түн эле.

Түн бар бекен биздин жердин түнүндөй,
Жибек болуп миң буралган шоодурап!
Сан жылдыздар анын сайма түрүндөй,
Тиктеп алган так төбөңдөн жоодурап!

Түн жок чыгар жай түнүндөй биздеги,
Ай талаада күүсүн тартса саратан.
Бака чардап көлчүктөрдө түздөгү,
Тоо дайрасы кошо өкүрүп: «Баратам!»

Чаалыгышкан күндүз кечке иш кылып,
Жумушчу аттар жүргөн эле тушалуу.

Күртүлдөтө беде чайнап бышкырып,
Эми тымтырс, мүмкүн, тоюп жуушады?

Көк тиреген өркөчтөрү миң салаа,
Балким, тиги тоолор дагы жуушады?
Бул дүйнөдө жуушабаган бир гана,
Аркы жакта жаагын жанган суу шары.

Мунун баары бир-бирине жарашкан,
Жаратылыш кучагында бой жетип.
А биз мында аттар окшоп таң ашкан,
Акыябыз, эртеңдерге ой кетип.

Бизге кымбат бул түн сырын түшүнүү,
Анын мукам музыкасын, ырларын.
Толук жаттап, көкүрөккө түшүрүү,
Билип, эки кайталанбай турганын...

Ошол бир түн биз айылда өткөргөн,
Август айдын эң акыркы түнү эле.
Жоого бачым жөнөгөнүн эп көргөн,
Биз аттандык анын аркы күнү эле.

Биз ок атсак, кошо туруп аткансып,
Ошол бир түн бирге жүрдү биз менен.
Калар элек ага оронуп жаткансып,
Кай бир кезде, жанга тыным издеген...

Төртөө элек, үчөө кайтпай калышты...
Кадыр түндөр, келген август айында,
Кала берген күн батышта алыскы,
Күрбуларды эске салат дайыма.

СМАР ШИМЕЕВ

ТУУГАН ЖЕРИМ

Тууган жерим, тикениң да кымбат да,
Бөтөн жердин гүлдөрүнө алмашпайм.
Булуң-бурчуң жүрөктөгү сымбат да,
Мен жат элге боорум кошуп
жармашпайм.

Жылаңайлак жүргөнүмдө сыздатып,
Бутка кирген тикениңди тилдепмин.
Укпайт турмуш барды жогуң кыстатып,
Ал мезгилим кымбат экен, билбепмин.

Бир кайрылса, жылаңайлак, жылаң баш,
Чырпык атты минип алып таскактап.
Ким алыска ыргытат, — деп кырдан таш,
Зуулдатсам, жаштык күнгө башбактап.

Мейли эле да тикен кирсе ошондой,
Ызаланбайм, андагыдай кайгырып.
Тууган жерим, азыр көңүл бошоңдой,
Турган чагым балалыктан айрылып.

Тууган жерим, тикениң да кымбат да,
Бөтөн жердин гүлдөрүнө алмашпайм.
Булуң-бурчуң жүрөктөгү сымбат да,
Мен жат элге боорум кошуп
жармашпайм

СЕНИ ОЙЛОСОМ...

Сени ойлосом канат бүткөн көңүлгө,
Бек сакталып жүрөгүмдүн төрүндө.
Таалайымдын жаркыраган жылдызы,
Махаббаттын гүлүн берген өмүргө.

Алыс жакта жүргөнүңдө сагынып,
Жалынчумун жаным сага кагылып.
Кирпик какпай таң атыргам далай түн,
Карааныңды бир көргөнгө зарылып.

Күндөн күнгө менден четтеп кеткениң,
Муздак сууну жалыныма сепкениң.
Асыл курбум, чыгардыңбы эсиңден,
Тунук сүйүү бизге таасир эткенин!..

Сен унутсаң, мен унута албадым,
Элесиңди көңүлгө бек кармадым.
Менден башка бар турбайбы сүйгөнүң,
Анда неге сүйөм дедиң, ардагым?!.

МАХАББАТЫМ...

Махаббатым издесем жашыл талга,
Жашыныптыр чачтарын сууга малып.
Эркем сендей ал дагы дайым таңда,
Булагымда таранат кыял чалып.

Балалыгым издесем бийик бактан,
—Күкүк, күкүк! — деп улам үнүн кагат.
Бак башына чыга албай кайра кайткам,
Жүрөгүмдөн кайгы да уя табат.

Кайда десем жаштыгым тоого кетип,
Кызыл көйнөк кийинип чыгат майда.
Сүйүүбүздүн тамыры жерге бекип,
Жоогазындын гүлү да болгон пайда.

Жаштыгымды табалбай келсем үйгө,
Муң алдамчы сулуудай мени күткөн.
Муздак көзүн албастан тиктейт күндө,
Муңум ээрчип, жүрөгүм күйүп бүткөн.

САРЫ-ЧЕЛЕКТИН...

Сары-Челектин боюндагы жашыл тал,
Неге сулуу көрүнөсүң башкача?!
Күндүн нуру сени жапкан башыңдан,
Дайым койсо, кечте алып баспаса

Эске келет сүйүүм сага жашынган,
Кетпейт элек, түн пардасын ачпаса.
Чачын жайып, тараганга шашылган,
Ал күн кайда? Жаштык алыс качпаса!..

Мен сүйүүнүн гүлүн тапкам кашыңдан,
Көңүл сандык — тунук бойдон
сакталган.
Талым азыр күйүт ичте ашынган,
Жүрөк кагаз — жаштык күндөр
катталган.

Кыз чачындай сууга тийип самсаалап,
Бутактарың сүйгөнүмдү элестейт.
Ошол күндү бир кайырсаң тал каалап,
Өмүр неге адам менен кеңешпейт...

АКЫНБЕК КҮРҮЧБЕКОВ

АЧЫК АЙТУУ

Каска, жатка көп урунуп сурдүгө —
Капалангам бүткүл боюм дүрдүгө.
Андыктан мен байкаш үчүн аларды,
Айландыргам карегимди дүрбүгө.

Аны менен калк арасын караймын —
Адамдардын асылдарын санаймын.
Оозун тиктейм — жүрөгүндө чогу жок,
Ою менен «иш бүтүргөн» далайдын.
* * *

Буруп, толгоп бул замандын жыргалын,
Бузук адам кантип кырга жылганын.
Ата-Журтка кабар берип тургун деп,
Акылымды көзөмөлчү кылгамын.

Ал акылым күндүр-түндүр чалгында,
Анткени, мен бул дүйнөдө бармын да
Адилеттин көздөрүнө чалдыкпас,
Ар кыл далай «сыйкырчылар» бар
мында

* * *

Мен да мурда кырдуу дөңдө жашагам
—
Мени кырдан сойголоткон «мас» адам.
Такташ үчүн тамырларын ошонун,
Талантымдан пеленгатор жасагам.

* * *

Жатсам-турсам дайым терең ойдомун,
Жан жыргатып уктабаймын — ойгомун.
Жүрө берип учурунда дүңк этер,
Жүрөгүмө «бомба» катып койгомун.

Душмандарым басса кокус баарылап —
Дүрмөттөлгөн ошол «бомба» жарылат.
Өзүм антип осколкадай чачылсам —
Өлкөм ири көп каскактан арылат...

МҮМКҮН

Карек нурун жүгүртсөңөр ташка да
Катмар барын байкайсыңар аскада.
Ар жагында киши билбес зат бардыр
Алтын, күмүш, урандардан башка да

Акыл, илим барган сайын өнүгөр —
Асканы да эритишке көнүгөр.
Эритмеге кошуп да бир нерсени,
Эр азамат эмгегинен көрүнөр.

Андан мүмкүн бекем заттар жаралар —
Ал табылга калгаса желдей таралар.
Ошо заттан бүткөрүлгөн корабль,
Ойчул менен, мүмкүн, Марска
баралар...

Кара ниет кай тарапка басканын —
Калыстарга каршы чуңкур казганын.
Пеленгатор алдан билип айтууда —
Принципке ким түкүрүп жатканын.

ҮЙ-БҮЛӨ

Жаңы тааныш болгондой
Жатык бойдон жүргүлө.

Он сегизге толгондой
Оюндуу бол, үй-бүлө.

Мемиреткин, сылагын —
Мээр төгүп үйрүлө.
Канатыңа кынагын
Катарыңды, үй-бүлө.

Өздү-жатты түшүнгөн
Өлкөңөрдү сүйгүлө.
Өзүңдөйдөн түзүлгөн
Ошол эң чоң үй-бүлө.

Мекен түбү силерде —
Мээге бекем түйгүлө.
А түпкө жик жиберсе,
Ал — өзүңсүң, үй-бүлө.

Эгер мекен суранса
Эл-жер үчүн күйгүлө!
Кокус тууң куланса
Кошо жоксуң, үй-бүлө!..

АТА СӨЗҮ

Энең-атаң түгөл жүрбөс жаныңда,
Эшит мени жаным тирүү барында.
Өтсөк кокус экөөбүз тең дүйнөдөн,
Өкүнүчтүн изи калар жадыңда.

Азырынча жигиттик кез жетелеп,
Ата-энеңен айрып алып кетелек
Анткендиги — сага болчу келинчек,
Али жапжаш мектептеги секелек.

Бойго жетсең — жан дос болуп
жашчылык,
Бозо бербей, арак бербей мас кылып.
Бото көздүү же кой көздүү бир кызга,
Бой балкыта баш коштурат азгырып.

Ал жар сага бизден жакын көрүнүп,
Айткандары көңүлүңө өрүлүп.
Өзүң өскөн үй-бүлөнү азайтып,
Өзүбүздөн кетериң чын бөлүнүп.

Түшүнөрсүң өзүң ата болгондо,
Түгөй экөөң чыккан кезде чоң жолго.
Мээриңерге сугарылган уулуңар,
Менменсинип жыйырма жашка
толгондо.

Ал жөрөлгө жашай берет жок болбой,
Ага бизче баш иерсиң токтолбой...
А көрөкчө ата жолун улантып,
Ак ниеттүү дыйкан болгун шоктонбой!..

КАТ

Алыстасың, кагылайын,
Амансыңбы, кандай алың?
Карай берип сен тарапты
Канталаттым көздүн майын.

Жүрөгүмдү ала кеттиң —
Жүз аарчыңа сала кеттиң.
Кирпигимди, карегимди
Кирдүү жашка мала кеттиң.

Сагынычтар болсо сенде,
Саргаюулар болду менде.
Экөөбүз тең антпейт элек
Эгер жүрсөң жакын жерде.

Калаа көрбөй сендей кезде,
Камыкканым түшөт эске:
Карагайлуу талааларда
Канкечкеним түндө, кечте.

О, сен болсоң андай чакта,
Окуудасың батыш жакта.
Олтургучуң алдыңдагы
Оймосу бар мамык такта

Жол берилбей кырылууга,
Журт тынчтыкка кыныгууда.
Окуп терең билим алгын
Ок учпаган тыныгууда.

Ар кирпигин жашка чыптап,
Апаң чыдаар ыйлап-сыктап.
Санааркабай андайларга
Сабагыңды билгин мыктап.

Кусалыктар болуп келген —
Кусалыкты киши жеңген.
Сагындым деп кайра келбе,
Суранарым ошо сенден.

Сагыныч да кетет-өтөт,
Саргаюу да калбайт-көчөт.
Кусалыктын ысык оту
Курсагыңан чыгат-өчөт.

Асманга да сүңгүп кирер,
Аалам сырын арбын билер.
Кенен портту Марска курар
Келечектин ээси силер.

Келечекке түз эмес жол,
Кээ жерлерде кезигет ор.
Алдыдагы милдет да зор —
Аны дагы билгендей бол!

О, садагам, алыстасың —
Окуудагы жарыштасың.
Айтканымды көңүлгө тут,
Аман болсун асыл башың!

ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВ

АРАЛ
(Баллада)

Жүз миң жылдап өмүр сүргөн Аралды,
Жан бүткөнчө жашоо берген адалды.
Жалпы адамзат жакшылык деп билчү эле,
Жолотпостон кылаасына арамды.

Жүз миң жылдап жашап келди оорубай,
Жүз миң жылдап жашап келди соолубай.
Жашай берди кылымдарды карытып,
Жаналгыч да оолак жүрдү тоорубай.

Толкундары толкуур эле кырданып,
Таң шооласы чачылчу эле нурданып.
Тамылжыган тазалыкты буздурбай,
Түртөөр эле жамандыкты сурданып.

Чардак сүзчү мейкининде калкылдап,
Чабак сүзчү тереңинде жалтылдап.
Чалыкпастан толкун суусун көбүртүп,
Чайкаар эле кум жээкти шарпылдап.

Жашыл тоонун сөксөөлдөрү кийинип,
Жанаатыңа жагынышчу ийилип.
Жээгинде салкындашкан күн сайын,
Жандыктардын изи түшчү чийилип.

Келгин куштар жазда келип сагынып,
Коноор эле толкунуңа жабылып.
Кээ бирлери кетпей калчу өзүңдөн,
Көксөгөнү көк иримден табылып.

Кеме жүрчү кең койнуңда чалкыган,
Көк асманда ай булуттай калкыган.
Күндүн көзүн көрсөтпөстөн ушчу эле,
Канаттуулар шуру жасап тамчыңан.

Азыр көрсөм ал деңиздин теңи жок.
Айыктырган ар кыл дартты эми жок.

Арал болбой, көлчүк болуп калыпсың,
Арсар жандай эртеңи жок, теги жок.

Эмне болду? Кимдер сени соолутту?
Эмне болду? Кимдер сени оорутту?
Эмне болду? Кимдер салды башыңа,
Эби кеткен эски кара жоолукту?

Кең мейкиндик үн катпастан суз жатат,
Көк иримдүү суу ордуна туз жатат.
Көркү кеткен көрүнүшү Аралдын,
Көргөндөрдүн жүрөктөрүн сыздатат.

Арал кайра кадимкидей толобу?
Арал кайра мурункудай болобу?
Ач көз мезгил кашык суусун калтырбай,
Албууттанып ажыдаардай соробу?

Ыйлап турам: «Кош, Арал!»... деп айталбай,
Ыйман качып кайда жүрдүк кайтарбай?
Ырдын өчүн ыр деңизден айрылып,
Ыпыласка тепселеби бак-таалай?...

МЕНИН ЭЛИМ — ЗАЛКАР ДАРАК
Менин элим — залкар дарак
Мен даракка жалбырак.
Жашап жаткан жаным анда
Жарык чачкан таңым анда

Кокус андан кол үзүп
Каска уурдатсам сезимди.
Жалбырактай жол үзүп
Жарга ыргытат өзүмдү.

Менин эли - залкар дарак
Мен даракка жалбырак.
Жаным анда
Каным анда
Таңым анда
Турат дарак ар убак.
Өмүрүмө нур улап
Көңүлүмө ыр улап!

* * *

Эмнегедир, жаз айы
Кечиккенсийт жолунан...
Же чыкыроон атайы
Чыгарбайбы жолунан?

Жерден кетпейт тоңголок,
Кыштын тону агарып.
Чымчык жарга корголоп,
Чыркылдабайт таранып.
Жазда күтөм сагынып
Тилегимди күн өбөт.
Жер кыртышы жарылып
Жайнап дүйүм гүл өнөт.

Кыш суурулса чегинип,
Кара жамгыр туулат.
Булак музу чечилип,
Мукам үнү угулат.
Жазда тосом ийилип,
Жерип кыштын каарын.
Жашыл көйнөк кийинип
Жакын келчи, баарым.

Жазды күтөм сагынып,
Жазда жерден кар кетет.
Кызыл жоолук салынып,
Кыз да, гүл да жарк этет.

ЫСЫК-КӨЛҮМ — ЫРЫСЫМ

Көл — көл эмес, деңизге окшойт чалкыган,
Көзүн албайт, күндүн нуру жаркыган.
Калкыйт кайык көл бетинде чекиттей,
Түшкүм келет жетип барып артынан.

Көктү карайм көл сүрөтүн көргөнү,
Карыялар тарткан сыяк төлгөнү.
Көк асмандан көл сүрөтүн табалбай,
Көзүмдү арттым көрүнүшкө көлдөгү.

Көл түбүндө тоолор жатат түрүлүп,
Көл түбүндө булут жүрөт сүрүлүп.
Көл түбүнө асман түшүп кетиптир,
Көлдүн түбүн карап турсам үңүлүп.

Калкып жүрөт жарты нандай ай дагы,
Көркүн ачып көк жылдызы жайнады.
Көрүнүштүн гүл багынын ичинен,
Тилин безеп булбул куш да сайрады.

Ысык-Көлүм — ырысымдын жүрөгү,
Ысык-Көлүм — түндө жылдыз түнөгү.
Ырыс берген, ыйман берген, ыр берген,
Ысык-Көлүм — Кыргызымдын жүрөгү.

КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,
Аскасы көк асманга тийген кезде.
Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,
Кучактайм ой-кырларын нурга кошо.
Улуусуң, кыргыз жери, нурдан бүткөн,
Сулуусуң кыргыз жери, ырдан бүткөн.
Ысык-Көл — жердин көзү, кырлар-кашы
Адырлар — көкүрөгү, токой — чачы.
Дайралар — кан тамыры, чоку — таажы
Себеби, топчулары — ар бир ташы.
Кең түздүү, гүл денелүү — кыргыз жери,
Күн жүздүү, берекелүү — кыргыз жери.
Жылдыздар көк бетинен өчкөн кезде,
Көл чалкып, тоолор койнун ачкан кезде,
Дил жаркып, таң күлкүсүн чачкан кезде,
Көркүнө көрк кошулат кыргыз жери.
Сезилет ата мээри, эне мээри.

КЕЧКИ СҮРӨТ

Кардуу тоонун артына
Кулап кетти күн дагы.
Күңүрт парда тартына
Күүгүм септи түн дагы.

Көктө булут көчүүдө
Кызгылт өңү кубарып.
Көздү байлап мунарык.

Тентек шамал жөн билбей
Тынчыңды алат шыбырап.
Түн бетинде ак гүлдөй
Төрөдү жылдыз жыбырап.

Сүтак куштун анда-санда
Солгун үнү угулат.
Жаркыраса көктөгү ай да
Жалбырактар жуунат.

КОШ, ЗАМАНДАШ

Т. Абдумомуновго

Кош, замандаш, жүрөктөрдө элесиң,
Кайда кеттиң таштап өмүр кемесин?
Аттиң, аттиң...жашоо отун өчүрдүң
Жетимиштин ашпай туруп белесин.

Жаңы жылды тосоор кезде коноктоп,
Жакшы сөздү айтаар кезде жомоктоп.
Неге жумдуң күлкү чачкан көзүңдү?
Адам эмес, көк ыйлады шолоктоп.

Жакшылыкты жандай көрүп жактырып,
Жаркын күндөй күлөөр элең каткырып.
Коштошо албай ыйлап турду калың эл,
Кучагына кара жердин жаткырып.

Көңүлүнө кайгы салдың кыйланын,
Көлдөп жашым мен да өксүп ыйладым.
Жакшылардын жакшысынын бири элең,
Жаннатта да жолдош болсун ыйманың.

Кош, замандаш, дилибизде элесиң,
Кайда кеттиң таштап жашоо сересин?
Сендей доско, колдон келсе, жолотпой,
Сындырмакмын каргыш ажал жебесин.

СӨЗҮМДҮ ЭШИТ

Жетимишке жакындаган жашыма,
Жалаң күмүш аралаган башыма
Жарашыксыз боёк сүрткөн сыяктуу,
Жалган сөздү калыс болсоң ташыба

Алыс жүрдүк көп жылдары иш менен,
Ал кезекте агартууда иштегем.
Ар кыл, ар кыл сөздөр желип жүрүптүр,
Арабызда арзыбаган миш менен.

Кан майданга катышканбыз төрт жылы,
Кимдин анда өчкөн эле ындыны?
Кутман күнгө кошулганда башыбыз,
Кудай каарып ошол чактар жылдыбы.

Ажал курчап турган кезде дос элек,
Апыртылган арам сөздөн бош элек.
Ата-баба мурас кылып калтырган,
Аруулукту азыр эч ким тосо элек.

Эшит, курдаш, эзелкидей сөзүмдү,
Эне сүткө чайкайлычы сезимди.
Эки жолу бул дүйнөгө келбейбиз,
Эрөөн көрбө ушул тирүү кезиңди.

Көл этюду

Бетин жууйт түнкү Айга,
Ысык-Көлдөй мөл кайда?
Эрип кете жаздайсың —
Эртең менен маңкайса!

Тереңинде сыр жатат,
Төбөсүндө нур жатат.
Табериктей таптаза,
Түбөлүктүү ыр жатат.
Тоолорунда каары бар,
Териштирсең баары бар.
Оору болсоң — ага бар,
Оңдоп койчу дары бар.

Тереңинде өртү бар,
Терең берген эрки бар.
Тоңбойт, кышты жолотпойт,
Таң калтырчу көркү бар.
Ким көрүптүр мындайды,
Көркөмүн мактап ырдайлы.
Ырыскынын каймагы,
Ысык-Көлдө турбайбы!

Түркүн-түркүн сөз болуп,
Тууган болуп, өз болуп.
Турат дайым Ысык-Көл,
Таалайына көз болуп.

СОРОНБАЙ ЖУСУЕВ

ТООЛОР ЖАНА ТООЛУКТАР

Кыргыздын бешиги — улуу тоолор,
Ырысы-кешиги — улуу тоолор.
Жазмышы туш кылып мекен болгон,
Жай-кышы сөөлөттүү сулуу тоолор.

Жоо келсе айкырып: «Жеңем!» деген,
Кыргызы тоо сымал кебелбеген.
Аброю тоо сымал бийиктеген,
Тамыры тоо сымал тереңдеген.

Билбестер коюшсун туюп муну:
Бийикте эл жашайт уюткулуу.
Ал элде — бектиги ар-намыстын,
Ал элде — акылдын тунуктугу.

Тоолуктар киндиктен кан тамызган,
Жандары бирдиги байкалышкан.
Экөөнүн бир-бирине кулк-мүнөзү,
Тагдыры, таалайы айкалышкан.

Тоолуктар тоолорду энчилеген,
Бир болуп тоолордун эрки менен.
Тоолорун сатпаган, таштабаган,
Ар жакка темтеңдеп тентибеген.

Тоо өлсө кокустан жоо колунан,
Качпастан, жылбастан тоо боорунан.
Тоо менен кошо өлөт тоолук калкым,
Айрылбай жаны бир тоолорунан.

ӨЗ ЖЕРИМ

Адамы тоодой муюбас,
Адамы тоодой туруктуу,
Асманы көлдөй көйкөлгөн,

Асманы була булуттуу,
Шыкка бай шайыр жылгадан
Шылдырап аккан тунук суу —
Ала-Тоо — менин өз жерим.

Ак шардуу дайра күү чалса,
Аскалар кайрып коштогон,
Жайлоонун жаркын гүлдөрү
Жадырап сезим козгогон,
Гүлдөрү окшоп кыздарга,
Кыздары гүлгө окшогон —
Ала-Тоо — менин өз жерим.

Көлкүгөн көлү улантган
Көрккө көрк кошкон адатты,
Көңүлдү тарткан ак куулар
Көк көлгө чайып канатты,
Ак таңдай ырчы бүлбүлдар
Айтышкан алым сабакты —
Ала-Тоо — менин өз жерим.

Каруудан оңой тайбаган
Карысы нарктуу, сабырлуу,
Энелер айткан накыл сөз
Эм-дары сындуу жагымдуу.
Жайдары, сергек, кабелтең,
Жаштары өткүр, жалындуу —
Ала-Тоо — менин өз жерим.

Таң атса тоодон нур чачып,
Тамылжып жүзү жаркыган,
Маанайы жайнап маңкайып,
Таалайы ташып чалкыган,
Ачылган аруу ажары
Ак пейил, айкөл калкыман —
Ала-Тоо — менин өз жерим.

АЯЛЗАТТЫН АСЫЛЫ

Акылмандык, улуулук да, ирилик,
Асылзаттык — баары өзүндө биригип.
Кереметтүү Курманжандай кеменгер,
Келди кайра кыргызына тирилип.

Арабызда бүгүн биздин даткабыз,
Ал биз жакта, биз да датка жактабыз.
Өз кызы үчүн жүрөгүнө кыргыздын,
Сыйбаган кез сыймык менен мактаныч.

Сызды жылдар аны такыр барк албай,
Сызды жылдар ал элине байкалбай.

Курманжандын атын сактап көңүлгө,
Бирок, жүрдүк ооз менен айталбай.

Оолак кетип желдет жылдар сурданган,
Оомат келип жадыраган, нурданган.
Азыр ар бир адам тургай тили бар,
Аскадан да үн угулду: «Курманжан!»

Курманжандын аты ыйык, кутман ат,
Кунардуу ат, кымбат мөрөй уткан ат.
Кыздан кыраан шумкар таптап өстүргөн
Кыргыздарга бүт Күн чыгыш суктанат.

Мезгил кетип чындык күсөп зарыккан,
Мезгил жетип булуң-бурчту жарыткан.
Шаттан, кыргыз, асыл кызың даанышман,
Акырында алды өз ордун тарыхтан!

СУЛАЙМАН ТОО

Сулайман-Тоо Ош менен тагдырлаш тоо
Таалайлаш тоо, таптакыр айрылбас тоо.
Ариетин өзүндөй бийик сактап,
Ар-намысты Ошунан алдырбас тоо.

Сулайман-Тоо — Ош менен тамырлаш тоо,
Сырдаш, курдаш, ынак тоо, кадырлаш тоо.
Эзелтеден кебелбей бекем туруп,
Эл көздөгөн максаттан жаңылбас тоо.

Сулайман-Тоо Ошко ыктап, шерик турат,
Эл сыйынып ар жактан келип турат.
Адамдардын аңсаган тилектерин,
Ыймандуу тоо, ыйык тоо берип турат.

Омок болуп Ошуна уланган тоо,
Ош кубанса, оштонуп кубанган тоо.
Оштун сөөлөт, сыймыгы, мактанычы
Ооматтуу тоо, сулуу тоо — Сулайман-Тоо!

БАРПЫГА

Өжөр чыктың, өктөм чыктың жашыңдан,
Өткүр ырың темир кескен, таш кескен.
Татаал жолдо тагдыр менен таймаштың,
Катаал жолдо кастар менен кармаштың.
Ырларыңдын баркын бийик сактадың,
Ырларыңды ыйманыңдай сатпадың.
Ыр болучу баары бүткүл оюңдун,
Ыр болучу баары тулку-боюңдун.
Сен ашыклык ырчысы элең таңшыган,
Сен ырдасаң селки жаны балкыган.
Ырыңды угуп, учкун жанып сезимден,
Ышкы күчөп, нечен жүрөк эзилген.
Өзүң — азиз, көздүү эле жүрөгүң,
Өргө карай көздүүлөрдү сүрөдүң.
Ай-ааламды жүрөк менен көрчү элең,
Айтыштарда жалын элең, өрт элең.
Караңгыда жарык сөздөр тапчу элең,
Калың журтка ыр жакутун чаччу элең.
Адам таппас ырыңдын бир өөнүн,
Акын элең тилиңде бар сөөлүң.
Асыл ырың тирүү — сен да тирүүсүң,
Ала-Тоолук акындардын пирисиң.
Ар бир акын барктуу ыры аркылуу,
Албетте, бар акындардын ар кылы.
Атпай кыргыз аздектешип туу тутат,
Ар кыл, ар кыл акындардын артыгы
Аттап өтөр сан кылымдан Барпыны!

АК МӨӨРДҮН АРМАНЫ

Тагдырымдан эртелеп,
Таза, мөлтүр махабат күткөн элем.
Ак куу сындуу эркелеп,
Асмандай көк Соң-Көлдө сүзгөн элем.
Ал Соң-Көлдөн айрылып,
Ак канатым кайрылып,
Жантай хандын торуна түшкөн элем.

Кенен Кемин тар болуп,
Оор кайгы төбөмдөн басты мына.
Көкүрөктө зар толуп,

Көзүм жетти бактымдын аздыгына
Ичке катып бугумду,
Ичке катып муңумду,
Жашым кулайт түн сайын жаздыгыма

Башта ойлоп күтпөгөн,
Көңүлүмө көп санаа солоп келем
Айта берсе бүтпөгөн,
Ак сүйүүбүз теңелди жомок менен.
«Мөкүшүм!» деп жанымда,
Жантай турган чагында,
Жаным учуп, айкалат Болот менен.

Ашыгымды, ырчымды,
Эстеп, эңсеп, өңүмдөн азып жүрөм.
Ага арнаган сыйкырдуу,
Махабатты жүрөккө катып жүрөм.
Аны көрүп түшүмдө,
Бирге батып үзүргө,
Ай нур сепкен жайлоодо басып жүрөм.

Өмүр жоосу — кейиш дейт,
Кейиши жок күндөргө жетпей келем.
Хандын үйү бейиш дейт,
Бирок, бейиш экенин сезбей келем.
Көп-көп келген көңүлгө,
Көпкөк сонун көлүмдө,
Эркин сүзгөн кезимди эстей берем.

О, тагдырым, тагдырым!
Ушунча да сен таш боор болосуңбу?
Баарын үйүп кайгынын,
Өмүр бою зарлантып коёсуңбу?
Күң болоюн өзүңө —
Бир көрсөтчү көзүмө,
Аңсап жүргөн асылым Болотумду!..

Алматыга аттанып,
Каада менен жөнөгөн хан жогунда
Болот келди апкаарып,
Айланада аңдыган жан жогунда
Сүйүү чачып жарыкты,
Жаныбызды жарытты,
Асманда ай, өргөдө шам жогунда

Кадыр түнүм, жашырып,
Бизди суук көздөрдөн сактай турчу.
Адатыңдай ашыгып,
Караңгыңды таратып чачпай турчу.
Биз жолуккан ушул түн,
Болсун сырдуу, узун түн,
Жайкы таңым, кечеңдеп, атпай турчу!

Таң эрте атып кашкайып,
Жолто болду ширелүү сөзүбүзгө.
Болот таңдан аттанып,
Салды дарттуу жүрөктү өкүнүчкө.
Кайра ажырап колубуз,
Кайра ажырап жолубуз,
Кош айтыштык жаш алып көзүбүзгө...

Жел шыбыры үгүлду:
«Көрүшпөйсүң экөөңөр!..» деп
айткандай.
Ушул сөздөн туюлду.
Жарк-журк этип чагылган, сел аккандай.

«Хан келатат!» дегенде,
Кан муздады денемде,
Жантай эмес, жан алгыч келаткандай!..

АДЫРДА

Алыста тоолор керилет,
Ак булут калкыйт берилеп.
Маанайы жарык жазгы адыр
Магдырап жатты мемиреп.

Эргиди көккө боз торгой,
Эштенди сайрап токтолбой.
Кошулду ага башкасы
Комузчу, ырчы достордой.

Шыбакка шыбак ыкташат,
Шыраалжын коңур жыт чачат.
Асманда чарчап торгойлор
Адырдан шыбак жытташат.

Кооз жыл бул жыл, мыкты жыл,
Колоттун ичи жык кызыл.
Айлана туташ кызгалдак —
Адыр бүт кызыл, кыпкызыл.

Көрүнгөн бийик аскары,
Көгөргөн ыйык асманы.
Ата-журт эмне экенин
Адырда сездим жаздагы.

ЖЕРДИ САТКАН ЭЛ САТКАНГА БАРАБАР

Кайда бурса, ал жакка аккан суудайбыз,
Качангача биз башканы туурайбыз?
Өз башыбыз ойлонбосо өзүнчө,
Өсмөк тургай, өбөктөйбүз, куурайбыз.

Ар кимдерди туурап көнгөн пендебиз,
Акимдикти таңууладык элге биз.
Акимдиктин түп мааниси — өкүмдүк,
Анан биздин демократ эмнебиз?

Жери көптөр кенен жерин сатышса,
Жерден пайда табабыз деп ашыкса
Биз да дүрбөп жер сатууга умтулдук,
Көнгөнбүз да көз акыйтып Батышка

Башкалар бай, а биз жерге жардыбыз,
Жер жетишсе ачпайт болчу кардыбыз.
Жерди саткан — эл сатканга барабар,
Эл ажалы — өз жеринен айрылыш.

Өктөм бийлик өжөрдүгүн тыйганда,
Жерге ээ болуп эл өкүлү тынганда
Жерин сатуу — жанын сатуу кыргыздын,
Болмок беле өткөн кордук мындан да?

Жерди сатпай, берсе болот карызга,
Сатсаң, кайра алалбасың анык да.
Кыңыр ишти бергиле деп түзөтүп
Кыргыз кийин кимге бармак арызга?
Жетекчилер, үмүт үзүп койгула —
Жер саткандан калбайсыңар тарыхта.

Кененирээк, тереңирээк ойлойлу,
Келечекке кылмыш кылып койбойлу.
Кырк байталга сатып ийген Кордойду
Кыйшык баштуу бабалардай болбойлу!..

МУКАМБЕТКАЛЫЙ ТУРСУНАЛИЕВ

ТАМСИЛДЕР

ЖЕПЕН

Капырай, чүкөдөн да,
Не бир укмуштар чыгат экен.
Ошонун бири
Сары чийкил Жепен.
Ага тең калса да болот,
Себеби —
Кандай өкчөсөң да конот.
Атайылап куюлганбы кыт,
Айтор, бөк жыгыларында
Айкүр коно калат тык.
Кээ бирде ойлойсуң:
Ай эми түштүңго деп чик,
Бирок, карасаң
Оңкосунан турат типтик.
Эсеби
Жетпейт ага баа,
Отко таштасаң да
Тура калат го таа.
Ошондо тең калып
Башыңды чайкайсың: «Да-а!»
* * *

Айткылачы,
Ушуга окшогон Жепен
Адамдан чыгат болду бекен?!

КОЧКОР ЖАНА ТЕКЕ

Кочкор демейде менсинип
Кошчу эмес жанына
Текени теңсинип.
«Ары коркок, ары соргок» деп,

Андан табаар эле толгон кемчилик.
Жолугуп калышты бир күнү
Дал ушул экөө,
Чоң суунун жээгинде жекеме-жеке.
Ташкындаган дайрага карап,
Кочкордун үрөйү качты
Бүткөн боюна калтырак тарап.
Анысын билбей
Текеге берет кеңеш:
«Кече бергин коркпой
Бул жери анча терең эмес.
Чөгүп баратсаң эгер,
Кочкор досуң бар — колун берер».
Теке буга мыйыгынан күлүп,
Айткан акылың түзүк,
Мен го чыгамын сүзүп,
Бирок, ушул ирет өзүң башта
Биринчи болуп сууга түшүп?»
Макул болмок кайда буга,
Кочкор тизгинин жыйып,
Баса берди жыла
* * *

Тоодон түшөрдө — таскак,
Тоого чыгарда — аксак деген мына

АЛМА ЖАНА ТЕРЕК

Өз боюн өзү айга теңеп
Менменсип турган экен сулуу терек.
«Боюм узун, өзүм сулуу,
Мага мындан башка эмне керек?» —
Бир күнү так ушундай ойго келет:
«Мына бул алманы айтсаңчы,
Бою да кыска менден,
Же айтпаптыр буга өңдөн —
Дейт дагы,
Алмага мындай суроо берет:
«Э, Алма, Алма,
Сен эмне өспөйсүң алга?
Ары колу-бутуң майрык,
Кебетеңди көрсөм
Жүрөгүм кетет айнып.
Болом деп сага коңшу,
Деги арыма келем койчу...»
«Ырас, ырас кошунам Терек,

Сулуулугуң сенин ашынган жедеп.
Бийиктигиңчи!.. Асман мелжеп.
Бирок, асылзаттыктын баары,
Сулуулук менен бийиктикте эмес,
Билерсиң аны.
Демек —
Өз «көлөкөңдү» өзүң ченеп,
Мактанууга негиз жок Терек.
Болбосо ар жыл сайын менчилеп,
Бергениң барбы жемишиңден белек?!»
—
— Деп айткан экен Алма
Белгилүү да анда,
Теректин калгандыгы
Кандай алда
* * *

Арабызда кездешет,
Адам турпаттуу терек.
Ал эстей жүрсө —
Элдин жүргөндүгүн баалай:
Даракты — жемишине
Адамды — ишине карай.

БЫШПАГАН КӨМӨЧ

Жогорку айылдан Жоломан,
Төмөнкү айылдан Элеман,
Четкисинен — Чекмурат,
Беркисинен — Бекмурат,
Жолугуп калып бир күнү
Мына мындай кеп курат:
«Башкалар суктанышсын мейли,
Бир жакшы көмөч бышырып жейли».
Ошентип,
Алоолонтуп от жагышты,
Бирден көсөөнү колго алышты.
Бир маалда даяр болуп чок,
Кыймылга кирди көсөө шок.
Ошондо карасаң
Баягы биримдиктен дайын жок:
Көмөчкө тийсин деп илеби,
Чекмурат акең
Чоктун дандуусун өзүнө шиледи.
А Бекмурат буга көнөбү,
Таптуу жерге
Өз көмөчүн бөлөдү.
Анан жөн калбады Жоломан,
Ээ бербеди Элеман
Кыскартып айтсак кепти —
Чоктун берекеси кетти.
Акыры жалпы тил табышпай,
Көмөч калды бышпай.

* * *

Тамсилдеги сыр:
Ушинтип ишти тушайт
Өзүмчүлдүк чыр.

КАМГАК

Качкан эмедей бирөөдөн коркуп,
Келаткан эле Камгак жортуп.
Көрдү да аны Эрмен,
Мына мындай суроо берген:
«Желип-жортуп эрбең-эрбең,
Жерге жукпай жүргөнүң эмнең?
Же пааналашка бир жайды,
Жок беле сенин туруктуу жергең?
Деги кайда жөнөдүң башыңды
качырып,
Андан-мындан бир тийип изиңди
жашырып? —

Анда Камгак:
«Жүргөнүм бул жерден жер тандап:
Ойдогудай кызмат таппай,
Анын үстүнө,
Барган жерлердин абасы жакпай» —
деди да..
Жүрүп кетти калдактай.
Андан ары алдынан чыкты Ак куурай:
«Эй, Камгак!
«Кайда жөнөдүң чамдап?» —
«Шаарга — кызматка,

Жашагым келбейт кыштакта».
Айтты да муну Камгак,
Жөнөй берди баягыдан чамдап...
Келе жатып ошентип,
Бир убакта..
Кулады жардан типтик.
Ошондо,
Камгактын жүрөгү согуп: дик-дик,
Кобурады өзүнчө:
«Тупик... туп-и-и-к...»

КОРООЛУ

Адетинче Короолу
Кыдырып чыгып короону
Келди да учуп чоң бакка,
Секиригин баштады:
Дарактан даракка, бутактан бутакка.
Короолуга Көксоору
Жолугуп калды бу тапта
«Таанышып коёлу,
Мен — кадимки Короолу!»
«О-о, Короолу?!
Жакшы, жакшы,
Бирок, айтчы сен оболу:
Бутактан бутак тандай,
Бир минутча тыным албай,
Чебелендеп секире беришиң кандай?»
«Калп айткан менен болобу, —
Деп сүйлөйт биздин Короолу, —
— Бутактар мага туруштук кылбай,
Мен конгондо
Аз эле жерден калат сынбай.
Ошондуктан которулам да тынбай...»
«Ой, б-а-а-ракелде-е, Коке, баракелде,
Дүйнөдө сендей алптар али бар экен
да» — деди да..
Көксоору сызды мейкинге.

***

Болбосо экен эч ким Короолунун
кейпинде.

Эргешбай Узакбаев

АЗАТТЫК

Эчен кылым агып келип токтолбой,
Эки орто кумга сиңип жок болбой.
Эңсегенге эми жеткен экенбиз,
Эркиндиктин туусун тутуп кош колдой.

Өз үйүнүн ээси болуп өзү эми,
Өйдө карап сүйлөп турган кезеги.
«Жети атанын жери үчүн!..» деп, ал
тургай,
Желпинебиз жерге койбой кесени.

Өз суусунун өзү тыңшап агымын,
Өз көлүнүн өзү кармап балыгын.
Өргө чапчып турган кези өрөпкүп,
Өз тоосунун өзү тартып тамырын.

Түркүн түстүү дүйнө элинин көзүнчө,
Түндүгүнөн түтүн булап өзүнчө.
Түшкө кирет өткөндөрдүн элеси,
Түндө жатып таттуу үйкуга көшүлсө.

Бирде бузсак, бирде кайра жасаштык,
Бирде таамай, бирде кайра жаза аттык.
Онтоп жаткан кездер болду бир далай,
Оңой менен колго тийбей азаттык.

Азаттык деп кан төгүшүп, жанды да
Берген кездер тээ алыста калды да
Азаттык — бул тердеп ичкен чай эмес,
Арбын-арбын түйшүк турат алдыда

Жеңил болор жетер жерге кол созуу,
Оңой болбос асман-жердин ортосу.
Өзү бышып, көктөн түшө калгыдай,
Арзан болбос азаттыктын сорпосу.

Азаттыктын жыргалынан азабы
Арбын белем, кыйнап турат базары.
Музга аскандай дымый түштү бирпаста,
Калың журттун кайнап жаткан казаны.

Чар тарабың турган кезде эңиштеп,
Чама жетсе чарчоо керек көп иштеп.
Жетимиш жыл жыйнаганды кашыктап,
Жети күндө төгүп алдык чөмүчтөп.

Жаткан кезде күчөп турмуш толкуну,
Күнөө болор күн чубактап олтуруу.
Мурункуну кийинкиге калтырбай,
Муун парзы — бөксөргөндү толтуруу.

КАЙДАН, КАНТИП, КАЙДА?

Бир суроо көңүлгө уюп калыптанган,
Бул жерге кантип келдим, кайдан
келдим?
Жашынып тоо артына калып калган,
Жаз деген жашыл ыраң жайдан келдим.

Абайлап өткөн жолду алайын деп,
Алкынтып азоо минбей басып келдим.
Жөжөнү жөндүү болсо санайын деп,
Жөө жалаң жетимиш бел ашып келдим.

Бул жакка анча шашпай барайын деп,
Буркулдап буура минбей басып келдим.
Бийиктен бир кылчайып карайын деп,
Бир эмес жетимиш кыр ашып келдим.

Байсалдуу ак жолуңда келе жаткан,
Баарына токтоо болбойт кезиккендин.
Күнү-түн күүдөн жанбай демеп аккан,
Күргүштөп жетимиш суу кечип келдим.

Жаз аттуу жашыл өзөн жайдан чыксам,
Мен бүгүн, билесиңби, кайда келдим?
Салбырап сабагында мөмө бышкан,
Күз деген күмүш түстүү жайга келдим.

Өмүрдүн кененинен жуугу көп,
Өзгөрмө өйдө-ылдый жыш учурап.
Аптаптуу ысыгынан суугу көп,
Алдыда ак чапанчан кышы турат.

АМАНЧЫЛЫК

Үйүм бар үч терезе, эки бөлмө,
(«Үптөр» бар үй кармаган жети жерде).
Таарынбайм, дасмиямды сынай карап,
Тапканы кайда мунун дечүлөргө.

Жайым бар жалгыз балкон, эки бөлмө,
(Жайлар бар жалгыз жанга жети бөлмө).
Ыракмат, ызат менен ыйба карап,
Ыр чүргөп жыргап жатат дечүлөргө.

Жыргалды издебедим үйдөн-жайдан,
Жыртыкты бүтөмөкмүн кантип,
кайдан?!
Деп таза, сергек басып жүргөнүмдү
Деп билем өз үйүмө тийген пайдам.

Бакытты ким күсөбөйт адам туруп,
Байлыктан ким көрүптүр жаманчылык
Бирок да бир чындык бар: бакыт-
байлык —
Бул өзү алды менен аманчылык.

Тил безеп, тирек кылып адалдыкты,
Тирүүлүк жеңе келген жамандыкты.
Эмесе кем-кетиктен кеп таштабай,
Эң обол эстейличи амандыкты.

ӨМҮР ЖАНА ЖЕР-ЭНЕ

Сүт уйкулуу, коён буттуу балалык
(Балалыкта баары болот чалалык).
Мезгил деген мейкин бөлүп ортону,
Мел-мел этет андан берки аралык.

Чуу түшүрүп, чырпык минип жыңайлак,
Чуркачу элек тунук сууну ылайлап.
Бүт боюна бала жытын сиңирип,
Бактысына балкып турчу бул аймак.

Ошол балдар бүгүн менин оюмча,
Оюн салган музоо экенбиз моюнча.
Биз эскирдик, биздин буттан калган
жер,
Бир чым этпейт, ошол эле боюнча.

Ошол чакты түшүп кеткен түпкүргө,
Ойлоп алып: «Олда түбүң түшкүр!..» де.

Чукул жерден чу коёрун билбепсиң,
Чуркап жүрүп чаң, топурак үстүндө.

Сен улгайып кечээ күнкү жаш бала,
Сезимиң да, кыялың да башкада.
Жер кебелбейт жемиш төгүп койнунан,
Жетимиш жыл бут алдында жатса да.

Балалыгың байкалбастан эми эле,
Басып кетет, чарчоо келет денеңе.
Жүз жыл жүрүп, картайганда кайтсаң
да,
Жүзү жайнап тосуп алчу жер-эне.

БИР КЫЗЫК

Түндү түрүп таң атканы бир кызык,
Жерге шоола таратканы бир кызык.
Аздан кийин уясынан кылтыйып,

Күн өйдөлөп баратканы бир кызык.
Таңды атырып, күндү кайра чыгарып,
Табийгаттын жаратканы бир кызык.

Аба кечке бир салкындап, бирде ысып,
Кечтеп барып күн батканы бир кызык.
Күндүз кечке жата берип жашынып,
Ай-жылдыздын түн катканы бир кызык.
Дүйнө жүзү куш үйкуга магдырап,

Көздү жуумп тим жатканы бир кызык.
Таң кайра атып, түн пардасын ыргытып,

Күн күлүңдөп жайланганы бир кызык.
Чырмалашып күн менен түн арасы,
Чарык жиптей байланганы бир кызык.
Буйла чоё токтоп калбай бир секунд,
Жер огунда айланганы бир кызык.

Асан Токоев

АЗАМАТ

Көлөкө көп узарып,
Кечки бешим болгондо.
Күндүн мурду кызарып,
Кырга нуру конгондо.
Эркин бир ыр ойлоно,
Эми олтурдум толгоно.

Капысынан кылт этип,
Кыял учту жылт этип.
Шылдыр суу бар коктуда,
Шыкалгандай карагай.
Шамал келди соктуга,
Шашма чиркин жадабай.

Саанчы жеңе Сайранын,
Самап ичип айранын.
Даам сызып колунан,
Далай жегем каймагын.
Алар конгон Көк-Конуш,
Ар жагында дайранын.

Тектирдеги катар үй,
Тегиз эле жылкылуу.
Ырды сүйсөң, ырда, сүй,
Жылкычы калк ышкылуу.
Тоонун сырын билишет,
Жайда салкын, кыш жылуу.

Дал ушул жер акындын,
Толтурат да акылын, —
Деп турганда, Тургунбай,
— Агай, — деди акырын.
Кол уч менен көрсөтө,
Как өзөндүн алкымын.

Тээтигинде, карасаң,
Телпилдеген бир атчан,
Ак оронуп башына,
Айыл жакка бараткан.
Эси кеткен молдо дейм,
Элге эскилик тараткан.

Кара, неге шашылат,
Кашаң атта өчөндөп,
Кайра-кайра камчылап.

Сурайт экен үн чыкса,
«Ой, ким өлдү, ким өлдү?»
Жүрү, байке, кууйлу —
Деп кабагы бүркөлдү-

Жатып калма чүрүшүп,
Жабышкан дарт апама
Эртең менен бүрүшүп,
Олтурду эле капада.

Эмине шам молдого,
Кызыгат да олжого.
Атам акча берген да,
«Айыктырам» деген да
Билген экен Тургунбай,
Байкабапмын мен анда

Кээде басып күйүгө,
Келдик жетип үйүнө.
Төрдө отурат молдокең,
Төшүн керип сүйүнө.

Суу ууртайт да, шорулдап,
Сүйлөп коёт кобурап.
Көзүн жумуп баш чайкайт,
Көшүгөндөй жобурап.
«Же бир эчки, же бир кой,
Иши кылып түлөө сой?»

«Койгун» дедик жалганды,
Молдо дароо токтолду.
Биздин ушул сөзүбүз,
Бир атылган ок болду-
Тышка чыгып Тургунбай,
Ошол бойдон жок болду.

Көккө жылдыз ширеди,
Түндү чоку тиреди.
Ал аңгыча алыстан,
Ай асманды жиреди.

Кайда кетти Тургунбай,
Кайра неге кирбеди?

Ээрин алып тушамак,
Эми чыкты жылкычы.
Эмес эле качанаак,
Жок байлануу быштысы.
«Чыдабаптыр, — деп кирди, —
Тургунбайдын ышкысы».

Ушуга таң каласың,
Тындыргандай санаасын.
Минип кеткен быштысын,
Издеген жок баласын.
Мүмкүн кеткен жылкыга,
Анда азамат мыкты да

«Дем салам», — деп, — сүф-сүфлөп,
Молдо төрдө бүлкүлдөп.
Конуп калган кете албай,
Ай, кыныккан экен ай...
* * *

Татты үйкумдан ойгондум,
Чыккан үнгө таңдагы.
Ак халатчан бойлуу кыз,
Элдин сүйгөн ардагы...

Кирген кезде үйүнө,
Кужулдадык сүйүнө.
Ыраңы учуп молдокең,
Ыргып түрдү түйүлө.
Жору сымак талпылдап,
Жол бошотту күйүнө.

Ырас болду келгени,
Көрүп сыркоо энени.
Нары-бери дарылап,
Нымшытты бейм денени.
Ай, Тургунбай азамат,
Түндөп жетип доктурга,
Кабар берген экен бат.

Аздан-аздан оболу,
Алган дары оң болду-
Сыздабады онтолоп,
Сыркоо эне оңолду-

Врач кызга ошондо,
Алкыш айтты энеке:
«Өмүрүңө береке!
Молдо тура кепинчи,
Ишенбесмин экинчи!»

ЭКИ ДОС

Желдей учуп күн кыска,
Же карабайт ыс-пыска
Жаткан элем жайлоодо,
Жайкы бир ай отпуска

Жакшы бала бир аты,
Жаңы айылдын Мураты.
Жанымда бар жана да,
Жаныш достун Булаты.

Мурат деген ким өзү,
Жылкычынын бүлөсү.
А ким десең Булат дос,
Атасы бар илимпоз.

Алар менен достошуп,
Болгон сырды козгошуп.
Кармасам дейм бир дастан,
Кайтарымда коштошуп.

Жай асманы чаңкайып,
Жайлоо жатат чалкайып.
Опол тоодо калың үй,
Оттоп жүрөт балпайып.

Аппак койлор кырдагы,
Алар ырдын ыргагы.
Маңдай жакта тасма жол,
Машина учат оңду-сол.

Тоого-тоолор бүктөлүп,
Жонуна кар жүктөлүп.
Толгон тонна суу алып,

Толкун болуп чубалып.
Чубай-чубай баратат,
Алды жерге түптөлүп.

Учкул кыял ушундай,
Учуп турган убагы.
Агалбады урунбай,
Ак чач апа-булагы.

Эки достун эмесе,
Аңгемесин угалы.
Аяк-башын имерип,
Бир талкуулап чыгалы.

Чыкты кызык Булаттан,
Чымчып коюп кулактан.

— Карачы, — дейт, — асканы,
Калган тура илинип.
Чокусунда көк асман,
Турат экен илинип.

Кайкыда суу бүлүнүп,
Кайда барат жүгүрүп.
Кулач уруп бийиктен,
Кулаганбы сүрүлүп.

Күлдү Мурат борсулдап,
Карай берип асканы.
— Айран төккөн ал чоку,

Атамдын жөө басканы.
Андан ары а кайда,
Спутниктин асманы.

Андан ашкан бийик бар,
Адам бакпай семирген,
Аскадан муз кемирген,
Ай мүйүздүү кийик бар.

Тоонун суусу кечкениң,
Тоонун суусу ичкениң.
Кышта үйүңдү жылытат,
Кириңди бүт ыргытат.

Деди Мурат жылмайып,
Десе десин, кимде айып.
Кара бала катыңкы,
Тиши кетик астыңкы,
Турду Булат ыржайып.

Айды черткен тоолорум,
Ата болуп көрүндү.
Алтын апам—ак баш суу,
Ала качты көңүлдү-

Малга дайым суу белен,
Машина да суу менен.
Тамак бышат үйлөргө,
Кандай керек суу деген.

Уктабаган, тынбаган,
Жара чапса сынбаган.
Ойго жемиш жайнатып,
Обону бар ырдаган.

Фабрика, заводдун,
Бардыгына орногон.
Суусап жутат жумушчу,
Шорголотуп чоргодон.

Жер бетине тирилик,
Суудан келет тирилип.
Кызылчабыз кант болот,
Ал да сууга киринип
Ана кетип баратат,
Окторулуп, жүгүрүп.

Кыткылыктап каратты,
Күлкүсү экен булактын.
Ойду бурган өзүнө,
Сөзү кызык Булаттын.

— Көрбөгөмүн мурда мен,
Койдун мынча көптүгүн.
Барат кырга жарышып,
Оттоп жерге жабышып,
Байкап турам көктүгүн.

— Кой ошондой жайылат,
Кыл чокуга жеткенде,
Койчу бери кайырат.
Килтилдетип жондорун,
Кардай аппак май алат.
Кеч киргенде кайрадан,
Үй жайына жай алат.

Койлорум ай, койлорум,
Көпкө сенде ойлорум.
Жарашыгы ой-тоонун,
Жайылышы ой, сонун.

Байкап күнү-түнүңдү,
Багып жүргөн азамат.
Кийип сенин жүнүңдү,
Көркү чыгып адамзат.

Сенин жүнүң жылыткан,
Чолпонбайды согушта.
Сенин жүнүң жарашкан,
Зууракана конушта.

Сөз кезеги Булатта,
Мындай деди уланта:
Көчүп бардык жаңы үйгө,
Кең көчөнүн башына.
Күлүм деген эже бар,
Күндө келет машина

— Легковойбу кичине,
Түшөсүңбү ичине?
— Жок, ичинде булар бар,
Саала турган үйлар бар.

Ак челекте жык-жыйма,
Жамбашына бөктөрөт.
Эртең менен кечинде,
Эки маал сүт берет.
Кээ күндөрдө үч келет.

Көтөрүлүп көңүл шок,
Бырс этипмин айла жок.
Айтканын көр буларды
Татынакай бөбөк ай,
Таркатты бейм кумарды.

Көтөрүлбөс Булатты,
Көп сүйлөгөн тамаша.
Куудул дедим бир аты,
Кыялы куп жараша
Ай бөбөктөр, бөбөктөр,
Ата-энеге өнөктөр.

Көркү булар мектептин,
Шаңы булар мектептин.
Жазуучу дос үйрөнөр,
Жаны булар китептин.

Төлөбекти тартабы,
Төлүн төргө айдаган.
Зуураканды тартабы,
Жер тамырын майлаган.

Илим жатат эмеспи,
Изинде ар кадамдын.
Иштейби Иса, Мамбетче,
Өмүрү үчүн адамдын.

Же Айтиев, же Чыңгыз,
Же Тишеев, же Самат.
Илимпозбу, же башка,
Иши кылып азамат.

Абдылда Белеков

КАРАБАЛА

Айрылап жүгүн салып арабага,
Кош атты «ноо» деп койду Карабала.
Олтуруп чыкчырылып оң жагына,
Баратат баракелде, мына кара!..

Өзү да, өз аты да Карабала,
Оор барып, жеңил кайтат обон сала
Жүк менен кара жолдон каршы келсе,
Сулуулар суу көтөргөн ашык ага:

— Ай бала, Карабала, бери кара!
Кулак сал жигит болсоң бери мага
Мүлкүңдү кайра төктүң, март
белемсиң,—
Деп сурайт, айландырып тамашага.

— Акмалап көздү салсаң арабага,
Алпарып азык төгөм ай талаага.
Тер агып бучкагыңдан буурул күздө,
Жетерсиң, жеңекебай чын санаага

Айтат да ушул жообун жөнөп кетет,
Ал өңдүү шок келинге ушул жетет.
Сыртынан десе дагы келин: «чечек!»
Ичинен жалынды го болуп: «секет!»

БИЛЕСИҢБИ СЕН

Арбын жаздым ырдуу катымды,
Айтпадың го, жок же макулду.
Асылкечим, билесиңби сен,
Ал каттарга тамган жашымды.

Роза гүлдөй боюң ыргалат,
Радугадай жүзүң нурданат.
Раазы болуп жаным жай алсын,
Райым кылып күлчү бир карап.

Ичке салдың ысык коргошун,
Ичтен сызып жүрөм тоңдоосун.
— Илдеттүүсүң, бар — дейт, — врачка,
Иниң сенин — менин жолдошум.

— Менин оорум эч ким биле алгыс,
Махабат — ал, жанга тил алгыс.
Мындай десем: — кайда, көрсөт — деп,
Мыктап сурайт, иним: — ким ал кыз?

Айталбадым, оозум батпады,
Ачылбады сырдын капкагы.
Ала салып түндө түйшөлөм,
Азап болуп таңдын атмагы.

Дагы жазам ырдуу каттарды,
Дабаа болуп, жүрөк шаттанды.
Даанышман кыз, билесиңби сен,
Дарак бүрдөп турган чактарды...

АЙ БАРАТАТ

Ак булутту аралап, Ай баратат,
Аккуу болуп көлдөгү жай баратат.
Аталбайсың Ак кууну оңой менен,
Жеталбайсың айга да жел ой менен.

Жеткичекти жетпестен калган жакшы,
Жетип азап жегиче арман жакшы.
Жетем десем сулуу Ай жетер элем,
Көк деңизин булуттун кечер элем.

Сүзө бергин алтын Ай көгүң менен,
Мен карайын өзүңдү теңим менен.
Сага жакшы сезилсе булуттуу көк,
Мага жакшы көктөм жер жемиши көп.

САЛКЫН ЖЕЛ

Карайсың кара көз менен,
Кара таштыр сезбеген.
Айбы, же күнбү күлүшүң,
Айталбаймын сөз менен.

Жагымдуу жазгы күндөрдөн,
Жыттуусуң жыпар гүлдөрдөн.
Бүлбүлү деймин тилиңди,
Буларды сага ким берген?

Аппаксың түшкөн кардан да,
Ачасың көңүл барганда

Жабыркап жүрөм жаз бою,
Жаркыным, келчи жардамга

Көрүндүң көзгө башкача,
Көңүлүң суудай таптаза

Өзүңдөй таза салкын жел,
Өмүрдү бүтүн каптаса

ЖЫЙЫРМА БЕШ ЖАШ

Жыйырма беш жаш, атың ким?
Жыттайсың дайым атыр гүл!
Мээриңди салчы бир жылга,
Мейманга келдим мен бүгүн.

Кылычтын мизи өтпөстөй,
Кырсыктар кууса жетпестей.
Кырчылдайсың жыйырма беш,
Кылымга жашап кетпестей.

Токтогул ырдап жаткандай,
Толкунуң тоону баскандай.
Толуп турсаң жыйырма беш,
Токтойбу деймин асманда ай!

Ташкының барда ташты кес,
Тамшанып калчу биз эмес.
Өрнөктүү болуп жашасаң,
Өмүрүң дайым жыйырма беш!

Жумакан Тынымсеитова

* * *

Арага жылдар салып көрүшкөндө,
Айтылуу сыпайы сөз бөлүшкөнгө.
Жан дүйнөм салкындыктын жытын сезди
Жашынып жаткан ички көмүскөдө.

Бетиме каным тээп чыга келген,
Беттешип туруп калдык кыя жерден.
Жүрөк бул капчык беле, бурчта жатчу
Көрүнгөн жип-шууларды жыя берген.

Өпкөлөбөйм, ал жеринен башка адам да,
Ысып туруп карлаган жаз таманда.
Аяна буга деген сезимимди
Жол берип өтүп кеттим аста гана!

Түнкү палата

Не деген мойну узун түндөр деги,
Алдейлеп мен түндөрдү, түндөр мени.
Эш болот уйкусу жок көңүлүмө,
Эшикте ак жамгырдын сүйлөгөнү.

Ак жамгыр комуз чертет шартылдатып,
Чагылган жарк-журк этет алтын чачып.
Жебеси дубал сааттын селкинчек тээп,
Өмүрдү кетилдирет тамчылатып.

Жаткансып ичинде тар кумуранын,
Жан-жакка санаа менен урунамын.
Түндөр ай, неге узаксың зарыктырган,
Тез кайтчы, айланайын сулуу таңым!

* * *

Сайрандардан алысмын да тим жатам,
Табылыңкы жүрөгүмө тил катам.
Мазактаган санаалардан арылтып,
Махабаттын шамалы урат бир жактан.

Ой көлүнө терең батып турганда,
Аяк баспай эссиз-көзсүз жыргалга
Мен өзүмдү сооротомун ыр менен
Мен санаага түшүп бербейм курманга.

Жаным менин жанар тоодой түтөөдө,
Турмуш мага, мен турмушка катаалмын.
Ойдогумду ашырам деп жүзөгө,
Далай ачуу, далай таттуу татармын.

Кош-жол

Кош-Жолум, кемибеген, кичирбеген,
Сен менин сырдашымсың кичинемден.
Канаты бар немедей зуулап анда,
Кайык ташча өзүңдө мизилдегем.

Ойдон кетпей Кош-Жолум ар дайыма,
Сагынычтан так этип таңдайым да.
Күлгүн бойдон кетип мен эми келдим,
Кош сызыкты түшүрүп маңдайыма!

Өмүргө кайтып келүү

Ал күнү жаан шатыратып күйду эле,
О, төгө түш, жаздын өктөм жамгыры.
Көрбөй калуу коркунучу турду эле,
Ак жааанды, күндү жана таңды бу.

Уккансыдым ырчы торгой ыргагын,
Ал чымчыктын чыйрыттаган үндөрү.
Жаа тартылса үзмөк өмүр кылдарын,
Менден бөлүп тирүүлүктү, дүйнөнү...

Картаң дүйнө калган экен жаш болуп,
Ажайып жаз аста сылап өткөнбү.
Көздөрүмдүн кычыгына жаш толуп,
Кучактадым шоокумдаган көктөмдү.

ЭРТЕ ЖАЗ...

Аяз чык-чык күчөнгөн,
Аса байлап кылычын.
Бурганакта теребел,
Бүгүп жаткан тымызын.

Кетти чилде карт дагы,
Келгин каптап асманды.
Жылуу деми булоолоп,
Жылып келди Март дагы.

Кар эрибей демделип,
Жатып алды көлбөрүп.
Душманыңдын акыркы,
Каршылыгы өңдөнүп.

ООРУКАНАДА

Керемет чачып көктө күн,
Кечээ эле келген көктөмүм.
Жанында жатып сезбепмин,
Жайдын да кышка өткөнүн.

Көөдөндө бир күү чертиле,
Көзүмдү тигем мейкинге.
Байкабайт врач... «баспа» дейт,
Баладай көнөм эркине.

Эңсөөсүз өтпөйт бир кечиң,
Эңсөөлөр менен биргесиң.
Саматат талаа, тоолорду,
Сагыныч деген бир сезим.

АКБАР ТОКТАКУНОВ

Сары Өзөн

Күлүктөн күлүк таптаарсың,
Күлүгүң мээнет актаар чын.
Күкүктөп аккан береке,
Күнөстүү Чүйүм, мактанчым!

Тооңдо бүркүт таптаарсың,
Тоо кушу мээнет актаар чын!
Сары алтын аккан сайыңдан
Сары-Өзөн Чүйүм, мактанчым!

Ойдуңуңда-түзүңдө,
Оонаган байлык күзүндө.
Шамалы алма жыттанып
Шаа жетпей калат түшүмгө!

Кызылча менен сөөлөттөш,
Кыз-келини мээнеткеч.
Менсинген кары-жаштары
Мекеним менен дөөлөттөш!

Ысык-Көл менен канатташ,
Чоң Нарын менен талапташ!
Пахтакер макмал Түштүктүн
Тарыхы менен баракташ!

Сары-өзөн Чүйүм чалкайып,
Ырыстуу чалдай балпайып...
Күлүңдөп турган кезеги —
Күн нуруна маңкайып!

Жер жыты

Даңкың кетип узун элдин учуна,
Үйүң толсо жыргал турмуш кутуна
Каалаганың, самаганың төп келип,
Каныкканың тууган жердин жытына!

Аба-суусу, ой-тоосуна кызыга,
Ак пейилден сугуң түшсө тузуна
Бүт дүйнөдө салыштырар теңдеш жок,
Киндик каның тамган жердин жытына...

Сур булуттун күүсү менен таймаша,
Ак мөңгүнүн жели беттен аймаса
Урунаарга тоо таппаган тентектей,
Удургуган көңүлүңдү жайласа..

Айлуу түндө көк бедени жаздансаң,
Ак мамыкка бой созгондой наздансаң.
Мемиретип жаш кулундай сергитээр,
Мээ сергитип жыргал жыттуу аткан таң.

Жайнап турса гүлдүү сонун түз көчөң,
Арзытканга көрктүүсүнөн издесең.
Жаш жубайың назик гүлдөй көз жарып,
Гүл жыттанган наристени искесең!

Андан артык жыргал барбы турмушта,
Жер илеби гүлдүн жытын бургутса.
«Кишилигин жер жутту» деп кеп кылат,
Кимдер жерди булгап басса, былгытса..

Гүлгө бөлөп какыр сайдын ташын да,
Жердин жыты бөтөн сонун жазында.
Булоолонгон айдоо жердин жыты бар
—
Буруксутуп кыз куюнган атырда...

Жай айында буудай бышса баш ыргап,
Алма жытын буркуратып жашыл бак.
Тер төккөнгө тегин койбой сый берген,
Жер байлыгы жылдан жылга асылдап...

Жүрөк дартым жер жытынан айыга,
Жеген наным дем-күч берет дайыма'
Өмүр суусу мүрөк суусу тамгандай,
Буркураган кызыл таттуу чайыма!

Чаңкаганың ынак кымыз кандырса,
Кызыл жүзүң жанган оттой албырса...
Жердин жыты сергиткени денеңди —
Көк чыгаарда төгүп өткөн жамгырча..

Тоо булагын жата калып шыңгытсаң,
Кырды бойлой күлүк минип
зыргытсаң?!

Жер жытынан эргигени көңүлүң —
Кекчил сырды көөдөнүңдөн ыргытсаң!

Жер жытынан кубат алган бүт балбан,
Жерди сүйөт, жерди жыттайт бүт
багбан!
Космос туусун желбиреткен эрлер да,
Жердин жытын искегенден шыктанган!

Көк-ойрок

Көк жибек жапкан тоо сындуу,
Көркөмүң күндөй шоокумдуу.
Кастарлуу жериң аралап,
Кандыргам бир жай моокумду.

Шаанилүү көгүш саймаң бар,
Шаркырап аккан дайраң бар.
Төрт түлүк малды ойноткон —
Төрүңдө түркүн сайран бар.

Жайлоосуң жазгы мезгилде,
Жакпастан калбас эч кимге.
Анча-мынча дарттуулар —
Айыгып кетет беш күндө!

Жай-кышы өңүң бурулбай,
Арчалуу бетте нуруң бай.
Чокуда аппак муздарың,
Көрк чачкан акак-шурудай!

Карасам сенде күз көркүң,
Кандай бир колдон бүткөнсүң!
Кайкың да, жылгаң сыйкырлуу,
Казы алдырар күч жерсиң.

Алыста жүрсөм саматып,
Асмандын көркүн талашып,
Сүйкүмдүү кыргыз жайлоосу —
Сүрөттөй көркүң жарашык!

Энеме

Бул турмушта толгон сонун сүйүшүү,
Сүйүүсү жок жарык болбойт үй ичи.
Бардык сүйүү өзгөрүлөт, жаңылат —
Жаңылбаган жалгыз Эне сүйүүсү...

«Айым дагы, күнүм дагы бир сен» деп,
«Көрктүү жигит болгон чагың көрсөм»
деп.
Гүл өмүрүм жасап коюп көз жумдуң —
Кирпигиңден көйнөк токуп көркөмдөп...

Мүшкүл тартып бир мен үчүн иштедиң,
Оттон-суудан мага бакыт издедиң.
Кантем эми жүрөктөгү арман күч,
Өз колумдан бир чөөгүн чай ичпедиң.

Элесиңди медер тутуп өсөргө,
Апакебай, сүйбөптүрсүң бекерге.
Сага деген ыйык сүйүүм жүрөктөн,
Азыр бүтүн арнап койгом Мекенге.

Мидинге

Махаббат көздөн учуп шоокумдана,
Маңыздуу сөздөрүңө моокум кана.
Балалык доорум менен кездешкендей,
Баш ием гүл жыттанган лирикаңа!
Жагымдуу музыкадай термеп-термеп,
Жан-дүйнөм учуучудай канат сермеп...

Магдырап бал тилиңдин сыйкырына,
Жүрөгүм даяр окшойт кыйкырууга:
Мидике! Гүл өмүрүң кыска беле,
Кеткидей кокустуктун кыйкымына!?
Шум өлүм бизди бөлүп алтын баштан,
Жазылбай көргө кетти далай дастан.

Тооруган суук колду көрбөдүң ээ?!
Толдуңбу шум ажалдын чеңгелине.
Көп эле бергениңден бере элегиң,
Антсе да эл ыраазы эмгегиңе.
Айтылуу сар кагазда ырың калды,
Ал ырлар эрмек кылат кылымдарды.

Кылдаттык, көрөгөчтүк күндө байып,
Кыраакы түз жолуңдан түшпөй тайып.
Көпкөлөң, төрөпейил, күйтуларды,
Көрсөттү курч калемиң көзгө сайып...
Ушакчы, ак чүчтөрдү четке актың,
Күйдүргү күлкүң менен бетке чаптың!

Кебиңе кары-жаштар кумар эле,
Күлкүңдү күн-түн тыңшап угаар эле...
Орундуу тамашакөй алтын сөздөр,
Оозуңдан тынбай чууруп турар эле...
Жалп өчтүң чагылгандай ташка тийген,
Жалынын эл деминде сени сүйгөн.

Уччусуң ыр тулпарын көктө минип,
Жүрчүсүң кыргыз ырын бөктөрүнүп...
Капыстан кырчын талант кыйылганда —
Калгансып кыргыз тоосу бөксөрүлүп...
Мидике! Өксөп калдык жүрөк канап,
Өмүрдү болжош кыйын, атаганат?!

МУХТАР БОРБУГУЛОВ

РЕСТОРАНДА

Эл кызматтан кайтканда тегиз,
Көчөдөн өтүп бараткан Өгүз.
Ресторанды көзү чалды,
Көңүлү ооп, бурулуп калды.
Айланага
Көзүн салса,
Айландыра
Караса,
Улага жакта
Бир столдо Эшек отурат,
Алдында саман салган чара турат.
Бирок ага —
Саман салган чарага
Эшек эч бир көзүн салбайт,
Бир тутамын оозуна албайт,
Алда кандай
Отурат ойго баткандай.
Өгүз айтты саламды:
«Эшеке, аманбы?
Сагынган окшойсуң саманды.
Аш болсун жеген саманың,
Берекесин берсин чаранын.
Алдыңдагы саманды карабай,
Санаага баткан малдай
Отурганың кандай?»
Түшүндүрдү Эшек жайын:
«Сурап калдың атайын,
Мен жаңы келип отурганда,
Официант анда
Самандан башка жок деген,
Каалабасаң «кош» деген.
Менден кийин ат келсе —
(Официант тааныш экен көрсө)
Ошол замат жүгүрүп келди,
Айттырбай ага арпа берди.
Көргөндөн кийин аны,
Өзүм арпа жебесем дагы,
Угайын деп анын
Чайнаганын,
Арпанын бачыраганын,
Шилекейи чачыраганын
Тыңшап отурам атайын.
Ушундай, Өкө, жайым».

УЙ МЕНЕН ТОРПОГУ

Бирге жашы чыга элек Торпок
Бир нерседен коркот.
Энесине сыр айтат,
Ойноп эмес, чын айтат,
Сыр айтканда муну айтат:
«Көп жашадың өзүң,
Көптү көрдү көзүң,
Эл ичинде Торпокту
Этке тапшырат деген кеп жокпу?»
Энеси анда кеп айтат:
«Бул сенин Торпоктугуң,
Акылга чоркоктугуң,
Тим эле коркоктугуң,
Андай сөздү ким айтат?
Ар чарбанын ээси бар,
Анын дагы мээси бар,
Акыл менен эси бар.
Сен ээн жүргөн мал эмессиң,
Ээси жок жан эмессиң.
Сен кат-чоттогу малсың,
Сен отчёттогу малсың,
Сен колхоздогу малсың.
Азыр сен толо элексиң,
Тапшыра турган боло элексиң.
Сүйрүндө сүтүң,
Ийриңде этиң жок.
Кондицияга жеткениң жок.
Бир-эки жыл жайлоо отун оттотот,
Кышында сарайга токтотот.
Торпок жашынан өтөсүң,
Тай торпокко жетесиң
Анан кунан Торпок болосуң,
Күрсүйүп күчкө толосуң.
Ошондо сени борго байлайт,
Жем берип,
Корго байлайт,

Анан сени сатат этке —
Мамлекетке.
Арадан күн өткөн жок,

Көрсө, Торпок
Айткан эмес экен бекер.
Тартиби жок чарба экен,
Колхоздун жемин,
Силосу менен чөбүн
Көрүнгөн уурдап кетип
Мал семирбей
Көтөрүм көбү.
Бычакка келери жок деги.
Ошол күнү жеткирбей кечке,
Торпокту төгүштү этке.
* * *

Бул Торпоктун убалы,
Уктатпасын торпокбаш башкарманы.

КАГАЗДАГЫ КУЙРУК

Ташматтын карды катуу ачып,
Карды ачкандан акылы качып,
Ашкана жакка арыштады шашып.
«Дасторкон үзүрүн» ачып,
Көзүн салып караса,
О, жаша!
Тим эле тамаша —
«Куйрук-боор» деп катталып турат,
Ар тамгасы бадырайып,
«Мен» дегендей мадырайып,
Менменсинип мактанып турат,
Көңүлгө жатталып турат.
Ташматтын такыр шилекейи чууруп:
«Турган экен насип-буйрук.
Алайын бир тойгондой куйрук.
Боор менен каттап туруп,
Бир тоёюн баптап туруп».
Деди да турбай бүйдалып,
Колуна поднос табагын алып,
Тамак алчу жерге барып,
Айланасын караса,
Абдан кызык тамаша —
Куйрук-боор билинбейт,
Караган көзгө илинбейт.
Анан

Жыргатып койгонсуп чунак,
Жалгыз өпкө гана турат.
Ашпозго Ташмат көз салды,
Суроо берип,
Сөз салды:
«Мындагы жазылган куйрук кана?
Болуш керек боор жана.
Ошол керек мага».
Ашпоз ага:
«Жокту сурап, баш оорутпа, тага
Куйрук-боор деп жөн гана
Көрсөтмө үчүн жазылат менюга.
Бул айтканды бөркүңүздөй көрүңүз,
Мунасага келиңиз —
Кагаздагы куйрукту коюп,
Казандагы өпкөнү жеңиз».
* * *

Айта салсак кыскартып —
Кагаздагы куйруктан
Казандагы өпкө артык.

ТАШ МИЯШЕВ

Кымыз жыттуу шаарымсың

Бишкегим алтын аймак кыргыз шаары,
Келишкен келбетиңе кыргыз наары.
Төшөлүп турганга окшойт аянтыңа,
Көгүлтүр, кырмызы түс шырдактары.

Кечкисин нур жамынган жылдыз калаа,
Пейилин төккөн бүткүл кыргыз сага.
Ордосу болсун эркин элимдин деп,
Ойлогон бекен өткөн ата-баба?

Аймагың мамыр-жумур бейпил
шаарым,
Аз көрбөй калсам өзүң сагынарым.
Даңктаймын коюнуңда бир күн жүрүп,
Миң күнгө өмүрүмдүн жаңыраарын.

Ала-Тоо алкагына түшкөн калаам,
Аземиң жашыл бактан бүткөн жалаң.
Көп улут түкумдары кучагыңда,
Күжүлдөп куруп жатат жаңы заман.

Быйылкы май

Быйылкы май байлыкка мас,
күлкүгө мас атадай,
Маңдайынан жадыраган
кубанычын каталбай.
Кызыл гүлү кыздар кийген
кырмызы ыраң көйнөктөй,
Ак гүлдөрү жеңелер жууп
дазмалдаган жакадай.

Сулуулугун, ойнооктугун,
сергектигин каталбай,
Быйылкы май түнгуч ирет
уул тапкан ападай.
Жакалары жадыраган
түмөн гүлдү тагынып,
Көктөмдөрү сайма этек
жашыл нооту чапандай.

Майса чыккан адырларын,
жайыктарын аралап,
Май апкелди мага ууз,
кымыз сунуп сабалап.
Адамдарга тартуула деп
өзүңдөй жаз өмүрдү,
Арчаларга жыпар төктү
көкүлдөрүн салаалап.

...Дыйкан абам тээ чокуда
кана соруп чылымын,
Бешенесин сылап коюп
май төрөгөн жылынын.
Көөдөнүнө мелт-калт толуп
Мезгилинин сыймыгы,
Карап турат космоско учкан
Жыйырманчы кылымын!

Барпы менен Түмөнбай

Поэзия асманында Күн, Айдай,
Бирде чалкып, бирде калкып тургандай.
Бап келишип калган экен жаралып,
Барпы акын, барпычы акын Түмөнбай.

Басса-турса күндүзүбү, түнкүсүн,
Барпы чачып ырдын түнук жылдызын.
Касиеттүү сүйүү, ышкы гүлүнө,
Карк кылыптыр ай ааламын кыргыздын.

Жылдыз жайнап, ойдо-тоодо гүл
жайнап,
Махабаттуу ырга балкып бүт аймак.
Барк кадырсыз унутулуп калаарда,
Байзак уулу баштайт ишин бел байлап.

Терип ырдын жылдыздарын, гүлдөрүн,
Текке өткөрбөй жыл, айларын,
күндөрүн.
Өз дастанын кийинкиге калтырып,
Барпыга деп бүт арнады өмүрүн.

Тоодон топтоп, ойдон топтоп бир
даарын,
Ак шурудай тизип Барпы ырларын.

Түн үйкусун кечти далай Түмөнбөй,
Махабаттуу ырдын сезип жыргалын.

Топук болуп дил ышкысы калкынын,
Том жасады ырдын тандап жаркынын.
Дастандарды өзү дагы жаратып,
Даамын татты кешигинен Барпынын.

Поэзия асманында Күн, Айдай,
Бирде чалкып, бирде калкып тургандай.
Бап келишип калган экен жаралып,
Барпы акын, барпычы акын Түмөнбай.

КАРКЫРАДА

Көөнөрбөс көк ноотудан кемсел кийип,
Каркыра жаткан кезде менменсинип.
Тоюна малчылардын жетип бардык,
Тоо-ташта ташыркабас күлүк минип.

Чалкайган кеңдигине ченем жетпей,
Чатырап жаткан экен күнгөй-тескей.
Жакада тизилишкен боз үй, чатыр,
Жашыл түс чепкендеги ак седептей.

Агымы өркөчтөнүп таштан ташка,
Аккан суу, булактары мөлтүр кашка
Шарлары комуз күүсүн туурагансыйт,
Шамалы ыргактары ала качма

Бир үзүм каалгыган булут сымак,
Көктөмдө аппак койлор аста жылат.
Алчудай Айды чапчып, Күндү чапчып,
Азынап байлоодо ат тыбырчылайт.

Укчу элем казак, кыргыз тең конгонун,
Укчу элем чалкары деп кан жайлоонун.
Калпы жок касиеттүү жер экенсиң,
Каркыра! Көркөмүңө канбай койдум.

Ысмың ыйык

Шашып консом мен алыстан Ошума,
Шамалы келет аэропорттон тосууга.
Самаганча кере жутуп дем алам,
Самолёттун чыгаар менен озуна.

Ал эркелеп сылай берет чачыман,
Аптап төккөн күн нуруна кошула

Аралашып аста басып эл менен,
Айлананы карай берем дембе-дем.
Артта калып кыймыл толгон аэропорт,
Автобуста жол үстүндө термелем.
Ак пахталар бажырайып талаада,
Айтканга окшойт «Теримиме кел!» деген.

«Сапарыңдан келдиңби, деп саламат?»
Шаарым тосот кирер менен аралап.
Мажрум тал башын ийип жүгүнөт,
Чачпактары жерди чийе салаалап.
Чекем тердеп чайханадан чай ичип,
Сагынычым, черим аздап таралат.

Кан дүргүткөн жанга жагым шаарымсың,
Кадыр туткан намысымсың, арымсың.
Карыш чыгып кайткычакты сагынткан,
Ысмың ыйык ыйманымда аруусуң.
Өмүр жолуң үч миң жылга жалгашкан,
О, Ошум сен окуп бүткүс тарыхсың!

АБЗИЙ КЫДЫР УУЛУ

Ала-тоом

Ала-Тоом,
Ыңаалап үнүм алгач чыккан жерим,
Эненин бешик ырын уккан жерим.
Көз ачып бүт тулгаңды көргөн жерим,
Көгөрүп көк чырпыктай өнгөн жерим.
Ар качан сен биргесиң мени менен,
Дем алам окуп, иштеп сени менен.
Мен сенден күндү узатып, түндү тосом,
Алыскы жылдыздарга колум созом.
Сен менин айга учурар тирегимсиң,
Күч берип согуп турган жүрөгүмсүң.
Сени ойлоп сансыз ойго батканымда,
Кош айтып алыс сапар тартканымда,
Сен дагы чемоданың алып колго,
Шартылдап бир жөнөдүң алыс жолго.
Экөөбүз көлдө сүзүп, көктө сыздык,
Кен казып, эчен татаал дыңды буздук.
Ал тургай аскерге да бирге бардың,
Койкойтуп шинель кийип, курал алдың.
Кеңешип кат да жаздык колдор бошто,
Какайып ажырашпай турдук постто.
Жамгыр ок, кан, сууларды кечтик чогуу,
Сен тосуп мага өткөн жок душман огу.
Төрт жыл бой бирге жатып, бирге
турдук,
Кайышпай канкорго бек сокку урдук.
Сен барда даай албайт го каршыккан
жоом,
Аларга сырың маалим, кең Ала-Тоом.
Сен менин айга учурар тирегимсиң,
Дем берип согуп турган жүрөгүмсүң.
Жүрөгүмсүң,
Айланайын, Ала-Тоом...

Белгисиз жоокер

Атагы айкын болуп элге мурда,
Эрдиги дүмөктөлгөн нечен ырда
Чырымтал муруту жок улан бойдон,
Белгисиз жоокер уктап жатат мында
Аягы бир шилтөөгө келбей калган,
Өрт чалып көздөрү да көрбөй калган.
Денеси калбыр болуп, жалгыз гана
Ок өтпөй эрдиги анын өлбөй калган.

Эрдиги күйүп турат, жанып турат,
Эрдиги элден урмат алып турат.
Эрдиги алааматтан кабар берип,
Эрдиги далайды эске салып турат.

Өчпөс от, өчпөс үмүт жалыны анын,
Өчпөгөн ойлоруна кабыламын.
Ал отко намысымды чыңап, кайрап,
Ал отко кээде келип табынамын.

Ал оттон өчпөс кайрат күч аламын,
Дүрт этип керек болсо тутанамын.
Мекенге деген ыйык сезим менен,
Эл үчүн миң азапка түталамын.

Жакшылык

Жол алысын алып койбой капарга,
Эки жолдош чыгат бирге сапарга
Ара жолдо бардыгы тең тез болот,
Күтүүсүздөн жамгырга да кез болот.
Ай талаада нерсе жок баш калкалаар,

Жамгырдан да кезек жетти жалтанар.
Көрбөйсүңбү бул жигиттин жаштыгын,
Аяп кетти жаңы кийген костюмун.
Билгендерге мындай кезде бул да сын,
Курбусуна берет алып плащын.
Өзү болсо жазып кара чатырын,
Калыбындай баса берет акырын.
Акыр барып жамгыр дагы басылат,
Асман бети аздап-аздап ачылат.
Дал төбөдөн күндүн нуру чачырап,
Бүркөө тарткан көңүл сергип ачылат.
А курбусу жалган күлүп бир кезек,
Мындайчалап мылжыңдыгын көргөзөт.
Кантет элең, айтчы сөздүн ырасын,
Болбогондо мобул менин плащым.
Бул чындыкты кантип жок деп

жашырат,
«Ыракмат» деп курбусуна баш урат.
Экөө катар басат ары тунжурап,
Тым-тымында бир туңгуюк сыр турат.
Бара берет, бара берет арылап
Тээ кайдадыр ойлор учуп жамырап.
Күн күлүңдөп мээрин төгүп мемиреп,
А курбусу жаагын жаныйт бежиреп.
«Көрчү мына, кургак бойдон турасың,
Кантет элең болбогондо плащым».
Ичтен тынып ойго батып бир өзгө,
Таң калычтуу карайт ушул мүнөзгө.
«Бир чоң ишке жарады деп плащың»,
Мыскыл менен айтат сөздүн ырасын.
Үн катышпай, бузбай экөө катарын,
Бир топ жерге улантышты сапарын.
А курбусу пейил күтүп бир кезек,
Кайра мажес сөзүн баштайт тил безеп.
«Аркаңдан да жамгыр өтүп курушуп,
Кийимдериң калбайт беле бырышып.
Таза бойдон зымырайып турасың,
Кантет элең болбогондо плащым?»
Ушул жерден бүтүп жигит чыдамы,
«Сен экенсиң курбулардын митаамы»
Сырдуу нерсе келген окшоп оюна,
Түптүз басып барат суунун боюна.
Кийми менен чумуйт дагы бат чыгат,
Жаактарынан мөлтүр суулар тамчылап:
Мына, кара, өзүң көрүп турасың,
Болбогондо сенин белен плащың.
Дал ушинтип шөмтүрөп суу болмокмун,
Жан өйүгөн кебиң укпай коймокмун.
Сенин нагыз ким экенин тааныткан,
Өкүндүрүп ичтен мени наалыткан.
Ушул кара плащыңа ыракмат,
Убай тартпай жүрөм сенден ыраактап».
Дейт да жигит басып кетет үн катпай,
Кайрып сүйлөп кайран сөздү ырбатпай.
Билгендерге, уккандарга бул нуска,
Мындай адам көп кездешет турмушта
Бул өңдүү бир кылган болсо жакшылык,
«Мен минткем» деп минет акыр ат кылып.
Адамдардын куш көңүлүн наз кылып,
Колдон келсе кылуу керек жакшылык.
Бирок аны «мен минттим» деп айтпагын,
Сактайм десең ичке гана сактагын.
Адамдыгың бийик сезер кез келет,
Өзүң кылган жакшылыгың эскерет.
Дал ошондо жаның гүлдөп жашарат,
Азат боюң арамдыктан тазарат.
Жакшылык бул чыкпайт такыр көңүлдөн,
Кош айтып кеткичекти өмүрдөн.
Жакшылыкты жактайт адам ичинен,
Жакшылыкты мен ушундай түшүнөм.

МУГАЛИМ

О, агайлар, эжейлер мени окуткан кечеги,
Эмгегиңе баа жеткис сөз эсеби жетеби.
Бирдемени билсе деп бизге көңүл бөлдүңөр,
Түшүнсө деп бүтүндөй түйшүк тартып келдиңер.
Эмгегиңер үмүттүү эч бир сая кетпеди,
Колуңардан чырпыктар чынар болуп көктөдү.
Ак кызматың агайлар аңдабапмын кезинде,
Ойлой келсем өкүнүч өйүп кетет сезимде.
Талдай келсем уяттан тери чыгат чекемин,
Тынч отурбай класста тоскоол болгон экемин.
Толбосо да баралга азырынча жашыңар,
Мезгилинен эң эрте агарыптыр чачыңар.
Кез келгенде өзүңө шарт айтылып

саламым,
Баштан алып калпакты бала боло
каламын.
Ичтен сызып тунжурап ойго батып
кетем көп,
Маңдай чачтын үч талын мен агарттым
бекен деп.

Жаша кыргыз аялы

Бир таанышка барып калдык түн катып,
Бүлүндүрүп бул бизбиз деп үн катып.
Күйпөлөктөп кайдан келген жан дебей,
Мээри менен койду аялы жыргатып.
Адегенде тилге келди самоору,
Белгилүү го анан эмне болоору.
Күрпөң эти толо калып казанга,
Пурапкелер «пуф» дей түштү жогору.
Ак шампандай өзүбүз да көбүрүп,
Ширин сөздөр көмөкөйдөн төгүлүп.
Сен! Сен! деген ысык сөзгө жуурулуп,
Сыпайкерлик ыдырады сөгүлүп.
Колубуз да, оозубуз да майланып,
Мээрбан кыргыз пейилинен айланып.
Алкыш айтып таң куланөөк салганда,
Магдырадык ак төшөккө жайланып.
Мен аядым таанышымдын аялын,
Жай алдырып койбоду деп аягын.
Аным болсо, кадимкидей шартылдап,
Чайкап жатты, жууп идиш-аягын.
Көрккө келип ырдап өзөн-сайлары,
Кандай сонун жайдын ысык айлары.
Эрте туруп чыксам сыртка аялы,
Жүргөн экен самоор коюп жайдары.
Леп-леп этип жерге тийбей аягы,
Жайдалактап жылмаюусу баягы.
Күлө карап, миң түйшүккө муңайбас
Кең пейилдүү жаша кыргыз аялы.

АЙТМАМАТ ҮМӨТАЛИЕВ

Алай

Көп көргөн ысык-суугун, ыракатын,
Ар кимге өсүп-өнгөн жери жакын.
Кир чайкап, киндик каным төккөн
журтум,
Кинодой көз алдыма тартыласың.

Кыргыздан алыс кеткен атыңда да,
Кылымдар мөңгү түстүү чачыңда да,
Алайым, ата журтум касиет бар,
Ал турсун жерде жаткан ташыңда да.

Тоолоруң бирисинен бири бийик,
Толукшуп кыл башына булут кийип.
Кыр ылдый кыткылыктайт булактарың,
Аскадан боюн элпек таштап ийип.

Башканын көркөмдүгүн ээрчибеген,
Алайым океанбы мелтиреген!
Кадимки камкор эне сыяктанып,
Байлыгын бардыгына энчилеген.

Койгондой атыр чачып ойго, кырга,
Койкоёт коюну мал адыр, жылга
Кай жакта жүрсөм дагы сени унутпай,
Карызмын жамалыңдай жакшы ырга

Аскаңа, адырыңа далай чыктым,
Артылды андан бетер, кумар, ышкым.
Алайым, алтын жерим, бактылуумун,
Анткени, өзүңдүкмүн, алайлыкмын!

Биринчи өбүшүү

Айлуу түн. Аба таза. Сулуу жерде,
Бет тосуп тоодон соккон салкын желге.
Өбүштүк бек кысышып, мээрим менен,
Жүрөктөр буйрук берип эриндерге.

Өбүшүү ачкан окшоп бизге эшик,
Экөөбүз өмүр жолун бирге чечип.
Киргенбиз түбөлүккө бир жашоого,
Түрмуштун бөлмөсүнө жетелешип...

Чыкса да балдарыбыз үчкө, бешке,
Кетсе да из калтырып турмуш бетке.
Жанымдан жалжалымды көргөн сайын,
Биринчи өбүшкөн кез келет эске.

Тоо койнунда жаңы шаар

Арасында жүрсө дагы булуттун,
Адам кантип өскөн жерин унутсун.
Мен ошондой күндө ардактап
Гүлчөмдү,
Таалайымдай такыр келбейт унуткум.

Азыр мына орундалып талабым,
Волга минип сызып кетип барамын.
Талыбаган күлүк оюм тынчыбай,
Там-Башаттан тааный койдум караанын.

Кыялымдай кызык өскөн мендеги,
Бүгүн асфальт, көрүнгөнсүп келечек.
Гүлчөнүкү деген аты болбосо,
Фрунзенин көчөсүнө теңдешет.

Бир кездеги бирин-серин бак-дарак,
Бүгүн чоң парк, боюн керип шаңданат.
Аскерге окшоп кырка тартып турушса,
Жаңы барып көргөн адам таңданат.

Инисиндей маңдайында асканын,
Көрүп алып көөнүм тойду көп тамын.
Бала чактай келди кармап ойногум,
Артык көрүп өз жеримдин таштарын.

Жата калып мен суу иччү арыктан,
Суу таппадым аны кайда агызган?
Көтөрүлдү көңүл чиркин жаңыдан,
Көрө калып суу чоргосун алыстан.

Кала жаздап кээ жеринен адашып,
Аллей менен базар жакка баратып.
Жылдыз көрдүм жылуу мүнөз кишиден,
Жылт-жулт эткен күндүн нурун
талашып.

Көчөлөрү элге толо жыбырап,
Шаттуу, таттуу күлкү сөздөр угулат.

«Элди көрчү кандай болуп өсүшкөн?»,
Деп көңүлүм алда кайда кыдырат.

Улам-улам кадаланып карадым,
Көңүл тоюп көркөмүнө калаанын.
«Көбөйсүнчү мындай шаар» деп айтып,
Койнум толо таттуу ойду самадым.

Элестетип жомок айткан сыягы,
Жок жолдоштор бул акындын кыялы.
Өкүнсөңөр гүлгө ороп Гүлчөнү
Мен айткандай сулуу шаар кылалы.

ЖОРОБЕК СУЛТАНАЛИЕВ

Бар...

Бир чырпык бар — байтерекке
бергисиз,
Бир акын бар элине али белгисиз!..
Бир жылдыз бар көрүнбөгөн карекке,
Жүз миллион күндүн табы жеңгисиз!..

Бир чындык бар — жомок кууп
жетпеген,
Бир кунан бар — күлүктөрдү тепсеген!..
Бир гений бар — алачыкта жашаган —
Айбанды да чекесинен чертпеген!..

Бир булак бар — пайдалуураак
дайрадан!..
Бир булбул бар — бир күндө отуз
сайраган...
Бир жигит бар — теңдик үчүн, эл үчүн
Кыйнап жанын, кызыл чокту кармаган!..

Кош, вино!

Кош, вино, кошкун, вино, эми сендик
Боло албайт, менин өпкө, жүрөктөрүм.
Ичүүнү сени эсептеп жүрүп эрдик
Өбүлбөй калды далай чүрөктөрүм.

Максаттар, койгон алга калып артта,
Мас кылып, кеттиң таштап, өзүмдү
артка.
Гүлгүн жаш, жыйырма беште болсом
дагы,
Карачы, турат өңүм окшоп картка

Өлүмдөн коркуп сени ичкем далай,
Өлбөстүк сенде го деп билбей самай.
Күнү-түн ичсем дагы бирок сени,
Кеткен жок, бир мүнөтүм артты карай.

Бүгүндөн баштап сени көрөмүн жек!
Жүрөктө үюлгуган сен үчүн кек.
Сени ичип, көр алдында жаткычакты, —
Күрөшүп, жер үстүндө жүргөнүм эп!..

Ата мекеним

Чоң дайра болсоң шар аккан,
Мен болом сенин бир тамчың.
Тышкаары сүйөм адаттан,
Ишенгин, сендик кан-жаным.

Көп иштер башка түшкөндө,
Көлөкөң мага дем берет.
Капыстан калсам кайгырып,
Кубатың мени терметет.

Тузуңду сенин акташка,
Турамын болуп сакчың мен...
Келсе да кырсык жаш башка,
Үмүтүм өчпөс жалгыз сен!..
* * *

Көздөрүң жылдыз нур чачып,
Кыйноого салат күнөөсүз.
Сөздөрүң ырдай уйкашып,
Шарт күлкүң чыгат сүрөөсүз.

Жооп бер, жаным, эртерээк,
Жонумдан терим акпасын.
Сенсиз мен көзсүз темселеп,
Түшкөнү ойго жаш башым.

Жүрөгүм сенин колуңда,
Өзүң бил тепсеп таштасаң.
Бир жалгыз сенсиң оюмда,
Касыңдай мени какпасаң.

Бир күч бар сенде сыйкырдуу,
Акындын тарткан жүрөгүн.
Ашыгым болчу бир сырдуу,
Ардактап сүйүп жүрөйүн.

Түн күбө, бездим уйкумдан,
Көзүмдөн жашым агылып.
Кадыркеч ая азыраак,
Калбайын кокус жарылып.
* * *

Күлүктөр бар алиге чабыла элек!
Кымбат кен бар алиге табыла элек,
Жүрөктөр бар, күнөөсүз, жеткен назик,

Күн туш келип аарыга чагыла элек.
Ордендер бар жасалып жаңы бүткөн,
Ардакталып төштөргө тагыла элек.
Шиберлер бар баш жагын шамал ыргап,

Төмөн жагы бир жолу чабыла элек.
Адамдар бар кармашкан теңдик үчүн —
Атак-даңкы ааламга жаңыра элек!..
Таланттар бар «Ураалар!» күтүп турган,
Гений сөз бар, адамдар окуша элек.
Бир тамчы бар, баалуураак киргил суудан,
Күлүктөр бар, жигиттер токуша элек...

АРМАН ЖОК
(Балама)

Бир жериң ооруп чый этсең,
Билесиң менде дарман жок!
Болгонуң көрүп мен жигит,
Болду анан өлсөм арман жок.

Жалбырттап этиң ысыса,
Жар болчу сага аргам жок.
Жаштарча шайыр сен күлүп,
Жалп этсем анан арман жок!

Күн сайын мени коркутуп,
Кырылдап жатсаң айлам жок.
Күнөскө өзүң бир чыгып,
Күбүлсөм анан арман жок!

Өчөшүп оору касыңдай,
Өпкөлөп жатсаң пайдам жок!
Өзүңдүн көрүп балаңды,
Өлсөм мен анан арман жок!

Жүргөнү жатсаң сапарга,
Сүйүнүп жаным калган жок.
Өпкөндө селки жүзүңөн,
Өлсөм мен анан арман жок!

* * *

Тойбойм сенин татынакай күлкүңө,
Канбайм такыр кереметтүү ойнуңа.
Күндө кирип ойлонтосуң түшүмө,
Келчи, жаным, көтөрөйүн мойнума

Каалап сени сүйүп калдым арман жок,
Күнөөлөсөң өзүң билгин ал үчүн.
Кубандырчы, жүрөгүмө салбай чок,
Жок дегенде кымбат асыл жан үчүн.

Ырдап сени түгөтө албайм эч качан,
Ырдабаска андан бетер чарам жок.
Дайра болуп улуу тоодон ташысам,
Токтотчу аны сенден башка адам жок.

Туура келип жетүү сага тагдыры,
Турсам күлүп жылдыздарга кол берип.
Жана унутуп туманданткан кайгыны,
Кылымдарга урсам чабак, бой керип.

ЖЕР
(Урпактарга кайрылуу)

Сен бизге көрүнөсүң бек чемодан,
Үстүндө түрдүү жемиш, тамагы бар.
Адам да, айбан дагы, канаттуу куш,

Бир татса, көпкө чейин жаны эс алар.
Эч ким жок бирок сени көтөрө алар?
Дүйнөгө да сен жеткис көздөр келип,
Таң калып, жылдызыңды нечен караар.
Жүзүнөн жаңы ашыктын мурдагыдай,
Зуу этип, сылап өтөр назик шамал.
Эми биз, жашап өттүк датыбыз жок.
Көбөйсүн биз калтырып кеткен салттар,
Жашасын жер бетинде адам — адал.
Калтырдык биз урпактар сага жерди;

Казгыла биз каза албай кеткен кенди.
Калтаарбай, кайрат менен иштегиле,
Камбылдай кайра агызып чеке терди...

Кара көз, камбыл жигит жоону тосор!
Кайсыл сөз, калды айтылбай айтчы
деги?

Бир гана калса керек айтылбастан:
Кастыкка бербегиле ушул жерди!
Акылдуу жашагыла, иштегиле,
Уятка калтырбастан өткөн элди!..

САЛИБАЙ ШАТМАНОВ

Акын жана окурман

Көрбөгөм жан адамга жалган айтып...
...Байгеге курч кылычтай жалаңдатып кошпостон,
кой артында минип барат
койчуман эки бутун салаңдатып.

Күлүктүн күлүктүгүн аңдабаган
койчудай, акында да көңдөй, наадан
окурман толуп жатат...
Поэзия дегенди дегеле аз билген адам.

Жазмакер акындардын жабыраган
желдирме ырларына байыр алган
окурман окугусу келбейт тура
башканы баягы эле халтурадан.

Ойлонуп, ой жүгүртүп талдай алган
окурман гана ырды баалай алган
болоор эле...
болбосо боор толгобой
божомол соккон сөздүн баары жалган.

Түркөйгө жакыныраак түшүнүксүз
көрпенде менен акын үзгүлтүксүз
байланыш жасай албайт!..
Поэзия күчсүзгө көк деңиздей түбү
түпсүз.

Көк зоока

Көк зоокадай бийик, катаал тагдырым,
Болбогондо, бир кишиче бардырмын.
Бийиктикте көтөрүлүп зоболом,
Жапыстыкта жерде калат кадырым.

Мажирөөлүк, майдалыктан үйүлүп,
Дөбө болуп кетпеген соң, бүгүлүп.
Пас адамга баргычакты, жумушун,
Жасаар элем жакшы адамдын түрүнүп.

Жата калып көрүнгөнгө жалпактоо,
Же болбосо жетекчини калп мактоо.
Абийиримден алыс турат. Ансыз да
Болоор акыр бир кишиче жан сактоо.

Ошондонбу, жолум катуу, көп жерде
Бут тосушат. Максат — алга өткөрбөө.
Дөбө дөбө бойдон калат. Билбейт ээ
Буюрганын көк зоокага көк тирөө.

Аксыдан алам ырымды

Аксыга!.. Аксыдагы Кара-Сууга,
Барамын балынан ыр жаратууга.
Төгүлгөн берекеси белен жерден,
Тегинде мүмкүн эмес кур кайтууга

Канатташ капталында Сары-Челек,
Көлүндө балык-ырлар сүзүп жүрөт.
Каламым — кайырмагым, ак боор
балык,
Ыр улайм көл жээгинде конуп-түнөп.

Бозбу-Ата башы — күндөн эңсөө мага,
Баргандай жапондуктар Фудзиямага.
Башында түрмөк булут нөшөрлөтүп,
Бир төгүп өтсө болду ой-санаама.

Баягы бала убакта жаз-күз кончу,
Улуу-Чер... ушу мага аңыз болчу.
Көчүрсөм көркүн ырга, атаганат,
Көргөндүн купулуна нагыз толчу.

Жугуму болор эмес ырдын дагы,
Жуурулбай Кызыл-Жардын топурагы.
Турбаса тууган жердин табы келип,
Очогун бойлоп ырдын отурабы...

Барам да кайтам анан... Кайтаарымда,
Жараша алганыма айтаарым да
Аксыны айталбасам арман эле,
Аксынын акын уулу катарында.

Баба-Ата, Падыша-Ата, Ыдырыс-Ата..
Ким койду экен, бул аттарды кыдырата?
Эл койсо туура койгон... ырларымдан,
Ээ болсом кана ошентип мен бир атка?!

Атанын кадырын ким билет?

Өлүмдүн кадырын өксүгөн жан билет,
Жоктуктун кадырын көксөгөн жан билет.
Сүйүүнүн кадырын жетпеген жан билет,
Достуктун кадырын четтеген жан билет.
Күлкүнүн кадырын муңайган жан билет,
Жаштыктын кадырын улгайган жан билет.
Ден соолук кадырын кеселман жан билет,
Кеселман кадырын сезе алган жан билет.
Баланын кадырын балага зар билет,
Эринин кадырын эң эстүү жар билет.
Бардыгын, бардыгын адамдык дил билет,
Ал эми атанын кадырын ким билет?..

Жүрөгүң — Курманбектин азем шаары

Жүрөгүң — Курманбектин азем шаары,
Капкасын бузуп Корун кире албаган.
Келаткан Кара шаардан кербен тартып,
Акхан дос гана кирмек үйүр алган.

Жүрөгүң — Курманбектин ээлигинде,
Өз шаары. Ачса-койсо өзү билмек.
Сырт киши сырын билбейт, анан кантип,
Бир жол таап билдирбестен ачып кирмек.

Курманбек боло албасам өлөйүнбү,
Коркутуп Корун болуп көрөйүнбү.
Азгырып бере турган адам болсо,
Арасына салып, акча төлөйүнбү...

Капкасы жүрөгүңдүн алтындалган,
Аччу жол ача электе калтылдаган.
Ачкычы оңой жерден колго тийбес,
Арам ой менен ага катылгандан.

Баарысын колдонмокмун колдон келген,
Капкачан канкор адам болгондо мен.
Ак шаарды аягандан чабуул койбой,
Аргасыз курчап турам сан кол менен.

тамчы жаш

Тамчы жаш — таарынычтын бир бүдүрү-
Бул бүдүр — таңкы гүлдүн шүүдүрүмү.
Таң калба, таң азанда берип кеткем,
Санаамдан сага деген билдирүүмү.

Жеңгенде таарынчымды ызалыгым,
Жүрөктүн тамырынан сыгып алдым.
Шүүдүрүм кандай тунук болгон болсо,
Менин да тамчы жашым — тазалыгым.

Буулган бугум ичте бу күндөрү,
Айланды шүүдүрүмгө гүлдөрдөгү.
Көп сырды байкаар элең барган кезде,
Көзүңө ишене алсаң көргөндөгү.

Өткөндө таарынычым өкүнүчкө,
Ээ болбой өзүмдөгү эң зор күчкө.
Заарымды чыгарамын ачуу жаштан,
Заматта батыралбай баарын ичке.

Өксүтүп мени мынча карындашым,
Өчөшүп, керек эле калчабашың.
Өзүң бил, таңкы гүлдө турат ана,
Таарынчым болуп эми тамчы жашым.

Ырымды ая бейгүнөө

Мени аяба, ырымды ая бейгүнөө
Жоолук кылып жаап койгон ийниңе.
Эки ийнине эки канат бүтүрүп
Алып учуп алпараткан үйүңө.

Андай учур келе бербес күнүгө
Күбө болуп күлпөтү мол сүйүүгө.
Көрүнбөсө кереги не сага ырдын
Кызыл ала кыргоол болуп дүнүйө.

Жоолугумдун жоодураган гүлүнөн
Жүрөгүңө жылдыз болуп күбүлөм.
Табы барып тийсе керек ырымдын
Таанып турам тамылжыган өңүңдөн.

Жалган сүйүү, жасалмалуу үлгүгө
Жол койбогон жалгыз гана жан күбө.
Жаным менин ырыма өтүп кеткен соң
Мени аяба, ырымды ая бейгүнөө.

Кудук-сайдан бейишке

Көп-Сөөктүн баш жагында Кудук-Сай,
Азыр мага арманы күч дудук сай.
Кимдин кимге келип-кетип жүргөнүн,
Туюп жүрүп, түк унчукпайт дудуктай.

Турдуканым турган жана иштеген,
Мектебине барган болуп иш менен.
Кирип калсам, күлүп чыгып алдыман,
Кетеримде калчу узатып жаш менен.

Мындан кийин көрүшпөсүн туйганбы,
А болбосо эмне үчүн ыйлады?
Бери карай жол тартканда ойлодум,
Басабы деп кусалыкты ый дагы.

Сүйүнсө да сүйлөшкөнгө баш кошуп,
Көрсө ошондо жаткан экен коштошуп.
Кайра айланып таппай калдым
ордунан,
Пары окко учкан парендеге окшотуп.

Айла жок да Актык деген бул ишке,
Не кыла алам түшкөн менен кейишке.
Кулагына куран гана жетпесе,
Киши жетпес Кудук-Сайдан Бейишке.

БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВ

«Манас» тоосу

Чөмүлтүп мөңгү, ак карга
Чокусун созгон асманга.
Ой-өтөк, түзү жаз, жайда
Оронгон жашыл макмалга.

Илбирси ыргып корумдан
Барчыны көктөн бой урган.
Капталдан дүркүп аркары
Калтары качкан коңулдан.

Кадимки куут болордо
Карашып үркөр Айды улам,
Кулжасы кумга тил жанып
Текеси тентип каңгыган.

Найзадай типтик зоолору
Башында булут булаган.
Бал кымыз сымак түбүнөн
Наристе суулар чураган.

Ар барган сайын Таласка
Ал жакка көңүл бөлүнөт.
Эмчекке окшош эгиз тоо
Эне, атам окшоп көрүнөт.

Эченди баштан өткөрүп
Эсепсиз жашка барган тоо.
Баарыбыз үчүн кымбаты
Манастын изи калган тоо.

Кош, жети-өгүз

Кош, Жети-Өгүз, кош бол жашыл карагай
Сенде жүрүп серүүндөдүм аябай.
Кыялымды кырдан кырга учурдум
Кыркка чыгып калганыма карабай.

Көрбөй жүрүп көрүштү элек кечээ биз
Кана, бүгүн «Ат аягым» көтөр, ич...
Алда качан, араң таштап баратам
Айрылгандай жыйырма беш жаш экөөбүз.

Кош, Кашка-Суу, ден соолуктун теңири
Кош, түрлүү гүл, күндү күткөн эрини.
Эстегенде элестетип жүрөөрмүн
Жылдыз жуушап, Ай калкыган көгүңү.

Унутулбас мен узаткан көп күндөр
Кош, «Көк-Жайык», сыр чыгарбас эстүү жер.
Сенде калды серепчилеп кол булгап
Сөз жетпеген, тил жетпеген мезгилдер.

Кош, Жети-Өгүз, ээлеп алдың эркимди
Сагынам го сайма түстүү көркүңдү.
Эсен болсом эчен ирет көрмөк бар
Сулуу мүчө суу бойлогон телкиңди.

Букар кызына

Кайран энем Каныкейдей ирениң
Айчүрөктөй асыл окшойт жүрөгүң.
Же Үргөнчтөн, же Букардан болсоң да
Ал экөөнө сиңди экениң билемин.

Укчу сулуу, укчу менин кудачам,
Баштап берем байыркыдан сурасаң.
Жездең болот Манас менен Семетей
Бирөө агам, бирөө менин улуу атам.

Айчүрөктүн жолун жолдоп сен дагы
Алыс жерге чыксаң боло турмушка
Эки кандан эр төрөлсүн эл сүйгөн
Даа бир Сейтек керек чыгар кыргызга

Кааласаң жүр, бийик жерде мекеним
Абалтадан Айга, Күнгө кошуна
Жигиттер көп тоңо турган суугуңа..
Жигиттер көп күйө турган отуңа..

Менин жерим

Элден угуп караганда картадан
Кыргыздардан казактардын жери кең.
Ойлой келсем, ага макул эмесмин
Өз жеримди өлчөп берем эми мен.

Түркүк болуп түшүрбөстөн көгүмдү
Толгон тоолор ээлеп жатат жеримди.

Чокусуна чыгып көрсөң, кол сунуп
Алам дээрсиң же жылдызды же Күндү.

Ошол тоолор ата-бабам курган мүлк,
Ошол тоолор, чоң энекем жыйган жүк.
Моюн сунбай бороондордун дөөсүнө
Кылым бою кыйшайбастан турган тик.

Чындыгында кыргыздардын жери кең
Казактарга калп болбосмун эми мен.
Тоолорумду жазып, жайып жиберсем
Ашып түшөр Азиянын теңинен.

Чыңгыз жана мен

— Чыңгыз, кайда?
— Москва, Берлин, Лондондо.
— Эмнеге кетти?
Бир маанилүү маселе болгон го.
— Байдылда кайда?
— Мал жайылган тоолордо.
— Эмнеге кетти?
— Туз берип жүрөт койлорго.

Чыңгыз кайда?
— Прага, Париж, Римде.
— Эмнеге кетти?
— Эл аралык адабияттын
Абалын билүүгө.
— Байдылда кайда?
— Таластагы үйүндө.
— Эмнеге кетти?
— Тамеки үзүүгө
Апийим тилүүгө.

Чыңгыз кайда?
— Джакарта, Каир, Алжирде.
Америкага барат кай бирде.
— Эмнеге кетти?
— Эл менен жолугушат
Ар күндө...
Жакшы жазуучу менен
Жалпы элдик жан бирге.

Байдылда кайда?
— Бүгүн Ташкенде.
Эртең барат Баткенге.
— Эмнеге кетти?
— Суу сактагыч курушат
Суу жетпеген как жерге.
— Чыңгыз кайда?
— Варшавада, Багдадда.
Чакырган эл көп ар жакта..
— Азамат экен!
— Азаматтыгы
Адабияттык салмакта.
— А Байдылда кай жакта?
— Алма терип жүрөт чарбакта
Жакында кызылча казышып
Пахта теримге бармакта

— Чыңгыз кайсы кызматта?
— Сырттагы кызматты аткарат.
— Байдылда кайсы кызматта?
— Үй тиричилигин...
Чарбаны башкарат.

Чыңгыз дүйнөнү кыдырат
Кыргызга сыймык жыйнайм деп.
Байдылда тоодо олтурат
Тоолорумду кыйбайм деп.
Тоо жылмайынча
Жылбайм деп.

Чыңгызды кыргыз көтөрдү
Кыргызды Чыңгыз көтөрдү.
Бириктирип
Советтик турмуш көтөрдү.
Жакшы тилек, жакшы сөз
Кут кылсын ушул экөөнү.

— Байдылда деле көп элге
Барганды жаман дебестир,
Акындардай ыр жазат
Болбосо дагы эң өткүр.
Алыска чыкпай жүргөнүнө
Айрым бир нерсе себептир?

— А мүмкүн...
Чыңгыз сыртта жүрсө
Айылга да киши керектир...

ЖОКТУГУБУЗ БИЛИНБЕС

Түшүнбөдүм, эмнеликтен экөөбүз,
Кээ бир кезде жаман, жакшы дешебиз.
Билгин курбум, миң жашаган киши жок,

Бул дүйнөдөн бир өтөрүн өтөбүз.

Калар артта, кадырлашып сыйлашуу,
Калар артта катарлашып бир басуу.
Тирүүлүктө канча болсо сыйлашуу,
Өлгөндө да шончо болор ыйлашуу.

Ажал келер ууруларда сыр айтпай,
Биз кетербиз, бирок калат турак жай.
Турак жайга тутка болот балабыз,
Караңгы үйдү жарык кылган чырактай.

Артыбызда өрнөк калса түңүлбөс...
Балдар менен тирүү жашаар тирүү кез.
Акыл-насаат сөзүбүздү эскерсе,
Анда биздин жоктугубуз билинбес.

ТООЛОР МЕНИН ЫРЫСКЫМ

Ууз ойлуу уланымын чыгыштын,
Улар учкан тоолор менин ырыскым.
Ошол тоону оюп туруп аскасын,
Жаштыгымды, жалынымды уюттум.

Зоолор менин төшөк менен жаздыгым,
Жатсын анда жалыным да, жаштыгым.
Алар мөгдөп, азайганда кубаты,
Жалын берээр кээ бир жазган жакшы ырым.

Мен жөнөкөй эл ичинде бир адам,
Көктөн эмес, жерден таалай сураган.
Атак-даңкым бийик болсун, болбосун,
Бийик жерде төрөлгөнгө кубанам.

Ууз ойлуу уланымын чыгыштын,
Улар учкан тоолор менин ырыскым.

Ырыскымдан ыраак кетип даңк издеп,
Жүргүм келбейт ары жагында булуттун.

АТ ЖАНА ЖУБАН

Жактырдыбы күлүктүгүн, кашкасын,
Өз баасынан ашык берип акчасын.
Биздин Шамбет сатып алды кызыгып,
Боронбайдын минип жүргөн кашка атын.

Бирдей чуркап жакын менен алыска,
Күрөң кашка чыкты далай чабышта
Эл сөз кылса «Боронбайдын аты» деп,
Шамбет дароо ыза болот аны укса.

Жактырбады акыл-эсин, жамалын,
Ал дегенде унут таштап тамагын.
Бойдок Медер алып алды кызыгып,
Элчибектин ажырашкан аялын.

Келин бышык баскан турган ишинен,
Бирок Медер бир жери бар мүчүгөн.
Эл сөз кылса «Элчибектин жары» деп,
Капаланып сыза берет ичинен.

Кээде Шамбет ачка кылса кашканы,
Кашка күлүк ээсин ойлойт баштагы.
Кээде Медер кекээрлесе аялын,
Эске түшөт биринчи эри, жаш чагы.

Шамбет, Медер сызса сызсын ичинен!
Ат, жубанда айып жогун түшүнөм.
Мурунку ээсин, мурунку эрин ойлобос,
Азаматтар аз чыгат бейм ичи кең?..

САКАЛ ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

Акылың аз, бирок байсың сакалга,
Күч кетирип күндө кырсаң жатарда,
Жаз айында кырын жапкан арпадай
Жайнап чыгат тура калсаң азанда.

Жаратылыш сараң го дейм тырышкан,
Алдап сага акыл берген муруттан?..
Мага болсо беш тал кылды сербейтип,
Сакал бербей көсөө кылып куруткан.

Менин ээгим ээк болбой жер болсо,
Бак-шагы жок такыр келген адырлуу,
Такыр жерден кен көп чыгат дечү эле,
Ээгим анда болмок экен кадырлуу.

Сага бүткөн коюу сакал сапсайган,
Сакал эмес бут карагай болгондо,
Көрк үстүнө көрк кошулмак экен ээ,
Тигил биздин аз токойлуу тоолорго.

Турмуш жолу бир-бирине тескери,
Кээде өзүмө, кээде сага күлөмүн.
Сен сакалды жогото албай жүдөдүң,
Мен сакалды көбөйтө албай жүрөмүн.

ТҮНКҮ ЖОЛДО

Айсыз түн. Сага аттандым
Айылың тоодо, алыс жер.
Ай нуру болуп жолума
Алтыным, өзүң жарык бер.

Капчыгай черден өтөрдө
Кабылдым кара нөшөргө.
Күлүгүм чалпоо, жол тайгак
Кулайм деп чоочуйм өзөнгө.

Коркунуч бийлеп боюмду
Көзүмдөн учат жайык жер.
Көрүнбөй барат айланам
Компасым өзүң багыт бер.

Ашыгым селки сен үчүн
Айлык жол жүрсөм талбасмын.
Айылың Марска консо да
Акыры таппай калбасмын.

Жакадан бозой келет деп
Жаталбай үйкүң качкандыр.
Жүрөмүн жолдо кыйналып
Жүрөгүң сезип жаткандыр.

Чыпкалап нөшөр куйса да
Чын сүйүүм жанат шам болуп.
Түн бою сага жетпесем
Таң менен барам таң болуп.

ЖАРАШПАС

Көк шибер ойлоп ак карды
Көчөдө каалап басканды.
Сакалды күндө кырынып
Сайрандап жүрчү чак калды.

Кыйланы сүйүп маш болгон
Кыялым бирок жаш бойдон.
Калтардай не бир селкини
Кармагым келет шап колдон.

Ойнумдун теңи бүтө элек
От жаны мени күтө элек.
Жүзүмдө бырыш болсо да
Жүрөккө бырыш түшө элек.

Көйнөгү көрктүү сулууга
Көңүлүм дале үмүткөр.
Улгайтып жатат аргасыз
Өзүмдөн кичүү жигиттер.

Кылтыңдайт курган кабак, каш
Көбөйүп бирок барат жаш.
Инилер сүйгөн кызга эми
Ырсактап турсам жарашпас.

www.bizdin.kg



ЖАЛИЛ САДЫКОВ

ТАҢ КАЛУУ

Адам казып,
Уран кени куралып,
Атом болуп...
Нур оорусун чыгарып...
Аа кошумча, булгап жатат чөйрөнү,
Заводдордон кочкул түтүн буралып.
Айдоолорго химикаттар себилип,
Алар, жанды, арчычкандай кемирип...
Жер да чарчап...
кургап, чаңкап баратат,
Булак соолуп, көлдөр артка чегинип...
Ичкен суубуз хлорлорго чыланып,
Көчө кымкуут — күрүлдөктөр уланып.
Арга жоктон кагып жаткан кан тамыр,
Жарылчудай араң турат чыңалып.
Самолёттор аба булгап асманда,
Көчөлөр газ...
Ар бир үйдө газ барда.
Мен таңгалам жыйырманчы
кылымдын,
Адамдары кантип жашап жатканга?!

Коркунучтуу бир суроо

Артта калып абийир менен парасат,
Адамдардан ыйман качып баратат.
Ага далил, арак ичкен жаштардын,
Ачуу сөзү жүрөгүңдү канатат.

Жаштар десең, кемпир ичип, чал ичип,
Келин-кезек, үйдөгүнүн баары ичип.

Шымы жыртык бөбөктөргө карабай,
Шымалана жапырт кеттик киришип.

Ойго келбейт үйдө сынык нан барбы,
Ким тоюнтат ач, жылаңач балдарды?
Ичкен жактан орус менен чукчадан,
Биздин эл да кем калышпай калганбы?

Үмүт үзүп сары майдан, каймактан,
Эл көбөйдү самогонду кайнаткан.

Айылдарда калбай барат адамдар,
Козу союп, дасторконун жайнаткан.

Тоодо болсо, төрт аракка бир ирик,
Алмашат да, ичип алат шимирип...
Жай сурашсаң: «Шекер да жок, ун да жок, —

Деп сүйлөшөт, — өтпөй калды тирилик...»

Кантип өтөт, тынбай жатса алкымың?
Азыр көбү кейпин кийди жалчынын.
Үйлөрүндө кымыз түгүл айран жок,
Пейли кайда бир кездеги малчынын?

А, шаарларда, кым-куут болуп азанда,
Алып, сатып... элдин көбү базарда
Кечке жакын жигит да мас, келин мас,
Жетелешип алы келбейт басаарга.

Кыжылдашып эл чубаган тар жерде,
Кызылдай мас аял жатат ар жерде.
Мына ушинтип өзүбүздү өзүбүз,
Башкаларга кылмай болдук шерменде...

Билгендерге, бул көрүнүш, чатак иш,
Биз ичкенден, бардык элден ашабыз!
Жапырт сүзүп деңизинде арактын,
Деги кайда кетип бара жатабыз?..

ӨКҮНҮЧТҮҮ ЫР

Чайым ичип, ээлеп жатчу төрүмдү.
Жалган достун көбү менден бөлүндү.
Билбей калдым, көөдөнүнө алардын,
Кандай чакта кайнак сорпо төгүлдү?

Адегенде күнөөлөбөй бирөөнү,
Мен өзүмдөн издейм дайым күнөөнү.
Анан барып, минтпес эле деп ойлойм,
Ким-киминин таза болсо жүрөгү.

Үйгө келсе, аш табалбай берээрге,
Жан калчу эмес, ал жолдоштор дегенде.
Алган жарым экөөбүз тең билбеппис,
Арам ойлор жаткандыгын тереңде.

Жөлөп-таяп «ылжып» калса эгерде,
Биз ыраазы алар ичип-жегенге.
Ал жылдарда, ишенчү эмес элем мен,
Ичи тарлык, көралбастык дегенге.

Канткен менен пендечилик кыйын да,
Бардык сыйым эч арзыбай тыйынга
Алар ичтен жүргөн тура тарыгып,
Менин атым чыга калса жыйында

Айрымдары отурса да жаныма,
Ичтен түтөп, атагыма, наамыма,
«Бул кандайча жетип алды?» — дешти

окшойт,

Биз баарыбыз жетпегендин баарына.

Билет алар: Ичээр жерде ичкемин.
Билбейт алар: Ичпес жерде ичпедим.
Илхам келип тутанганда ышкы оту,
Күнү-түнү тыным албай иштедим...

Иштеп жаттым өз колуман келгенди,
«Алсам, жулсам» — деп сунбадым чеңгелди.

Ак эмгекти баалаганга ырахмат,
Мага баарын өкмөт берди, эл берди.

Аны билбей алган наамым кысканып,
Көралбастар көөдөн күйүп, ич тарып...
Жолдош «сөрөй» болуп жүргөн неменин,
Тизмебизден көбү калды кыскарып.

Мен көбүнчө теңелбеген үчүнбү,
Мен жок жерде, сөз сүйлөшүп күпүрлүү.
Мен бар жерде, ала качып көздөрүн,
Карай албай жүрөт көбү жүзүмдү.

Мен алардын бут тоспогом бирине,
Көбү көнгөн коштоп, сүрөп жүрүүмө.
Ошолордун кудурети жетпеди,
Аз да болсо эмгегимди билүүгө.

Не демекмин? Айла да жок, амал да..
Ал эмгектин баары кетти шамалга..

Жакшылыкты сатуулашуу менде жок,
Жасаганым милдет кылбайм аларга

Отко суу сээп, чыгаргандай көмүрдү,
Айрымдары суутуп салды көңүлдү-
Ойлоп көрсөм: «жарма достун» барынан,
Биротоло жогу жакшы көрүндү!

Көп ойлондум... Санаа, санга бөлүндү.
Кайран күндөр, чайпалды да төгүлдү-
Өкүнөөрүм: Алар менен ичишип,
Күр өткөрүп ийдим далай өмүрдү....

ООРУЛУУ КАРЫЯНЫН СӨЗҮНӨН

- Ренгенге бардым. Курусун анын бөлмөсү,

Карарган бөлмө — казанак окшойт көрдөкү.

Айныды көөнүм, аракет кылып келсем да —

Адамга окшоп өлбөөчү.

Шилтесем кадам, кетчүдөй кулап тереңге,

Калтаарып турам, калтырак чуркап денемде.

Аз жерден калдым ар жактан бирөө көрүнбөй:

— Бер жакка баскын! — дегенде.

Агарган так бар... Сөлөкөт күтүп турабы?

Атамдын атын, өзүмдүн атым сурады.

Кичине чакта көп уккан «үңкүр-маңкирге»

Окшошуп кетти сыягы.

Дал ошол неме, көрүнбөй туруп жашырын:

«Өт! — деди — мындай! Абайлап баскын акырын!

Чалына бассам, дүркүрөп жатты аргасыз,

Түптөрү ар бир чачымын.

Буйрукту берет. Көрүнбөй өзү далдаада:

«Колуңду тарткын, айнектин бетин кармаба!»

Чыгарып бир пас шооласын кызыл жарыктын,

Ыстыкан сунду ал мага.

— Жут! — деди, жуттум.. Ыстыкан борду жуткуруп,

Аз жерден калды, — жибере жаздап кустуруп.

Астымда темир, алдымда айнек, арт темир,

Аргасыз турам кыпчылып...

Карарган бир кол мен жакты карай сунулуп,

Аңтарып кирди ашказан түштү сыдырып.

Мүпмүздак мээлей... Артыма жылам негедир,

Алкымым оозго тыгылып...

— Дем албай тур — дейт. Дем албай турдум тынымга,

Дем албай туруш, өлүмгө тете чынында

Көзүмдү жумсам, жүргөндөй сезем өзүмдү —

Тозокто, кылдын кырында

Коркунуч баары... Коркунуч экен караандай,

Бүткөндөн кийин эшикти жаттым табалбай.

Чыкканда сыртка, күбана түштүм, көргө көөмп —

Тирилип турган адамдай.

Мынакей дагы, экинчи сапар киришим,

Сокурдай менин, кадамды шилтеп жүрүшүм.

Караңгы бөлмө, караңгы көргө окшошуп —

Үзүлүп барат үмүтүм.

Бир аздан кийин, бүлбүлдөп түшкөн шооладан,

Жоголо түштү ойдогу жаман коогалаң.

Анткени, дайым, тирилик менен жарыктан,

Үзбөйт го үмүт оору адам.

Акырын барып айнекке калдым кыпчылып,

Карматып колго ыстыкан борду жуткуруп.

Ашказан жагым капкара муздак мээлейге,

Кайрадан жатты мыкчылып...

Манчалар менен баскансып көрдү бир жерин,

Кытыгым келет, «күлөйүн» дедим, күлбөдүм.

Эсиме түшөт, негедир, ойноок бала кез —

Унтулуп ооруп жүргөнүм.

Кызыктай болду бул сапар менин көрүнүүм,
Жанагы мээлей ачкансып койду көңүлүм.
Болбосо, жуткан ыстыкан бордун күчүбү,

Узарат окшойт өмүрүм...

Үчүнчү жолу калыпмын бир аз көнүгө,
Кадамды шилтеп бөлмөнүн тигил төрүнө.

Жоокердей болдум, ажалдан кирпик ирмебей —

Бараткан түптүз өлүүгө!

Алгачкы корккон, мээлейчен турган врачка,

Аптыкпай туруп, батындым суроо сурашка.

Кеп күткөн элем, жарабай койду ал врач,

— Жакшы — деп көңүл улашка.

Оройбу, сыйкы: — Врачың айтат — деп салды,

Ай түгөт билбейм... ашказан жакта кеп барбы...

Уйку да көрбөйм, талытып уюп сыздатып,

Бир эле жери жеп салды...

Үч ирээт берип, жутканда жаңкы борунан,
Ашказан, бир аз, айыккан болчу оорудан.

Айылда дурус сакайбай жатат өңдөнөм,

Жуткурчу бордун жогунан!...

Мезгили жетсе, ичүүчү суусу түгөнүп,
Канча жыл жашап, калбаган дейсиң ким өлүп?

Дартымды бир аз дарылай албай жатат деп,

Көңүлдө ой бар бүдөмүк...

Айыгат элем, айыгат элем ооруман,
Айтсаңар, мага беришсин жаңкы борунан?..
Карыя билбейт, айыгаар жагы келээрин —

Хирургдун кана колунан.
Мен болсом, ойлоп артыгы жокпу деп калдым,

Ушундай момун
Мойсопут адам болуудан.

СУЛАЙМАН МАЙМУЛОВ

ӨТҮП ЖАТАТ

Эргисе да, көлгүсө да көңүлүм,
Эске түшсөң боло калат көк ирим.
Шабырлаган жорго минип жүрсөм да,
Эмнегедир толбойт бир жак өңүрүм.
Ал анткени жалгыз кылып дүйнөгө,
Кантем, кантем!
Жаратыптыр теңирим.
Өңүмдө эмес,
Элес-элес

Түштө кана жакындап,
Кылдырап бир өтүп жатат өмүрүм.

КЫЗЫЛ ГҮЛ

Ай асманга кандай турса жараша,
Так ошондой...
Мен жашасам жанаша.
А себеби көркү сенсиң шаарымын,
Ар бир киши абай менен караса

Көктө жылдыз жерге жатса төгүлө,

Так ошондой...

Мен да турсам эңиле.

А себеби шамы сенсиң бактынын

Ар бир адам карай берсе бериле.

Күн асмандан кандай чачса жылуусун
Так ошондой...
Мага сен да жылуусуң.
Ал анткени отусуң го жүрөктүн
Ар бир акын баалай билсе ырысын.

Океан да, көл да менин көңүлүм
Аппак сөзүм...

Кандай болот өмүрүм...
Сүйүүлөрдүн жүрөгүнө чок салган,
Сени кимге жар кылды экен теңирим?

АЙЛАНЧЫКТАП ЖҮРӨМҮН

Көзүңү

Жаратканбы,

Оттун илебинен

Сезе калам гүл өңүнөн.

Сөзүңү

Таратканбы,

Жаштын тилегинен

Сүйлөшкөндө билемин мен.

Өзүңү

Жаратканбы,
Көлдүн чүрөгүнөн
Байкаймын түр-өңүнөн.
Төшүңү
Каратканбы,
Жердин тирегинен
Мүчөңөн көрөмүн мен.

Белиңи
Жаратканбы,
Периште билегинен
Көзүмө илемин мен.
Пейилиңи
Санатканбы,
Гүлдүн иреңинен
Жүрөктү тилемин мен.

Коюнуң
Жаратканбы,

Куштун түнөгүнөн

Сеземин илебиңен.

Оюнуң

Таратканбы,

Күндүн жүрөгүнөн

Айланчыктап жүрөмүн мен.

ГЁТЕЧЕ

Айлыңа жазда келем, күздө келем,
Уялбай чапчайыңкы түштө келем.
Алдыман орок сымал бели ийилген,
Илмейген кемпир менен чалды көрөм.

Айлыңа кышта келем, жайда келем,
Чилдеси чыкылдаган айда келем.

Түйүлүп кулун, тайдай оюн салган
Муруну дердендеген бала көрөм.

Билгизбей эл аралап басып келем,
Тагдырдын салганына жашып көнөм.
Тешилип эки көзүм алты болуп,
«А кудай көрүнөбү сенин төбөң».

«Өзүңү көрсөм ээ» деп келдим дегдеп,
Тилегим бара жатты көчөңү өрдөп.
Экөөбүз ашсак дагы алтымыш кыр
Дагы эле мен бир Күкүк, өзүң Зейнеп.

Чын эле өзүң Зейнеп, мен бир Күкүк,
Келет деп туралбайсың кечээ күтүп.
Түбүнөн терезеңин ыйлап-ыйлап,
Гётече кете берем күнүм бүтүп.

МАР АЛИЕВ

ПЕРИШТЕМ

Жаш сүйүүнү бирге татып бөлүшкөн,
Жакшы менен жаманды тең көрүшкөн.
Мээриминен мага кубат, дем келген,
Менин нурлуу, менин сулуу периштем.

Жыргалымсың туш тарабың келишкен,
Жылуу сөзүң жүрөк черин эриткен.
Мезгилимде бирге өмүр сүрүшкөн,
Менин барктуу, менин нарктуу периштем.

Көңүл каалап көгүчкөндөй өбүшкөн,
Көрүнүшүң көөдөн-бойду эриткен.
Алган жарым, ак балдардын апасы,
Айдай, күндөй, аппак гүлдөй периштем.

АЛАС, АЛАС!

Калкымдын пейли ток болсун,
Каргаша оору жок болсун.
Каран түн салган ааламга,
Кан күйгөн согуш токтолсун.
Алас, Алас!

Жыргалга эл-жер балкысын,
Жама журт айтсын алкышын.
Жоболоң кырсык жок болуп,
Жыл сайын арча аңкысын.
Алас, Алас!

Эргисин эмгек, туу алсын,
Эл-журтум ага кубансын.

Өрүш бүт өсүп-өнүгүп,
Өмүргө өмүр улансын.
Алас, Алас!

Кут качпай, пейли оңолсун,
Кор болбой балдар торолсун.
Эл-журтка болгон жек көрдү,
Эски адат такыр жоголсун.
Алас, Алас!

Ар дартка даба табылсын,
Ага бүт кесел багынсын.
Тазарып аба, бүт аалам,
Табигат гүлзар тагынсын.
Алас, Алас!

Көп болуп суусу мүрөктүн,
Көпөлөк коркпой гүл өпсүн.
Ааламга орноп тынч заман,
Ачык асман нур төксүн.
Алас, Алас!

ЖОЛУГА ТУРГАН КҮНҮ БАР

Булбулдун мукам үнү бар,
Бурулуп келээр сүйүү бар.
Жоодурай карап эки жаш,
Жолуга турган күнү бар.
Ашыкка жаккан бир гүл бар,
Айласын табаар бал тил бар.
Акыры өтөөр бир жаштык,
Айтылып калар бир күн бар.
Сүйлөшө албай болуп зар,
Сүрүнөн жүрөк жарадар.

Ардагым сулуу, тилимди ал,
Акактай түнук дилим бар.
Айкашып турар эки жаш,
Ай, күнгө бергис бир түн бар.

АРТЫ КАЛДЫ ӨМҮРДҮН

Оту өчсө да, чогу өчө элек көңүлдүн,
Оюну өтөөр жигит менен келиндин.
Адам көрсөм ак пейилдүү жайнаган,
Ак жаан болуп келип кетет төгүлгүм.

Жалыны өчүп, чогу калды көмүрдүн,
Жаштык өтүп, арты калды өмүрдүн.
«Берээриме кымыз чыгат бешимде»,
Бешенеге жазганы бар теңирдин.

Көбү кетип, азы калды өмүрдүн,
Көөдөнүмдө назы калды теңимдин.
Кээ бирөөлөр кейип калса кары деп,
Алганыма келет жигит көрүнгүм.

КЫРГЫЗ БАР ЖЕРДЕ

Кыргыз бар жерде кымыз бар,
Кыйыры өскөн ырыс бар.
Ак калпак салттуу элимдин
Алдыда толгон намыс бар.

Кыргыз бар жерде комуз бар,
Кыйлага кеткен добуш бар.
Жалпы элим жайлап жактырган,
Жайлоосу кенен конуш бар.

Кыргыз бар жерде ыр, куш бар,
Кыр чокулуу кар, муз бар.
Калкыма кара санаса,
Кайтпаган катуу каргыш бар.

Калкым бар жерде намыс бар,
Кадырлаш достор, тааныш бар.
Ат тапта анда камчылап,
Алдыда далай жарыш бар.

БАРКТАБАС АБАКИРОВ

ЖАШЫЛ ӨРӨӨН

Мекендин алакандай чакан бурчу,
Мен жарыкка башбагып эмген упчу.
Тоолордун курчоосунда турат Кочкор,
Токоюн күүгө салат аккан суусу.

Беделүү, эспарцеттүү жашыл өрөөн,
Береке, молчулук бар, койну кенен.
Ширелүү алмалары чай чыныдай,
Макташса жетип турат көккө төбөм.

Мөлтүрөп оргуп аткан суунун башы,
Суу деген жан-жаныбар өмүр, жашы.
Кара-Кол, Кара-Кужур шаркырайт да,
Капкайдан Чүйгө жетет аккан ташы.

Уламыш, санжыра көп жетпейт эсеп,
Кан Манас ордо ойноп кеткен дешет.
Кырк чоро күмбөздөрү бул өрөөндө,
Эчаккы бир кылымды элестетет.

Кары жок, ызырынып кышы өтөт,
Нөшөрлөп жазда жамгыр, булут көчөт.
Качандыр бир кылымда кара тоодон,
Калдайып алп кара куш учкан дешет.

Аскасы Баба-Атанын булут челет,
Кызарттан леп-леп эткен шамал келет.
Көшүлүп Кочкор-Ата кылым санап,
Көтөрүп уул, кызын, кубат берет.

Мээнеткеч дыйкандары, малчылары,
Алдыда алтын жылдыз — баатырлары.

Гектар жер беш, он тонна эгин берип,
Малы да миллионго жакындады.

Кочкор бу жазда, жайда жашыл өрөөн,
Алыстан анда-санда барып көрөм.
Козголот ички дүйнөм, сагынычтан,
Кочуштап топурагын, ташын өбөм.

Ичимден миң кайталап жалынамын,
Узакка көрбөй калсам сагынамын.
Ууч топоң кайда жүрсөм көңүлүмдө,
Тууган жер мени тартат берген даамың.

Чоң манасчы Сагынбай атын угаар,
Бу жерден Балык, Шапак манасчылар.
Ак пейил азаматтар өсүп-өндү,
Ата Журт салтын сыйлап, кызмат кылар.

ЖООМАРТ КҮЗ КЕЛЕ КӨРГҮН

Жер майышкан эгин, жемиш жүктөнүп,
Жергебизге — Ала-Тоо күз келип.
Берекесин дасторконго жайнатты,
Келин-кыздар апорт алма жүздөнүп.

Жашыл өрөөн — кудум алтын өңдөнүп,
Жатат ана жемиш чачып көлбөөрүп,
Мезгилдердин жоомарты да, сулуусу,
Күз окшойт го жерге алтындай өң берип.

Каркырадай каалгып аста күз кайтып,
Кайың, терек, кара бактар суз тартып.

Сары тыйындай сапырылат жалбырак,
Жаткан өңдүү алда нени бизге айтып.

Тоонун күзү жумшак тартып мемиреп,
Мол байлыгын элге берди көбүрөөк.
Таңкы жели эркелетип сыласа,
Гүл жыпары айланага себилет.

Токчулук адам, малга — бардыгына,
Тартуулап кубандырган ар жылына.
Жоомарт күз келе көргүн адашпастан,
Ак пейил адамзаттын тагдырына.

АРЧА БЕШИК

Күнгө — күндөр ачып эшик,
Өмүр өтөт сууну кечип.
Өмүрлөрдү улай көргүн,
Биз бөлөнгөн арча бешик.
Термеле бер, термеле көр,
Биз бөлөнгөн арча бешик.

Балалуу үйдө ырыс-кешик,
Бала баксак үйку кетип.
Ар бирөөнү кубантса экен,
Сүйүнчүлөр эшик чертип.
Термеле көр, термеле бер,
Кут куюлган арча бешик

Жыргалдуу күн, турмуш жаңы,
Көбөйсө экен бала саны.
Бала бакыт жаркыраган,
Келечектин күйгөн шамы.
Термеле көр, ар бир үйдө,
Акжолтоюм арча бешик.

Бала деген ичти эзип,
Борс-борс күлсө кайгы кетип.
Жыргай түшөт ата-эне,
Айга, күнгө колу жетип.

Термеле көр, термеле бер,
Акжолтоюм арча бешик.

АЛТЫН ЧӨЙЧӨК

Гүл жайнатып жаз күндөрү жасанып,
Алтын чөйчөк тээ эчактан аталып.

Тогуз-Торо тоо койнунун сулуусу,
Мезгил өтсө барат улам жашарып.

Кышта барсаң ак чыныдай көрүнөт,
Жашыл чөйчөк жазда, жайда бөлүнөт.
Коон, дарбыз түркүн жемиш бүт бышып,

Желге аралаш жыпар жыты төгүлөт.

Абасынын тазасы ай, жумшагы,
Жанга дары бир кочушу, ууртамы.
Сыбызгыган музыкадай кубулжуйт,
Көктөм кезде сайрап турса куштары.

Алтын чөйчөк ким атады ким билет?
— Тоолор билет. Тоо жаңырат дүңгүрөп.
Алтын деген асыл заттын бардыгын,
Анда акылман туюнганын билдирет.

Толукшуган жазда, жайда жасанып,
Күмүш эмес, алтын чөйчөк аталып.
Төрт тарабы тоолор менен курчалган,—
Тогуз-Торо кулпунууда жашарып.

ТЫҢШАП ЖАТТЫМ

Тыңшап жаттым, деңиз үнүн,
Түркүмдөрүн уктум күүнүн.
Күр шар этип, кээде жатса,
Күүнү кайрыйт кээде мэлүүн.
Терезеден мага үйлөйт,
Талыкшытпас желди серүүн.

Көп-көп бастым деңиз жээгин,
Көтөрүлүп эргип көңүл.
Кыялымды чабыттатты,
Деңиз берип жакшы мээрим.
Ак чардактар түшүнөт го,
Албууттанган деңиз кебин.

Угуп жатып толкун шарын,
Уктаганда жыргап жаным.
Эс аламын укмуштуудай,
Болгон өңдүү тилек кабыл.
Түшкө кирди, кээ түндөрү,
Күмүш кемер, дайра Нарын.

ЖАПАРКУЛ АЛЫБАЕВ

АТА-ЖУРТ ЖАНА МЕН

«Мен бармын» деп бакырбадым,
«Мен жокмун» деп басынбадым.
Кыйындыктан жашынбадым,
Жамандыкка катылбадым.

«Бар» деп айтсаң барып жүрдүм,
«Жан!» деп айтсаң жанып күйдүм
Тетир кетсем кагып жүрдүң,
Мөгдүрөбөй жарык жүрдүм.

Башка жерге суктанбадым,
Башка асманда уктабадым.
Көз ачканда көргөн таңым,
Сенсиң суум, сенсиң каным!

Эгер өлүм салса кылтак,
Арттан өскөн көрсүн урпак.
Бөтөн жерге чачылбастан,
Сенде болсо үйгөн турпак.

ТУУГАН ЖЕРГЕ

Арасында жүрөмүн калың топтун,
Аарыдай бал ташыдым, жаткан жокмун.

Азбы, көппү берген бал, кечирип кой,
Азды көптөй көрсөтүп айткан жокмун.

Коюу чаңын аралап, калың топтун,
Кумурскадай кыбырап, жаткан жокмун.
Куурай сүйрөп келсем да кээ күндөрү,
«Дөңгөч түртүп келдим» деп айткан жокмун.

Ысыгыңа күйөйүн, кактанамын,
Суугуңа чыдайын, тапталамын,
Ууз жыттуу койнуңда мен төрөлүп,
Уулуң болуп калганга, мактанамын!

АЛТЫН БАЛАЛЫК

Ал кезекте сен тентек кыз эселек,
Мен да бала сүт оозумдан кетелек.
Жар бооруна экөөлөп,
Орок менен үй куруп,

Жаңы гана үйлөнүп,
Көчүп келдик дечү элек.

Кайырма:
Алтын балалык,
Бизди ойноткон.
Мага билгизбей,
Сүйүүмдү ойготкон.

«Кемпир!» — десем мен колуңдан жетелеп,

«Белим ий!» — деп сен да мага эркелеп.
Чалым байкуш жумуштан,
Чарчады деп мени аяп,
Чай кайнаткан күндөрүң,
Али эсимден кетелек.

Кайырма:

...Коштошоордо коомай кармап колумду,
— Сагынба... — деп, санга бөлдүң оюмду.

Жаш күнүмдүн унуткус,

Эстелиги ушул деп.
Карап турдум жалдырап,
Караан үзгөн жолуңду.

АРАКТЫ ТАШТАГАН АДАМДЫН МОНОЛОГУ

Кош бол арак, көп жыл чогуу бир бастык,

Коюндашып, бир обондо ырдаштык.
Көрүнөө да, көмүскө да өбүшүп,
Ашыктардай айлуу түндө сырдаштык.

Кошкун арак, сулуу кыздай керемет,
Көп жыл бою мендеги эркти тебелеп.
Көздү кысып алып жүрдүң ээрчитип,
Тамтаңдатып тамга, талга чегелеп.

Отуз жылы сенден канбай кумарым,
«Түлкү куумай» оюнуңа чыдадым.
Кайда калды менин албуут жаштыгым?
Кайда менин таза мээлүү курагым?

Кош бол эми, «сагынбассың» бөтөнчө,
Мен көрөрмүн сени бирөө көтөрсө.
Адам эмес, чиритесиң темирди,
Сага түтөт жалгыз гана бөтөлкө!

Сенин «сүйүүң» башкаларга окшобойт,
Сенин «сүйүүң» бир адамга токтобойт.
Бир адамды бузган кетет соттолуп,
Миңди буздуң, сени неге соттобойт?!

ЭМНЕ СОЮПТУР?

Бекер тамакка
Көнгөн эргул башынан
Тоюп келип

Төрөбек чалдын ашынан.
Үргүлөп баратса,
Уйку-суроо астынан,
Үйүнө кирген бирөөнүн
Кобурун угат
Жашыган:

— Түндө шордуу жантаслим болуптур.

— Ошону айтсаң,

Жөн эле зыңкыйып тоңуптур.

— Жансактаткан ошол эле
Аны да жараткан

Бизге буйрубай коюптур!
Муну уккан Дарбаң
Ыргып туруп,
Сурайт дейт:

— Ой, кара ашына эмне союптур?

— Тамаксоо десе,

Эшекке да аш бермек беле? —
Аялы бетин чоюптур.

КӨҢҮЛ АЙТУУ

Уулу аскерге жөнөсө эр жетип,
Улуп-уңшуп ыйлайт энеси.
Кошунасы анда сооротуп,

— Кайра келет, ыйлаганы эмнеси?

Кызы чыкса, анан күйөөгө,
Улуп-уңшуп ыйласа энеси,
Баягы эле коңшусу кайрымдуу:

— Кайра келет, ыйлаба, — дебеспи!

ЖЕТПЕЙ ТУРДУ БИР НЕРСЕ

Жекшенаалы той берди,
Жакшы тилек ой деди.
Жаш-карысы калбастан,
Жалпы айылы мол келди.

Боорсок төгүп, чай берди,
Каймак майын кам берди.
Дүмбөлөмө, беш бармак,
Түркүн оокат шай келди.

Аркы-берки кепти айттык,
Андан, мындан жеп жаттык.
Ар ким сызып ичинен
«Арак жок го» деп жаттык.

Бирок сырды бербедик,
Чайлар жатты демделип.
«Шыңгыр» деген дабыш жок
Турду кулак делдейип.

Жекшенаалы той берсе,
Жетип бардык кел десе.
Жерге кирсин жаман салт,
Жетпей турду бир нерсе...

ГАРНИТУРГА КАЙГЫРБА

Сүйгөн жарым, гарнитурга кайгырба,
«Жетпедик» деп жеңилдикке тайгылба
Жылтыраган жыгач кимче болуптур,
Жылуу-жумшак ынтымактан айрылба

Жыгач толбой, адам толсун үйүмө,
Жыты жыпар бала болсун сүйүүгө.
Жабыркасаң көңүлүңдү көтөрөр,
Жакшы сөздүү жолдош болсун тирүүдө.

Сүйгөн жарым, гарнитурга кайгырба,
«Жетпедик» деп жеңил ойго тайгылба
Мен өлгөндө гарнитуруң ыйлабас,
Ыйлап турар Качкын менен Байдылда!

Исабек Исаков

СУУК КӨЗДӨН САКТАСЫН

Өмүр жолум коштоп мээрим ак жалын,

Мөмө төгүп, жашыл бутак шактарым.
Сезип кыздын махабатын булактай,
Сезбесем дейм күйүт толгон чактарын.

Жытын бурап, жээк толгон жалбызым,
Күүлөр сыры жүрөктү ээлеп калды чын.

Билип кыздын жаркын жашоо үмүтүн,
Билбесем дейм тоодой бүткөн кайгысын...

Ашып-ташып ардак кылып сыйларым,
Дастан болуп турмуш берген сырларым.
Көрүп кыздын сагыныч толгон элесин,
Көрбөсөм дейм көлдөн бүткөн ыйларын.

Кыздар, кыздар, кылыгы арбын шат жазым,

Махабат, ыр, күнүң эзел батпасын.
Бул жашоодо өрүш алып бийиктеп,
Бакты өмүрүң суук көздөн сактасын.

ҮМҮТ БАЯНЫ

Ой көлүндө ойноок болуп кыялым,
Көз алдымдан кетпейт сулуу ынагым.
Жан дүйнөмдү көккө эргитип канаттай
Комуз чертет музыкалуу булагым.

Чындыкты айтсам жыпар чачып күнү-түн,

Жайнап өскөн жаздын назик гүлүсүң.
Чоң бактыга таштап сыйкыр арышты,
Чолпон сымак жанып турат үмүтүм.

Ошол үмүт, ошол сүйүү тирегим,
Нурга бөлөп түгөйлөштүн жүрөгүн.
Бал-бал этип бакчасында жашоонун,
Баян кылат бакыт өмүр сүрөрүн.

НЕГЕ МЫНЧА

Кара көзүм, эркем, Ай тамак,
Ак сөзүңдөн айтсаң бал тамат.

Үлпөт күн качан болот деп,
Үмүт жүгүн жүрөм аркалап...

Сүйүү отуң мени жетелеп,
Карегимден күлкүң кетелек.
Айланчыктап алыс кеталбай,
Ак шооланда болдум көпөлөк.

Өмүрлөшүм, сүйүү белегим,
Өзүң болуп издеп келерим.
Сыймык тутуп жашоо турмушта,
Сыйкыр беле сенин демөөрүң.

Артык сүйүп, баалап калкыман,
Неге мынча дегдеп талпынам?!
Махабатым ташып сен үчүн,
Күнүм турат — күлүп жаркыган.

КЫЗ ЭЛЕСИ

Кыз элеси кылт деп түшсө көңүлгө,
Асылкечим — ак куу ойноп көлүмдө.
Бермет жайнап, бейиш нуру чачырайт,
Кубаныч толуп, кут жаңырып төрүмдө.

Кыз элеси санжыра болсо ырымда,
Бүт жан дүйнөм көлдөй толкуп чынында.
Тентек кыял канат керип чексизге,
Тыным үнүм тете болот кылымга.

Кыз элеси келе калса таңымда,
Бир сыйкыр күч күү ойнотуп канымда.
Бакыт кушум бакта сайрап, чер жазып,
Батып кетем сүйүү толгон жалынга...

КҮТҮП ЖҮРӨМ

Бакытым сени күтүп үмүт менен,
Отуңа улам жанып күйүп келем.
Жаркын кез, жакшы мүнөз, кыял кебиң,

Жактырып жаш дүйнөмдөн сүйүп келем.

Жаз таңда жандан сүйкүм элестериң,
Жаныма мээрим чачып келет менин.
Тоо кызын тосуп ал деп ырдагансыйт,
Тоо желге толкун ыргап теректерим.

Сезимден сен деп ырлар жазсам дагы,
Кулпунтуп купуя сыр ачсам дагы,
Бир келген өмүрдөгү бакытымдай,
Кол жеткис жылдыз белең асмандагы.

Кыялда алыс сапар узап алып,
Жан жыргар жалыныңда ушаланып.
Жоготкон махабатым кайрылса деп,
Кайрадан күтүп жүрөм кусаланып.

ӨМҮРДӨГҮ БИР АРМАН

Көп көрүп таңдын сулуу агарганын,
Тагдырда таң чолпондой жаналбадым.
Өмүрүм өткөн сайын ойлоп сени,
Жан эркем жан дүйнөмдө бар арманым.

Тең келбес көлдүн сулуу чүрөктөрү,
Ак гүлүң өнүп чыккан жүрөктөгү.
Айдыңда сага өткөрбөс тоолор турат,
Тереңдеп махабаттын мүрөк көлү.

Алтыным, айтып бүткүс ырым белең,
Турмушта тунуп жаткан сырым белең.
Жаныңда жандап бассам унутулгус,
Жашоону жомок кылар кылым белең.

Чексизде чагылган от жандырарым,
Өмүрдө сүйүү мээрин кандырарым.
Алыста самап сенин карааныңды,
Арманга батып барат жан курбалың.

КЫЗДЫ СЫЙЛА

Бүлбүл кушу сайрап турса бир бакта,
Муунуң бошоп, мүңдуу жараң ырбатпа.
Эртеңки энең шактуу мөмөң — сырдашың,
Кызды сыйла, кызды эгерим ыйлатпа.

Кылыгына бүт жан дүйнөң эриген,
Кыз урматың, кыз сыйкырың жеринен.
Кутман төрүң, ырыс көлүң жаралган
Кылым мактар кыз Сайкалдар деминен.

Бул жашоодо өмүрдү улап өмүргө,
Бир сыйкыр күч күү ойнотуп көңүлдө-

Босогоңдо кутуң болуп жаркырайт,
Кызды сыйла, кызыл алмаң төрүңдө.

Өмүркул Кулумбаев

КҮЛҮК КЕЛЕТ

Күлүк келет төрт аягы соруп жер,
Күү-шаа түшөт тогуз баллда согуп жел.
Күйгөн таштар туягында быркырап,
Кымкаарланат кирпигине тоңуп тер.

Күлүк келет кирген суудай күрпүлдөп,
Күйрук-жалы куюн болуп сур түрмөк.
Дабышына кулак-башы жарылып,
Далы тосот улуу тоолор диртилдеп.

Күлүк кызуу, кош кулагын жапырып,
Көбүк «бурт-бурт» оозу кулач ачылып.
Куукулаган элдин үнү кырчада,
Сом камчыдай соорусуна басылып.

Күлүк келет койгон жерге чектелип,
Кош өпкөсү — куш канаты кейптенип.
Ак жоолугун бек байланган боз бала,
Ат үстүндө ал да барчын көздөнүп!

Изде мени жылкычыдан, койчудан,
Пахтачыдан колу тынбай ойкуган.
Заводдомун, шахтадамын кен казам,
Жумушчумун, студентмин окуган.

Үйдө жокмун багбандарга барамын,
Гүлдөрүнөн күүнүн жутам шарабын.
Жо-жок, мени кафелерден таппайсың,
Жер кудайы дыйкандардан карагын.

Артык эмес адамдардан ичкеним,
Дөөлөтүм жок, барксыз байлык күтпөдүм.
Бирок досум, кыл кыяктай дирилдеп,
Кыз-келиндин жүрөгүнө бүткөмүн.

Изде мени ит өлүүчү жолдордон,
Күйүп турам көңүлдөрдө кордолгон.
Жер боорунда адамдардан табасың,
Жан дүйнөсү эмгек менен чор болгон!

ИЗДЕ МЕНИ

Менин жаным күзгү болсо чагылаар,
Менин жаным оттук болсо жагылаар.
Менден көрүп жашоо кандай экенин,
Мокогуңду мага шарт-шарт жанып ал.

Мени кара шор кайнаган тозоктон,
Мени кара май кайнаган очоктон.
Космос койнун ачкандардан табасың,
Копшоп-копшоп жылдыз түбүн бошоткон.

КҮҮ ЧАЛАТ МӨЛ БУЛАК ТООЛОРДО

Суу бойлой олтурсак жарчада,
Серпилип тамчылар арчага.
Күү чалат мөл булак тоолорго,
Куду окшоп апаппак манчаңа

Абасы гүлдөрдү ойготот,
Артылып мойнуңа ойношот.
Канатын каккылап боз торгой,
Сайраса ойлорго ой кошот.

Жаш кыял жарышат дабырттап,
Жаңыдан дарактай алып шак.
Оргуган булактай махаббат,
Ойлорду шаңкылдап жаңыртат.

Көңүлдөр көшөгө тартып ак,
Көлчөдө Ай жатты жалтырак.
Керимсел наздаса ак кайың,
Күч жетпей эркине калтырап.

Карасаң кылгыра мени көп,
Карегиң кылкылдап төгүлөт.
Кыпкызыл алмадай жүрөгүм,
Карс этип экиге бөлүнөт.

АЙ КАЛКЫЙТ ЖООДУР БИЙИКТЕ

Жылдыздар жарып түн койнун,
Жүрөккө нурун чубуртат.
Атыр жел өпсө гүл мойнун,
Шүүдүрүм тамат дыбырттап.

Бутагын булбул уялап,
Шуулдайт токой шаңдагы.

Шамалга кайың буралат,
Шыбырап дарак алмалуу.

Чогундай ыргыйт арчанын,
Чокудан жылдыз чорт сынып.
Караанын көрүп жарчанын,
Кыйгачтайт күлүк кошкуруп.

Сен кетпей дайым көңүлдө,
Сезимдин мээлеп бутасын.
Айланып жүрөк — көлүмдө,
Ак чардак болуп учасың.

Ай калкыйт жоодур бийикте,
Суурулуп чыгып булуттан —
Шаңкаят кара кийизге,
Төгүлгөн сүттөй бир ууртам.

БИР САП ЫР ЖАЗДЫМ

Жамынып түнүн, жазданып ташын,
Жылдыздын сылап жылтылдак чачын.
Тоолордун тилеп токтоолук жашын,
Төрүңдө жерим, бир сап ыр жаздым.

Бүлбүлүн тыңшап булактуу шактын,
Булутун тиктеп түбүндө жаттым.
Жаштыгын сурап кыз жыттуу жаздын,
Жайлооңдо жерим, бир сап ыр жаздым.

Жалында жүрүп, жан сергек аттын,
Көбүргөн кымыз, көөкөрдөн таттым.
Кумунан уучтап көзүмө бастым,
Көл бойлоп жерим, бир сап ыр жаздым.

«Белдерден уулум, жөө, жалаң бастың,
Беришем», — деди Нарыным ташкын.
Күрпүлдө бактым, куу чөлгө аккын,
Кылымдап гүлүн жаздана жаткын.

Ильгиз Гилязетдинов (Талип)

КЫРГЫЗЫМ

Бул ааламда жаркып улам жылдызың,
Буюрса дейм оомат, шоорат кыргызым.
Даңкың артып, солкулдабас каркының,
Жалгыз болбой сандап чыкса Чынгызың.

Чырпык сынса, кыргыз чынар сыңары,
Кылымдардын добулуна чыдады.
Түптүү журттан түркүк тапкан Манастай,
Калети жок кыраандардын чыгаары.

Каныкейдин, Нагиманын каны бар,
Кыргызымда кыздар сереп, анык ал.
Чырпыгыңа доо кетирбей бапесте

Чыңгыздарың бүт дүйнөгө таанытар!
* * *

Айырмасы ушул эле өзгөдөн:
Атак, сыйлык, наамды жок көздөгөн.
Кылымдардын кыянына кыйшайбас
Алтын айкел кура берген сөз менен.

Көргөндүктөн өз лирасын пириндей,
Өттү жашап, зардал дарга ийилбей.
Жетеленсе көр мүдөөгө күнүмдүк,
Болуп калмак көп жазмакер биринде й.

Башкалардай «Баатырлыкты» албаган,
Болгон эмес бой көтөртчү анда наам.
Акындарга анан турат Пир болуп,
Андай парман берилгенсип Алладан!

ТИЛ ДАРКАНЫ

Өзүн бакпай, сөздү баккан бул Ага,
Өзгөлөргө көрүнгөндүр дубана..
Кыргыз тилдин чыпчыргасын коротпой,
Кылымдарга куруп кетти мунара!

Арсар эле башталган иш бүтөөрү,
Ага чиркин бир өмүрдүн түтөөрү...
Максатынын өтөсүнө чыкпаса,
Мажирөө жан азап жолго түшөбү?

Элиң үчүн эмгектенип аарыдай,
Эңсегенге жеткен бакыт арыбай.
Атаганат кызмат кылса уулдар,
Тил дарканы — ушул Кузьмич карыдай!

Кымындай да көздөбөстөн сый жагын,
Кыргызымдын чачылганын жыйнадың.
Кылымдарды аркалаган асыл кенч,
Билбейм кантип бир башыңа сыйганын?!

А биз болсок дале чампан, чалабыз,
Сөздүгүңө сүңгүп, наар алабыз.
Бул дүйнөгө кимдер келип-кетпеген,

Бирок, кыйын Юдахиндей жаралыш!
* * *

Айырбай мерөөл болчу панарыман,
Өзүңдү дегем дайым паана кылам.
Азырчы, чаңырыгым аба жарат,
Ак чардак айрылгансып Аралынан...

Чубап артка чыйырымдын келебин,
Мен өмүрдүн марасына келемин.
Али деле үрүп-бүрүл көрүнөт,

Асыл максат туу чокусу дегениң.
* * *

Мезгилиңдин көрчү кандай катаалын,
Карышсам да карып барат сапарым.
Ардагерлик арзыганга буюрсун,
Ашыктардын таштагым жок катарын...

ЭЛЕТТИГИМ

Бирөөгө догурунбас элеттигим,
Билемин сенин күйбөйт электириң.
Катарлап турса Нарын каскаддары,
Караңгы үйдө какшап, келет жиниң.

Баягы этти, сүттү берет кимиң,
Түбүнө жеттиң беде, кой-эчкинин.
Жонуңа турчу дайым үйрүп камчы,
Жок эми парткомуң да деректириң.

Койбосоң техниканын сен эч бирин,
Жер айдап, үрөнүңдү себет кимиң?
Жок болду жоо чапкандай клуб, мончо,
Жоёсуң кантип дилдин, дендин кирин?

Чал-кемпир багып калды араң жанын,
Балдары үзүп кеткен караандарын...
Көөдөктөр кам урганда депутатка,
Арттырып турасыңар адам санын.

Бар болуп калат экен керектигиң,
Өлбөй тур менин азиз элеттигим.
Бак айтып быйыл келди сенин жылың,
«Аялзат», «Карыларга»... теңешкиниң!

Көчөңдө сенин дагы майрам болор,
Каңгыган кайбарларың кайра оролор.
Түбүндө өзүм дагы элеттикмин,
Айырмасы анча эмес азыр борбор...

ЭЛЕГИЯ

Ал түндөр ак кар элеген,
Азыр да козгойт делебем.
Ааламы тунган бактыга,
Анда сен жана мен элем...

Бурганак чаап шапалак,
Бубактан саамай, жакаң ак.
Жаркытып көөдөй ал түндү,
Жалбырттап турган махабат.

Көөдөнгө шаттык тирелип,
Айдыңды жаткан чиренип —
Кош ак куу сымал көлдөгү,
Колтукташ басып, жиредик.

Башына чыксак көчөнүн,
Балалык базар өтөөрүн.
Албаппыз ойго ак таңда,
Албырган шамдын өчөөрүн.

Боюбуз эрип, балкыган,
Бороонду ал түн артынан.
Жаным не сезим чыйрыкты,
Жаз келген чакта жаркыган?

Кыз кезиң бир жан өппөгөн,
Кыялдан чубап өткөрөм.
Өмүрү кыска түн сүйүү —
Өкүнчү өзөк өрттөгөн...

Совет Урманбетов

БООР ООРУДУ

Чиркин өмүр ар адамга бир келет,
Бүркүт беле, күйкө беле, иргелет.

Чыгыш калкы ыр жакшысын гүл деген,
Кооздугун, жыпар жытын эңсейт го.
Жаман ырды ыргытышат күл менен,
Кебетеси таштанды деп тепсейт го.

Биздин күндүн бийигинен караса
Эрбең-сербең, бүлбүл этет карааның.
Элге болбой же бересе, аласа,
Тирүү туруп түк угулбайт кабарың.

Канткен менен замандашмын, күймөлөм,
Койчу болсоң баар тапмаксың а мүмкүн.

Ордуң таппай өтмөк болдуң дүйнөдөн,
Темир болсоң мык жасамак ар түркүн.

Жок дегенде терек тикчи жалгыз түп.

ЧЫРАК

Кыз кыркындуу «Шайыр» көчө бурчунда

Алма-өрүктүү бир чоң ак там бар эле.
Курса керек күч-кубаттын курчунда
Ороз кары жыйнап, сатып ар деме.

Алда кайдан дабыш улап абалап,
Бурдай качып көк Маңгыты үрүүчү,

Күүгүм талаш көчө жагы алалап,
Жарык төгүп төрт терезе күйүүчү.

Бир күндөрү көптөп чыгып өкүрүк —
Ороз кары жүрүп кетти керексиз.
А терезе бир чырагын өчүрүп,
Өчкөн бойдон күйбөй калды кебезсиз.

Согуш чыкты. Уулу кетти майданга,
Ай, өрт эле чыкчу бирдин ичинен.
А Батмакан келинине — Майрамга,
Күнү түшүп, күтө берчү ишинен.

...Кат ордуна «кара кагаз» сүйлөдү,
Ок аралап өткөн экен дал төштү.
Да бир оттон кемиттирип дүйнөнү,
Терезенин бир чырагы дагы өчтү.

Маңгыт эми үйгө такап көчүгүн,
Сыртка чыкпай үрүп калды короодон.
Баласынын көйнөк-көнчөк өтүгүн
Эне жыттап, орогону орогон.

Майрам кантсин, жети жылы күттү да,
Кетти үйүнө, кимден алат ал өчтү.
Өзү салган билик күйүп бүттү да,
Терезеде да бир чырак дагы өчтү.

Канча жолу кар жааганын ким билет,
Эне дагы жүрүп кетти үзүлүп.
Жалгыз чырак өчтү түтөп диртилдеп
Кап, турчу эле бир түнүндө жүз күйүп.

Маңгыт байкуш төккөн күлдү шимшилеп,
Кечте келип тиктей берет эшикти.
Алмалардын сынган шагы титиреп,
Уй сөйкөнөт, тепсеп соңку кешикти.

Чымындар да өлүптүр бүт тоңушуп,
Ал үйдө жок жан аттуудан эч бири...
Эгер Адам жок болсо дейм согушуп,
Ушул тура жер шарынын кешпири.

ЖАШОО МЫЙЗАМЫ

Эгер бирөө:

«Мен өлүмдөн коркпойм» десе ишенбейм.
Өлүү үчүн өлгөн эмес Чолпонбай.
Адам уулу туу чокуга баратып
Чарт үзүлөт жанып кеткен тростой.

А мисалы

Өлдүң дейли. Аалам калат жапжарык.
Тоолор ышкын. Көлдөр ак куу. Жерлер гүл.

Куунап, ойноп иштеп жүрөт адамдар.
Кулак укпайт, көзүң көрбөйт — сен жоксуң.

Өлүм деген

Коркунучтуу. Жашоо парыз ойлобой.
Жер замандан эки жол бар тирүүдө:
Тамак үчүн жашап жүрсө бирөөлөр,
Жашоо үчүн тамак ичет бирөөлөр.

А мен болсом,

Жиним келип тездигине мезгилдин,

Өлүүгө да убактым жок ишенсең.
* * *

Чыйырчыктар учуп келгенде
Балалыгым кошо келгенсийт.
Таң азандан сайрап бергенде
Таттуу кыял, эргүү бергенсийт.

Чыйырчыктар учуп келгенде
Апам дале үй саап жаткансыйт.

«Уйкучусуң жандан дегеле,
Уйду кошуп кел» деп аткансыйт.

Чыйырчыктар менин канатым,
Күндү беттей каптап учушкан.
Кайкый берүү көнгөн адатым,
Тажагым жок такыр учуштан.

Чыйырчыктар кайтып кетээрде:
Бир таамп алат чөпкө көз жашым.
Балалыгым кошо кетет да,
Кайра келет курган өз жашым.

КАҢЫРЫК ТҮТӨӨ

Аваке, кыркынчы жыл эсиңдеби:
Кер жорго сатып келген кечиндеги.
Иниңе «жакшы багып, минип жүр» деп,

Карс күлдүң оттор жанып бетиңдеги.

Жыл өтпөй кызыл жалын

жалбырттады,
Уктатпай танкалардын шалдырттары.

«Кошкула, көрүшөрбүз туз буюрса...»
Кеткениң эсимде ала шалбырттагы.

Ажырап бир бутуңдан кайра келдиң,
Эрдигин жомок кылып канча эрдин.
«Жан деген таттуу экен. А, дүнүйөң
Түбүнө түшүп кетсин кара жердин».

...Аваке, элүүнчү жыл эсиңдеби:
Куданын бизге келим-кетимдери.
Тууган, сөөк колдоп, буттап көтөрүшүп,
Өтөлдү бардык расмы, кезиндеги.

Кутулуп кем-карчыңан, кысылыштан,
Там салдың тунукелеп кызыл кыштан.
«Кут кылсын, жетиштик, — деп тобо кылдың, —
Опа жок байлыкка көп кызыгыштан».

Мал күттүң. Дүйүм болду чарбагың да,
Той болду тууган, доско барганың да

Келиндүү, кыздуу, анан неберелүү
Болгонго ак пейлиңен чардадың да

...Аваке, азыр кандай абалыңыз:
«Волга» бар, ал жагынан жарадыңыз.
А бирок башкармадан башкаларга
Негедир эч угулбайт саламыңыз.

Колунда бардар болсо катышасыз,
Дос болуп, сөөк болуп чатышасыз.
Бир жолу келбей калса, бербей калса
Үч көчө көргөн жерден качышасыз.

Тууганды басынтасыз, жемелейсиз,
Өмүрү өзүңүзгө теңебейсиз.
Бир айда бир батинке жыртып койсо
Бакырып небереге не дебейсиз.

Айылдан арзан алып, кымбат сатып,
Айылды, базарды да кымбаттатып.
Он бөлмө көр оокатка жыйма болду
Эс алтпай, кара жанды кыйнап жатып.

Эл менен өчөрүбүз, жанарыбыз
Жана да издээрибиз, табарыбыз.
Дүйнөдө эмне болду, эмне болот
Өмүрү болобу бир кабарыңыз.

Күнүгө бир киреше жаратасыз,
Эшикти илип алып санатасыз.
Акчасын жыйып алып адамдардын,
Аваке, Сиз каякка баратасыз?!

ЗОБОЛО

Кандай ыза, кандай кордоо, чекилик —
Шумкар өлсө күйпүл күйкө делинип.

Көпкөн жигит бекерликтен зеригип,
Ылаачынды ыргыта атты керилип.

Канатынан сүйрөп келип таштады,
Атын таппай араздашты жаш-кары:

— Кыргый, — деди четте турган мурутчан.

— Жок, бу күйкө чычкандарды куруткан.

— Бу турумтай, мен билем го, кокуй оой,

Ишенбесең Саякбайды окуй гой.

— Билет имиш, талашпачы сен менден.

— Ой, мунуңар бөктөргө го сенделген.

— Бул жагалмай, көрбөйсүңбү канатын...

— Койчу, сенин жажаламай — адатың.

Сөз төркүнүн байкаганбы баятан,
Басып келди ак сакалчан жай адам.

Көрө коюп ылаачынды жердеги
Чебелектеп, өрттөй күйдү желдеги:

— Колуң сынгыр, кап, болбойт ээ ылаажым,
О, бу деген — албарс текөөр ылаачын.

— Ээ, жарыктык, ылаачынбы, күйкөбү,
Өлгөндөн соң баары бир да күйгөнү.

Калчылдады калктын улуу карысы:

— Жок, балакай, бирдей эмес баарысы.

Ылаачындын күйкө делип өлгөнү —
Кордогону асман аттуу дүйнөнү.

Ортосунда шумкар менен күйкөнүн
Ак, карадай айырма бар, дүйнө күн.

Кимдер гана келип кетпейт турмушка.
Жер замандан мыйзам болгон кыргызда

Алакушту чакырышып атынан,
Ачык айтып, ажыратып затынан.

Күйкө өлсө күйкө өлдү деп көмөт,
Шумкар өлсө шумкар өлдү Деп көмөт.

РАМИС РЫСКУЛОВ

МЕНИН ТАРЖЫМАЛЫМ

Барбы менин таржымалым,
Болсо кандай ойлойм ошону.
Эми мына кырам сакалым,
Жасалмакта жаштык жышааны.
Келем адам жүргөн бардык жолдор менен,

Жердик турмуштун теңин койдум арытып.

Шыкка шыкалат денем,

Ышкы сүрөп,

Кайнайт, сайрайт үмүт базары.
Көп нерсеге жүрөм оолугуп,
Бирде кызып, бирде ысып,
Бирде үшүп, бирде соолугуп.
Өңдөн азам кээде саргайып,
Көңүл коштоп тааныш-жоро койсо калам жарпаңдап.
Арыз-муңум айтарымды тапкансып,
Кимге мынча түшөт менин назарым.
Бейиш сындуу көрөм турмуш азабын.
Көздөйм беттеп кандай бийик мазарың!
Өмүр барат өжөрлөнүп чапкылап
Күлүк мисал таноо керген алчактап.
Көзгө байлайм көз ирмемдер майрамын,
Учсуз-соңсуз санааларга соктугам.
Адам бирде учса беттеп жылдызды,
Ошончолук бийиктерден куланат
Терең көргө,
Адам үчүн өлө билгендер
Өлбөстүккө жол таап атат карасам.

Турмуш деген ат салышкан эр гана
Сенин абдан оодук экен таразаң
Ойлогондо бийик экен даражаң,
Турмуш кызык ушундайлар болгондон.
Жашай билген адамдар,
Жана жашоо маршалдары, бар болгула!

ГЕНИЙДИН ТАБИЯТЫ

Түшүнүксүз болот гений чынында,
Чок ташыйт ал келе жаткан кылымга.
Ошон үчүн аны дароо таанышпай
Кайсакташат кана алышпай сырына.

Гений койсо катуу коёт чекитти,
Чыгармада билет жандан кечишти.
Билет жана качан жарк деп чыгууну,
Билет качан сценадан кетишти.

Далай жылдар артта калат негедир,
Кызыкпастан жылдызданган багыңа.
Эч ким күтпөй эч нерсени турганда
Атып чыгат бийиктикти сагына.

Генийлердин иши турат кычырап,
Чындык үчүн тагдыр жолу бычылат.
Ошон үчүн чыйрак чыгат сөздөрү
Ритмдери ырларынын чытырап.

Отчёт берет бүт замандар генийге,
Ал ат коёт шумдуктардын кенине.
Озуп кетет бир дегенче баарынан,
Жетип барат келечектин чегине!

ЖАШОО

Мен өмүрдө канча узун
Жол басканым билбеймин.
Кандай кызык ойго чөмдүм
Не айтканым билбеймин.

Жашоонун бир күр өзөнү,
Барат мени агызып.
Эмне айла менен койдуң,
Жүрөгүмдү жангызып.

Ошол түнү, ошол күнү,
Жалын түштү мойнума.
Бул сүйүүнүн элирмесин,
Тартыптыр деп койгула.

Турмуш өзү алыс сапар,
Жол чегүүбү билбеймин.

Бийик аскар көз жетпеген,
Бел ашуубу билбеймин.

Айтып берчи турмуш сырын,
Баяндачы угайын.
Миң бир түркүн сырларынан,
Даам татып куунайын.

КҮНДӨЙ ЖАШАЙМ

Жаштык күндүн жалындарын бүрккүлөп

Күндөй жашайм.

Күтүрөймүн ар кандай.

Жаштыгыма карашат жарданышып.

Түп көтөрүп дүрдүгүшүп.

Шилтеп колду

Басып шарактап,

Ыргытып марш

Кубат сайрап денемде

Делбир, делбир этемин

Бул турмушка дердеңдеп.

Май кучагына балбыраган дүйнөдө

Жашаймын мен кучак жайып,

Жаш толкундай ары-бери чайкалам.

Эбегейсиз кайнайт менде ишеним.

Мындай турмуш болсо керек болбогон.

САРЖЫЛДЫЗ

Дабырайт жаңы дабыштар,
Дарыя болуп агып шар.
Жардашып тиктейт жанымда
Жаш күнкү алган багыттар.

Шатырайт жамгыр жаагандай,
Аягы катуу мөндүрлөп.

Илгери баштап, удургуйт
Ишенчим менин сан дүрмөт.

Саялап сага саржылдыз
Сан жылдар алыс чапкансыйм.
Мелтиреп бербей намысым
Мээ жеткис ишти тапкансыйм.

КИМ ҮЧҮН

Уйкуда түн бою мезгил коротком
О, дүйнө, эшигиң жаптыңбы мага
Жадатат тумчулап копол жылуу тон
Жепжеңил кийүүгө күрмөлөр гана?

Ким үчүн кыналган эгиз лыжалар,
Ким үчүн сактаган талаа муз, карын.
Зымырап дөңдөрдөн ойт берип
Канатсыз көкөлөп учайын.

Не үчүн булчуйган булчуңдар,
Жандуу кыймылдоо керек го бизге.
Тоолорду жаңырткан дөңдөр, булуңдар
Тыңшасын лыжаңдан оюлган изге.

Бул жерге ийилип, жүгүнүп,
Бел бүккөн кезинде ата-бабабыз.
Өзүбүз жоопкери чексиз аймактын
Үйрөнүп сырларын табабыз!

ЫРЛАРЫМ

Ырым бүгүн жашоо менен
Кошо бас, тырыш,
Күрөшпөй жашап,
Түшпөсүн бетиңе бырыш!
Керек бизге

Солдат ырлар зыкыйган
Сакчы болгон турмушка!
Ырлар керек жерди терең үйрөнгөн,
Ырлар керек жана да
Уча турган жылдызга
Курулушчу ырларым — кирпич кынаш,
Керек ырлар
Элге-журтка ынак.

Керек бизге сөздү айтыш тике!
Ырлар керек

Шаарга окшоп бийиктикке
көтөрүлгөн.

Паранжасы жок, маскасы жок
Ырлар керек.

Баруу үчүн эртеңге
Бүгүнкү күндөн
Мандат алган ырлар керек.
Демек акын болуш
Азыр оңой болбой калды.
Акын болуш

Чабан болуш чабан менен,
Ташчы болуш ташчы менен,
Ишчи менен ишчи болуш!
Акын болуш күйүп-жаныш
Заманаңдын чогунда!
Келечекти кең бычыш,
Бүгүнкү күндү ырдап жарытпаган,
Эртеңки күндү ырдап жарытпайт эч
Ырлар, ырлар алдыңкы чекке өткүлө!

Тургуналы Молдобаев

ЭКИ КҮЧ

Күн — ааламдын дарамети,
Жер — ааламдын керемети.
Өлбөс өмүр берекети —
Эки күчтүн аракети.

АДАМЗАТ

Алмашып мезгил тынбас,
Жалгашып өмүр сынбас.
Ажалдын амирине
Адамзат моюн сунбас.

ЫНАК

Жазгы ташкын өтөт,
Булак калат.
Жанашкандар кетет,
Ынак калат.

ҮМҮТ

Үмүт түтөт,
Өмүр түтпөйт.
Үгүт бүтөт,
Үмүт бүтпөйт.

АСАН КАЙГЫ

1.

Оо, боорукер Асан Кайгы,
Куралдан кулан качып кутулбады,
Каркыра, турна учуп кутулбады,
Жердеги жылан сойлоп кутулбады,
Суудагы балык жойлоп кутулбады!

Ачкөздүн ажал бүрккөн куралына
Бир гана жок нерселер тутулбады...

2.

Сулуу тоту куштардын
Аты калып, өзү жок.
Асыл айбанаттардын
Өзү түгүл, изи жок.
Үшүн алып жүрөктүн,
Жер, суу түгүл, асмандын

Боорун тилет өлүм-ок!
Боорукер Асан Кайгыжан,
Эгер азыр жашасаң,
Болор беле ичиң чок?

3.

Куралдан кайберендин кырылганын,
Ың-жыңсыз аты өчкөн айбанаттын
Аскада катып калган дил-арманын...
Сен бүгүн келип көрсөң, каның түтөп...
Кайгырып калар белең Кайгы бойдон?
Болбосо кайрат-демиң каргып ойдон!
Жабыккан жаныбардын жанын коргоп,
Жашоону жалмоочунун жолун торгоп,
Аталат беле атың Асан-Эрдик?
Бул күндө керек эмес кайдыгерлик,
Адамга анык керек ой жигерлик.
Жана да асмандай кең боорукерлик.
Билип кой, боорум Асан!
Түнөргөн мерездикти ойрондоого
Дүйнөгө миздей өткүр керек эрдик!

АК АРКАР

Чоң ата менен небере:
— Окусам дастандарды, эски ырларды...
Акындар неге мактайт ак аркарды?

— Жалындай жанып турган көзү балбал,
Көркүнөн көз тайгылткан керемет ал!

— Чоң ата, көргүм келет ак аркарды?

— Сураба. Тоолордо жок.. Аны унут...
Ак аркар небак болгон тукум курут...

— Чоң ата, эң акыркы ак аркарды
Сизди атты деп жүрүшөт го?

— Ок?..

Чоң ата чочуп кетти... кечкендей чок!..

Ак аркар... Үшкүрдү карт, дили муздап,
Ак аркар... Эт жүрөгү кетти сыздап...

— Короодо койлорума көзүм тойбой...
Аттиң-ай! Атпай койбой... Атпай койбой.

Мөмө

Жердин мөмөсү — үрөн,
Үрөнсүз өмүр уланбас.
Булуттун мөмөсү — булак,
Булаксыз өмүр уланбас.

Күндүн мөмөсү — жалын,
Жалынсыз жашоо уланбас.
Адамдын мөмөсү — бала,
Баласыз турмуш уланбас.

Өчпөстөн жашап турса алар
Өзөктүү өмүр куланбас!

АКЫЙКАТ ЖӨНҮНДӨ

Калайыкка хан айтат:
«Эмне ойлосоң, ачык айт,
Чын сырыңды жашырба,
Ачык түгүл, кычык айт»...

Анда адам ойлонот:
«Айтсам бекен чындыкты
Турган тилдин учунда?
Бирок, менин тагдырым
Хандын кандуу уучунда..

Чын сырымды айтсамбы
Дин сандыктын ичинде?

Бирок, хандын бийлиги
Ок жыландай күчүндө!»...

Жаны жалтак адам-эй,
Хан каалаган сөздү айтат.
Дил капастын ичинде
Сыздап калат акыйкат!

ТЕКЕБЕРЧИЛИК

«Эл эмнени чечет?» — деген,
Иттей текеберчилик!
Этти, нанды эл бербесе,
Өтпөйт сенде тирчилик!

«Эл эмнени билет?» — деген,
Өрттөй текеберчилик!
Өттөй зил сөз чыккан жерде
Өлгөн адамгерчилик!...

БҮТПӨЙТ ЭЭ...

Үмүткө киши жетеби?
Жеткирбей үмүт кетеби?

Түбөлүк күйүт житеби?
Житпестен, эзип өтөбү?

Өлүмгө өмүр түтөбү?
Өлүмдүн күнү бүтөбү?

Бир өмүр бүтөт, бүтпөйт ээ...
Өмүрдүн улуу китеби!

Улук

Бул дүйнөдө ким улук?
Адам улук, эл улук.
Адамзатта эмне улук?
Акыл улук, тил улук.

Бул ааламда эмне улук?
Өмүр улук, күн улук,
Жандууга да жансызга
Берип турган жылуулук.

ЭСЕНГУЛ ИБРАЕВ

БИР ТАМЧЫ БАЛ

Көз жарып турмушка жаралып,
Көксөдүм кыйланы, ал анык.
Тынымсыз бал жыйган аарыдай,
Турмуштун сабагын алалык.
Кубануу көңүлдү көккө айдап, өкүнүү —

Чегедей жүрөккө кадалып,

мээдеги чатышкан ойлордун түрмөгү,

чыга албай кеңдикке,

чыга албай бир эргип,

туюкка камалып.

Дүрмөтсүз толгонуу жан эт жеп,

далай саат,

далай күн саналып.

Чылымдар он күйүп,

Он өчүп,

кирпиктер жабышып, көз талып,

Калемиң кагазга сөз салып,
чыгыштан кашка таң агарып.
О анан,

Чарчоону унутуп,

не жыргал!

Акыбет бир кайтуу,

Миң саптан,

Бир тамчы бал алып.

Дал ошол бир тамчы бал анан

кан болуп тамырда агылат,

досума нур болуп жайылат,

касымдын мазесин кетирип,

мык болуп мээсине сайылат!

СЕН ДЕСЕМ

Келипсиң казак, кыргыз жерин басып,
Мейманым, тосуп алдым койнумду ачып.

Жамбашың жука болсо терикпегин,
Жупуну турмушумда эмне жазык.

Байлык кууп, дүнүйөнү жыйнабаймын,
Мансап кууп, бар же жок деп ылгабаймын.
Казаным бирде толук, бирде бөксө,
Бирок да, бөксөрбөгөн ырга баймын.

Кыргыздын көлдөрүндөй өтө терең,
Казактын талаасындай чексиз кенен.
Биздин да достугубуз жашай берсин,
Эки элдин меймандостук салты менен.

Кеңейтип бабаларым чапкан жолун,
Достуктун туу туткасы менин доорум.
Антсе да, казак десе ийе тартып,
Саландап түшүп турат өпкө-боорум!

ЭГИЗ ЭЛ

Токтогулдун толкундаткан ырындай,
Домбранын күүлөп койгон кылындай.
Кыргыз, казак пейли кенен жоомарт эл,
Кырман толгон токчулуктун жылындай.

Бирге байлап, бирге тандап конушун,
Бирге чертип домбрасын, комузун.
Эне-атанын эгиз уулу сыяктуу,
Бул эки элдин басып өткөн жолу узун.

Бакыт күлүп, байлык толуп жылдыздай,
Бара жаткан өргө, төмөн жылмышпай.
Аркынысы кайкы мурун Казакбай,
Беркиниси кырдач мурун Кыргызбай.

Жолум бирге, ийиндешип басарым,
Оюм бирге, жүрөк сырын ачарым.
Домбраңдын бир кылы эгер мен болсом,

Экинчиси — өзүңсүң го, казагым!

КӨЗҮҢДӨН ОКУДУМ

Бешенең өзгөрүп кетиптир,
Бетиңдин бырышы көбөйүп.
Үргүлөп жатыпсың төшөктө,
Үшүгөн жөжөдөй бөжөйүп.

Чөк түшө калдым да акырын,
Ак чалган чачыңдан сыладым.
Экөөбүз өткөргөн өмүрдүн,
Түрмөгүн түйдөктөй чубадым.

Башыңды көтөрчү бир азга,
Башатым, башталган булагым.
Сөз күтүп кашыңда турамын,
Эмне эле үлүңдөйт чырагың?

Ийигиң каякта, жарыктык,
Ийдиңби колуңдан түшүрүп?
Сезилди мага бир кетчүдөй,
Чыйраткан жибиң чарт үзүлүп...

Энекем, берекем, жарармын,
Үзүлгөн жибиңди улоого.
Ал эми өмүрдүн жибинчи?
Бул жагы мен үчүн суроо го.

Не каалап, не ойлоп турганды,
Айттырбай сезимдер сезүүдө.
Бул саамда дапдаяр турдум мен,
Сен үчүн мөлт эрип кетүүгө.

Анан сен бактылуу жылмайып,
Салаалап саамайым сыладың.

Көзүңдөн окудум бул сөздү:
— Өчүрбөй өмүрдүн чырагын,
Чырагым, эми сен улагын!..

БИЗДИН МИЛДЕТ

Жолдош күттүм, жолун таза сактадым,
Жан кейитер жаман бир сөз айтпадым.
Бирөө мага уялаштай жуурулуп,
Бирөө менден алыстады ат чабым.

Жолдош күттүм, жолун туура сактадым,
Антсе дагы айрымына жакпадым.
Жакындоону милдетим деп түшүнүп,
Алыстоонун түк себебин таппадым.

Жолдоштуктун ачык болсун көңүлү,
Жолдоштуктун узак болсун өмүрү.
Анык достук кыйын кезде тик туруп,
Ак пейилден алча болуп төгүлүү.

Жолдоштук не? Адалдыкка дит буруу,
Жонду салбай жокко, барга тик туруу.
Андай болбой, күнүмдүккө тон бычса,
Жарма дос деп эсептеңиз сиз муну.

Жолдоштук не? Заряддалуу, тартылуу,
Жолу татаал, максаты зор, салты улуу.
Биздин милдет — ушул ыйык байлыкты,
Муундардан муундарга калтыруу!..

КАРА-АЛМА

Кыргызымдын кыйла жерин кыдырып,
Кызыгына канып, жүрөк жылынып.
Каттасам да түштүгүмө канча ирет,
Кара-Алманы бир көрбөпмүн чыгынып.

Алчалары тизген мончок — салбырап,
Алмалары алыңыз дейт жалдырап.
Капталдары калың жаңгак жамынып,
Кашка суусу өркөчтөрүн жарга урат.

Толгон токой, чычкан өткүс жөргөлөп,
Тоо желине толкун өңдүү дөңдөнөт.
Кандайдыр бир жашыл булут жылчыксыз,
Капчыгайды каптап калган өңдөнөт.

Кол чатырдай жаңгактардын арасы,
Корголосоң жамгырынан арачы.
Түз тие албай жылчык издеп, шыкаалап,
Түшүп турат күн нурунун салаасы.

Карлар эрип, калдыркандар гүл өпсө,
Каркырадай кайрылармын күн өтсө.
Таманымдын тагын сага калтырып,
Тартып кеттим элесиңди жүрөккө.

Кош, Кара-Алма, кетип барам ыраактап,
Коюнуңда сүйүүм калды кылактап.
Тартуулаган сени кыргыз жерине,
Табыйгаттын марттыгына ыракмат!

Какен Алмазбеков

АЛБЫРЫП ШАТТЫК ЖҮЗҮҢДӨ

Бар бекен эсте баягы,
Бак чети айыл аягы.
Күн чыга ишке бараттык,
Күч алып жаштык баяны.

Жылдызы жанса маңдайда,
Жыргабай турган жан кайда
Демейде бир топ узак жол,
Деги эле кыска андайда.

Айталбай сырдын түгөлүн,
Ачышып кетти жүрөгүм.
Кыйылып турган мени аяп,
Кылчактайт аппак чүрөгүм.

Ишиңе калдың кайрылып,
Ич сыздап араң айрылып.
Кызматка кеттим мен дагы,
Кыскарган жолго кайгырып.

Андан соң көрдүм күзүндө,
Албырып шаттык жүзүңдө.
Шаа жетпей турган бак ичи,
Шак ийип бышкан жүзүмгө.

Байкалбай көп эл жайнаган,
Башталды сырлар кайрадан.
Гүлдөткөн сүйүү бутагын,
Гүл турмуш сенден айланам.

ЧАГЫЛГАН

Көрүшкөндө көздөр тике карабай,
Эрке мүнөз уяң өскөн баладай.

Жүрөк сырын жүзүбүздөн байкашып,
Баратабыз гүлдүү бакты аралай.

Биз ал күнү таанышканбыз жаңыдан,
Жарым карыш чыккым келбейт жаныңдан.
Аппагыңды көрүп алчы дегенсип,
Аңгыча эле жарк дей түштү чагылган.

Жарк дегенде неге сени карадым,
Жүрөк булкуп жайнап турду жамалың.
Дагы-дагы жарк дей түшсө экен деп,
Ошондо мен чагылганды самадым.

Басылат го туралы деп кичине,
Баш катабыз бир күрмөнүн ичине.
Ошол түндү дал ошентип өткөрдүк,
Неге мынча сүйүү кызык кишиге.

АТТИҢ

Жашыл бак жайкы кеч эле,
Жанаша жүргөн кез эле.
Күйдүргү кермек кеп угуп,
Күүгүмдөй түштүң тез эле.

Балакет болуп кетерин,
Байкаган эмес экемин.
Аны ойлоп азыр баш чайкап,
Аттиң деп жүргөн кезегим.

Бото көз сүйкүм жалжалым,
Болсо да айып андагым.
Үйдө да, тышта сени эстеп,
Үмүтүм үзө албадым.

Көп издейм, таппайм, кайдасың,
Көрүнбөс кандай жайдасың.
Жүзүңө жүргөн жылынып,
Жүрөктүн кантем айласын.

Биз үзгөн жыпар гүл кайда,
Биз жүргөн жыргал түн кайда.
Көзүңдөн секет болоюн,
Көрүнүп койчу бир кайра

ЖЫПАРЫ БЕЛЕҢ БАЛАНЫН

Таратып шоокум асманга,
Таң атып келе жатканда.
Алмалуу бакты аралап,
Айылды көздөй басканда

Кош дедиң колум бек кысып,
Козголуп жүрөк кетти ысып.

Жоодурап көпкө тиктештик,
Жок чыгар андан эч кызык.

Жылдыздай жарык кабагың,
Жылмайып жал-жал карадым.
Жытыңа кеттим магдырап,
Жыпары белең баланын.

Көрүнсө азыр карааның,
Жарк эте түшөт кабагым.
Убайым тартып кыйналам,
Укпасам бир пас кабарың.
Сүйүүгө эркин жол берген,
Ырахмат сага, заманым

АЙЫМ СЕН

Айлыман чыккан айым сен,
Алагды кылып дайым сен.
Ой менен жыргап өзүмчө,
Ойноочу, күлчү жайым сен.

Жайдары жүзгө ылайык,
Жаагыңан саамай кылайып.
Тамшанып коём өзүмчө,
Табалбай сенден бир айып.

Куду эле шыңгыр күмүш үн,
Кулактан кетпей күлүшүң.

Суктантат айдай элестеп,
Суу жайып бакта жүрүшүң.

Сен баккан ошол жашыл бак,
Сеңселет желге баш ыргап.
Жүзүмүң терип, алма үзүп,
Жүрсөкчү ойноп жашынбак.

АЗЫР ДА ОШОЛ БОЙДОНМУН

Жамалың жайдын таңы эле,
Жапкансыйт булут жаңы эле.
Билбеймин дагы не болгон,
Бир сонун күлкүң бар эле.

Салкын жел турса талашып,
Саамайың сага жарашып.

Албырып, жайнап турчу элең,
Ал кайда калган адашып.

Артылта колум сунчу элем,
Ак куудай мойнуң бурчу элең.
Айтчы эмне болуп калгансың,
Маралга окшоп турчу элең.

Ойноктой калса азыраак,
От жайнап кетчү чачырап.
Сурмалуу бото көздөрүң,
Сумсайып нени жашырат.

Сумсайткан кимдин айыбы,
Сурабай тактап жайымы.
Ойдо жок жерден каралап,
Оодарган сенсиң шайымы.

А бирок эркем ойлонгун,
Ал айбың кечип койгонмун.
Айдан ак элем сен үчүн,
Азыр да ошол бойдонмун.

КЕЧИРИП КОЙСОҢ

Жыл өттү көрбөй калганга,
Жык толду жүрөк арманга.
Өкүнүч мени мыжыгат,
Өзүңдү эстей калганда.

Жоодурай калсаң көз ирмеп,
Жок эле сенин өзүңдөй.
Көңүлгө улам чок салган,
Көз кайда сенин көзүңдөй.

Эркелей калсаң асылып,
Эт жүрөк чери жазылып.
Аралай кирип кетчү элек,
Алмалуу бакка жашынып.

Бул кезде анын бири жок,
Буркурайт жүрөк тили жок.
Бир сөзгө анча таарынып,
Каякка кеттиң жиги жок.

Сен үчүн далай ырдадым,
Дагы эле келет ырдагым.
Кетирген күнөөм мойнумда,
Кечирип койсоң, жыргалым.

УГУЗЧУ БИР СӨЗ

Гүлүнө бизди далдалап,
Күнүгө тосот алма бак.
Козгогум келип сырыңды,
Колуңду коём кармалап.

Сүзүлө тиктеп карасаң,
Сүрдөнүп сөздөн адашам.
Жакшы эле ачык жан элем,
Эмне үчүн минтип баратам.

Аракет кылып күндө эле,
Айтайын десем бирдеме.

Жүзүңдөн жүрөк жалтанат,
Жүрсөк да дайым бирге эле.

Унчукпас уяң немени,
Ушинтип кыйнай береби?
Уусун же балын татайын,
Угузчу бир сөз деги эми.

НУР ЖАНАТ

Ай, күнгө бербес айырбаш,
Аппагым мага айырбаш.
Турган бир пери өзүнчө,
Турпатын гүлдөн айырбас.

Сүйкүмдүн бири андагы,
Сүзүлүп карай калганы.
Жарашып турат өзүнө,
Жаагына бүткөн кал дагы.

Аймалып таңкы жел менен,
Ал кетсе ишке эл менен.
Жүргүн деп мени талаага,
Жүрөгүм булкуйт дембе-дем.

Күлмүңдөп анын койгону,
Күчтү алып бүткөн бойдогу.

Оолугуп айтсам деп келген,
Оюмдун чыгат ойрону.

Ал өтсө күлө бир карап,
Алдыма аппак нур жанат.
Калтаарыйм, сүрдөйм деп жүрүп,
Калбасам болду кур жалак.

КАЧКЫНБАЙ АРТЫКБАЕВ

ЖАКЫР КАЛКЫМ ЖАЛКООБУ?

(Жумушсуз калган жумушчунун монологу)

Мен кудайга күнөө кылган жок элем,
Түз айтам деп кутулбадым жемеден.
Бул өлкөдө бир жетекчи бар бекен
Калктын тапкан ырыскысын жебеген?

А мен мында отурамын ишим жок,
Жогору жакта сүйөп коёр кишим жок.
Соода менен уурулукка көнбөпмүн,
Өлүп калган заводду эстеп ичим чок.

Кара күчтү ыгы келсе сатсам деп,
Бай жумшаса бир аз акча тапсам деп.
Күндө турам кул базарда — көчөдө,
Үй бүлөмдү эптеп-септеп баксам деп.

Тагдырымдын тайкысына кирдеймин,
Жарга барып такалдык деп зилдеймин.
Мен өңдүүлөр улам барат көбөйүп,
Биздин өлкө кайда барат? Билбеймин...

Жакыр калкым азыр кыйын абалда,
Ич күптүсү, таарынчы чоң заманга
Мүрдагы доор адамдарга кам көрчү,
Азыр заман өгөй болду адамга

Радио, теле, гезит — баарысы,
Жетекчинин жашы жана карысы:
«Өкмөт бакпайт, ар ким өзүн баксын...» — деп,

Даяр болду эмдей койчу дарысы.

Бүт байлыкты бөлүп алып акырын,
Бүт жаздырып тууганына жашырын.
Ак эмгектен байыгансып тыңсынат,
Алган өңдүү жыйнап элдин акылын.

«Жалкоо адам ак эмгектен качат» — дейт,

«Жалкоо гана жардыланып жатат», — дейт.

«Мамлекет азыр алсыз, анткени
Акча табуу өкмөт үчүн азап...» — дейт.

Макул дейли, «жалкоо экенбиз баарыбыз»,
Жардылыкка себеп имиш аныбыз.
Анда аргасыз эске түшөт кечээги
Коммунисттик «режимдеги» чагыбыз.

Өкмөт анда ар адамга иш берчү,
Иш гана эмес, үй берүү да чектелчү.
Жумушсуздук түшкө дагы кирчү эмес,
Жакшы иштеген эмгегинен эстелчү.

Жакырлыкка эч кандай шарт жок болчу,

Жашоосуна журт пейили ток болчу.
Кээ бирөөлөр кокус начар иштесе,
Жыйындарда сын айткан сөз козголчу.

Өз милдетин ар ким дайым аткарчу,
Эмгектеги тартип дайым сакталчу.
Мыкты иштеген коллективдер мелдеште
Жеңип чыгып, бүт өлкөгө макталчу.

Ыйман, уят, ак пейилден тайгылбай,
«Эртең ачка болом го...» — деп кайгырбай.
Эл жашоочу ишсиз калам дебестен,
Жакырлыктан тажап, анан жан кыйбай.

Мен ал кезде эмгегимен макталып,
Заводумда алдыңкы деп даңкталып.
Жүргөн элем санаа чекпей оокат деп,
Районго депутат деп катталып.

«Атаганат!» — деп ойлойсуң бир туруп,
Мына ошондой турмушта биз кутуруп.
Жүрүптүрбүз, баркын билбей ал кездин,

Эми мына — отурабыз утулуп.

Мен айтпаймын көп чындыктын калганын,
(Пенсионер адамдардын арманын...).
Дарылануу, окуу бекер... Курортчу?..
Бүт айтууга жете бербес дарманым.

Биздин муун Ата-Журтту гүлдөткөн,
Биздин муун космос менен сүйлөшкөн.
Бүт дүйнөнү титиреткен өлкөдө
Жакыр болбой барчылыкта күнү өткөн.

Азыр болсо жумушсуздук көбөйдү,
Жакырчылык утуп жатат мөөрөйдү.
Ишсиз коюп, анан элди жалкоо дейт,
Азыркы эл өкмөт үчүн өгөйбү?

Эл-журтунун жашоо камын көрбөсө,
Ар адамга иш орунун бербесе.
Бир ууч жанды байытууга шарт түзүп,
Калган элди эптеп жашай бер десе.

Коррупция, мафияга биригип,
Миллиондоп акчаны жеп сиңирип.
Жарыбаган айлык менен пенсия
Тийбей турса көп айларга сүрүлүп.

Газ, электр, ысык суунун кунун айт,
Төлөй албай жаткандардын муңун айт.

Өчү бардай кымбаттатып бардыгын,
Өкмөт элдин ый-муңуна муюбайт.

Да бир шумдук Бишкек шаарын каптады,
Муздак суу да эсептеле баштады.
Кудай берген сууну өкмөттүн сатышы
Элди өзүнөн жатыркатып таштады.

Батыш бизге эмне айтса көнөбүз,
«Ач койнуңду!» — десе, ачып келебиз.
«Пенсияга кеч чык!» — десе, — макул — деп,
Парламентте жактап добуш беребиз.

«Аный!» — дешке келбейт биздин чамабыз,

Акча үчүн эл сатууга барабыз.
Казынада кокон тыйын жок болсо,
Алабыз да, албай кантип калабыз?

Жакырлыкта турган жаштар кыйналып,
Башка диндин молдосунан «сыйланып».

Кетип жатат өз дининен кол үзүп,
Акча берсе өзүн ага ыйгарып.

«Эл үчүн!» — деп кооз сөздү көп айтып,
Баа асмандап, жашоо кунун азайтып.
«Бай көбөйүп багып жатат жардыны»,
Деген калпты айтса жанды кашайтып,

Андай өкмөт кантип элдик боло алат,
Өз камын жеп, жанталашса дамамат?
Арак, бензин, нан, тамеки дегенди
Тең бөлүүгө кыла албаса далалат,

«Команда...» — деп, өз жакынын ишке алса,

Кызматы бар кызматынан кур калса
Жер жайнаган университетти бүткөндөр,
Дипломун колго алып сандалса.

Айтабызбы аларды да жалкоо деп,
Беш жыл акча төлөп жүргөн аңкоо деп.
Ата-Эненин уюн сатып акыркы
Кур бекерге чыгым болгон макоо деп?

Жумуш менен камсыз кыла албаса,
«Бүрсүгүнү...», «Буюрса...» деп алдаса.
Кайыр суроо... Карыз алуу... Салыкты
Көп жыйнайм деп кыла берсе далбаса.

Мугалимдер иш таштоону баштаса,
«Айлык!» — дешип бүт жардылар какшаса.
Айлык бере албаган да өкмөтпү?
Ал өкмөттүн уяты жок таптаза.

Чынын айтсак кепти апыртып учурбай,
Мамлекет кейпти кийди ушундай...
Реформа жакырчылык апкелди,
Калк оңолбос бул балээден кутулбай.

Калп эркиндик абасынан дем алып
Кыйналгыча жакырлыкка таланып.
Кайгы тартпай ток жашаган миң өйдө,
Кайра кайтып «режимге камалып».

Жалпы менчик өкүм сүрсүн ал үчүн,
Ар ким алсын тең бөлүшүп үлүшүн.
Теңдик болбойт болгон жерде «бай», «кедей»,

Чектөө зарыл жеке менчик жүрүшүн.

Тагдырымдын тайкысына кирдеймин,
Жарга барып такалдык деп зилдеймин.
Мен өңдүүлөр улам барат көбөйүп,
Биздин өлкө кайда барат? Билбеймин...

Уркаш Мамбеталиев

АЙКӨЛ МАНАС

Эне сүт менен тең тарай канга журт камы

Эл баккан коргой ат жалын тартып чыкканы.

Айкашта эзел далысы жерди жыттабас
Айкөлүң Манас — жайык төш эрдин сырттаны!

Ооба, шер Манас — шерлердин көкжал сырттаны!

Ок жонгон не бир миз баккыс жоосу сырттагы:

Асманда Айга тогошо ак нур себилткен

Ак калпак элдин кырк периштелүү кутманы!..

Баскан жер солк-солк майыша түшүп калыңдан,

Күрсү урса көк зоо түтүндөй түтөп жарылган.

Эгерде тийсе өрт алар суу да шыркырап

Эрөөлдө Манас — кыпкызыл оттуу чагылган!

Эрөөлдө Манас — кыпкызыл оттуу чагылган!

Ажалын табар ажал да болсо кабылган.

Агарып пейли элдикке келсе кастары

Айдыңда деңиз мелтилдей толуп агылган.

Учурбай ойго ашууда оосо жүгүбүз,

Учурда таяп, кол берип өтөр пирибиз...

Ардактайт кыйрым Сагымбай нөшөр төкмөчө,
Айкөлдү атап, айтпайлы жаттап кимибиз...

Касаба ак тоо болгондой жыйнай күрөсө

Каймактап жаткан калың кар сымал киреше...

Байыртан берки казыналуу эне тилибиз
Балдардан баштап байытар сөзгө бир эсе.

МАЙДАН МУЗЕЙИНДЕ

Алдас ура шарын серпкен
Акмончоктоп моюнга,

Андагы чоң Майдан музей
Алп Днепр боюнда.
Жүрөк толгой жүз элестеп
Жүрөт али оюмда..

Алат үштү жан сестенте
Ач куралдар оп тарткан.
Картиналар андан жандуу
Калкый жылып топ тарткан.
Ат кишенейт... Ээсин жоктой
Арабада ок тарткан.

Жоо чалмакей салат белем
Жолу түшүп кутурса
Карга тумшук бир карт желдет
Кан карайтып ушунча...
Кыз кубалайт, ит айдактап
Гүлдү тепсей тыпынча.

Бир тоголок тоңгон кышта
Жердин окшоп турпагы.
Наркы нанга күдүрөйө
Чыгып турган кылканы.
Кошулган дейт үнөмдөшкө
Карагайдын улпагы.

Көрбөдүк не укмуштарды,
Көркоо дүшман айынан.
Билериктей кооз самын
Билбес жүзүн чайыган,
Жалаң өлгөн адамдардын
Жасалган дейт майынан.

Алар үчүн, билбейм тобо
Киши өлтүрүү оюнбу?!
Акааратты киргилдентип
Аппак сүттөй оюңду.
Согуш каары, согуп каары
Солкулдатат боюңду...

СИРОТ ДАЙРАСЫ

Калгандай чоң кардуу бороон ичинде,
Кар кымкаары күмүштөнүп бүчүңдө.

Байчечекей кырды каптап жамырап,
Баштал сын жаз, кыш быякта күчүндө.

Баштал сын жаз кыш быякта күчүндө,
Бачайыдай көгүш асман түсүндө.
Жатат Сирот-муз жамынып мелтиреп,
Жатпаса агып, жакут бүркүп түшүндө.

Бойду каарый ызгаары урсун жылганын,
Болбой беттеп, кызыксынып турганым:
Мыктап иштеп Пушкин агам конуштап
Мында тоскон түшүм толо жылдарын.

Бийди кантип шайыр акын сүйбөсүн!
Билбейм кыздар бирде курчап бийлешин.
А бул дайра ырга кана чөмүлтүп,
Ачкан терең акындыктын дүйнөсүн...

Тоңуп туруп толкундатып жатканы:
Токойлонуп башта тармал чачтары.
Көбүгүнөн — көөхар калпый, ой термеп,

Көзгө элестейт, олтурган кой таштары.

ӨЗҮНЧӨ ӨЛКӨ

Улуттук кынапталып белги менен,
Улуу куш канатындай жел жиреген.
Ажайып таң аткандай шоолаланып,
Ак үйдүн чокусунда делбиреген.
Өзүнчө өлкө болдук эгемендүү
Айчыктуу кызыл туусу желбиреген.

Жээкте серпиле өткөн таш кырынан,
Береги калыштай көл ташкынынан.
Бой кере топук этип жер ныксырай
Береке толкуйт түздө аштыгынан.
Түтөгөн бирок толо тоо кендерин,
Жаткансыйт иштеталбай жаштыгынан.

Ошондон каз-каз баскан балапандай,
Ооба шарт ойдогусун жараталбай.
Билектен кан чыгара тоо томкорсун,
Бир майнап чыкпагансып алакандай.

Жадесе бирде ийнедей керектүүсүн,
Жаткансыйт элге тегиз тараталбай.

Башчыбыз эмес бирок чабалдардан,
Бараңдуу чоң окумал дабан жарган.
Ал бойдо билим күчүн шыпкай жумшап,
Аянбай жалын кече адамдардан.
Алардын тагдыры үчүн чарк айлана,
Не деген учпады өтүп давандардан.

Зор сыймык козгогону делебемди:
Сөз калып, «көз каранды» деген өңдүү.
Өз колдо эки тизгин, бир чылбыры,
Өзүнчө өлкө болдук эгемендүү.
Жайса дейм, тамырын тез жер жүзүнө
Тилегим алтын чынар терек өңдүү.

Субайылда Абдыкадырова

АТА СӨЗҮ

Башкалардын аталары окшобойт
Менин ушул сары сакал атама.
Сызык болуп чырр деп түшө калчу эле
Атам менин орток болуп капама.

Атам эмес сырдашымдай көрүнчү
Сөзүбүздүн аягына чыгалбай.
Өзүм ак чач болсом дагы чоң эне
Ата сөзүн келем эстен чыгарбай.

Кокусунан бирөөлөрдүн көңүлүн
Байкоостон ооруксунтуп алсам да.
Же болбосо ак жеринен чалынып
Чырдуу иштин арасында калсам да.

Кылт дей түшөт ата сөзү жүрөккө
«Ай балам ай, чалалыгың байкалат».
Маңдайыма кайра келип тирилип
Тургансыйт ал ушул сөзүн кайталап.

ӨМҮРГӨ

Агат күндөр ысык буусун сапырып,
Ызгаар ызгыйт анын демин жапырып.
Майышпаган өкүмдүгү ушунда
Мүзду жарып кайнап чыгат атылып.

Барат күндөр ашууларды ашырып,
Асман жерди канатына жашырып.
Өкүнүчтүү күлүктүгү ушунда
Жылбыштырып уучуңдан качырып.

Өмүр азоо бир жалт берип үрккөндөй,
Жерди апчыган даңкандарын бүрккөндөй.
Бир кайрылып келип калат экен деп
Үмүт менен күлүк жолун күткөндөй.

Кайда кетти кайран күлүк чамынып,
Бир тартылган жалын болуп чагылып.
Мөгдөтсө да муунду алып карылык
Жаштыгыңды турат көңүл сагынып.

Оорчулук кимдин түшпөйт башына,
Басырылса ошондо анын ташына.
Баарыдан да тиги кантип калды деп
Касың кычап кубанат көз жашыңа.

Кыйынчылык кимдин белин толгобойт,
Бүкүрөйсөң кайгы кажып олжолойт.
Бекем турсаң белди катуу курчанып
Көралбастар көзү күйүп ойдолойт.

Жаманчылык кимдин жанын кейитпейт,

Жашык болсоң кайрат күчүң эңиштейт.
Сөзү менен, иши менен эстүү жан
Эл көзүнө өзүн-өзү кемитпейт.

ЖИГИТТИК

Жигит деп эзелтеден атың улук
Эл чети жоо бетинде чекке туруп.
Ата Журт намысы үчүн жаралган деп
Жүрөбүз өзүңөргө кулдук уруп.

Токтобой мүшкүл түшсө эл башына,
Тынч уктап отурбайсың от башына
Ылайым тынчтык күндүн кемесин тарт
Жуубайлы бетти согуш көз жашына.

Бул тилек жүрөктөгү ыйык сезим,
Жөнү бар мен ушуну ыйык дешим.
Жигиттер баатыр болсун тынч күндө да
Бастырбай пас иштерге жигит кезин.

ЖАШТЫГЫМА

Балапандай наристе ууз сүйүүбүз,
Карматпастыр таң эртеңки тумандай.
Аруу, эңсөө кусалантат жүрөктү,
Көңүлүңдө таркабаган кумардай.

Уяң, назик сезимибиз балалык,
Жайындагы жайлоодогу өткүндөй.
Кармагыча колдон качты суурулуп,
Тентек бала мант бергендей өптүрбөй.

Мөлтүрөгөн шүүдүрүмдөй чөптөгү,
Көпкөк, тунук, кол тиелек дүйнө элек.

Андан бери канча мезгил алмашып,
Кыш, жай бизди ай-жылына өттү элеп.

Суусун жуттук алтын аяк шыңгырап,
Арманы жок асыл жыргал өмүрдө.
Анын баары кубанчындай бир жаздын,
Өтүп кетти өзүң калдың көңүлдө-

ЖЫТТАЙЛЫЧЫ ӨРҮКТҮН АК ГҮЛҮНӨН

Жыттайлычы өрүктүн ак гүлүнөн,
Дарыя агат өзөндө бак түбүнөн.
Эң биринчи сөз уктум сүйүү деген,
Унутулбас түбөлүк наз үнүңөн.

Суу мелмилдейт туптунук түпсүз терең,
Көрсө тура ошол суу өмүр деген.
Бирок кетти сүйүүбүз кошо учуп,
Күбүлгөндө өрүктүн гүлү менен.

Быйыл дагы өрүктөр гүлгө тунат,
Бирок биздин алыста жаштык курак.
Балалыгым сагынып бакка келсем,

Өрүк жыттап баягы жигит турат.
* * *

Күкүк, Зейнеп үн алышып жаткандай,
Быйыл мукам мага куштун үндөрү.
Жүрөгүмө жакшы ырларды шыбырап,
Эрте чыкты ушул жаздын гүлдөрү.

Кусалыктан жүрөгүмдү ойготту,
Үргүлөгөн кыштын узун түнүндөй.
Жердин көркү бир өзгөчө көзүмө,
Күбүлө элек алмалардын гүлүндөй.

Бүлдүркөндөй суу боюнда буралган,
Кызгалдактай кыз өмүрүм туруптур.
Мени термеп көрсө ушул бакытка,
Жаздын жыты кубанычты сунуптур.

ЖАШЫРА АЛБАЙМ СЫРЫМДЫ

Жашырбаймын энеден эч сырымды,
Кандай күнөө кылсам да айтам чынымды.

Ал анткени эне гана түтө алат,
Көтөрүүгө азабымды, сыйымды.

Элим мага чечекейим энемдей,
Ала, кытмыр ойлору жок кенедей.
Ал анткени эл журтумдан бөлүнсөм,
Бозорормун жетим калган эмедей.

КАРЫ СӨЗҮ

Чыгыш жактан чырымтал таң сөгүлөт,
Ак нур менен жерге жемиш төгүлөт.
Ошол нурду мурда тоскон адамдар,
Терип алат жер жемишин көбүрөөк.

Деп айтышат көптү көргөн карылар,
Карыянын сөздөрүндө баары бар:
Казанында кайнап бышып өткөргөн,
Жай салкыны, кыш чилденин каары бар.

«Кары сөзүн капка сал» — дейт элибиз,
Каптан алып катка салдык эми биз.
Кары сыйлап, жашты урматтап эзелтен,
Топурагы алтын экен жерибиз.

Ак баш тоонун алда кайда зеңири,
Опол тоодой пейилдери кеңири.

Жатып-туруп тилек тилеп артына,
Эй, энелер кантип укпайм кебиңи.

Таанысаң да тааныбасаң кагылат,
Карегинен мээрим оту жагылат.
Карбаластап берерине аш таппай,
Чоң энелер дайым бизге жалынат.

Жолдошбай Абдыкалыков

ЫНАКТАРЫМ, ДОСТОРУМ

Ынактарым, досторум жашымдагы,
Карыялар, сөздөрү асыл баалуу.
Агым менен азайып бара жатат
Ала чокул карлардай жазындагы.

Ар бир жайда айылга барам дагы,
Көздөрдү издейм эң жакын ал андагы.
Дөбөлөрдө отурган карылардын,
Көрүнбөйт го дөбөдөй караандары.

Мезгил сызат, жашоодо болот баары,
Улууларды канчалык тапсак дагы.
Жанды эриткен нускалуу кеби менен,
Аппак кардай табылбас ак сакалы.

Шүүдүрүмдөй өмүрлөр мөлт деп тамат,
Табы бүткөн отундай өчүп барат.
Келгис жайга, алыска, алыс жакка,
Эски көздөр эртелеп көчүп барат.

Мезгил жетпей көчүүнүн себеби бар,
Күлгүн жашын күрөшкө берген алар.
Ыйык тутуп ак ишин, ак жолдорун,
Мурасчыбыз булгабай демеп алаар!

Өттү алардын башынан күндөр каардуу,
Көкүрөктө согуштун тагы калды.
Көңүлдөрүн оорутпай салам берип,
Сыйлагыла, жолдоштор, карыларды.

Адам кылган, эл кылган баарыңарды,
Сактап келген бүт намыс-арыңарды.

Колдон түшүп, жылт этип батып кетсе,
Чөпкө житкен ийнедей табыларбы...

Сыйлагыла, жолдоштор, карыларды.
* * *

Аттар ай, аттарым ай, арыбаган,
Кылымдар чуркаса да талыбаган.

Негедир ушунчалык ыйык сезем,
Эң жакын бир боорумдай баары маган.

Көрүнөт ынак жана эски көздөй,
Жабышып жүргүм келет бала кездей.
А бирок, мезгил менен билинбестен,
Азайып баратканын өзү сезбей...

Абалтан бабалардын канаты эле,
Бир жаны, экинчиси ал аты эле.
Бапырап баштагыдай бирге жүрбөй,
Аттиң ай, ара жолдо калат беле?..

Бир туруп, бирге жатып коюндашып,
Бир келген эчен кылым моюндашып.
Бабалар аты менен жеңил сезген,
Тик белес, бийик-бийик ашуу ашып.

Атына ушунчалык маани берген,
Бапестеп, чаң жугузбай багып келген.
Бабалар аргымагын азынатып,
Тайманбай тик качырып жоону жеңген.

Күчүн да бир аябай сүрөп ашык,
Көчүшсө өзүн ташып, үйүн ташып...
Аттарды адамдарга кызмат кылган,
Акырын техника барат басып.

Кубаттуу техника жайса канат,
Кантет, кантип жолду талаша алат.
Аргасыз аргымактар аксап барат,
Жарышта узак жолдо аяк талат.

Жарышта узак жолдо аяк талат,
Антсе да атырылып туяк жанат.
А бирок, акырындап артка калып,
Көрсөтмө куралдарга окшоп барат.

Көргөндө кинолордо кыйнаганын,
Жер менен жексен болуп кыйраганын.
Жүрөгүм ооруксунат укканымда,
Чыңырып адамдардай ыйлаганын.

Зыркырап оттон качып, октон качып,
Жер сүзүп мүдүрүлүп, жанталашып.

Жатканда башы менен жер чапкылап,
Аргасыздан зээним кейип, турам жашып.

Аттар ай, бабалардын канаты эле,
Бир жаны, экинчиси ал аты эле.
Эң узак сапарларда бирге жүрбөй,
Аттиң де, ара жолдо калат беле?

ЧУРКАДЫҢБЫ ӨМҮРҮҢДӨ БИР ЖОЛУ

Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу,
Чала уюган айран мисал, урганым,
Эч нерсени элебеген курганым.
Көргөн сайын итиркейим келтирет,
Ушул сенин басканың да, турганың.
Анан калса саймедереп сүйлөйсүң,
Бул дүйнөнүн көргөн болуп кур камын.

Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу,
Денең күйүп, өзүң болуп от-жалын.
Өлсөм мейли, куткарайын аны деп,
Жаның таштап үзүлгөнчө буттарың.
Алсыз жанды арачалап калам деп,
Чуркадыңбы унуткарып бүт баарын.

Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу,
Чок баскандай так секирип, түйүлүп,

Чоң арыштай демиң баспай күйүгүп,
Бир нерсеге дитиң менен берилип,
Дитиң менен сүйүнүп да, күйүнүп,
Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу.

Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу,
Көк түтүнү бургуп чыгып асманга,
Кошунаңдын үйү өрттөнүп жатканда.
Жаш баласын чыгара албай ичинен,
Чарк айланып азаптарга батканда,
Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу.

Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу,
Бет алдыңда күндүз эле, ак таңда,
Ойноп жүрүп бала сууга акканда,
Жан талашып ажал менен арбашып,
Жардам, жардам керек кезде жаш жанга

Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу.

Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу,
Касаба, кыш үйүң алды асты анда,
Карган энең суу көтөрүп басканда,
Касабадан тайгаланып жыгылып,
Алсыз буту сорок этип асманга,
Көз тунарып башы айланып жатканда,
Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу.

Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу,
Асылкечи, асыл заты дүйнөнүн,
Кан жанымды берем дешкен сүйгөнүң,
Ээн баш балдар келекелеп жатканда,
Обочодон көрүп туруп күйгөнүң,
Көрүп туруп ээнбаштардын көпкөнүн,
Баса калып алмак-салмак өпкөнүн.
Чуркадыңбы ызырынып таш алып,
Кургак жели түгөнгүчө өпкөнүн,
Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу,
Чуркадыңбы өмүрүңдө бир жолу?

ЖАРАЛУУ АК КУУ

Күз келип салкын тартып а-бу тарап,
Келгиндер келген жакка кайтып барат.
Каз, өрдөк каркылдашып тууган жерге
Кылчактап «кош-кош» сөзүн айтып барат.

Булуттай түрмөктөлгөн аппак мобу,
Алыска зымырылган ак куу тобу.
Калактай бир калыпта канат сермеп,
Түштүк жак, түштүк тарап барар жолу.

Асманга чаң түшүрүп ал бир замат,
Капыстан «тарс» эткен үн кулак жарат.
Каркылдап аянычтуу үн чыгарып,
Салбырап жалгыз ак куу кулап барат...

Ак куулар аба жарып айланышып,
Кеталбай көпкө чейин байланышып.
Куркулдап курбу артынан куланышып,
Бир-бирин көрүшкөнү ай жандан ысык.

Далайга сүйүү жиби жетеледи,
Кайталап «тарс» деген үн жете келди.
Ак куулар «аттиң, болбос» деген өңдүү,
Амалсыз багытына кете берди.

Куш эркин бийлеп алган жарат күчпү?
Калдактап көк деңизге кулап түштү.
Алдынан атырылып тосуп алды,
Ак толкун ала салып абдан күчтүү.

Учууга далбас уруп канат сермей,
Тоготпой толкундарды кулач кермей.
Өйдөлөп өжөрлөнөт добуш бербей,
Кыйнаган жаратына моюн бербей.

Топ ак куулар бир карарып, бир агарат,
Жаралуу жан талашып көрүп барат.
Жете албай максатына жерди чапчып,
Өзүнчө туталанып өлүп барат.

Денеси салмактанып уюп барат,
Амалсыз алсыздыгын туюп барат.
Шарпылдап көөдөнүнө толкун уруп,
Муздак суу кулагына куюп барат.

Антсе да алыс жактан көзүн албай,
Жетем деп учамын деп өзүн алдай.
Канчалык кайратына келген менен,
Өмүрү өчүп барат кыйган талдай.

Караан жок!..

Карай салса курап күчтү,
Максаты эски тамдай урап түштү.
Деңизге узун мойну бир чабылып,
Көзүнөн эки мончок кулап түштү...

БОЛБОС ЭЛЕ АРМАНЫМ

(Айвазовскийдин «Тогузунчу вал»
аттуу картинасына карата)

Жатсам дагы уктай албай кыйналам,
Ал бир сүрөт ушул мени кыйнаган.
Толкундары асман бою атылып,
Ташкан деңиз. Мачта. Кеме кыйраган.

Беш-алтоо бар үрөйү учуп жардашкан,
Бир кеменин мачтасына жармашкан.
Ошондо да үмүт үзбөй жашоодон,
Кыйын кезде колдон тартып кармашкан.

Жер көрүнбөйт деңиз гана карарат,
Ал адамдар мынча кылып далалат.
Бир устундай мачта менен жапжалгыз,
Эмне кылат, кайда сүзүп бара алат?

Билбейм толкун кай жакка айдап кетерин,

Ай ким билет, суу жээгине жетерин?
Шордуу азапка калганымдай мен өзүм,
Адамдарды аяп гана кетемин.

Кандай татаал, кандай күндө калды экен?

Толкун айдап кайда гана барды экен?
Жер үстүндө, ушул планетада
Баатырлардын тукумдары бар бекен?

Эгер болсом...
Билсем тукум калганын,
Ошолордун сыйлап барып арбагын.
Бирөөсүнүн бетинен өөп, сүйлөшсөм,
Бул дүйнөдө болбос эле арманым.

Медетбек Сейталиев

ЖЕР ШАРЫНЫН КАРТАСЫНДА

Ой чынжырлап олтурамын үйүмдө,
Жайып коюп бүт дүйнөнүн картасын.
Жоого аттанган кыздар көрөм күнүгө,
Ээликтирип салып өтөт аркасын.

Эшикте кыш азууларын бүлөгөн,
Жарак кармап кайтаргансыйт түндөрүн.
Каракчыдай жашырынып сүйрөгөн,
Тоо башына эски кепин сүлдөрүн

Барып токтойм жарым шардан нары өтүп,

Кылаасында акырындап жаз келген.
Көлдөр сүйкүм таш мончоктой көгөрүп,

Суусун татсаң өмүрүңө жаш берген.

Миң түркүн куш үн алышып сайраган,
Бетим жуудум ал көлдөргө киринип.
Беш көкүлдүү бала болуп кайрадан,
Булут кубам багалегим түрүнүп.

Антей окшоп жер деминен кубаттуу,
Атомчуну чеңгээлиме көтөрөм.
Тентек балдар оюнчугу сыяктуу,
Куралдарын океанга чөгөрөм.

Адамзаттын багып келген энесин,
Жерди көрөм кечээгиден жаңыртып.
Жыт аңкыткан гүлгө бөлөп денесин,
Бардык чирик, булганычтан арылтып.

Алгыла деп адамзаттын баарына,
Сансыз кылым байлыктарын чачамын.
Күн суктанып шынаарлаган шаңына,
Колумбдай жаңы дүйнө ачамын.

Фархад окшоп аскаларды уратып,
Өмүр берем чөлгө мончок теримен.
Муз үстүнө шаарларды жаратып,
Согуш түстүү болотторду эритем.

Түмөн доор үгөлөнүп учкандай,
Чимириктей чимирилет дүнүйө.
Күн жолунан кыя басып чыккандай,
Биз келебиз келечектин үйүнө.

ИЗДЕР

Мен өзүмдүн баскан жолум карасам,
Кумда калган, сайда калган издерим.
Циркти көрүп ээрчип кеткен баладай,
Жоголгонду кайра келет издегим.
Ошентсе да жайдак аттай бош келбей,
Бар экен го кубанарым, эстээрим.

Мен өзүмдүн баскан жолум карасам,
Эки өмүрдү жашагандай сезилем.
Биринде мен уяң кыздай жашынган,
Биринде мен жылдыз болуп төгүлөм.

Чыйыр жолдор издеринде миң элем,
Бир өмүрүм түздөрүндө жаңылат.
Бири болсо мөңгүлөргө эмчектеш,
Тоо суусундай октос берип атылат.

Баскан жолго бир кылчайсам көз тигип,

Бир өмүрүм кездик өтпөс болоттой.
Бири болсо жал куйруктуу ат минип,
Кылыч окшоп бороон жирейт тоготпой.

Кыштын кыйгыл кечтериндей түсү жок,

Бир өмүрүм менден качып алыстайт.
Келечекке дилгир жандай ойну шок,
Бири болсо менден кетпей жакындайт.

Чыйрыкканбыз биз да согуш каарына,
Нандын даамын унуткара жаздаган.
Жоокерлердей алымсынган баарына,
Ошондогу өмүрүмө назданам!

Түшкөн үйгө жылуулукту калтырган,
Өткөн күндөр атчан конок салтындай.
Биздин жаштык бошко сиңип акпастан,

Жоокерлердин эрдигинин баркындай.

Даай албай, сүйгөн жарын күткөндөй
Коркок окшоп жалтангандай сүйүүгө.
Бир өмүрүм чагылгандан бүткөндөй,
Отко даяр, чокко даяр күйүүгө!

Мен өзүмдүн баскан жолум карасам,
Кумда калган, сайда калган издерим.
Циркти көрүп ээрчип кеткен баладай,
Жоголгонду кайра келет издегим.
Ошентсе да жайдак аттай бош келбей,

Бар экен го кубанарым, эстээрим.
* * *

Альбомдун эскирген барагынан,
Ай көрүнүп тургандай тамагыңан.
Жал-жал этип тиктеген сени көрдүм,
Жайдын таңы аткандай жамалыңан.

Ойлор учту зымырап миң-миң бөлүк,
Кыял сызды жүрөккө нурун төгүп.
Толо түштү жашоонун бөксөлүгү
Жансыз сүрөт өзүңдү кайра көрүп.

Көпкө чейин кадалдым көздү сүзүп,
Унуткардым бардыгын наарым түшүп.
Аяп кеттим акыры жаш сызылып,
Өмүрүңдү койгондой бирөө үзүп.

Куштар сайрайт кубулжуп жашыл бакта,

Айтчы чынын, жүрөсүң кайсы жакта.
Туталанды кайрадан көңүл оту,
Түштүң экен сүрөткө кандай чакта?!

Эрнис Турсунов

АТ ЖАЛЫНДА ЖАН ЧЫКСЫН

Тузун таттым, музун таттым турмуштун,
Турмушта көп жыгылганды тургуздум.
Айкөл бабам таш урганга аш урган:
А биз ошол — урпактары кыргыздын!

Тар жолдордо ажал билбей оолуктум,
Ташка, сууга, бороондорго жолуктум.
Айда, досум, ат жалында жан чыксын —
Атта ойногон тукумубуз тоолуктун!

Ай көрүнөт арасынан жылдыздын,
Ашыгы биз — ай сыяктуу миң кыздын.
Асылкечти ат жалында ала кач,
Аттай учат жигиттери кыргыздын!

Чамда, досум, даңканыңан чаң чыксын,
Чыгаар болсо — ат жалында жан чыксын!

БОРООН БОЙЛОП БАРАТАМ

Бууга буулар, сууга суулар кошулуп,
Булут болот, дайра болот созулуп.
Бууракандуу агымдардан алынган,
Бул турмуштун кайрыктарын, досум, ук!

Күүсүн угуп тоодо күйган нөшөрдүн,
Күч берүүгө, түс берүүгө көшөрдүм.
Көшөрдүм да өнүп чыккан таш жарып,
Көк тулаңдай алдыңарга төшөлдүм.

Күүсүн угуп көл ташыткан бороондун,
Күркүрөгөн дабышына орондум.
Орондум да багытыма жол издеп,
Опол тоонун катмарына жоголдум.

Агым жиреп, бороон бойлоп баратам,
Алган багыт — катаал багыт, карасам!

БЫЧАК МЕНЕН ОЙНОБО

«Эң мурда бычакты өзүңө ур,
Этиң оорубаса, өзгөгө ур!»

Эл макалы

От чачырап, кайрак-чарык чаркырап,
Курчутулду бычак мизи жаркырап.
Өткүрлүгүн колго жанып көргөндө,
Өнө боюм муздай түштү калтырап.

Тирүүлүктү чыркыратып, жаралап,
Тийсе бычак — тийген жерден кан агат.

Жүрөт дайым: жүрөк, боор, колкодо,
Жүлүн кыйып, кекиртекти аралап.

Киши өлтүрүп, жылкы мууздап, баш кесет,

Кимдин шору?.. (Эстеликке таш кесет):
«Бычак менен ойнобо!» деп жазып кой,
Бышып алса талчыбыктай жаш кетет.

Кайдан келди ушундай бир жаман ой,
Кармап туруп дүркүрөдү дене-бой.

ЖАШ ЖҮРӨГҮМ ТАШ БОЛДУ

Мен турмушта учуп көрдүм куш болуп,
Мерт да болдум нааданыкка туш болуп.

Мерездигиң мени мээлеп турганда,
Мээлейиңе тоңуп калдым кыш болуп.

Жанып көрдүм жалбырттаган от болуп,
Жамгырда да калганым жок токтолуп.
Күтүүсүздөн колтукка суу бүрккөндө,
Күйүп көрдүм күлүм калбай жок болуп.

Аңкып көрдүм чайыт ачкан гүл болуп,
Балкып көрдүм жарык чачкан күн болуп.

Кан мыкчыган каргашаны көргөндө,
Катып калдым капкараңгы түн болуп.

Толкуп көрдүм жашоо барда жаш болуп,

Тордо калды жаш жүрөгүм таш болуп.

КЕЛДИМ СЕКЕТ, АЛДЫҢА

Билем, мени тар жолдордо сынадың,
Бийиктиктен бир нече ирет куладым.
Кутум учуп келдим, секет, алдыңа—
Купулуңа толдум го деп турамын.

Бир сүйүүнө — миң сүйүүмү сурадың,
Билегимди темир кылган убагым.
Кейпим кетип келдим, секет, алдыңа —
Кадырыңа жеттим го деп турамын.

Тамырымды тартуу болду талабың,
Талабыңды аткарууга жарадым.
Жараланып келдим, секет, алдыңа —
Жан оорусу каерде экен, карагын!

Эми сенден, бир көз караш сураарым,
Эр сапатын биле турган убагың.

УКТАП ЖАТКАН СЕЛКИГЕ

Аруу селки бал уйкуга батканда,
Ай шооласы жүзүн сылап жатканда.
Куп жанына шырп алдырбай бардым да,

Кумар күйдү жүзүмүнөн татканда.

Карап калдым батына албай дал болуп,
Калбадым мен эмнеликтен ай болуп?
Жатпайт белем алкымынан аймалап,
Жаздыгына жылуу-жумшак жай болуп.

Тирүүлүктүн тим өткөрүп бир түнүн,
Тилден калган мен бир ууру түлкүмүн.
Тийгим келбей мөлтүрөгөн жүзүмгө,
Тиктеп турдум ак түн эмген кирпигин.

Сүйгөндүктөн сулуулугун аялдын,
Сүттөй адал жан болууга даярмын.

БООРУКЕР БОЛ, ЖИГИТКЕ!

Азаматтар кулаганда бийиктен,
Аял керек мээр чөбүн ийиткен.
Босогодон узаган жок — ыраак жол.
Боорукер бол, алганыңа ынак бол!

Оору кыйнап, уйку качкан түндөрдө,
Оор кырсык тооруп турган күндөрдө.
Жан асылкеч, жаралууга берип кол,
Жабырына, сабырына шерик бол!

Же жашоого арга таппай калганда,
Жер карайлап, ажат издеп барганда.
Ошондойдо себеп бол да керек бол,
0, кайрыкер, таянууга терек бол!

Аял жөлөк, кебелбеген керемет,
А болбосо ашык болуп не керек?

ОМОР СУЛТАНОВ

АРЗУУ ЫРЛАРЫ

* * *

Сен жөнүндө баштап бүтпөс поэма
Каламыма бердим таап зор бакыт.
Сени ойлоп ар бир баскан кадамда
Сени менен күн да батып, таң да атып.

Ушул саптар касиети сөзүмдүн
Жазарымда өрүк болуп эзилдим.
Сүйүү мени кете жазды эритип
Өзүмө өзүм оттон ысык сезилдим.

Кайдан келип, кайда мени алпарат?!
Түшүп бердим толкунуна сезимдин.
Эми ар дайым жүрөгүмдө салтанат
Эми ар дайым сенсиң, анан өзүммүн.

Мага келчү майда өкүнүч, кайгылар
Урундуңар тоскоолдукка урабас.
Эми мени кебелте албай калдыңар
Мен чынармын кылым көктөп

куурабас.

* * *

Билбейм кайдан табылгансың сен мага
Маңдайыма бүткөн жалгыз бакыттай.
Сени сүйдүм буйрук алып тагдырга
Башкалардын миңи сага татыбай.

Же атайы сен жаралып мен үчүн
Төрөлгөндө мендик болуп төрөлдүң-

А болбосо айтчы, жаным, эмне үчүн
Зарлап тапкан перзентимдей көрөмүн.

Биз жолуктук Майдын жумшак түнүндө

Ал түн мага сени эскерткич белектей.
Мен сүйлөсөм сенин үнүң үнүмдө
Мен көрүүгө сенин көзүң керектей.

Уктаганда сенин үйкүң менде бар
Ойлоруң да ойлорума киришкен.
Биз экөөбүз эки сандай барабар
Биз экөөбүз эки суудай бириккен.

Кеч күздүн ак кыроосу көңүлдөгү
Жылт эткен сөз нурунан эрип кетээр.
Ырларым жазган өзүң жөнүндөгү
Сезилет сүйкүм, мээрим сенден бетер.

Тагдырдын керээзиндей ыйык сактап
Карекке элесиңди түнөтө албай, —
Ырларды сен жөнүндө кайра баштап
Кайрадан жазып кирем түгөтө албай.

Бакытты ар ким күтөт ар кай жактан
Багыттан бир күн мага күтүлбөгөн, —
Жазга жуук келип калдың ооруп

жатсам

Мен сенин бакты экениң түшүнбөгөм.

Жашоонун жайык жолу сонун тура
Дегдеген махабаттын таңдары аткан.

Көңүлүмдо ыраазылык топтолтура

Мынчалык бакыт менен кайда батам?!
* * *

Калп айта бер, мен ишене беремин
Кайда жүрсөң аман жүрсөң болгону.
Көтөр десең көтөрүүгө келермин
Кыркар тарткан бийик Ала-Тоолорду.

Боор оору маа, же жек көрүп сүйлөбө
Болбойбу да карааныңды көргөнүм.
Ойлой берип сен жөнүндө күндө эле
Ошонумдан бакыт таап көнгөнмүн.

Мейлиң ишен, мейлиң мага ишенбе,
Сен деп гана балким жашап келемин.
Мейлиң мени түпкүрлөргө кишенде
Кайра өзүңө качып келе беремин.

Катар-катар тоскоолдорго карабай
Кайдан болсо сени көздөй агылдым.
Махабатым өмүр бою тарабай
Сага арналмак жазган ар бир жаңы ырым.

* * *

Кетпейсиң сен аманымда эсимден
Мен бир убак сар санаада эзилгем.
Дүйнө тарып, укум болуп убакыт
Өмүр болуп бир тартылган көз ирмем.

Эмне экенин өзүм билбей дегдегем
Бир дүйнөнү — назик, таза, эң кенен.
Табалбагам көңүлүм зилдеп зарыккам
Табармын деп үмүт үзбөй издегем.

Бир түнт бала менден кайра туулуп
Кызыгы жок сезилчү өмүр бир туруп.
Калагынан ажыраган кайыктай
Кала бергем толкундарга урунуп.

Көз карыгып, кандай гана зарыктым.
Ошол күнкү саа жолугуп калышым —
Олжо болуп тагдырыма буюрулган
Оору, соо эмес бир илдеттен айыктым.

* * *

Бактылуу азап тартып уйку көрбөй
Сезилип мага бирдей кыш менен жай.
Жүрбөдүм капарым жок өңгөлөрдөй
Басмырттап башка түшкөн санаа бардай.

Жаркылдап жаш өңдөнүп кыз жандабай
Жабыгып уяң элем, жашык эң бир.
Жашоого кирбей жатып жадагандай
Көзүмөн жаш кылгырчу эмнегедир.

Жашымдан жалгыздыкка ынак болуп
Күтчүмүн эмнегедир күндө эртең деп.
Сагынчым сары жылдыздай келчү толуп

Үмүтүм толкундардай келчү демеп.

Болчудай бир жакшылык келечекте
Жакшы эле тилегим да күткөн демек.
Балкылдап көзүм тартчу эрте-кечте

Барыңды сен дүйнөдө сезсем керек.
* * *

Төбөдө асман көмкөрүлүп капкара
Бойдон бошоп кеч күз жатты талаада
Тоодон түшүп келе жаткам көйнөкчөн
Кар аралаш жаады жамгыр аңгыча

Шыргалаңдуу шамал жүрүп аркырап
Кар аралаш төктү жамгыр шаркырап.
Эндей талаа, же бир жай жок корголоор
Тишим тишке тийбей үшүйм калтырап.

Айлам куруп келе жаткан кезимде
Андай олжо келе бербейт ар кимге.
Жар алдында тырс-тырс учуп чогу ыргып

Күйүп турат жалын созгон кемеге.

Ыраазы болуп бул буйрукка тирүү жан
Мен өзүмчө бир купуя ой кылгам:

Ушул оттой маа кезиккен сен элең
Табың менен жашоого үндөп жылыткан.

ЧАРЧООНУН БИРИНЧИ ЫРЫ
КУСАЛЫК

Чарчоонун биринчи ыры

жазылган күн

эсимде

турат бүгүн...

Баарыбыз жаш бала элек

түшүнө элек,

экинчиби

үчүнчүбү класста элек.

Каникулга тарагандын эртеси болсо

керек,

эч кимге айтпай
качып чыккан Мцыридей
сагынчым кусага өтүп
жүдөп жедеп
жөнөдүм апамды издеп...
Убакыт — күн чыга элек.
Алыстан

же бийиктен караганга
жердин бити сыяктуу
болсом керек.
Колумда таягым бар
өзүмдөн чоң
жол билбейм

бирок, барам тоо аралап —

апамды издейм...

Апам болсо көкүрөк оорулуу эле.

Жан талашып

жылкычынын жанына

тигип алып

бир алачык,

кымызга барган эле...

Кусалык — коркунучтан

жырткычыраак.

Чоң кайкы ашып

узунду күн жол басып

(билбептирмин, жол дагы ушунчалык

болобу ыраак?)

калган кезде көз байланып

өзүмдөн чоң таягымды

колума алып
алачыкка кирип барып
бир «баа-а» деп жыгылыпмын
апама канат жайып...

Бар эле анда
коркунуч да,
кубаныч да

бир өмүргө созулган ошол «ба-а» да

Мени оорулуу көкүрөккө кысып алып
апам дагы ыйлап жатты
кусалыктын бугун жарып.
Ошондо чарчаптырмын ушунчалык —
эстей калсам азыр да
баардык жолду басып өткөн
таманымдын алдында
зуу-зуу этип жер зуулдайт
башка нерсе угулбайт...

ЧАРЧООНУН ЖЕТИНЧИ ЫРЫ
ДАРБАЗА

Капысынан жаап салган
качаңкы бир калың кардай
ал учур эрип агып өтүп кетти.
Эң эле көп болсо ал жетти... жетти
жеткендей бир уюлдан бир уюлга
сезимдин бир учунан бир учуна
Эскирген Саалакундун дарбазасы
шамалдан башка эч бир жан
кирип чыкпайт
кыйчылдап
кулак-мээде
көздө калды.

Күтүү дагы какжырап чарчайт экен.

Адегенде алоолоп күйүп чыгып,

андан кийин

өзөктү өрттөп

күйүт чыгып,

андан барып айланып

кайратты жегич датка,

анан барып айланып

эң жаман жолдош-дартка,

эң акыры

күтүү айланып калат экен дарбазага,
желден башка эч ким кирип чыкпаган
дарбазага,

эңилчек баскан эски

дарбазага.

Саалакун

жана кайран Асыл эне —

Жакып менен Чыйырдыдай эмес беле?!

Фронттон жалгыз уулу келбей калды
күтүүдөн какжырады дарбазасы
чарчады ээнсиреп дарбазасы.
Кулак-мээни тундурган ошол ээндик
өзүнө

алып барат дайым мени.

Бир күнү мындай деген бир ой келди:

күтүүнүн даты жеген

бир кишенди

алып келип байлап койсо

бул короого

Гитлерди.

Өлтүрбөй да, житирбей
бул короого

байлап койсо
Гитлерди
бир доорго.

Оо, мындай канча короо!..
Жетишет бир доорго.

ЧАРЧООНУН КЫРКЫНЧЫ ЫРЫ

КҮТҮҮ

«Сен эми

кырктан ашкан күндө деле,

Күтөсүң күдөр үзбөй

эмнени эле?» —

Деп сурайм

мен өзүмдөн өзүм

кээде.

Ың-жыңсыз
керең тынчтык

теребелде. —

кайталайт кайра үнүмдү
асман жерге.

«Эмнени эле-е!..
«Эмнени эле-е!..»

Сураймын кээде өзүмдөн
түн ичинде
эч кимге үгүлбаган
катуу үнүмдө:
«Канакей баягылар
мен издеген?»...

Уйку өлүп

ошол замат көзүн сүзүп,
кыйкырат кулагыма
үзүп-үзүп:

«Сен издеген!..»
«Сени издеген!..»

Айсыз түн

айран сымак уюп калган.
Акырын сурайм
учкан чагылгандан:

«Эмнеге

мен аларды таппай калдым?..»
«Эмнеге

алар мени таппай калды?-.»
Ач үчүн

айланага чачыратып
тапканы

өз казасын бара жатып
чагылган

«жарк» эттире көзүмдү ачып:

«Ха-ха-ха-ха!..»

«Изде дагы... Изде дагы!..»

Күлкүнүн кургактыгы —

көз чарчатат

ээндик —

эленңдетип эс чыгарат.